Co-funded by the European Union
При поддержке Европейского Союза









НАЦИОНАЛЬНАЯ СЕТЬ
ГРАЖДАНСКОГО ОБЩЕСТВА
ПО МОНИТОРИНГУ
СЕКТОРА ПРАВОСУДИЯ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КЫЛМЫШ-ЖАЗА СОТ АДИЛЕТТИГИ ТУТУМУНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ БОЮНЧА ОТЧЕТ

7-Чөйрө. Соттук этап

Бишкек 2025

Бул аналитикалык отчет Кыргызстанда кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумуна мониторинг жүргүзүү боюнча «Акыйкат кареги» Улуттук түйүнүнүн мүчөсү тарабынан жүргүзүлгөн мониторингдин негизинде Адам укуктары үчүн эл аралык өнөктөштүк уюму (IPHR) жана «Юристтер адам укуктары үчүн» коомдук фонду (LHR) менен биргеликте ишке ашырылып жаткан долбоордун алкагында Европа Биримдигинин колдоосу астында даярдалды.

Отчет: долбоордун алкагында 1 белгилүү эл аралык жана улуттук эксперттер тарабынан иштелип чыккан кылмыш-жаза сот адилеттиги чөйрөсүнө мониторинг жүргүзүүнүн комплекстүү Усулдамасына ылайык «Соттук этап» 7-чөйрөсүн» камтыйт. Бул «Акыйкат карегинин» мүчөлөрү жаңы Усулдаманы колдонуп жана долбоордун эксперттеринин колдоо көрсөтүүсүнө ылайык мониторинг жүргүзүүсүнүн негизинде даярдаган аналитикалык отчеттор сериясынын бир бөлүгү болуп эсептелет.

Бул басылма Европа Биримдигинин каржылык колдоосу астында даярдалды. Бул басылманын мазмуну Адам укуктары боюнча эл аралык Өнөктөштүктүн жана «Юристтер адам укугу үчүн» КФ жоопкерчилигинин предмети болуп эсептелет жана Европа Биримдигинин көз карашын милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ 3

КЫСКАРТУУЛАР 6

НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАМАЛАР 7

УСУЛДАМА 29

БАА БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ СУРООЛОРУ 33

ЧӨЙРӨГӨ БАА БЕРҮҮ 123

КОРУТУНДУ 139

КИРИШҮҮ

Кылмыш-жаза сот адилеттигине мониторинг жүргүзүүнүн бир бөлүгү катары “Соттук этап” 7-чөйрөсүнө мониторинг жүргүзүүнүн актуалдуулугу, Кыргызстанда соттук реформа жүргүзүү укук үстүмдүгүн жана адамдын укуктары менен эркиндиктерин коргоону камсыз кылуу үчүн негизги милдеттердин бири бойдон калууда. Акыркы жылдары Кыргызстандын кылмыш-жаза сот адилеттиги тутуму мыйзамдар жаатындагы реформаларды жана демилгелерди кошкондо олуттуу өзгөрүүлөрдү башынан кечирип жатат. Алсак, 2017-жылы Кылмыш-жаза-процессуалдык кодексинин жаңы варианты иштелип чыккан, ал 2019-жылдын 1-январында күчүнө кирген. Бул кодекс кылмыштардын бирдиктүү реестрин түзүү, кылмыш ишин козгоо стадиясын четтетүү, процессуалдык макулдашуулар институтун киргизүү, тергөө соттору институтун киргизүү, тараптардын атаандаштыгын камсыз кылуу, адвокаттын укуктарын кеңейтүү, акысыз жана натыйжалуу чалуу укугун ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү сыяктуу укуктарды жана башка көптөгөн жаңылыктарды имплементациялаган.

Белгилей кетчү нерсе, 2021-жылдын май айында Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин башка варианты иштелип чыкты[1], ал айрым эксперттердин эскертүүлөрүнө карабастан 2021-жылдын октябрында кабыл алынды. Ошол эле учурда, мурунку кабыл алынган кодекс укук колдонуу тажрыйбасын толук кандуу жолго коюуга үлгүргөн жок, ал эми учурда колдонуудагы кодекс болсо өзгөртүүлөргө кабылып келе жатат. Акыркы жылдардагы мындай өзгөрмөлүү кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамы укук колдонуу тажрыйбасы үчүн жагымсыз чөйрөнү түзүп жатат, бул болсо кылмыш жаза сот адилеттиги чөйрөсүндө эл аралык стандарттардын сакталышына тоскоолдуктарды жаратат.

Сот адилеттиги тутумунун актуалдуу көйгөйлөрү “2023–2026-жылдары Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги системасын өнүктүрүү” мамлекеттик максаттуу программасы[2] сыяктуу улуттук программаларда чагылдырылган жана сот адилеттигине ишеним сапатынын төмөндүгүн, каржылоонун жетишсиздигин, сотторго иштер ашыкча жүктөлгөндүгүн жана жарандардын ишенимдеринин төмөндүгүн камтыйт. Бардык соттук реформалардын жүрүшүндө сот реформасынын жыйынтыктарына жана анын укук колдонуу тажрыйбасына тийгизген таасирине баа берүү боюнча изилдөөлөргө аз эмес көңүл бурулган. Изилдөөлөргө жана сунуштамаларга карабастан, аларды ишке ашырууга карата мамилелердин формалдуу болушу көйгөйдүн актуалдуулугун сактап турат.

Негизги чакырыктар мыйзамдардын иш тажрыйбасы менен шайкеш келбестиги, көзөмөлдөө механизмдеринин жоктугу менен байланыштуу, бул коомдун сот адилеттигине жана туруктуулукка карата ишенимин жок кылат.

Изилдөөнүн максаты Кыргызстандын кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарынын жана укук колдонуу тажрыйбасынын адилеттүү сотко карата укук жаатындагы эл аралык укуктарга шайкештиги контекстиндеги абалына баа берүү болуп эсептелет.

Негизги милдеттер камтыйт:

- мыйзамдарга адилеттүү сотко карата укук жаатындагы стандарттарга шайкеш келүүсүнө баа берүү;

[1] Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза-процессуалдык кодекси, 28-октябрь, 2021-жыл, № 129 (5-август, 2024-жыл, № 160). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112308/edition/23780/ru

[2] «2023–2026-жылдары Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги системасын өнүктүрүү» мамлекеттик максаттуу программасы, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 47 жарлыгына ылайык URL: https://cbd.minjust.gov.kg/53-336/edition/1234928/ru

- процессуалдык стандарттардын иш тажрыйбасында сакталышына мониторинг жүргүзүү;
- кылмыш-жаза процессинин катышуучуларынын укуктарын сактоо жөнүндө көрсөткүчтөрдү чогултуу;
- мыйзамдарды жана тайжрыйбаны жакшыртуу үчүн сунуштарды иштеп чыгуу.

Изилдөөлөр көрсөткүчтөрдү чогултуунун сапаттык жана сандык усулунун шайкештигин камсыз кылган комплекстүү ыкманы колдонуу аркылуу жүргүзүлдү, бул болсо кылмыш-жаза сот адилеттигинин учурдагы абалы жөнүндө реалдуу жана обьективдүү көз караштарга ээ болууга жол ачты. Тактап айтканда кийинкидей усулдар колдонулду:

- кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамын адилеттүү сот өндүрүшү эл аралык стандарттары менен салыштыруу аркылуу укуктук талдоо жүргүзүү;
- “Акыйкат кареги” сот адилеттиги секторуна мониторинг жүргүзүү боюнча жарандык коом Улуттук түйүнүнүн мүчөлөрү – “Адам укуктары боюнча Эдвокаси борбору” тарабынан сот отурумдарына мониторинг жүргүзүү;
- жалпыга маалымдоо каражаттарындагы басылмаларга талдоо жүргүзүү; массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрүнүн арасында сурамжылоо жүргүзүү;
- соттордун сайттарына жана порталдарына талдоо жүргүзүү; кылмыш-жаза иштери боюнча сот актыларынын деперсонификациялоо талаптарынын сакталышын изилдөө;
- адвокаттар жана юристтер менен тереңдетилген маектешүүлөрдү жүргүзүү (анын ичинде мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын алкагындагы кылмыш иштери боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүгө катышкандардын арасында дагы);
- мамлекеттик органдарга суроо-талаптарды жиберүү аркылуу, ошондой эле ар түрдүү ачык булактар аркылуу көрсөткүчтөрдү чогултуу.

Усулдама кылмыш-жаза сот адилеттигинин соттук этабына таасирин тийгизе турган түзүмдүк жана процедуралык көйгөйлөрдү аныктоого жол ачты.

Отчеттун түзүмү Европа Биримдиги тарабынан каржыланган “Кыргызстанда сот адилеттиги секторуна реформа жүргүзүүнү илгерилетүү үчүн жарандык коом тарабынан мониторинг жүргүзүү, координациялоо жана таасир этүү улуттук механизмин түзүү жана ишке ашыруу” долбоорунун алкагында иштелип чыккан Кыргыз Республикасында кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумуна мониторинг жүргүзүү Усулдамасынын 7-чөйрөгө карата түзүмүн чагылдырат. Отчёт бир гана бөлүмдөн турат – негизги баалоо суроосу «Адилеттүү сот стандарттары», ал өзүнө 4 индикаторду жана 24 контролдук көрсөткүчтү камтыйт. Бул көрсөткүчтөр төмөнкү көйгөйлөрдү: соттук териштирүүнүн тең укуктуулугу кепилдиктерин жана соттун жеткиликтүү болуусу укугу сүроолорун, ачык териштирүүгө карата укугу, адилеттүү соттук териштирүүнүн минималдык кепилдиктери жана кылмыш-жаза сот өндүрүшүндөгү санариптештирүү укугу сүроолорун ачып берет

Изилдөөнүн жыйынтыктары ар тараптуу анатиликалык материалды камтыйт, анын корутундулары мыйзамдардын жеткиликтүү иштелип чыгуусу, укук колдонуу тажрыйбасынын сапатынын жогорулоосу жана кылмыш-жаза-сот адилеттиги тутумуна ишенимдин жогорулоосу үчүн мамлекеттик бийлик органдары, жарандык коом уюмдары жана эл аралык өнөктөштөр, Кыргызстандагы сот тутумун реформалоого кызыкдар башка адамдар тарабынан колдонулушу мүмкүн.

Мониторинг жүргүзүү бир катар тоскоолдуктарга ээ болду: суроо-талаптарга жоопторду бербөө же толук эмес жоопторду берүү, соттук сайттардан жана порталдардан толук көрсөткүчтөрдүн жетишсиздиги, тереңдетилген маектешүү жүргүзүү, ЖМКга суроо-талаптар жана мониторинг жүргүзүү үчүн тандалманын чектелүүлүгү, айрым маектешүүлөрдүн субьективдүүлүгү. Ошол эле учурда, колдонулган усулдардын кеңири болуусу жана чогултулган көрсөткүчтөрдүн көлөмү, кылмыш-жаза-сот адилеттиги тутумунун учурдагы абалы боюнча ар тараптуу сыпаттамаг ээ болууга жана негизги көйгөйлөрдү жана агымдарды аныктоого түрткү болду.

Муну менен катар эле, белгиленип өткөн чектөөлөр изилдөөнү андан ары жүргүзүүнүн, аныкталган көйгөйлөрдү жана берилген сунуштамаларды талкуулоонун зарыл экендигин, ошондой эле формалдуу мамиледен алыс болуу үчүн жана кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумун реалдуу түрдө жакшыртууну камсыз кылуу үчүн аларды иш тажрыйбасында ишке ашыруунун маанилүүлүгүн көрсөтүп турат.

«Эркиндик жана Укук» КФ жамааты “Адам укуктары боюнча эдвокаси борбору” МЭУКУАна, байкоочуларга, юристтерге жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө бул долбоорду ишке ашырууга жардам көрсөткөндүгү үчүн ыраазычылык билдирет.

КЫСКАРТУУЛАР

АВЖ	Аудио- видео- жаздыруу
АМТ	Автоматаштырылган маалыматтык тутуму
КР ЖС	Кыргыз Республикасынын Жогорку соту
МКЮЖ	Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам
КР ЖК	Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси
КР ЖПК	Кыргыз Республикасынын Жарандык-процессуалдык кодекси
КБР	Кылмыштардын бирдиктүү реестри
ИСН	Идентификацияланган салык номуру
КР ЖК	Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши
КР КС	Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту
Усулдама	Кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумуна мониторинг жүргүзүүнүн Усулдамасы
ЖСУЭП	Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты
КР КМ	Кыргыз Республикасынын Каржы министрлиги
КР СӨМ	Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлиги
КР ЮМ	Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги
ЖӨБО	Жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары
ЖМК	Жалпыга маалымдоо каражаттары
ВЭӨАТ	Ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутуму
КЖАТ	Кылмыш-жаза аткаруу тутуму
МТМ	Маалыматтык технологиялар боюнча мекеме
КР КЖК	Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси
КР КПК	Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза-процессуалдык кодекси
МКБ	Маалыматтарды кайра иштетүү борбору
ӨА	Өзгөчө абал
ӨК	Өзгөчө кырдаал

НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАМАЛАР

НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАР	
“Соттук этап” 7-чөйрөсү (4 индикатор, 24 көзөмөлдөөчү көрсөткүч) 24 упайдын ичинен 12, 5 упай деген жыйынтыктоочу баага ээ болду, бул адилеттүү соттук териштирүүнүн эл аралык стандарттарына жарым-жартылай шайкеш келе тургандыгын күбөлөндүрүп турат. Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук базасы негизги процессуалдык кепилдиктерди - адилеттүү жана ачык-айкындуу соттук териштирүүгө ээ болуу укугун, атаандаштык жана тараптардын тең укуктуулугу принцибин, ошондой эле катышуучулардын айрым категориялары үчүн атайын кепилдиктерди караштырат. Бирок аларды иш тажрыйбасында ишке ашыруу системалуу жетишсиздиктер жана институционалдык тоскоолдуктар менен чектелүү. Айыптоочу тараптын пайдасына карата түзүмдүк тең салмаксыздыктар сакталып келет: тергөөгө чейинки текшерүү институту, процессуалдык өтүнүчтөрдү тандалмалуу түрдө канааттандыруу, акысыз юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүнүн чектелүүлүгү, соттордун аймактык жактан алыстыгы жана процессуалдык укуктардын сакталышына соттук көзөмөл жүргүзүүнүн алсыздыгы. Соттук отурумдарды жабуу критерийлеринин ченемдик жактан анык эместиги жана сот актыларын жарыялоо механизмдеринин эскилиги транспаренттүүлүктүн деңгээлин төмөндөтөт жана ачык-айкындуулукту мажбурлоо түрүндө чектөө тобокелчилигин пайда кылат. Тараптардын процессуалдык укуктарын ишке ашыруу иштерди кароо мөөнөттөрүнүн создуктурулушу, далилдерге жана коргоочу тараптын өтүнүчтөрүнө баа берүү ыкмаларынын формалдуулугу, жашы жетелек өспүрүмдөрдүн иштеринде кайра калыбына келтирүүчү жана альтернативдик чаралардын сейрек колдонулушу, ошондой эле кыйноолорго тыюу салууну бузуу менен алынган далилдерди эске албаганда көзөмөлдөөнүн жетишсиздиги менен татаалдаштырылууда. Квалификациялуу котормо менен камсыз кылууну камсыз кылуу жана көз карандысыз соттук экспертизалардын жеткиликтүүлүгү жаатындагы көйгөйлөр дагы сакталууда, бул бир катар негизги процедуралардын так күн тартибинин жоктугу менен оорлошуп жатат (ЖСК, сот актыларынын жарыялануусу, иштердин баштапкы этаптарда кыскартылышы). Сот өндүрүштөрүн санариптештирүүнүн потенциалы автоматтык түрдө видео жаздыруунун мүмкүн эместиги, борборлоштурулган маалыматтарды сактоонун жоктугу, процесстин катышуучуларына жаздыруулардын жеткиликтүүлүгүнүн чектелүүлүгү жана көз карандысыз техникалык аудиттин жоктугу менен жокко чыгарылууда. Бөгөт коюу чарасы камакка алуу караштырылган айыпталуучуларга карата жекелештирилген соттук баа берүүсүз жана адвокат менен купуялуулукту сактоонун негизинде сүйлөшүү кепилдиктерин берүү аркылуу ВКБ автоматтык түрдө колдонуу эл аралык стандарттарга шайкеш келбейт. Онлайн-отурумдардын ачык-айкын түрдө жеткиликтүүлүгү механизминин жоктугу сот бийлигинин транспаренттүүлүгүн жана отчеттуулугун кошумча түрдө чектейт.	
Адилеттүү соттук териштирүү стандарттары	
Макамы жана чакырыктар **1.1-көзөмөлдөөчү көрсөткүч.** Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө соттордун жана трибуналдын алдындагы тең укуктуулук укугу Конституцияда жана КПК бекитилген, бирок	**Сунуштамалар** **1.1-көзөмөлдөөчү көрсөткүч.** КР Өкмөтүнө жана КР Жогорку Кеңешине сунушталат: 1) айыптоочунун жана коргоочунун процессуалдык укуктарынын, анын ичинде далилдердин жана эксперттердин бирдей

аны иш тажрыйбасында ишке ашыруу олуттуу тоскоолдуктарга кабылууда. Айыптоочу тарап далилдерди чогултуу үчүн жетиштүү түрдөгү чоң ресурстарга жана ыйгарым укуктарга ээ, ал эми ошол эле учурда коргоочу тарап көп учурда иштин материалдарынын жеткиликтүүлүгү жаатында, тергөө аракеттерин демилгелөө жана көз карандысыз эксперттерди дайындоо мүмкүнчүлүктөрү жаатында чектөөлөргө кабылат.

Тергөөгө чейинки текшерүү институту азыркы турган турпатында Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза процессинде тараптардын тең укуктуулугу жана соттун жеткиликтүү болуусу укуктарын бузат. Арыз берүүчүнүн процессуалдык макамынын жоктугу, соттук көзөмөлдөө механизмдерин колдонуунун мүмкүн эместиги жана мөөнөттөрүнүн создуктурулушу айыптоо органдарынын пайдасына карата тең салмаксыздыкты пайда кылат, коргоочуну жана жабыр тарткан адамды процесстин башынан баштап бирдей укуктарга ээ болуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат.

Аярлуу топтор, анын ичинде кирешеси төмөн адамдар, алыскы аймактарда жашаган жашоочулар квалификациялуу коргоого ээ болуу жаатында тоскоолдуктарга кабылышууда. Бул дисбаланстар тараптардын тең укуктуулугу принцибин бузууда жана сот адилеттигинин калыс болуусуна таасирин тийгизүүдө.

1.2-КК. КР мыйзамдары кылмыш-жаза процессинде соттун жеткиликтүү болуусу укугуна жалпысынан кепилдик берет. Ошол эле учурда сотко чейинки текшерүү процедурасынын бар болуусу, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн баштапкы этабында жабыр тарткан адамга соттун жеткиликтүү болуусу үчүн тоскоолдуктарды жаратат. Кыргызстанда сотко чейинки текшерүү процедурасы анын азыркы турган турпатында, адилеттүү соттук териштирүү жаатындагы эл аралык стандарттарды бузуу менен, соттун өз убагында жана жеткиликтүүлүгүнүн тең укуктуулугун реалдуу түрдө камсыз кылуу. 2) Алгачкы текшерүү жана тергөө органдарынын аракеттерине кылмыш-жаза процессинин бардык стадияларында соттук көзөмөлдөөнү күчөтүү. 3) Акысыз юридикалык жардам мамлекеттик тутумунун кулачын өзгөчө калктын аярлуу категориялары үчүн кеңейтүү. 4) Коргоочу тараптын айыптоо органдары менен тең укуктуу түрдө көз карандысыз экспертиза жүргүзүү жана аны ишке кошуу, тиркөө укугуна ээ болуусуна кепилдик берүү. 5) Кылмыш жөнүндө дароо арыз берүү укугун камсыз кылуу менен тергөөгө чейинки текшерүү институтунан баш тартуу; арыз берүүчүгө тергөө органдарынын аракеттерине жана аракетсиздиктерине дароо сотко даттануу боюнча тиешелүү укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү берген процессуалдык макамды берүү.

1.2-КК. КР Өкмөтүнө жана КР Жогорку Кеңешине арыз берүүнүн процессуалдык макамын ыкчам түрдө алуу мүмкүнчүлүгүн жана ал үчүн соттун жеткиликтүү болуусу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу менен, тергөөгө чейинки текшерүүдөн баш тартуу сунушталат. Тергөө органдарынын аракеттерине баштапкы этапта эле милдеттүү түрдөгү соттук көзөмөлдөөнү киргизүү жана кылмыш жөнүндө арыз берүүчүнүн процессуалдык укуктарын арыз берген учурдан баштап кепилдикке алуу.

КР ЮМ “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө” Мыйзамына жабыр тарткан адамдар үчүн МКЮЖ көрсөтүүнү кеңейтүү бөлүгүндө өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө суроону карап чыгуу сунушталат.

КР ЖС майыптыгы бар адамдар үчүн жана алыскы аймактарда соттордун физикалык түрдө жеткиликтүү болуусу үчүн шарттарды түзүүсү зарыл.

1.3-КК. КР ЖС зарыл: 1) судьяларга тараптар тарабынан берилген өтүнүчтөр боюнча чечим чыгарууда, кабыл алынган чечимдин

натыйжалуу жеткиликтүү болуусу үчүн негизсиз тоскоолдуктарды жаратат. Мөөнөттөрүн артка жылдырып создуктуруу, арыз берүүчүнүн процессуалдык укуктарынын жоктугу, соттук көзөмөлдөөнүн алсыздыгы укуктук коргоонун натыйжалуу каражаттарына ээ болуу укуктарын татаалдаштырат.

Акысыз юридикалык жардам көрсөтүүдөгү чектөөлөр жабыр тарткан адамдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусун кыйындатат.

Иш тажрыйбасында соттун жеткиликтүү болуусу жаатында чектөөлөрдүн орун алып жаткандыгы аймактарда соттордун алыс болуусу менен түшүндүрүлүүдө.

1.3-КК. КР Конституциясы жана КР КПК тараптардын тең укуктуулугу жана атаандаштыгы принциптерин ишке ашырууну камсыз кылган ченемдерди караштырат.

Сот тажрыйбасында соттор адатта көп учурда айыптоочунун өтүнүчтөрүн канааттандырат, ал эми ошол эле учурда коргоочу тарап жеткиликтүү түрдө негизделбеген баш тартууларды кыйла көп кабылат, бул болсо укук колдонуу тажрыйбасындагы өзүм билемдик тобокелчилигин пайда кылат.

Мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары, окуялардын көпчүлүгүндө соттор айыпталуучулардын укуктарын түшүндүрүү талабын аткарышканы менен, бул милдетке жарым-жартылай же толук кайдыгер мамиле жасалгандыгы боюнча катталган учурлар, тараптардын тең укуктуулугу принцибинин бузулуусунан кабар берип турат. Бул соттун кайсы бир тараптын кызыкчылыгын көздөө ниети жок болсо дагы, айыпталуучуларда сот калыс эмес деген таасирленүү калтыруу тобокелчилигин жаратат.

2.1-КК. башка **м**ыйзам менен корголгон сырды ачыкка чыгарууга алып келүүсү соттук териштирүүнүн ачык өтүүсүн чектөөгө негиз болгондугу – коомдук негиздүүлүгүнө көңүл бурууну сунуштоо; 2) судьялар үчүн процессуалдык тең укуктуулукту сактоонун маанилүүлүгүнө жана кыйыр түрдөгү бир тараптуулукка жол бербөөгө басым жасоо менен тренингдерди уюштуруу; 3) соттор тарабынан тең укуктуулук жана атаандаштык принцибин сакталышы тажрыйбасына иликтөө жүргүзүү.

2.1-КК. КР ЖС, КР КПК 291-беренесинин 1-бөлүгүнүн ченемдерин бирдиктүү колдонуу максатында кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө ачык-айкындуулук принцибин колдонууга байланыштуу суроолор боюнча сотторго багыттоочу түшүндүрмөлөрдү берүүсү зарыл. КР Жогорку соту процессти жабык түрдө өткөрүүнүн себептерин тараптарга жана байкоочуларга сөзсүз түшүндүрүүнү сотторго сунуштоо менен, бул тажрыйбаны изилдеп чыгуусу зарыл, ошондой эле сотко чейинки өндүрүш жана алдын ала угуу стадияларында бөгөт коюу чараларын колдонуу, узартуу жана өзгөртүү суроолорун жабык тартипте кароо тажрыйбасын жоюусу керек.

2.2-КК. КР Жогорку Кеңешине Кыргыз Республикасынын «Соттор жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталат. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Кыргыз Республикасынын «Соттор жөнүндө» Мыйзамына соттордун коомчулукка сот отурумдарынын өткөрүлүүчү күнү жана жери жөнүндө, анын ичинде онлайн форматында өткөрүлө турган отурумдар боюнча да алдын ала милдеттүү түрдө маалымдоосун караштырган өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталат.

КР ЖС алдындагы Сот департаментине маанилүү: 1) Сот отурумдарынын өткөрүлүү убактысы жана жери жөнүндө маалыматты өз убагында жана толук жарыялоону камсыздоо, ошондой эле коомчулукту маалымдоо талаптарынын сакталышын системалуу түрдө көзөмөлдөөгө шарттарды түзүү зарыл. 2) Учурдагы инфраструктуралык көйгөйлөргө

кызыкчылыкты эске албастан кыянаттык кылууга алып келиши мүмкүн. Сот отурумдарын жабык өткөрүү жөнүндө чечимдерди кабыл алууда жүйөлөр негизсиз экендигин тастыктаган мыйзам бузуулардын аныкталуусу, ачык соттук териштирүүнү камсыз кылууга тоскоолдуктарды пайда кылат. **2.2-КК.** КР КПК «Маалымат алуу укугу жөнүндө» Мыйзамдын жоболорун, соттук отурумдардын өтүү убактысы жана орду жөнүндөгү маалыматты жарыялоо бөлүгүндө ишке ашыруу механизмдери жок. Ошол эле учурда, иш тажрыйбасында дагы соттук отурумдардын убактысы жана өткөрүлүүчү орду жөнүндөгү маалыматтарды өз убагында толук көлөмдө жарыялоо камсыз кылынбайт. Жергиликтүү соттордун кызматтык жайлары үчүн нормативдер сот тутумундагы өзгөрүүлөрдү, анын ичинде калыстар сотун киргизүү күтүлүп жатканын эске албайт. Анын үстүнө иш тажрыйбасында болсо, сот залдарынын жетишсиздиги жана сыйымдуулугу боюнча көйгөйлөр, дааратканалардын канааттандырарлык эмес абалы, майыптыгы бар адамдар үчүн шарттардын жоктугу байкалууда. **2.3-КК.** Учурдагы кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамында «өзгөчө татаал иш боюнча өзгөчө учурлар» түшүнүгүн аныктоодо укуктук аныксыздык сакталууда, ага ылайык өкүмдүн киришүү жана резолютивдик бөлүгүн гана угузууга жол берилет. Так критерийлердин жоктугу бул ченемди өзүм билемдик менен пайдалануу тобокелчилигин пайда кылат жана укуктук аныктык принцибин бузат. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинде «Маалымат алуу укугу жөнүндө» Мыйзамдын жоболорун сот актыларын жарыялоону камсыз кылуу бөлүгүндө ишке ашыруунун механизмдери жок. Учурдагы Кыргыз Республикасындагы Жогорку соттун жана жергиликтүү соттордун	инвентаризациялоо жүргүзүү коомчулуктун сот отурумдарына катышуусун камсыз кылуу үчүн шарттарды жакшыртуу мүмкүнчүлүгүн караштыруу. Ошондой эле жергиликтүү соттордун кызматтык жайларга карата талаптарын жөнгө салган нормативдерди кайра карап чыгуу жана актуалдаштыруу. **2.3-КК.** КР Жогорку Кеңешине сунушталат: 1) КР КПК өкүмдү чыгарууда “өзгөчө татаал иш боюнча өзгөчө учурлар” деген аныкталбаган түшүнүктү толугу менен жоюу максатында, же болбосо укуктук аныктуулукту жана сот тажрыйбасында бирдиктүүлүктү камсыз кылуу үчүн аны колдонуунун так критерийлерин мыйзам түрүндө белгилөө мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу. 2) Мыйзам чегинде сот актыларын жарыялоого карата талаптарды, жеке маалыматтарды жана коомдук кызыкчылыктарды коргоо жөнүндө мыйзамдын талаптарын эске алуу менен, аларды жайгаштыруунун бирдиктүү форматын, сот актыларынын айрым категорияларын жарыялоодогу өзгөчөлүктөрдүн же чектөөлөрдүн тизмесин аныктоо. КР ЖС сот тутумундагы сот адилеттигинин жана санариптик трансформациялоонун заманбап стандарттарын эске алуу менен, Кыргыз Республикасындагы Жогорку соттун жана жергиликтүү соттордун соттук отурумдары жөнүндө маалыматтарды жана сот актыларын жарыялоо тартиби жөнүндө актуалдашкан Нускаманы иштеп чыгуу жана бекитүүсү максаттуу болуп эсептелет. КР Жогорку сотунун алдындагы Сот департаменти санариптик сот порталында сот актыларын өз убагында жана толук жарыялоону камсыздоосу жана мыйзамга ылайык негизделген коомдук кызыкчылык бар учурларды эске албаганда, жарыяланган актыларды жалпылаштыруу (деперсонификациялоо) боюнча талаптардын сакталышын камсыз кылуусу маанилүү. **3.1-КК.** Апелляциялык өндүрүштө ачыктуулук принцибин камсыздоо боюнча сунуштар биринчи инстанциядагы соттук

сот отурумдарын жана сот актыларын жарыялоо тартиби жөнүндө Нускама актуалдуулугун жоготту жана сот адилеттигинин ачык-айкындуулук боюнча заманбап талаптарына шайкеш келбейт.

Иш тажрыйбасында сот актыларын өз убагында жана толугу менен жарыялоо камсыз кылынбайт, аларды жалпылаштыруу (деперсонификациялоо) талаптары сакталбаган учурлар аз эмес. Буга кошумча соттордун веб-сайттары менен порталдарынын ишинде техникалык көйгөйлөр дагы эле сакталууда, алардын интерфейси ыңгайсыз, жеткиликтүүлүгү чектелген жана функционалдуулугу төмөн.

3.1-КК. Апелляциялык сот өндүрүшү боюнча белгилей турган болсок, апелляциялык даттануулар жана сунуштамалар боюнча иштер, анын ичинде сот отурумдарынын ачык-айкындуулугу принцибин кошкондо биринчи инстанциядагы сот өндүрүшүнө окшош эрежелер боюнча каралат. Кассациялык инстанцияда кассациялык даттанууларды берүү укугуна ээ адамдардын (мисалы, айыпталуучу же анын коргоочусу) катышуусу милдеттүү түрдө болуп эсептелбейт жана тиешелүү өтүнүч бар болгондо ишке ашырылат. Апелляциялык инстанциядагы сот отурумдарында ачык-айкындуулук принциби эрежеге ылайык сакталат.

3.2-КК. КР КПК ченемдери айыпталуучунун негизсиз создуктуруусуз сот жообуна тартылуу укугуна кепилдик бербейт. КР сот өндүрүшү системдүү дагы (мисалы, соттордун жүктөмү өтө чоң болуусу), ошондой эле жекече дагы (мисалы, процесстин катышуучуларынын келбөөсү) создуктуруулар менен ишке ашырылат, бул иштердин өз убагында каралуусуна тоскоолдуктарды пайда кылат.

3.3-КК. Кирешенин деңгээлин баалоого, ошондой эле мүлктүк абалын эске албастан жардам алууга укуктуу адамдардын категориясынын тизмеси чектелүү болгон учурда колдонуудагы мамлекет кепилдеген кароолорго карата колдонулуучу сунуштардан айырмаланбайт.

3.2-КК. Эл аралык стандарттарга ылайык кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн орундуу мөөнөттөрү концепциясына кайтып келүү зарыл. Бул өзүнө конкреттүү кылмыш иши боюнча кылмыш-жаза процессуалдык мөөнөттөрдү так караштырган убакыт аралыгы болушу мүмкүн, бул убакыт аралыгынан ашырып жиберүү кылмыш-жаза иликтөөсүнүн мөөнөттөрүнүн акылга сыярлыктыгы жөнүндө суроону соттун автоматтык түрдө карап баштоосуна жана жарандын кечигүүлөр үчүн компенсация алуу укугунун пайда болуусуна алып келет, бул кадамдар иликтөө жана соттук кароо учурунда негизсиз кечигүүлөрдү болтурбоо, кылмыш куугунтугун же кылмыш ишин сотто кароону камсыз кылуу максатында жүргүзүлөт.

КР ЖС Сот департаменти кийинкилерди ишке ашыруусу максаттуу: 1) кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн бардык стадияларында сот иштерин каттоо, байкоо жүргүзүү жана башкаруу үчүн бирдиктүү санариптиплатформаны иштеп чыгуу жана ишке киргизүү, муну менен бирге, процессуалдык мөөнөттөрдүн сакталышына автоматтык түрдө көзөмөл жүргүзүүнү камсыз кылуу, анда мыйзам бузуулар боюнча эскертүү берүү мүмкүнчүлүгүн камтуу.

2) соттордун жүк өлчөмүн жана иштерди кароо мөөнөттөрүн көзөмөлдөө үчүн аналитикалык куралдарды түзүү, анын ичинде соттордун учурдагы жүгүнө кеңири талдоо жүргүзүү – иштердин түрлөрүн, териштирүүлөрдүн узактыгын жана ресурстарга муктаждыгын кошкондо, аймактык өзгөчөлүктөрдү жана иштердин категорияларын эске алуу менен соттордун жаңы жүк нормативдерин иштеп чыгуу, адилеттүү бөлүштүрүү максатында иштерди татаалдыгы боюнча классификациялоону жүргүзүү.

юридикалык жардамдын азыркы шарттары – квалификациялуу юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүнө, өзгөчө социалдык жактан аярлуу топтор үчүн жеткиликтүүлүгүнө тоскоолдуктарды пайда кылышы мүмкүн. Баалоонун мындай модели арыз берүүчүлөрдүн жашоодогу реалдуу жагдайларын дайыма эле эске ала бербейт жана формалдуу негиздерден улам баш тартууга алып келиши мүмкүн. Байкоо жүргүзүлгөн иштердин катарында адвокаттардын алар коргоп жаткан адамдар менен өз ара аракеттенишүүсүнө карата чектөөлөр, ошондой эле көрсөтүлүп жаткан коргоонун сапатына, өзгөчө МКЮЖ тутуму аркылуу дайындалган адвокаттар көрсөткөн коргоонун сапатына карата даттануулар катталды. Адвокаттарга кысым көрсөтүүнүн өзүнчө учурлары орун алды, анын ичинде алардын көз карандысыздыгына кийлигишүүлөр дагы бар. Ошондой эле, соттор айыпталуучуларга алардын юридикалык жардам алууга карата укуктарын, аны менен чогуу адвокаттан баш тартуу мүмкүнчүлүгүн, коргоочуну алмаштыруу же өз алдынча коргонууну ишке ашыруу укуктарын дайыма эле толук кандуу түшүндүрө бербестиги катталды. Бул айыпталуучунун маалыматка ээ болуу жана аң сезимдүү тандоо укугунун принцибин бузушу мүмкүн жана адилеттүү соттук териштирүү чөйрөсүндөгү эл аралык стандарттарга шайкеш келбейт. **3.4-КК.** Соттук териштирүүнү видео конференциялык байланышууну (ВКБ) колдонуу аркылуу жүргүзүү сот адилеттигинин ыкчамдуулугун жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатууга багытталган техникалык прогрессти, бул өзгөчө соттолуучуларды камакта кармоочу жайларда кармоо шарттарындагы, же соттор аймактык жактан алыс болгон учурлардагы техникалык прогрессти түшүндүрөт. Бирок ВКБ кылмыш-жаза процессинде колдонуу тажрыйбасы бир катар укуктарды сактоо жаатында, өзгөчө айыпталуучунун сот процессине жеке өзү	**3.3-КК.** КР Министрлер Кабинетине мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу, анын сот адилеттүүлүгүнүн бирдей жеткиликтүүлүгүнүн эл аралык стандарттарына жана принциптерине шайкеш келүүсүн камсыз кылуу сунушталат. Тактап айтканда, кийинкилерди караштыруу керек 1) киреше деңгээлинин юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүнө таасир этүүсүн жеңилдетүү, анткени мүлк критерийин катаал колдонуу социалдык жактан аярлуу адамдарды негизсиз четтетүүгө алып келүүсү мүмкүн. 2) кирешени тастыктоо процедурасын жөнөкөйлөштүрүү жана аларды аярлуу абалдагы адамдар үчүн кыйла жеткиликтүү кылуу (мисалы, камакка алуу жайларындагы же туруктуу кирешеси жок адамдарга); 3) кирешесинин деңгээлинен көз карандысыз түрдө МКЮЖ алуу укугуна ээ адамдардын кошумча категорияларын киргизүү, аларга кирет: убактылуу жумуш иштөөгө жөндөмсүз адамдар, расмий түрдө жумушсуз деп катталган адамдар; эркиндигинен ажыратуу жайларындагы адамдар; зомбулуктан жабыр тарткан адамдар жана аярлуу топтор. Мындан сырткары, мамлекеттик МКЮЖ тутумунун туруктуулугун, көз карандысыздыгын жана юридикалык жардамдын сапатынын эл аралык стандарттарга шайкеш келүүсүн камсыз кылуу үчүн, аны мамлекеттик каржылоонун өлчөмүн этап этабы менен көбөйтүү сунушталат. КР Соттору айыпталуучуларга алардын юридикалык жардам алуу укуктарын, анын ичинде адовкаттан баш тартуу укугун, коргоочуну алмаштыруу укугун жана өз алдынча коргонуу укугун системалуу жана тиешелүү түрдө түшүндүрүүнү камсыз кылууга тийиш. Мындай түшүндүрмө юридикалык жардамдан ыктыярдуу түрдө, аң-сезимдүү жана ачык баш тартуунун кепилдиктерин камсыз кылуу менен коштолушу керек, жана мындай ниетин ыктыярдуу билдирүү процессуалдык жактан

түздөн-түз катышуу укугуна жана коргоочу менен сүйлөшүүдө купуялуулукту сактоо укугуна тиешелүү олуттуу укуктук жана процедуралык тобокелчиликтер менен коштолууда. Кылмыш-жаза процессинде ВКБ колдонуунун так күн тартиби жок, бул болсо анын айыпталуучунун процессуалдык укуктарына тийгизген таасирине баалабастан эле, технологияларды негизсиз колдонуу тобокелчилигин пайда кылат. Сот отурумдарды ВКБ форматында өткөрүүнүн орундуулугун баалоо критерийлери аныкталган эмес, тактап айтканда айыпталуучунун каалоосу, иштин мүнөзү, процесстин стадиясы жана альтернативдүү чечимдер барбы же жокпу эске алынган эмес. **3.5-КК.** КР Кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамы жалпысынан, мыйзам менен чатагы бар жашы жетелек өспүрүмдөрдүн жаш курагын, психоэмоционалдык абалын жана башка өзгөчөлүктөрүн эске алууга багытталган ченемдерди камтыйт. Мыйзам кылмыш куугунтугуна альтернатива чараларды колдонууга жол берет, анын ичинде тараптардын жарашуусуна байланыштуу кылмыш ишин кыскартуу, кепилдикке берүү, коомдук иштерди аткаруу, пробациялык көзөмөл жана медиацияны камтыйт. Мындай жоболор эл аралык стандарттарга, анын ичинде Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын 14(4)-беренесине, БУУнун Балдар укуктары жөнүндө конвенциясынын 40-беренесине жана БУУнун Пекин эрежелеринин (11 жана 17-эрежелер) жоболоруна шайкеш келет. Бирок иш тажрыйбасында бул альтернативдик чаралар өтө сейрек колдонулат. Күнөөлүү деп табылган жашы жетелек өспүрүмдөргө карата негизинен эркиндикти чектөө менен байланышкан жазалар дайындалууда, анын ичинде ДТМ (дарылоо-түзөтүү мекемелерине) же тарбиялоо абактарына жөнөтүү, бул болсо	милдеттүү түрдө жол-жоболонушу зарыл. Ал тургай, улуттук мыйзамдар боюнча коргоочунун катышуусу милдеттүү болгону менен, өз алдынча коргонууга карата укукту чектөө адилеттүү соттук териштирүүнүн талаптарына жооп берген обьективдүү жана жеткиликтүү себептерге негизделиши керек. КР Сотторуна сунушталат: 1) адвокаттан баш тартуулар жана бардык түшүндүрмөлөр протоколдоо менен камсыз кылынуусу керек; 2) айыпталуучу өз тандоосунун укуктук кесепеттерин түшүнүп жатабы текшерүү; 3) юридикалык жардамдан баш тартуу сот адилеттигинин кызыкчылыктарына карама-каршы келген жокпу жана айыпталуучунун укуктарын бузуу тобокелчиликтерин пайда кылган жокпу эске алуу. Адвокаттардын иштөө сапаттарын баалоо жана көзөмөлдөө механизмдери, өзүн өзү башкаруу, кесиптик этика жана көз карандысыздык принциптеринин негизинде адвокаттар кесиптик жамаатынын ичинде гана иштелип чыгуусу керек. Мамлекеттик органдардын мындай механизмдерге кандай гана түрдө болбосун катышуулары, ошондой эле айыпталуучулардан кайтарым байланышууларды чогултуу эл аралык стандарттарга карама-каршы келет, анткени адвокаттык ишмердүүлүктүн көз карандысыздыгы принцибин бузат, адвокаттык-кардардык мамилелердин купуялуулугун тобокелчиликке кирептер кылат, сырткы кысым көрсөтүү жана коргоого киришүү үчүн өбөлгөлөрдү түзөт, жана эл аралык укук коргоо тажрыйбасында мындай аналогдору жок: Ушуга байланыштуу сунушталат: 1) өзгөчө кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн алкагында адвокаттардын жумушуна баа берүүнүн сырткы механизмдеринен (мамлекеттик) алыс болуу; 2) зарылчылыкка жараша укуктук жардамдын сапаттарын жогорулатуу – адвокатуранын өзүнүн ичиндеги устаттык жана кесиптик көзөмөлдөө процедураларын бекемдөө; 3) жаңы ыкмаларды иштеп чыгууда – эл

балдарга карата таасир этүү чараларында эркиндигинен ажыратууну акыркы чара катары колдонуу принцибине каршы келет.

Кыргыз Республикасында азыркы учурда БУУнун Баланын укуктары боюнча комитетинин тиешелүү сунуштарына жана эл аралык документтердин жоболоруна карабастан, жашы жетелек өспүрүмдөрдүн иштери боюнча адистештирилген сотторду (ювеналдык соттордуу) түзүү боюнча максаттуу иштер жүргүзүлбөй келет.

Айрым соттордо жашы жетелек өспүрүмдөрдүн катышуусундагы иштерди кароо тажрыйбасына ээ соттордун ортосунда иштерди бейрасмий бөлүштүрүү тажрыйбасы бар, бирок бул ювеналдык сот адилеттиги институтунун ордун алмаштыра албайт. Адистештирилген соттордун жоктугу баланын мыкты кызыкчылыктарын эске алган туруктуу тажрыйбаны камсыз кылууну кыйындатат жана жаш курактык өзгөчөлүктөрдүн жетишсиз түрдө эске алынуусуна, кайрадан кайталап виктимизациялоо тобокелчилигине, балдарга карата сот адилеттигине формалдуу мамиле жасоого алып келет.

Эл аралык стандарттар, анын ичинде БУУнун Пекин эрежелери (22.1-п.) жашы жетелек өспүрүмдөр менен иштөө боюнча атайын даярдыктан өткөн өзүнчө соттордуу же адистештирилген сот курамдарын түзүүнү ачык сунуш кылат.

Мындай моделди ишке киргизүү балдарга карата сот адилеттигинин сапатын жогорулатмак, ошондой эле калыбына келтирүүчү жана реабилитациялык ыкмаларды кеңири колдонууга мүмкүндүк бермек.

3.6-КК. Мониторинг жүргүзүү кысым көрсөтүүнүн жана мажбурлоонун белгилерине натыйжалуу таасир этүү тажрыйбасы чектелүү боюнча калгандыгын көрсөттү. Сот органдары эрежеге ылайык, далилдердин жол берүүчүлүгүн жеке демилге боюнча текшерүүнү демилгелебейт, ал эми коргоочунун аралык стандарттарды, анын ичинде БУУнун Юристтердин ролу жөнүндө негизги принциптерин (1990) жана CM/Rec сунуштамаларын (2000), Европа Кеңешинин Министрлер комитетинин жетекчиликке алуу.

3.4-КК. КР ЮМ КР ЖС менен биргеликте сот отурумдарын кылмыш-жаза аткаруу тутуму мекемелеринде кармалган айыпталуучуну видеоконференция аркылуу катыштырууга тиешелүү КР КПК 290-беренесинин 2-бөлүгүнө киргизилген өзгөртүүлөрдү колдонуу тажрыйбасына ар тараптан баа берүү сунушталат. Мындай баалоонун максаты, видеоконференциялык байланыштарды айыпталуучунун соттук териштирүүгө жеке катышуу укугуна кесепетин тийгизүү менен, өзгөчө реалдуу жагдайларга баа берүү, күбөлөрдү угуу жана коргоочу менен түздөн түз өз ара аракеттенишүү талап кылынган иштерди кароодо видеоконференциялык байланыштарды негизсиз жана ашыкча колдонулган окуяларды аныктоо болууга тийиш. Бул баалоонун жыйынтыктары боюнча, эгерде системалуу мыйзам бузуулар жана кыянатчылык менен пайдалануу тобокелчиликтери пайда болгон учурда төмөнкүдөй максатта КР КПК тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү караштыруу сунушталат:

- айыпталуучунун соттук отурумга жеке алынып келинип катышуусу артыкчылыгы менен камсыз кылуу;

- териштирүүнү аралыктан катышуу форматында жүргүзүүнүн так критерийлерин бекитүү (мисалы, иштердин категорияларын, процесстин стадияларын, техникалык даярдыктарды жана айыпталуучунун макулдугун эске алуу менен);

- айыпталуучунун коргоочу менен видеоконференциялык байланышууну колдонуу менен сүйлөшүүсүнүн купуялуулугун милдеттүү түрдө сактоонун кепилдиктерин бекитүү;

арыздарына кайдыгер мамиле жасалган же алар катталбай калган учурлар аз эмес. Бул болсо, төмөнкүлөрдүн зарылдыгын күбөлөндүрүп турат: Мыйзам шектүүлөрдүн жана айыпталуучулардын көрсөтмөлөрдү берүү жана алардан баш тартуу укуктарына кепилдиктерди берет, аларды өзүнө жана жакындарына каршы күбө катары көрсөтмө берүүгө мажбурлоодон коргойт, далилдерди чогултууда, анын ичинде мындай далилдерди жоюуну кошкондо кыйноолорду же ырайымсыз мамилени колдонууга жол берилбестигин тааныйт. Бирок иш тажрыйбасында соттук териштирүү стадиясында көрсөтмөлөрдү берүүгө мажбурлоо максатында манипуляциялоо, сотко чейинки стадияда көрсөтмөлөрдү берүүгө мажбурлаган учурлар, ошондой эле айыпталуучулардын укуктарын формалдуу түрдө түшүндүрүү, окуялары кездешүүдө. Кылмыш-жаза процесстеринде кыйноолорду, ырайымсыз, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелерди же мажбурлоонун башка түрлөрүн колдонуу менен алынган далилдерди кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө колдонууга тыюу салууну сактоого соттук көзөмөл жүргүзүү алсыз бойдон калууда. Муну күчөтүү Кыргыз Республикасынын Конституциясында дагы, ошондой эле өлкөнүн эл аралык - БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясындагы милдеттенмелеринде дагы бекитилген кыйноолорго жол берилбестик принцибин сактоого жол ачат. Ал ошондой эле, адилеттүү соттук териштирүүнүн кепилдиктеринин деңгээлин жогорулатат, коомдун сот адилеттигине ишенимин бекемдейт жана жол берилгис далилдердин негизинде айыптоочу өкүмдөрдү чыгаруу тобокелчилигин төмөндөтөт. Муну артыкчылыктуулугун карай турган болсок, бул мыйзамсыз түрдө мажбурлоодон коргоо жок нерсе эмес, тескеринче туруктуу стандарт болуп эсептелет, бирдиктүү сот	- айыпталуучунун катышуу форматы жөнүндө чечимди кабыл алууда процессуалдык көзөмөлдөө механизмин бекитүү. **3.5-КК.** Жашы жетелек өспүрүмдөргө карата кылмыш иштери боюнча адистештирилген сотторду, же соттордун бөлүнүп алынган курамын артыкчылыктуу тартипте карап чыгуу сунушталат. Мындай чара мыйзам менен чатагы бар балдардын жаш курактык, психологиялык жана социалдык өзгөчөлүктөрүн эске алууну камсыз кылат, реабилитациялоого жана ресоциализациялоого шарт түзөт. Бул эл аралык стандарттарга, анын ичинде БУУнун Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө конвенциясынын 14 (4)-беренесине, БУУнун Баланын укуктары жөнүндө конвенциясынын 40-беренесине, ошондой эле БУУнун Пекин эрежелерине шайкеш келет. Адистештирилген соттор кыйла гумандуу, жекелештирилген жана кайра калыбына келтирилүүчү сот адилеттигин камсыз кылат. Ошондой эле, мындай иштерди караган соттордун милдеттүү түрдө даярдоону жана сертификациялоону караштыруу зарыл. Мыйзам чегинде мындай соттордун компетенттүүлүгүн жөнгө салуу жана алардын пробация, билим берүү жана социалдык жактан коргоо органдары менен ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу керек. Сотко чейинки териштирүү органдарына, прокуратура органдарына, КР сотторуна баланын эң мыкты кызыкчылыктары принциптерин, кайрадан виктимизациялоого жол бербөөнүн жана juvenile justice чөйрөсүндөгү эл аралык стандарттардын талаптарын эске алуу менен жашы жетелек өспүрүмдөрдүн катышуусундагы кылмыш иштерин иликтөөнүн стандарттарын (протоколдорун) иштеп чыгуу жана ишке киргизүү сунушталат. Дал ушундай эле стандарттар пробация кызматында дагы кабыл алынышы керек.

тажрыйбасын калыптандыруунун негизин түзөт. **3.7-КК.** Мыйзамда процесстеги атаандаштыкты жана тараптардын тең укуктуулугун камсыз кылган жоболордун бар экенине карабастан, иш жүзүндө бул кепилдиктер коргоочунун процессуалдык укуктарын ишке ашыруудагы тиешелүү шарттардын жоктугу менен бузулуп жатат. Кыргыз Республикасында сот отурумдарына мониторинг жүргүзүү, соттор окуялардын көпчүлүгүндө тараптардын күбөлөрдү чакыруу жана суракка алуу укуктарын формалдуу түрдө тааный тургандыгын, ал эми бул укуктарды реалдуу түрдө камсыз кылуу көп учурда олуттуу чектөөлөр менен коштолорун аныктады. Мониторинг жүргүзүүнүн жүрүшүндө катталган системдүү көйгөйлөрдүн бири, соттун күбөлөрдүн келүүсүн камсыз кылуу жоопкерчилигин процесстин катышуучуларынын өзүнө оодарып коюусу болду. Муну менен катар эле, мажбурлап алып келүү чарасы өтө сейрек колдонулат, жана эрежеге ылайык айыптоочу тараптын демилгеси боюнча гана колдонулат. Коргоочу тарапка болсо, мындай учурларда себептерин түшүндүрмөйүнчө мажбурлап алып келүү четке кагылат, бул анын альтернативдүү далилдөөчү токтом берүү мүмкүнчүлүгүн чектейт жана куралдарды тең укуктуу колдонуу принцибин бузат. Коргоочу тараптын күбөлөрдү чакыруу жөнүндө өтүнүчүн формалдуу түрдө кароо тенденциясы байкалууда. Соттор мындай өтүнүчтөрдү четке кагууга жакын, өзгөчө бул эгерде алардын көрсөтмөлөрү айыптоонун версиясын күмөн санооого алып келүүсү мүмкүн болгон күбөлөргө тиешелүү. **3.8-КК.** Мыйзамда каралган кылмыш-жаза процессинде котормочуга карата укукту ишке ашыруунун кепилдиктери иш тажрыйбасында толугу менен сакталбайт. Бул баарынан мурун, негизги процессуалдык документтерди айыпталуучу үчүн түшүнүктүү формада берүү милдеттүү	Кошумча түрдө кылмыш-жаза процессинде жашы жетелек өспүрүмдөргө мамиле кылуу сыноолору боюнча тиешелүү адистерди (тергөөчүлөрдү, прокурорлорду, соттордү, пробациянын кызматкерлерин) милдеттүү түрдө окутууну уюштуруу зарыл. Окутуу үзгүлтүксүз негизде жүргүзүлүшү керек жана адистин иштердин бул категориясы менен иштешүүгө даярдыгын ырастаган сертификациялоо менен аяктоосу зарыл. Окутууда өзгөчө көңүл бурулууга тийиш: жашы жетелек өспүрүмдөрдү суракка алуунун жана маектешүүнүн өзгөчөлүктөрүнө; психологиялык-педагогикалык аспектилерге; купуялуулукту сактоо кепилдиктерин жана кысымга алууга жол берилбестигин сактоого; таасир этүү жана жазалоо чараларын дайындоодо кайра калыбына келтирүү, медиция жана жекелештирилген ыкма принциптерине. **КП 3.6.** КР ЖК сунушталат: 1) Далилдердин жол берилүүчүлүгүн текшерүү стандарттарын жогорулатуу сыноосун мыйзам түрүндө бекитүү. 2) Кыйноолор же мажбурлоо жөнүндө билдирүүлөрдү каттоо механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү, андан соң милдеттүү түрдө процессуалдык чара көрүүнү камсыз кылуу. КР Биринчи инстанциядагы сотторуна сунушталат: сотко чейинки иликтөө стадияларында алынган бардык далилдердин жол берүүчүлүгүнө милдеттүү түрдө текшерүү жүргүзүү, өзгөчө муну кийинки учурларда жүргүзүү: айыпталуучу мурда берген көрсөтмөлөрүнөн баш тарткандыгы жөнүндө билдирген учурда, же ага тергөө органдары кысым көрсөтүп жатышкандыгын айтып жаткан учурларда. 2) мындай билдирүүлөрдү жөн гана угуп койбостон, конкреттүү процессуалдык аракеттерди кабыл алуу: суракка алуулардын видео жаздырууларын талап кылуу, тергөөчүлөрдү жана күбөлөрдү суракка алуу, тергөө аракеттеринде адвокаты бар болгонбу текшерүү, ошондой эле далилдердин жол берүүчүлүгү же жол берилбөөчүлүгү жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн

түрдө экендигине карабастан, бул негизги процессуалдык документтердин жазуу формасындагы котормосу жок болуусу түрүндө байкалат. Мындан сырткары, оозеки котормонун сапаты өзгөчө юридикалык терминология бөлүгүндө канааттандырарлык эмес боюнча калууда, бул айыпталуучунун айыптоонун мазмунун, өзүнүн укуктарын жана милдеттерин толук кандуу түшүнүүсүн кыйындатат. Өзгөчө кыйынчылыктар квалификациялуу котормочулардын жеткиликтүү болуусу чектелген жана сейрек же чет тилдеринде сүйлөгөн адистер өтө жетишсиз болгон райондук жана алыскы аймактарда байкалууда. Бул факторлор баары чогулуп, өзгөчө адамдардын аярлуу категорияларынын коргонуу укугун, адилеттүү соттук териштирүүгө ээ болуу укугун натыйжалуу ишке ашыруулары үчүн олуттуу тоскоолдуктарды пайда кылат. Кыргыз Республикасында бүгүнкү күндө кылмыш-жаза процессинде котормочулук кызмат көрсөтүүлөрдү координациялоо, сертификациялоо, квалификацияларын жогорулатуу жана мониторинг жүргүзүү функцияларын аткара турган соттук котормочулардын кесипкөй уюму жок. Бул өзгөчө өндүрүштүн тилин билбеген же угуусу боюнча чектөөлөрү бар адамдардын иштерде катышуусунда, аларды лингвистикалык жактан коштоонун тиешелүү деңгээлин камсыз кылууда олуттуу бошгуктарды пайда кылууда. Мындай адистештирилген түзүмдөрдү түзүү сот адилеттигинин сапатын жогорулатууга, соттук коргоонун тең укуктуу жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга, ошондой эле адилеттүү соттук териштирүүнүн кепилдиктерин бекемдөөгө жол ачат. Мындан сырткары, бул улуттук тажрыйбанын эл аралык стандарттарга, анын ичинде Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын айыпталуучунун котормочунун акысыз жардамына ээ болуу укугун караштырган жана айыпталуучуну түшүнүксүз тилде көрсөтмө берүүгө мажбурлоого тыюу салган 14-беренесинин	корутунду чыгаруу. 3) Айыптоо тарабынан айыпталуучуга карата жасалган бардык аракеттерге, мейли ал жасалмалоолорду ынандырган кыйыр түрдөгү кысым көрсөтүү болсун, же болбосо күнөөнү моюнуна алгандыгы үчүн жазалоо чарасын жумшартууга убада кылуу болсун – мунун баарына бөгөт коюу зарыл. 4) Сотторго айыпталуучуларга алардын унчукпай коюу укугун, бул укук жакын туугандарына толук көлөмдө жана түшүнүктүү формада жайылтыларын түшүндүрүүгө милдеттендирүү. КР ЖС кысым көрсөтүү, кыйноолор шарттарында же жол берилгис жүрүм турумдун башка формаларында алынган далилдердин жол берилүүчүлүгүнө баа берүү тажрыйбасын жөнгө салган ченемдик токтом кабыл алуусу зарыл. Аталган токтомго кийинки негизги жоболорду кошуу максаттуу: 1) Кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө кыйноо, зомбулук, коркутуу, алдоо, психологиялык басым жана мажбурлоонун башка формаларын колдонуу менен алынган далилдерди, алардын ишенимдүүлүгүнө карабастан колдонууга түз тыюу салуу. 2) Далилдер айыпталуучунун укуктарын бузуу менен алынышы мүмкүн деген негиздер бар болгон учурларда, соттордуө өз демилгелери (ex officio) боюнча моюнга алынган айыптардын жол берүүчүлүгүн текшерүүгө милдеттендирүү. 3) Айыпталуучу же коргоочу тергөө органдары тарабынан кысым көрсөтүү жасалып жаткандыгы жөнүндө билдиргенде процессуалдык аракеттердин так алгоритми: тиешелүү кызмат адамдарын чакыруу, видео жаздырууларды талап кылуу, адвокат катышканбы текшерүү, күбөлөрдү суракка алуу, өкүмдүн жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнүн жыйынтыктарын белгилөө. Айыпталуучуга анын унчукпай коюу укугун, бул укук жакын туугандарына толук көлөмдө жана түшүнүктүү формада жайылтыларын милдеттүү түрдө түшүндүрүү, мунун аткарылгандыгын сот отурумунун протоколунда чагылдырууну караштырган

3-пунктунун, (f) жана (g) пунктчаларынын жоболоруна шайкеш келүүсүнө алып келет.

3.9-КК. КПК соттун сот отурумунун протоколуна киргизүү жолу менен жол-жоболонгон сот актыларына милдеттүү түрдө түшүндүрмө берүүнү караштырбайт, ошондой эле протоколдун өзүндө кабыл алынган чечимдердин негиздемесин милдеттүү түрдө чагылдырууну талап кылбайт.

Сот чечимдеринин сыпаттоочу-негиздөөчү бөлүгүн жол-жоболоо иш тажрыйбасында формалдуу түрдө баяндоо деңгээлине чейин түшүрүлүүдө, кабыл алынган чечимдердин негиздемеси жетишсиз экендигин билдиришүүдө.

3.10-КК. КР КПК коргоочу тарапка жана жабыр тарткан адамга соттук экспертизаларды дайындоо, катышуу жана даттануу боюнча бир катар процессуалдык укуктарды берет. Бирок иш тажрыйбасында бул кепилдиктер толук кандуу ишке ашырылбайт. Соттор, эрежеге ылайык, ал тургай көз карандысыз эксперттер бар болсо дагы, мамлекеттик эксперттердин корутундуларына артыкчылык беришет. Ошону менен бирге эле, көз карандысыз экспертизалардын корутундулары көп учурда бааланбайт же тиешелүү негиздеме берилбестен эле четке кагылат. Экспертизалар айыпты коюуга чейин дайындалат, ал эми алардын корутундулары кылмыш ишин козгоо үчүн негиз катары колдонулат, бул болсо күнөөсүздүк презумпциясы принцибин бузат. Тергөөчүлөрдүн токтомдорунда формалдуу, айыптоочу жана туура эмес коюлган суроолор көптүк кылат. Далилдер бири-бирине каршы келип турса дагы, комплекстүү жана комиссиондук экспертизалар көп учурда жүргүзүлбөйт. Ошондой эле, өзгөчө, резонанстуу же саясий иштерде эксперттик иш-милдетти аткарган акредатацияланбаган адамдарды тартуу фактылары бар. Көз карандысыз эксперттер коргоочу тараптар маанилүү каржылык чыгымдарды сарптоосунун негизинде гана талап. Айыптоонун өкүлдөрү тарабынан дагы, ошондой эле соттордун жүрүм-турумдарында дагы – күнөөнү моюнуна алса, анын ордуна жаза чарасын жумшартууну убадалаган же четин чыгарган манипуляциялык билдирүүлөрдү колдонууга тыюу салуу. Мындай далилдерди жол берилүүлүүлүк далилдердин арасынан алуу, алардын соттун акыркы чечимине таасирин тийгизүүсүнө жол бербөө зарылдыгын көрсөтүү. Мындай чечнемдик актыны кабыл алуу КР Конституциясына дагы, ошондой эле эл аралык укукка дагы шайкеш келген сот адилеттигинин стандарттарын бирдиктүү колдонууга жол ачат, жана кылмыш-жаза процессинде адам укуктарын коргоону күчөтүүнүн маанилүү кадамы боло алат.

3.7-КК. КР Жогорку сотуна КР Жогорку сотунун алдындагы Сот департаменти менен биргеликте кылмыш-жаза процесстеринде күбөлөрдүн катышуусун камсыз кылуу механизмин жеткире иштеп чыгуу, ошондой эле күбөлөрдүн катышуусун, алар башка аймакта, чет өлкөдө болсо, же алардын келип катышуусун оорлоткон башка обьективдүү себептер бар болгон учурда, байланышуунун жол берилүүчү жана натыйжалуу формасы катары видеоконференциялык байланышууну колдонуу тажрыйбасын активдештирүү сунушталат. Өзгөчө көңүл күбөлөрдү чакыруу жана суракка алуу суроолорунда тараптар үчүн бирдей шарттарды түзүүнү камсыз кылууга бурулат. Ушуга байланыштуу сунушталат: 1) сотко күбөлөрдүн келүүсүн камсыз кылуу аракеттеринин бирдиктүү протоколун иштеп чыгуу, анын ичинде мажбурлап алып келүү, жашаган жери боюнча чакыруу жана келбей калуу себептерин документ жүзүндө тариздөөнүн процесстик стандарттарын камтуу; 2) биринчи инстанциядагы соттордун баарында күбөлөрдү видеобайланыш аркылуу аралыктан сурак кылуу үчүн маалыматтык жана техникалык инфраструктураны ишке киргизүү; 3) күбөнү

жеткиликтүү болот. Мамлекет сапаттуу эксперттик жардамдын жеткиликтүүлүгүн бирдей деңгээлде камсыз кылбайт жана адатта альтернативдүү экспертизанын корутундуларын кандайдыр бир аргументтерди келтирбей туруп эле четке сүрүп коёт. Формалдуу кепилдиктер бар экенине карабастан, Кыргызстандагы сот тажрыйбасы тараптар үчүн, өзгөчө соттук экспертизалар бөлүгүндө далилдердин жеткиликтүүлүгү боюнча тең укуксуздукту (бирдей эместик) көрсөтүп турат. Бул кылмыш-жаза сот өндүрүшүндөгү адилеттүүлүккө терс таасирин тийгизет жана сот тажрыйбасынын деңгээлинде дагы, ошондой эле институционалдык жана ченемдик реформалар деңгээлинде дагы – комплекстүү түрдөгү кайра карап чыгууну талап кылат. **3.11-КК.** Актоочу өкүмдөрдүн саны кыйла көп болгон шартта, соттук териштирүү баскычына чейин жеткирилген реабилитациялоо жөнүндө иштердин санынын төмөндүгү, соттук катачылык үчүн компенсация төлөө иш тажрыйбасында тиешелүү эмес деңгээлде ишке ашырылып жаткандыгынан кабар берип турат. Мунун негизги себептери болуп эсептелет: 1) чегерилген компенсациялардын реалдуу келтирилген зыянга чен өлчөмдүү эмес экендиги; 2) арыздарды берүү жана кароо жолундагы бюрократиялык тоскоолдуктар; 3) компенсация төлөө боюнча сот чечимдерин аткаруунун создуктурулушу; 4) сот адилеттиги тутумуна ишенимдин деңгээлинин төмөндүгү, ошондой эле мындай иштерди кароонун калыстыгына жана натыйжалуулугуна карата скептицизмди дагы камтыйт. **3.12-КК.** КР мыйзамдарында КР КПК 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-6-пункттарын негиз кылуу менен алдын ала угуулар баскычында иштерди кыскартуу мүмкүнчүлүгү жок.	чакырууга байланыштуу өтүнүч канааттандырылган учурда, айрыкча эгерде өтүнүч коргоо тараптан келип түшкөн болсо, ал негизги же акталуучу күбөгө тийиштүү болсо, сотторду аны камсыздоо боюнча активдүү чараларды көрүүгө милдеттендирүү. 4) сот тажрыйбасында, эгерде коргоочу тараптын күбөлөрүн камсыздоо жөнүндө өтүнүчү негиздүү деп табылса, анда аларды сотко алып келүүнү камсыз кылуу – соттун укугу гана эмес, милдети экендигин түшүндүрүү, ал эми көмөктөшүүдөн баш тартуу токтомдо жүйөлөштүрүлүүсү тийиш; 5) сотторду тараптардын процессуалдык укуктарын коргоонун жана жол берүүчүлүгүнүн эл аралык стандарттарын эске алуу менен, суракка алуунун аралыктан байланышуу технологияларын колдонуу боюнча окутуу жана аларды усулдук материалдар менен камсыз кылуу. **3.8-КК.** КР ЖС алдындагы Сот департаментине сот процесстеринде тилдик коштоонун сапаттарын жогорулатуу максатында, мамлекеттик сатып алууларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашырууда котормочуларга коюлган талаптарды кайра карап чыгуу жана күчөтүү сунушталат. Өзгөчө көңүл котормочулардын кылмыш-жаза сот өндүрүшү чөйрөсүндөгү квалификацияларынын, анын ичинде юридикалык жана процессуалдык терминдерди колдонуу деңгээлине, ошондой эле иштөө тажрыйбасы болуусуна бурулууга тийиш. Бир эле учурда оозеки жана жазуу формасындагы кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууну каржылоону көбөйтүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу керек, мындай аракеттер кийинкилерге шарт түзөт: 1) сот өндүрүшүнүн тилин билбеген адамдар үчүн негизги процессуалдык документтерди жазуу жүзүндө которуунун жеткиликтүүлүгү менен камсыз кылуу; 2) көрсөтүлүүчү кызматтардын географиялык кулачын кеңейтүү, өзгөчө алыскы жана чек арага жакын жайгашкан райондордо; 3) сейрек жана чет тилдери боюнча адистердин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, анын

3.13-КК. Натыйжалуу кайра кароо укугу өкүмдү жокко чыгаруу үчүн караштырылган негиздерге байланыштуу жарым-жартылай ишке ашырылат, бардык сот актыларына жайылтылбайт, мындан тышкары соттук чечимдерди кайра кароодо бирдиктүү эмес тажрыйба орун алууда. **3.14-КК.** Соттук ката кетирилген учурда компенсацияга карата укук эл аралык деңгээлде таанылат жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 14(6)-беренесинде түздөн-түз бекитилген. Бул укук адилет сот адилеттигинин ажырагыс элементи болуп саналат. Кыргыз мыйзамдары реабилитациялоо укугун камсыз кылган ченемдерди камтыйт, ага компенсациялоо дагы кирет, бирок алар КР КПК 27-беренесинде жана мыйзамдын 3-беренесинде «кылмыш куугунтугун алып барган органдардын мыйзамсыз аракеттеринин жыйынтыгында жаранга келтирилген залалдын ордун толтуруу жөнүндө» түз саналып берилген чектелүү сандагы окуяларда гана колдонулууга жатат. Эгерде мыйзамда белгиленген конкреттүү негиздер белгиленбесе, Өкүмдү четке кагуу компенсация алуу укугун автоматтык түрдө жаратпайт (мисалы, актоо, реабилитациялоочу негиздер боюнча кылмыш куугунтугун кыскартуу, мажбурлоочу чараларды мыйзамсыз колдонууну четке кагуу). Эгерде жокко чыгаруу негиздеринин реабилитациялоочу табияты далилденбесе, жаңы ачылган жагдайлар боюнча өкүмдү четке кагуунун жана компенсация алуу укугунун ортосунда укуктук ажырым бар. **3.15-КК.** 2020-жылы COVID-19 таажы вирусу инфекциясы пандемиясынын тажрыйбасы, иш тажрыйбасында адвокаттардын алар коргогон адамдарга жеткиликтүү болуусуна, техникалык жактан жабдуунун жетишсиздигине, онлайн отурумдардын сапатына байланыштуу чектөөлөр болгондугун көрсөттү.	ичинде которуунун аралыктык формасын колдонуу аркылуу; 4) угуусу боюнча майыптыгы бар адамдар үчүн сурдокотормочуларды тартуу. Жогоруда аталган чаралардын алкагында ошондой эле соттук котормочуларды тандап алуунун жана аккредитациялоонун бирдиктүү критерийлерин киргизүү, соттор жана процесстин катышуучулары үчүн жеткиликтүү сертификацияланган адистердин реестрин жарыялоо максаттуу. КР ЖС жана КР ЮМ сунушталат: 1) соттук териштирүүлөрдү жана башка процессуалдык аракеттерди тилдик камсыздоонун сапатын жогорулатуу максатында, оозеки, жазуу жана ымдоо тил (сурдокотормо) адистерин камтыган сот котормочуларынын кесиптик ассоциациясын түзүүгө көмөктөшүү боюнча чараларды көрүү. Мындай ассоциация өзүн өзү жөнгө салуучу уюмдардын функцияларын аткармак, кесиптик этиканын стандарттарын бекитмек, сот органдарына усулдук жана эксперттик колдоо көрсөтмөк, ошондой эле котормочуларды даярдоого жана аттестациялоого катыщшмак. Бул демилгенин алкагында бирдиктүү квалификациялык талаптарды, үзгүлтүксүз түрдөгү кесиптик аттестациялоону, укуктук жана процессуалдык терминология жана кесиптик жактан дайыма даярдыктан өтүүнүн негизинде квалификацияны жогорулатуу механизми боюнча адистештирилген окутууну камтыган сот котормочуларын сертификациялоонун улуттук тутумун иштеп чыгуу, жана ишке ашыруу зарыл. 2) кылмыш процессинде угуусу боюнча майыптыгы бар адамдардын укуктарын камсыз кылуу үчүн сурдокотормочулар институтун өнүктүрүү. **3.9-КК.** КР ЮМ КР КПКна соттордуу протоколдо жол-жоболонгон сот актылары боюнча жүйө келтирүүгө же түшүндүрүүгө милдеттендирген түзөтүүлөрдү киргизүү сунушталат. КР ЖС кылмыш иштериндеги сот актыларынын мазмунуна жана формасына

3.16-КК. Мониторинг жүргүзүү укуктук негиздердин жана кесиптик стандарттардын бар экендигине карабастан, Кыргыз Республикасынын сот тажрыйбасында күнөөсүздүк презумпциясын жана тараптардын тең укуктуулугун камсыз кылууга карата формалдык ыкманын айрым жекече көрүнүштөрү сакталууда. Күнөөсүздүк презумпциясы принцибин бузуу процессуалдык ченемдерге карама-каршы келген конкреттүү аракеттерде гана эмес, ошондой эле сырткы формаларда дагы – мисалы, айыпталуучуларды сот залынан түздөн-түз темир торлорго же айнек кабиналарга киргизүү түрүндө орун алууда. Мындай тажрыйба коомчулукта жана процесстин катышуучуларында соттун чечими чыкканга чейин эле күнөөлүүлүгү жөнүндө бир тараптуу көз караштарды калыптандырат, ошону менен бирге адилеттүү соттук териштирүүнүн жана адамдын кадыр-баркын урматтоонун эл аралык стандарттарына карама-каршылык келет.

4.1-КК. Иш тажрыйбасында автоматтык түрдө видео жаздыруу (АВЖ) аппаратурасынын функционалдашуусунда системдүү көйгөйлөр байкалууда, бул соттук териштирүүнүн ачык-айкындуулугуна жана тараптардын процессуалдык кепилдиктерин камсыз кылууга терс таасирин тийгизет. Сот отурумдарына мониторинг жүргүзүүнүн алкагында жана процесстердин катышуучулары менен тереңдетилген маектешүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча кийинкидей негизги көйгөйлөр аныкталды: 1) АВЖ иштөөсүндө техникалык мүчүлүштүктөрдүн көп кездешүүсү, ага кирет: отурумдар учурунда жаздыруунун токтоп калуусу, үнү угулбай калуу, сот процессинин жүрүшүн толук эмес же фрагментардуу түрдө жаздыруу; 2) эскирген жабдууларды колдонуу менен дагы (тактап айтканда, CD-дисктерди жана аналогдук камераларды), видео маалыматтарды сактоонун жана кайра иштетүүнүн борборлоштурулган системасынын жоктугу менен шартталган коюлуучу талаптарды сактоонун практикалык обзорун даярдоо сунушталат.

3.10-КК. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна сунушталат: 1) Кийинкилер боюнча сот тажрыйбасына талдоо жүргүзүү: а) көз карандысыз экспертиза жөнүндө өтүнмөнү канааттандыруудан баш тартуунун негиздерине жана бат-баттан орун алуусуна; б) бири-бирине атаандаштык кылган эксперттик корутундуларга баа берүү жана салыштыруу боюнча; 2) кийинкилер боюнча нормативдик токтомдор аркылуу жергиликтүү сотторго түшүндүрмө берүү а)

Соттор соттук экспертизанын жеткиликтүүлүгүнө тараптардын процессуалдык мүмкүнчүлүгү тең укуктуу болуусу принцибин иш жүзүндө жүзөгө ашыруу үчүн шарттарды камсыз кылууга милдеттүү, ага экспертизанын дайындалышын демилгелөө, сунуштоо жана эксперттик корутундуларды натыйжалуу пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу дагы кирет. б) Бардык эксперттик корутундулар — мамлекеттик дагы, ошондой эле көз карандысыз дагы — ар бир корутунду боюнча жүйөлүү жана негиздүү жыйынтыктарды келтирүү менен абийирдүүлүк, калыстык жана талдоо жүргүзүүнүн толуктугу принциптерин сактоонун негизинде баа берилүүсү зарыл. КР Юстиция министрлиги кийинкилерди ишке ашыруусу максаттуу: 1) жеке экспертизалар рыногун өнүктүрүү: а) аккредитациядан өткөн көз карандысыз эксперттик уюмдардын иштеши үчүн укуктук жана институтционалдык негиз түзүү; б) жеке эксперттер үчүн сапат стандарттарын жана этикалык кодекстерди иштеп чыгуу; 2) эксперттерди аккредитациялоону катаалдаштыруу: а) квалификацияга, тажрыйбага жана окууга карата милдеттүү талаптарды киргизүү; б) соттук экспертизалардагы аккредитациядан өтпөгөн адамдардын катышуусун жоюу; 3) экспертке туура жана бейтарап суроолорду түзүү, эксперттик корутундуларды баалоо тартиби; экспертиза дайындоо менен

аудио- жана видео жаздыруулардын сапатынын төмөндүгү; 3) сот отурумдарынын залдарынын бир нечесинде микрофондордун иштебегендиги же жоктугу, ушундан улам катышуучулардын сүйлөгөндөрү түшүнүксүз болгону процесстин жүрүшүн калыбына келтирүү үчүн жаздыруу бар болсо дагы, аны колдонуу мүмкүн эмес болуусуна алып келүүдө. 4) Процесстин катышуучуларына аудио-жана видео протоколдоо жүргүзүү жөнүндө (же аны жүргүзүүдөн баш тартуу жөнүндө) маалымдоо зарылдыгы боюнча КР КПК 312-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарын сактабоо. Соттор окуялардын көпчүлүгүндө өзгөчө эгерде отурумдар залдарда эмес, иш бөлмөлөрүндө өтүп жатса, отурумду ачууда тиешелүү маалыматтарды жарыялашпайт; 5) жаздыруулардын адвокаттарга жана башка катышуучуларга жеткиликтүүлүгүнүн кыйынчылыктар менен коштолуусу, аларга кирет: өзүнчө арыз тапшыруу зарылдыгы, жооп берүүнүн күн тартибине салынган мөөнөттөрүнүн жоктугу, ошондой эле техникалык мүчүлүштүктөрдү же жаздыруунун жоктугун себеп кылуу менен көчүрмөлөрдү берүүдөн баш тартуу учурлары; 6) АВБ техникалык абалын көзөмөлдөө жана көз карандысыз аудит системасынын жоктугу, бул болсо соттун мүчүлүштүктөр, бузулуулар болуп калды деген билдирүүлөрүнүн негиздүүлүгүн текшерүүнү мүмкүн эмес кылууда. Бул жагдайлар сот адилеттиги системасына ишенимдин болуусуна көлөкө түшүрүүдө, коргонуу укугун ишке ашырууну кыйындатууда, тараптардын тең укуктуулугу жана сот процессинин ачык-айкындуулугу принциптерин бузууда. Бир катар окуяларда АВЖ жеткиликтүү болуусунун мүмкүн эместиги тараптарды мыйзамсыз аракеттердин үстүнөн даттануу, соттук териштирүүнүн жүрүшүн белгилөө, же болбосо отурумдун кайсы бир бөлүгүн өткөрүп жиберген учурда окуялардын жүрүшүн кайра калыбына келтирүү мүмкүнчүлүктөрүнөн ажыратат.

өткөрүү учурунда тараптардын укуктары боюнча тергөөчүлөрдү, прокурорлорду жана адвокаттарды үзгүлтүксүз түрдө окутуп туруу уюштуруу; 4) сотко чейинки экспертизаларга көзөмөл жүргүзүүнү орнотуу, анын ичинде кылмыш иши козгоого чейин соттук экспертиза дайындоого чектөө киргизүү жана эксперттик корутундуларды кылмыш ишин козгоого негиз катары колдонууга тыюу салуу. 5) эксперттердин квалификациясын жогорулатууну камсыз кылуу жана эксперттик корутундуларды тышкы аудиттен өткөрүүнүн механизмдерин иштеп чыгуу; 6) корутундулардын сапатынын төмөндүгү же алдын ала бир тараптуу мамиле жасоону чагылдырган жүйөлөштүрүүлөр үчүн этикалык стандарттарды жана жоопкерчилик процедураларын ишке киргизүү.

3.11-КК. КР Министрлер Кабинетине сунушталат: 1) жабыр тарткан адамдардын реабилитациялануу укугу жана тиешелүү арыздарды берүү процедуралары жөнүндө кеңири маалымдоону камсыз кылуу, анын ичинде мамлекеттик органдардын веб-сайттарында, милиция бөлүмдөрүндө жана соттордо жеткиликтүү түшүндүрмөлөрдү жайгаштыруу; 2) арыздарды берүү жол-жобосун жөнөкөйлөтүү жана ашыкча документтерди тапшыруу талаптарын чектөө аркылуу административдик жана процесстик тоскоолдуктарды минималдаштыруу; 3) компенсация төлөө боюнча сот чечимдерин ыкчам аткаруу механизмин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү, анын ичинде ведомстволордун бюджеттик пландаштыруусуна көз каранды болбостон, төлөмдөр жүргүзүлө турган атайын максаттуу фонд түзүү; 4) жабыр тарткан адамдардын ишин коштоо жана алардын кызыкчылыктарын коргоо үчүн квалификациялуу юристтерди камсыз кылуу менен реабилитациялануга укугу бар адамдарга укуктук жардам көрсөтүү боюнча мамлекеттик программаны ишке киргизүү; 5) келтирилген зыянды далилдөө стандарттарын жогорулатууга,

4.2-КК. КР КПК 290-беренесине өзгөртүүлөрдү киргизүү айыпталуучуларды, күбөлөрдү жана эксперттерди кошкондо кылмыш-жаза процессинин катышуучулары үчүн видео конференциялык байланышты колдонууну жайылтуу менен, сот өндүрүшүн модернизациялоого умтулууну чагылдырып турат. Ошол эле учурда, соттун жүйөлөнгөн чечиминин зарылдыгы жок эле жана жеке өзү түздөн-түз катышуу укугун автоматтык түрдө бербестен эле, эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалган айыпталуучуну аралыктан катышат деп аныктап коюу эл аралык стандарттарга шайкеш келбейт. Айыпталуучунун сотко жеке катышуусун камсыз кылуу үчүн өтүнүч келтирүү милдетин анын өзүнө жана коргоочусуна жүктөө процессуалдык ашыкча түйшүк болуп эсептелет, бул тараптардын тең укуктуулугу принцибин бузушу мүмкүн. Иштин конкреттүү жагдайларына, ВКБ техникалык абалына жана адвокат менен купуялуулукту сактоо аркылуу сүйлөшүү мүмкүнчүлүгүнө баа бербей туруп аралыктан катышууну автоматташтыруу, өзгөчө эркиндигинен ажыратуу мүмкүн болгон иштерде процесстин адилеттүү болуусу кепилдигинин деңгээлин төмөндөтүүсү мүмкүн. Онлайн өткөрүлгөн отурумдар жөнүндө маалыматтар өз убагында жана туруктуу негизге онлайн жарыяланып турбайт. Онлайн сот отурумдарынын коомчулук үчүн жеткиликтүү болуусу маселеси каралган эмес жана иш тажрыйбасында ишке ашырылбайт.	реабилитацияланууга негиздерди кеңейтүүгө жана компенсация өлчөмдөрүн пропорционалдуу деңгээлге чейин көбөйтүүгө багытталган мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу. **3.12-КК**. КР ЮМне КР КПК 287-беренесинин 1-бөлүгүнө КР КПК 27-беренесинин 5-6-бөлүктөрүнүн пункттуларына шилтеме келтирген алдын ала угуулар стадиясында ишти токтотууга негиздерди кошуу менен өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу максаттуу. **3.13-КК.** КР ЮМ бардык сот актыларын жоюу үчүн негиздерди кеңейтүү максатында КР КПК 418-беренесиндеги мүмкүнчүлүктү караштыруусу зарыл. КР ЖС кылмыш иштери боюнча сот чечимдерин кайра карап чыгуу тажрыйбасынын обзорун иш тажрыйбасындагы кыйынчылыктарды четтетүү сунуштары менен чогуу даярдоо маанилүү. **3.14-КК.** КР Жогорку Кеңеши зарыл: 1) ЖСУЭП 14(6)-беренесине шайкеш келтирүү менен, эгерде адамдын кылмышты жасабагандыгы аныкталса, жаңы же кайрадан ачылган жагдайлардын негизинде өкүм артка кайтарылган учурда компенсация алуу укугун караштыруу менен, соттук каталар бөлүгүндөгү мыйзамдык негиздерди кеңейтүү; 2) “Кылмыштык териштирүүнү алып барган органдардын мыйзамсыз аракеттеринин натыйжасында жаранга келтирилген зыяндын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” Мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү; 3) компенсация үчүн негиз катары соттук ката кетирүү фактысын таануунун так процессуалдык механизмин иштеп чыгуу (мисалы, атайын соттук токтом же ыйгарым укуктуу органдын корутундусу аркылуу). 4) кечирим берилген учурларда, айрыкча күнөөсүздүгүн тастыктаган жаңы далилдердин негизинде кечирим берүү чечимдеринин ачык-айкындуулугун жана

	алдын ала божомолдонуусун жогорулатуу зарыл — мындай учурларда компенсация берүү укугун караштыруу керек; 5) мындай жол-жоболордун жаңы же кайрадан ачылган жагдайлар боюнча иштерди кайра кароо жөнүндө объективдүүлүгүн жана адилеттүүлүгүн камсыз кылуу максатында мындай иштер боюнча арыздарды караган институттардын (мисалы, адвокатуранын, көзөмөлдөө органдарынын) көз карандысыздыгын чыңдоо. **3.15-КК.** КР Министрлер Кабинетине, КР Жогорку сотуна жана КР Судьялар кеңешине өзгөчө кырдаалдарда/өзгөчө абал шарттарында адилет соттук териштирүүнү камсыз кылуу көйгөйлөргө талдоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн талкуулоо, тобокелчиликтердин матрицасын же жол картасын иштеп чыгуу, ошондой эле кылмыш сот өндүрүшүндө алардын кесепеттерин алдын алуу боюнча чен өлчөмдүү чараларды иштеп чыгуу сунушталат. **3.16-КК.** КР ЖС жана БП сунушталат: күнөөсүздүк презумпциясын ишке ашыруунун контекстинде соттор жана прокурорлор үчүн так жүрүм-турумдук багыттамаларды иштеп чыгуу; 2) сотторду жана прокуратура кызматкерлерин окутуу программаларына сүйлөөдөгү нейтралдуулук жана айыптуулуктун сырткы пайда болуусу сыроолорун киргизүү; 3) Соттор кеңешинин жана Башкы прокуратуранын дарегине үзгүлтүксүз түрдө мониторинг жүргүзүү, андан соң дароо кайтарым байланыш алуу. КР ЖС зарыл: 1) соттордун процесстин катышуучулары тарабынан бир тараптуулуктун пайда болуусуна милдеттүү түрдө таасир этүүсүн камсыз кылуу; 2) айыпталуучуларды сот залынан автоматтык түрдө темир тор артына же буга окшош тосмолорго киргизүү тажрыйбасын кайра карап чыгуу, ар бир конкреттүү окуяда мындай чараларды колдонуунун зарылдыгына жекече баа берүү менен камсыз кылуу. Бир эле учурда күнөөсүздүк

	принцибин, айыпталуучунун адамзаттык кадыр-баркын урматтоого жана сот процессинин катышуучуларынын коопсуздугун кепилдикке алган тең салмактуу процессуалдык эрежелерди иштеп чыгуу керек. **4.1-КК.** Техникалык көз карандысыздыкты, сот тутумунун функционалдашуусунун натыйжалуулугун жогорулатууну жана бюджеттик чыгымдарды оптимизациялоону максатында сунушталат: 1) Акы төлөнүүчү чет өлкөлүк лицензиялардан баш тартуу, бул: 1) сырткы кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдүн көз карандысыздыгын камсыз кылуу; 2) валюталык жана санкциялык тобокелчиликтерди жоюу; 3) системаны коштоо үчүн узак мөөнөттүү чыгымдарды олуттуу түрдө төмөндөтүү; 3) улуттук стандарттарга, тилдерге жана процессуалдык өзгөчөлүктөргө, анын ичинде КПК талаптарына ылайык адаптацияланууну мүмкүнчүлүгүн түзөт. 2) Сот отурумдарын автоматтык түрдө аудио жана видео протоколдоштуруу үчүн улуттук программалык камсыздоону иштеп чыгууну жана ишке киргизүүнү демилгелөө. Мындай системаны иштеп чыгуу, улуттук ИТ-компаниялардын колдоо көрсөтүүсү астында жана санариптештирүү мамлекеттик программасынын алкагында эл аралык өнөктөштөрдүн техникалык колдоо көрсөтүүсүн тартуу менен ишке ашырылышы мүмкүн. 3) Мындай системаны Соттордун автоматташкан маалыматтык системасы (АМС “Сот”) жана сот адилеттиги секторундагы санариптик башка платформалар менен, анын ичинде электрондук документ жүгүртүү, сот чечимдеринин реестри жана аралыктан катышуучу сот адилеттиги платформасы менен толук кандуу интеграциялоону камсыз кылуу. 4) Техникалык даярдыктын жана инфраструктуранын болушун эске алуу менен ар башка соттордо этап-этабы менен ишке киргизүүгө мүмкүндүк берген модулдук жана масштабдуу архитектураны ишке ашыруу. 5) Процесстин катышуучуларына, көзөмөл органдарына

	жана кесипкөй коомчулукка коопсуз жеткиликтүүлүктү камсыз кылган сактоонун, кайра иштетүүнүн жана архивдештирүүнүн борборлоштурулган системасын түзүү. **4.2-КК.** КР ЖК сунушталат: 1) айыпталуучунун жеке өзүнүн түздөн түз катышуусун жалпы принцип катары бекитүү, ал эми видео конференциялык байланышууну –объективдүү жагдайлар бар учурда гана (коопсуздукка карата тобокелчиликтер бар болсо, транспорт менен жеткирүү мүмкүн эмес ж.б.) соттун жүйөлөнгөн токтомунун негизинде жол берилүүчү өзгөчө учур катары бекитүү. 2) эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалган айыпталуучулардын аралыктан катышуусу милдеттүү болуусун жоюу, аны иштин конкреттүү шарттарын жана тараптардын ой пикирлерин эске алуу менен аралыктан катышуу мүмкүнчүлүгү менен алмаштыруу. 3) ВКБ колдонулган учурларда процессуалдык кепилдиктер менен камсыз кылуу, анын ичинде: а) айыпталуучунун адвокаты менен жыйынга чейин жана кийин купуялуулукту сактоо менен сүйлөшүү укугун камсыз кылуу; б) видео байланыштын техникалык жактан ишенимдүүлүгүн (көрсөтүүнүн жана үндүн сапаты, жабдуулардын үзгүлтүксүз иштеши); в) ВКБ колдонууга, өзгөчө татаал же сезимтал иштерде колдонууга каршы болууну билдирүү мүмкүнчүлүгү. 4)Мыйзамда онлайн-отурумдардын ачык-айкындуулугу принцибин бекитүү. Муну үчүн онлайн-отурумдарды өткөрүүдө коомчулуктун жана ЖМК катышуу мүмкүнчүлүгүн түз караштырган (түздөн түз келип катышуу менен өткөрүлгөн ачык отурумдарга окшош) КПК, ЖПК жана соттор жөнүндө мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү. Жеткиликтүү болуусунан баш тартууга мыйзамдык негиздер бар болгон учурларда гана сот тарабынан жүйөлөштүрүү милдеттүү түрдө бар болгон учурда гана жол берүүнү бекитүү (мисалы, жеке жашоону коргоо, мамлекеттик сыр, жашы жетелек өспүрүмдөрдүн кызыкчылыгы ж.б.).

	КР КПК 290-беренесине улуттук жана эл аралык эксперттерди тартуу менен ЖСУЭП 14-беренесинин стандарттарына шайкеш келүүсү предметине карата укуктук экспертиза жүргүзүү максаттуу (мисалы, Европа Кеңеши, ЕККУ же БУУ Баңги заттарына жана кылмыштуулукка каршы башкармалыгы). КР ЖС жана КР Адвокатурасы ыкмаларды унификациялоо жана укук бузууларды мүмкүн болушунча азайтуу максатында аралыктан камсыздоочу технологияларды колдонуу менен байланышкан процессуалдык укуктар жана чектөөлөр суроолору боюнча соттордү жана адвокаттарды даярдоону камсыз кылуу маанилүү. КР ЖС сунушталат: 1) Коомчулуктун ачык онлайн-отурумдарга кошулуусунун тартиби, жүрүм-турум эрежелери, тартипти бузган учурда чыгарып салуу ж.б. тартиби кенен жазылган Жогорку соттун же Соттор кеңешинин актысын кабыл алуу. 2) Онлайн-отурумдарга кошулуу үчүн байкоочуларды жана ЖМК электрондук каттоо процедураласын иштеп чыгуу. Каттоодон өткөн адамдарга трансляциялоо үчүн шилтемелерди e-mail же сот тутуму порталындагы жеке бөлмө аркылуу автоматтык түрдө электрондук жөнөтүүнү ишке ашыруу. 3) Коомдук кызыкчылыкка тиешелүү иштерде ачык трансляциялоо мүмкүнчүлүгүн караштыруу (мисалы, соттордун YouTube-каналы же веб-порталы аркылуу). Муну үчүн жеке маалыматтардын купуялуулугун жана тарнсляциялоодо күбөлөрдү коргоону камсыз кылган техникалык регламент даярдоо. 4) Сот кызматкерлери үчүн онлайн-отурумдардын ачык-айкындуулугун жана санариптик чөйрөдө сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгү укугун сактоо суроолору боюнча үзгүлтүксүз түрдөгү тренингдерди уюштуруу. Ошондой эле маанилүү болуп эсептелет: онлайн-отурумдардын күн тартибин жарыялоо милдетин процессуалдык

	мыйзамдарда жана/же соттук нускамаларда бекитүү аркылуу онлайн-отурумдар жөнүндө маалыматтарды алар башталганга чейин 24 сааттан кем эмес убакыттын ичинде жарыялоо жөнүндө милдеттүү ченемди киргизүү (өтө турган күнүн, убактысын, сот, соттун курамын, иштин түрүн жана ачык түрдө өтүүчү процесс болсо кошулуу үчүн шилтемени). 2) Бардык сот тутуму үчүн бирдиктүү онлайн-реестрди жана онлайн-отурумдардын борборлоштурулган, анда бардык ачык сот отурумдар, анын ичинде ВКБ режиминде өткөрүлүүчү онлайн-отурумдар чагылдырыла турган электрондук календарды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү. 3) Соттордун сайттарында жана “Сот” автоматташтырылган маалыматтык тутумунда (АМТ) анын ичинде реалдуу убакыт режиминдеги онлайн-отурумдарды кошкондо сот отурумдары жөнүндө маалыматтарды жаңылап туруучу механизмди орнотуу. Бул функционал “Сот” АМТ платформасы жана Жогорку соттун расмий сайтында реалдуу убакыт режиминде интеграцияланууcу зарыл. Жарандык коом уюмдары видео конференциялык байланышууну колдонуу тажрыйбасына мониторинг жүргүзүүнү ачык аналитикалык отчетторду жана соттук статистиканы жарыялоо менен, ошондой эле айыпталуучунун аралыктан катышуусу анын эркине каршы же соттун жүйөлөштүрүлгөн токтомусуз өткөрүлгөн окуяларын дагы жарыялоо менен ишке ашыруулары зарыл.

3

УСУЛДАМА

Кыргызстандагы кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамынын жана укук колдонуу тажрыйбасынын учурдагы абалына, алардын адилеттүү сот укугуна карата эл аралык стандарттарга шайкеш келүү бөлүгүнө баа берүүдөн турган, ошондой эле милдеттери мыйзамдарга талдоо жүргүзүү, иш тажрыйбасында процессуалдык стандарттардын сакталышына мониторинг жүргүзүү, маалыматтарды чогултуу жана релеванттык сунуштамаларды иштеп чыгуу болуп эсептелген “Соттук этап” 7-чөйрөсүнө мониторинг жүргүзүүнүн максатын эске алуу менен, бул изилдөө кийинки негизги багыттарга токтолду:

- Кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамдар жана укук колдонуу тажрыйбасы адилеттүү сот укугу эл аралык стандарттарына канчалык деңгээлде шайкеш келет?
- Иш тажрыйбасында адилеттүү сотко карата минималдуу кепилдиктер канчалык деңгээлде камсыз кылынууда?
- Сот адилеттиги стандарттарын ишке ашыруу үчүн сот тутумун санариптештирүүнүн мүмкүнчүлүктөрү жана чектөөлөрү кандай?

7-чөйрө боюнча кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн учурдагы абалы жөнүндө ар тараптуу жана толук сыпаттамасын алуу үчүн маалыматтарды чогултуунун кеңири спектри колдонулду.

Укуктук талдоо жүргүзүү фундаменталдуу эл аралык документтерде жана аларга карата түшүндүрмөлөрдө, улуттук кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдардын жоболорунда чагылдырылган адилеттүү сот укугу ченемдерин жана стандарттарын эл аралык принциптер менен салыштырууга негизделген, мунун натыйжасында эл аралык стандарттарга тоскоолдук кылган шайкеш келбестиктер жана көйгөйлөр аныкталды.

“Адам укуктары боюнча эдвокаси борбору” МЭУУА тарабынан жүргүзүлгөн с**от отурумдарына мониторинг жүргүзүү** кылмыш-жаза соттук териштирүүнүн дардык көрүүчү бөлүгүнөн баштап, токтомду жана өкүмдү угузууга чейинки бардык этаптарына байкоо жүргүзүүдөн турду. Маалыматтарды чогултуу мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктарын, байкоочулар үчүн түзүмдөштүрүлгөн анкетаны/чек баракчасын толтуруу көрсөткүчтөр топтомуна киргизүү жолу менен ишке ашырылды, бул анкета/чек баракчасы ар бир өзүнчө кылмыш-жаза процессинин соттук териштирүү ачылган убакыттан баштап, өкүмдү жана башка сот актысын угузганга чейинки сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүн камтыды. Бул усулдун алкагында сот иштеринин тандалмасы кластердик ыкма аркылуу 95% ишеним деңгээлинде жана ±4,89% ката чегинде тандалды. Жалпы 325 толук кароо жүргүзүлгөн иш жана 110 токтотулган иш изилденди. 325 толук териштирүү иштери жана 110 кыскартылган иштер изилдендип чыкты.

Мониторинг 17 соттук ишти капыстан тандоону жана аялдардын жана аярлуу топтордун укуктарына тиешелүү маанилүү иштерге байкоо жүргүзүүнү артыкчылыктуу катары карады. Көрсөткүчтөр атайын иштелип чыккан анкетаны колдонуу менен чогултулду, ал эми байкоочулар – окутуудан өткөн 14 юрист болду, алар мониторинг жүргүзүштү жана андан соң отчетторду даярдашты. Мониторинг жүргүзүү өлкөнүн 7 облусунда жана Бишкек шаарында жайгашкан биринчи инстанциянын 17 сотторундагы 325 териштирүүлөр боюнча 1 077 отурумдарды камтыды.

Сот отурумдарына мониторинг жүргүзүүнүн ишенимдүүлүгүн жана сапатын камсыз кылуу үчүн көрсөткүчтөрдү кайра иштетүү усулдары колдонулду, алар коддоону, тазалоону, сүрөттөмө статистиканы, корреляциялык жана регрессиялык талдоону, ошондой эле байкоочулардын тексттерине мазмундук талдоо жүргүзүүнү камтыды. Процесстердин катышуучуларынын укуктарына таасирин тийгизген

өзгөрмөлөрдүн өз ара байланышына талдоо жүргүзүүнүн жана факторлорду аныктоонун ортосундагы өз ара байланышууга талдоо жүргүзүү үчүн IBM SPSS Statistics сыяктуу куралдар колдонулду. Тармактык талдоо жүргүзүү сот тутумунун катышуучуларынын өз ара аракеттенүүсүн изилдеди, бул көрсөткүчтөрдү триангуляциялоо менен айкалышканда укук колдонуу тажрыйбасынын процессуалдык ченемдерге жана эл аралык стандарттарга шайкештигин ар тараптуу жана ишенимдүү талдоону камсыз кылды. Бул усул тар багыттуулукту жана кыска мөөнөттү камтыган чектөөлөрдөн турду, бул жана ошондой эле мыйзамдык жана административдик тоскоолдуктардан улам иш материалдарына жана отурумдарга жеткиликтүүлүктүн чектелүү болушу соттук иштерди жана соттордуу камтууну кыскартты. Байкоочулар сот отурумдарына кирүүдө судьялардын баш тартуусуна жана байкоочунун таасири процесс катышуучуларынын жүрүм-турумуна таасир этүү натыйжаларына түш болушкан. Анкеталык куралдардагы чектөөлөр маалыматтарды толук чогултуу деңгээлин төмөндөткөн, ал эми иштердин баштапкы стадияларда кыскартылышы процесстин бардык этаптарын баалоого тоскоолдуктарды пайда кылган. Бул факторлор жарым-жартылай талдоо жүргүзүүнүн кошумча усулдарын жана жеткиликтүүлүк көйгөйлөрүн чечүү үчүн даттанууларды багыттоону колдонуу аркылуу жарым-жартылай толукталды.

Тереңдештирилген маектешүүлөр иш тажрыйбасында адилеттүү сот стандарттарын сакталышы жөнүндө сапаттуу көрсөткүчтөрдү алуу үчүн жүргүзүлдү. Изилдөөнүн алкагында респонденттердин үч тобу менен тереңдештирилген маектешүүлөр жүргүзүлгөн: иш тажрыйбалары мол адвокаттар; адвокат деген расмий макамы жок, бирок кылмыш-жаза тажрыйбасы менен алектенген юристтер; мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын алкагындагы кылмыш-жаза иштери боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүгө катышкан адвокаттар. Баары болуп 15 маектешүү жүргүзүлдү, ар бир топто 5тен респондент болду. Бул изилдөө үчүн “кар мөңгү топтолуусу” (snowball sampling) усулу колдонулду, ошол эле учурда респонденттер өздөрүнүн кесиптик түйүндөрүндөгү башка катышуучуларды сунушташты. Респонденттердин бир бөлүгү изилдөөчүлөрдүн байланышуу түйүнүнөн тандалып алынды. Натыйжада тереңдетилген маектешүүнүн катышуучулары кийинкидей курамдан түзүлдү: адвокаттар – 3 эркек, 2 аял; юристтер – 3 аял, 2 эркек; МКЮЖ адвокаттары – 4 аял, 1 эркек. 15 респонденттин ичинен 2 Ош облусунда иштөө тажрыйбасына ээ (адвокаттар), 1 - Талас облусунда (МКЮЖ адвокаттары).

Көрсөткүчтөрдү чогултуу процедурасы, адилеттүү сот стандарттарын жана кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамдарын ишке ашыруунун практикалык аспекттеринин камтылышы жөнүндө суроолордон турган “Соттук этап” 7-чөйрөсүнө карата сунушталган Усулдаманын түзүмүн чагылдырган тереңдетилген маектешүүлөр үчүн куралдарды иштеп чыгуу аркылуу ишке ашырылды. Көрсөткүчтөр текст түрүндө терүү түрүндө чогултулду жана аларга негизги агымдарды жана көйгөйлөрдү аныктоо үчүн тематикалык талдоо жүргүзүүлөрдү колдонуу менен талдоо жүргүзүлдү.

Бул усул ошондой эле тандалма бөлүгүндө чектөөлөргө ээ болду, бул болсо ой пикирлердин ар түрдүүлүгүнүн жана репрезентативдүүлүгүнүн төмөн болуусуна, респонденттердин өздөрүнүн жеке тажрыйбаларынын жана суроолорду кабыл алуусунун негизиндеги ой пикирлеринин субъективдүү болуусуна, айрым суроолордун абстракттуулугуна, ошондой эле маектешүүлөрдү кагазга түшүрүүдөгү техникалык көйгөйлөр тобокелчиликтерине кабылуусу мүмкүн эле. Бирок буга карабастан жазуу жүзүндөгү белгилөөлөр толук абалды бере алды жана респонденттердин обьективдүү көрсөткүчтөрүн чагылдыра алды.

ЖМКлардагы басылмаларга талдоо жүргүзүү акыркы эки жылдык мезгилдеги материалдарды системалуу түрдө карап чыгуу аркылуу жүргүзүлгөн. Зарылчылыкка жараша релеванттуу контентти бөлүп алуу үчүн ачкыч чөздөр боюнча издөө жүргүзүү колдонулган. ЖМК тандоо учурунда төмөнкү критерийлер белгиленген: булактын ишенимдүүлүгү жана кадыр-барктуулугу; кеңири аудиторияны камтуу; материалдар учурдагы абалды чагылдыруусу жана кылмыш-жаза сот адилеттиги темасы боюнча аналитикалык макалаларды камтышы үчүн жарыкка чыгып жаткан басылмалардын үзгүлтүксүздүгү жана актуалдуулугу. ЖМКнын аталган критерийлерге шайкештигин аныктоо үчүн «Кыргызстандагы медиа аудиторияны кабыл алуу жана жүрүм-турум» медиа базары изилдөөсүнүн маалыматтары колдонулган. 9-толкун»[3], мында башкалар менен чогуу жергиликтүү интернет-ЖМКнын рейтинги берилген. Натыйжада мониторинг жүргүзүү үчүн объекттер катары кийинки ЖМКлар тандалып алынды: “Азаттык радиосу” кыргыз кызматы, "Кактус.Медиа" маалыматтык агенттиги, "24.kg" маалыматтык агенттиги

ЖМКга мониторинг жүргүзүүнүн алдында анын концепциясы жана куралдары иштелип чыкты, алар адилеттүү жана ачык соттук териштирүүгө карата укук сүроолорун, ошондой эле сот процесстери жөнүндө маалыматтын жеткиликтүүлүгү сүроолорун камтыды. Баардыгы болуп, адилеттүү соттук териштирүүгө ээ болуу укугун бузуу жана анын ачык жеткиликтүү болуусун чектөө окуяларын өздөштүрүү үчүн ЖМКдагы 4 194 басылмага талдоо жүргүзүлдү. Бул үсулду чектелүүлүгү мониторинг жүргүзүү обьекттеринин саны анча чоң эместигине жана мамлекеттик ЖМКлардын жок экендигине негизделет, бул көрүп окуп чыккан басылмалардын саны, аларды тандалып алынган ар бир ЖМК менен салыштыруу, ошондой эле ЖМК өкүлдөрүнүн арасында сурамжылоо жүргүзүү менен теңештирилди.

Анкетирлөө жана алынган көрсөткүчтөрдү жалпылаштыруу аркылуу жүргүзүлгөн **5 ЖМКнын өкүлдөрүн сурамжылоонун** өзгөчөлүктөрү, ЖМКдагы басылмаларга талдоо жүргүзүү усулунун өзгөчөлү**ктөрү** менен анкета аркылуу жүргүзүлгөн жана алынган маалыматтардын жыйынтыкталышы, ММК жарыяларын талдоо ыкмасына окшош болуп келген.

Сот порталдарын жана сайттарын мониторинг жүргүзүү ага талдоо жүргүзүү менен статистикалык маалыматтарды чогултуу жана кайра иштеп чыгуу, ошондой эле сайттарды тестирлөө менен жүргүзүлгөн. Мындай сайттардын жана порталдардын тизмесине бардык апелляциялык инстанциялардын учурдагы сайттары киргизилген. (bgs.sot.kg, chui.sot.kg, issyk.sot.kg, talas.sot.kg, naryn.sot.kg, jalalabad.sot.kg, osh.sot.kg, batken.sot.kg), Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту (sot.kg) Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту (constsot.kg), адистештирилген порталдардын (act.sot.kg, portal.sot.kg).

Мониторинг учурунда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын веб-сайттарына коюлган талаптарга шайкештиги баалоо жүргүзүлгөн.[4]

Убакыттын жана маалыматтардын массивинин көлөмү чектелүү болгондугуна байланыштуу талдоо белгиленип өткөн сайттардын мазмундук бөлүгүнө эмес, алардын иштөө

[3] Кыргызстандагы медиа рыногу боюнча изилдөөнүн презентациясы. 9-болум (же 9- толкун). URL: https://archive.internews.kg/2023/12/19/prezentatsiya-issledovaniya-o-mediarynke-kyrgyzstana-9-ya-volna/index.htm

[4] Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын веб-сайттарына коюлуучу талаптар, 2023-жылдын 17-февралындагы № 59-р Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин буйругу менен бекитилген. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/68-28/edition/1229328/ru

мүмкүнчүлүгүнө карата жүргүзүлдү. Ошентсе да, мазмундук бөлүгүнө чектелген талдоо жүргүзүүнүн алкагында portal.sot.kg порталында жарыяланган кылмыш иштерине тиешелүү **сот актыларына** жеке маалыматтарды жашыруу талаптарын сактоо бөлүгүндө шайкештигин изилдөө жүргүзүлдү.

Учурдагы кырдаалга баа берүү үчүн мамлекеттик органдарга "2023-2026-жылдарга карата КР сот адилеттиги тутумун өнүктүрүү" Мамлекеттик максаттуу программасын ишке ашыруу жөнүндө мамлекеттик органдарга суроо-талаптар жиберилди.[5] Суроо талаптар боюнча болгону жарым-жартылай көрсөткүчтөрдү алуу бир жагынан чектөө катары, экинчи жагынан – жыйынтык катары бааланышы мүмкүн.

Көрсөткүчтөрдү чогултуунун ар бир усулу боюнча чектөөлөргө карабастан, алардын ар түрдүүлүгү жана колдонулган комплекстүү ыкма сот тутумундагы көйгөйлөрдү кеңири камтууну камсыз кылды, ишенимдүү корутундуларды жана практикалык сунуштамаларды калыптандырууга шарт түздү. Ошондой эле, аныкталган көйгөйлөр жөнүндө көрсөтмөлөрдү текшерүү үчүн эл аралык уюмдардын, мамлекеттик эмес уюмдардын, КР Акыйкатчы институтунун жана КР Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борборунун баяндамалары, отчеттору жана билдирүүлөрү сыяктуу расмий маалыматтарды **ачык булактар аркылуу издөө усулу** колдонулду.

Купуялуулукту сактоону камсыз кылуу үчүн тереңдетилген маектешүүлөргө, ЖМК суроо-талаптарга катышкан бардык респонденттердин купуялуулугун камсыз кылуу үчүн алардын ой пикирлери жалпылаштырылды. Купуялуулук сот отурумдарына мониторинг жүргүзүүдө дагы камсыз кылынды. "Эркиндик жана укук" КФ командасы этикалык стандарттарды катуу сакташты, анда катышуучулардын изилдөөгө катышуудан баш тартуу укугу жана изилдөөнүн максаттары жөнүндө маалымат алуу укуктары дагы сакталды. Изилдөөнү жүргүзүүнүн саясий контекстин эске алуу менен, купуялуулукту сактоо респонденттердин жана изилдөөчүлөрдүн жеке коопсуздугун сактоо үчүн зарыл чара болуп эсептелет.

[5] "2023-2026-жылдарга карата КР сот адилеттиги тутумун өнүктүрүү" Мамлекеттик максаттуу программасы, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен бекитилген, 3-март, 2023-жыл, ПЖ № 47. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/53-336/edition/1234928/ru

БАА БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ СУРООЛОРУ

Адилеттүү соттук териштирүү стандарттары

1-индикатор. Мыйзамдар жана укук колдонуу тажрыйбасы ишти адилеттүү териштирүү укугун камсыз кылат
1.1-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Улуттук кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамы бекитет, а укук колдонуу тажрыйбасы бардык адамдардын соттордун жана трибуналдын алдындагы тең укуктуулугун камсыз кылат
Сыпаттамасы Соттордун жана трибуналдын алдындагы бирдейлик укугу Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын 14 (1)-беренесинде, адам укуктары жөнүндө Европалык конвенциянын 6-беренесинде.[6] бекитилген адилеттүү соттук териштирүүнүн ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет.[7] Бул укук кылмыш-жаза процессинин бардык катышуучулары, мейли айыптоочу тарап жана мейли коргоочу тарап болсун, коюлуп жаткан айыптоонун макамынан, социалдык абалынан же мүнөзүнөн көз карандысыз түрдө өз укуктарын коргоо үчүн бирдей процессуалдык кепилдиктерге жана реалдуу мүмкүнчүлүктөргө ээ болуу кепилдигин берет. Соттордун жана трибуналдын алдындагы тең укуктуулук принциби адилеттүү соттук териштирүү кепилдиктери менен катар эле, атаандаштык мүмкүнчүлүктөрүнүн бирдей жеткиликтүүлүгү жана тең укуктуулугу укугу кепилдигин берет, бул тараптардын мындай териштирүүлөрдөгү кайрылуулары кандайдыр бир басмырлоолордон эркин болуусу үчүн караштырылган.[8] **Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар** Кыргыз Республикасынын Конституциясы [9] укугун жана эркиндигин сот аркылуу коргоого, ошондой эле иштерин жогору турган сотто каратууга укуктуу.[10] Кыргызстанда сот адилеттигин сот гана жүзөгө ашырат, [11] аны түзүү тартиби бир гана Конституция аркылуу гана аныкталбастан,[12] ошондой эле Конституциялык мыйзамдар аркылуу дагы аныкталат.[13]

[6] 6-берене. Адам укуктары боюнча Европалык конвенциясы. СЕД 5 – Адам укуктары (Конвенция), 4.XI.1950. https://rm.coe.int/1680a6eabc

[7] 14 (1)-берене. Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты(ЖСУЭП). Башкы Ассамблеянын 2200 А (XXI) резолюциясында кабыл алынган, 16-декабрь, 1966-жыл.URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml

[8] 13-п., № 32 Жалпы тартиптеги эскертүүлөр. 14-берене: Соттордун жана трибуналдын алдындагы тең укуктуулук жана ар бир адамдын адилеттүү соттук териштирүүгө карата укугу. CCPR/C/GC/32. 23-август, 2007-жыл. https://digitallibrary.un.org/record/606075?ln=ru

[9] 1-бөлүк, 61-берене, Кыргыз Республикасынын Конституциясы. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112215/edition/1078264/ru

[10] 4-бөлүк, 58-берене, КР Конституциясы.

[11] 1-бөлүк, 94-берене, КР Конституциясы.

[12] 95-берене, КР Конституциясы.

[13] Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы "КР Жогорку соту жана жергиликтүү соттору жөнүндө", 15-ноябрь, 2021-жыл, № 134 (2-август, 2023-жылдагы ред. № 152). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/4-3105/edition/1268677/ru Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы"КР Соттордун макамы жөнүндө", 15-ноябрь, 2021-жыл, № 138 (5-август, 2024-жылдагы редакциясында № 159). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/4-3101/edition/24501/ru

Аларда талаптар жана компетенттүүлүктөр көрсөтүлөт,[14] соттордун көз карандысыздыгы[15] жана калыстыгы[16] кепилдиктери берилет. Соттордун алдында бардыгы бирдей принциби Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекитилген: *“мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей”*.[17] Бул жерде “бардыгы” деген сөз жарандыгы бар же жок экенинен көз карандысыз түрдө бардык адамдарды түшүндүрүп жатат. Конституция[18]Кыргыз Республикасында чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар мыйзамда же Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимде белгиленген учурларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын жарандары менен бирдей укуктарга жана милдеттерге ээ экендигин тааныйт. Конституция Кыргыз Республикасы өз аймагынын чегинде жана өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу жана эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этностук таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча басмырланышы мүмкүн эместиги кепилдигин берет.[19]

Соттордун алдында бардыгы бирдейлиги жөнүндө Конституциялык ченем КР КПК ченемдериндеги кылмыш-жаза сот өндүрүшү принциптеринде конкреттештирилет.[20]

Демек, Кыргыз Республикасында тараптардын тең укуктуулугу принциби Конституцияда жана Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинде бекитилген. Мыйзам сотту айыптоонун жана коргоонун процессуалдык укуктарынын бирдейлигин камсыз кылууга милдеттендирет, ал эми алгачкы текшерүү жана тергөө органдарын – аларды ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүүгө милдеттендирет. Бирок укук колдонуу тажрыйбасы бул принципти иш жүзүндө ишке ашырууга тоскоолдуктарды пайда кылып жаткан системдүү көйгөйлөр бар экендигин көрсөтүп турат.

Негизги чакырыктардын бири айыптоонун жана коргоонун ортосундагы процессуалдык мүмкүнчүлүктөрдүн дисбалансы болуп эсептелет. Алгачкы текшерүү органдары далилдерге, эксперттик мекемелерге жана тергөө ресурстарына карата кыйла кеңири жеткиликтүүлүккө ээ. Коргоо маалыматты алуудагы чектөөлөргө, көз карандысыз экспертизаларды дайындоодогу жана өткөрүүдө жана күбөлөрдү чакырууда, суракка алууда кыйынчылыктарга көп жолу кабылат. Адвокаттардын өтүнмөлөрү формалдуу түрдө гана каралган учурлар аз эмес, ал эми канааттандыруудагы баш тартуулар жүйөлөштүрүлгөн чечимдер менен коштолбойт.[21]

Кырдаалды тергөөгө чейинки текшерүүлөр тажрыйбасы оорлоштурат, анын жүрүшүндө арыз берүүчү же потенциалдуу жабыр тарткан адам процессуалдык макамынан ажыраган болот, анан күткөндөй эле соттук даттануу механизмдери жана матералдары аны үчүн

[14] КР Конституциясынын 5, 7-8-бөлүктөрү; Кыргыз Республикасынын “КР Соттордун макамы жөнүндө” конституциялык мыйзамынын 9, 19, 21-беренелери.

[15] Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 95-беренесинин 1-3-бөлүктөрү; Кыргыз Республикасынын “КР Соттордун макамы жөнүндө” Конституциялык мыйзамынын 15-18-беренелери.

[16] Кыргыз Республикасынын “КР Соттордун макамы жөнүндө” Конституциялык мыйзамынын 4-беренеси.

[17] КР Конституциясынын 24-бер., 2-бөлүгү.

[18] КР Конституциясынын 52-бер., 1-бөлүгү.

[19] КР Конституциясынын 24-бер., 1-бөлүгү.

[20] 2-глава, КР КПК «Кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн милдеттери жана принциптери

[21] Кийинки көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөрдө кенен кароо.

жеткиликтүү эмес. Бул процессуалдык укуктарга ээ болуу укуктарын артка тартат жана өз кызыкчылыктарын коргоо үчүн сотко өз убагында кайрылууну тереңдетет.[22]

Кылмыш-жаза процессинде каржы ресурстары же укуктук ресурстары жетиштүү эмес адамдар өзгөчө аярлуу болуп калышат:кирешеси төмөн адамдар, айылдык жана алыскы аймактардын жашоочулары, улуттук азчылыктардын өкүлдөрү. Акысыз юридикалык жардам тутумун жетиштүү деңгээлде өнүктүрүлбөгөндүгү жана квалификациялуу коргоого жеткиликтүүлүктүн чектелүүлүгү алардын процесстеги тең укуксуздугун күчөтүп жиберүүдө.[23]

Мындан сырткары, кылмыш иштерин кароодо сотторго сырткы факторлордун таасир этүүсү тобокелчилиги сакталууда, бул соттордун калыс болуусун дагы, ошондой эле тараптардын реалдуу түрдө тең укутуу болуусун төмөнгдөтүүдө. Сот тутумунун аткаруу бийлигинен көз карандылыгы, ошондой эле айрым таасирдүү адамдар же түзүмдөр тарабынан кысым көрсөтүү учурлары, сотту нейтралдуу орбитр катары кабыл албастан, айыптоону колдоого жакын тарап катары кабыл алууга алып келүүдө.[24]

Демек, ченемдик кепилдиктер бар экенине карабастан, Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза процессинде соттордун жана трибуналдын алдындагы тең укуктуулук укугу аярлуу бойдон калууда. Аны реалдуу түрдө камсыз кылуу үчүн чаралардын комплекси талап кылынат: процессуалдык мүмкүнчүлүктөрдөгү дисбалансты жоюу, иликтөө органдарынын аракеттерине бардык стадияларда таасирдүү соттук көзөмөл жүргүзүүнү киргизүү, соттордун көз карандысыздыгын бекемдөө жана квалификациялуу акысыз юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү.

Корутундулар

1. Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө соттордун жана трибуналдын алдындагы тең укуктуулук укугу Конституцияда жана КПК бекитилген, бирок аны иш тажрыйбасында ишке ашыруу олуттуу тоскоолдуктарга кабылууда. Айыптоочу тарап далилдерди чогултуу үчүн жетиштүү түрдөгү чоң ресурстарга жана ыйгарым укуктарга ээ, ал эми ошол эле учурда коргоочу тарап көп учурда иштин материалдарынын жеткиликтүүлүгү жаатында, тергөө аракеттерин демилгелөө жана көз карандысыз эксперттерди дайындоо мүмкүнчүлүктөрү жаатында чектөөлөргө кабылат.

2. Тергөөгө чейинки текшерүү институту азыркы турган турпатында Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза процессинде тараптардын тең укуктуулугу жана соттун жеткиликтүү болуусу укуктарын бузат. Арыз берүүчүнүн процессуалдык макамынын жоктугу, соттук көзөмөлдөө механизмдерин колдонуунун мүмкүн эместиги жана мөөнөттөрүнүн создуктурулушу айыптоо органдарынын пайдасына карата тең салмаксыздыкты пайда кылат, коргоочуну жана жабыр тарткан адамды процесстин башынан баштап бирдей укуктарга ээ болуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат.

3. Аярлуу топтор, анын ичинде кирешеси төмөн адамдар, алыскы аймактарда жашаган жашоочулар квалификациялуу коргоого ээ болуу жаатында тоскоолдуктарга кабылышууда.

[22] Карагыла: КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ КЫЛМЫШ-ЖАЗА СОТ АДИЛЕТТИГИ ТУТУМУНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ БОЮНЧА ОТЧЕТ. 6-Чөйрө, Сотко чейинки этап.

[23] Карагыла: КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ КЫЛМЫШ-ЖАЗА СОТ АДИЛЕТТИГИ ТУТУМУНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ БОЮНЧА ОТЧЕТ. 5-Чөйрө, Юридикалык жардам

[24] Карагыла: КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ КЫЛМЫШ-ЖАЗА СОТ АДИЛЕТТИГИ ТУТУМУНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ БОЮНЧА ОТЧЕТ. 2-Чөйрө, Сот тутуму.

Бул дисбаланстар тараптардын тең укуктуулугу принцибин бузууда жана сот адилеттигинин калыс болуусуна таасирин тийгизүүдө.

Сунуштамалар

1. КР Өкмөтүнө жана КР Жогорку Кеңешине сунушталат: 1) айыптоочунун жана коргоочунун процессуалдык укуктарынын, анын ичинде далилдердин жана эксперттердин бирдей жеткиликтүүлүгүнүн тең укуктуулугун реалдуу түрдө камсыз кылуу. 2) Алгачкы текшерүү жана тергөө органдарынын аракеттерине кылмыш-жаза процессинин бардык стадияларында соттук көзөмөлдөөнү күчөтүү. 3) Акысыз юридикалык жардам мамлекеттик тутумунун кулачын өзгөчө калктын аярлуу категориялары үчүн кеңейтүү. 4) Коргоочу тараптын айыптоо органдары менен тең укуктуу түрдө көз карандысыз экспертиза жүргүзүү жана аны ишке кошуу, тиркөө укугуна ээ болуусуна кепилдик берүү. 5) Кылмыш жөнүндө дароо арыз берүү укугун камсыз кылуу менен тергөөгө чейинки текшерүү институтунан баш тартуу; арыз берүүчүгө тергөө органдарынын аракеттерине жана аракетсиздиктерине дароо сотко даттануу боюнча тиешелүү укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү берген процессуалдык макамды берүү.

1.2-КК. Ар бир адам үчүн кепилденген соттун жеткиликтүүлүгүнө ээ болуу укугу

Сыпаттамасы

Соттун жеткиликтүүлүгүнө ээ болуу укугу адилеттүү соттук териштирүүгө карата укуктун фундаменталдуу элементи болуп эсептелет жана универсалдуу дагы, ошондой эле эл аралык дагы укук коргоочулук механизмдерде бекитилген.

БУУнун тутумунда ал баарынан мурун Адам укуктарынын жалпы декларациясына негизделет 1948-ж., ал 8-беренесинде негизги укуктар бузулган учурда, ар бир адамга компетенттүү улуттук соттор тарабынан ал укуктардын натыйжалуу түрдө кайра калыбына келтирүү укугун кепилдикке алат, ал эми 10-беренеде көз карандысыз жана калыс сот тарабынан адилеттүү жана ачык териштирүү укугун караштырат.[25] Бул жоболор Жарандык жана саясий укуктардын эл аралык пактысынын алкагында милдеттүү түрдөгү күчкө ээ болушту, 1966-ж.:

14 (1)-берене ар бир адамга укуктары жана милдеттери жөнүндө талаш-тартыштарды чечүү үчүн компетенттүү, көз карандысыз жана калыс сотко кайрылуу укугу кепилдигин берет, ал эми 2 (3)-берене мамлекетке укуктук коргоонун натыйжалуу каражаты менен камсыз кылуу милдетин жүктөйт.[26] Сот органдарындагы көз карандысыздыктын негизги принциптери (1985-ж.) ар бир адам бекитилген юридикалык процедураларды колдонгон кидимки соттордо жана трибуналдарда соттук териштирүү укугун бекемдейт.[27] №32 Жалпы тартиптеги эскертүүдө 14-беренеде: Соттордун жана трибуналдын алдындагы тең

[25] Адам укуктарынын жалпы декларациясы. БУУнун Башкы Ассамблеясынын 217 А (III) резолюциясы менен кабыл алынган, 10-декабрь, 1948-жыл. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/declhr.shtml

[26] Саясий жана жарандык укуктар жөнүндө эл аралык пакты. БУУнун Башкы Ассамблеясынын 2200 А (XXI) резолюциясында кабыл алынган, 16-декабрь, 1966-жыл. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml

[27] 5-пункт, Сот органдарынын көз карандысыздыгынын негизги принциптери. Алар кылмыштуулуктун алдын алуу жана мыйзам бузгандар менен мамиле кылуу боюнча БУУнун жетинчи Конгрессинде кабыл алынган, Миланда өткөн 1985-жылдын 26-августунан баштап 6-сентябрына чейин. БУУнун Башкы Ассамблеясынын резолюциясы менен жактырылган. 40/32, 29-ноябрь, 1985-жыл. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/indep.shtml

укуктуулук жана ар бир адамдын адилеттүү соттук териштирүү менен камсыз болуу укугу жөнүндө - соттордун жеткиликтүүлүгүнө ээ болуу укугу мыйзам дагы, административдик процедуралар дагы, материалдык ресурстар дагы, өз укугун коргоо максатында сотко же трибуналга кайрылууга тоскоолдук кылбоосу керек мындай деп айтылат.[28]

Европа Кеңешинин алкагында негизги булак Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо жөнүндө европалык конвенция 1950-ж. болуп эсептелет, Адам укуктары боюнча Европа сотунун талкуулоосуна ылайык, анын 6 (1)-беренеси соттун жеткиликтүүлүгүнө ээ болуу укугун адилеттүү териштирүүгө карата укуктун ажырагыс бөлүгү катары караштырат.[29]

Бул деген мамлекет сотко кайрылууга тоскоолдук кылмак турсун, тескеринче укуктук, процедуралык жана иш жүзүндө кездешип жаткан тоскоолдуктарды четтетүүсү керек дегенди түшүндүрөт. Конвенциянын 13-беренеси улуттук деңгээлде укуктук коргоонун натыйжалуу каражаттарына карата укукту бекемдейт.[30] АУЕС прецеденттик укугунда (анын ичинде Golder v. the United Kingdom[31], Airey v. Ireland[32], Kreuz v. Poland иштери боюнча[33]) соттогу ашыкча эле төлөмдөр, негизсиз процессуалдык чектөөлөр же юридикалык жардамдын жоктугу бул укукту бузушу мүмкүн экендигин аныктады.

Демек, БУУнун жана Европа Кеңешинин стандарттары жалпы принциптерден улам келип чыгат: соттун жеткиликтүүлүгүнө ээ болуу укугу формалдуу эмес, а реалдуу жана натыйжалуу болушу керек. Мамлекеттер аны мамлекеттик кепилдиктер аркылуу дагы, ошондой эле материалдык жана процедуралык тоскоолдуктарды четтетүүчү чаралар аркылуу камсыз кылууга милдеттүү, муну менен ар бир адамдын көз карандысыз жана калыс сот органынын алдында өз укуктарын коргоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кыргыз Республикасында сотко кайрылуу укугу Конституцияда (61-бер.) [34] жана процессуалдык мыйзамда бекитилген, алар БУУнун стандарттарынын базалык талаптарына формалдуу түрдө шайкеш келет. Жарандар жана юридикалык тараптар соттук териштирүүнү демилгелөө, мамлекеттик органдардын чечимдеринин үстүнөн даттануу, ошондой эле мыйзамда караштырылган учурларда акысыз юридикалык жардам алуу

[28] 13-п., № 32 Жалпы тартиптеги эскертүү,14-берене. Соттордун жана трибуналдардын алдында бардыгынын теңдиги жана ар бир адамдын адилет соттук кароого болгон укугу. CCPR/C/GC/32. 23-август, 2007 -ж. URL: https://digitallibrary.un.org/record/606075?ln=ru

[29] Адам укуктары боюнча Европа конвенциясы, Протоколдор менен өзгөртүлгөн жана толукталган № 11 и № 14, 2010-жылдын 1-июнунда күчүнүө кирген. Адамдын негизги укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жөнүндө конвенция. Рим ш., 4. XI.1950 г. URL: https://www.coe.int/ru/web/compass/the-european-convention-on-human-rights-and-its-protocols. См. Case of Golder v. The United Kingdom. (Application no. 4451/70). URL: https://hudoc.echr.coe.int/eng?i=001-57496

[30] Адам укуктары боюнча Европа конвенциясы, 11 жана 14-протоколдор менен өзгөртүлүп жана толукталган, 1-июнь, 2010 -ж. Күчүнө кирген. Адамдын укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо жөнүндө конвенция. Рим ш., 4. XI.1950 г. URL: https://www.coe.int/ru/web/compass/the-european-convention-on-human-rights-and-its-protocols.

[31] Соттун жеткиликтүүлүгү – см. Golder v. *The United Kingdom*. (Application no. 4451/70). URL: https://hudoc.echr.coe.int/eng?i=001-57496

[32] Акысыз юридикалык жардам – см. *Airey* v. Ireland (Application no. 6289/73). URL: https://hudoc.echr.coe.int/eng?i=001-57420

[33]Сот чыгымдарын төлөтүү талабы – кара. Kreuz v. Poland. (Application no. 28249/95). URL: https://hudoc.echr.coe.int/eng?i=001-59519

[34]Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен күчүнө кирген, 5-май, 2021-жыл). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/1-2/edition/1202952/ru

мүмкүнчүлүктөрүнө ээ. Бирок, иш тажрыйбасында бул укуктук ишке ашыруу, айрыкча белгилүү кылмыш-жаза өндүрүшүндө бир катар системдүү чакырыктарга кабылууда.

Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза процессинде кылмыш ишин козгогонго чейин тергөөгө чейинки текшерүү институту колдонулат, анын алкагында алгачкы текшерүү же тергөө органдары кылмыш жөнүндө келип түшкөн арыздарды карашат, түшүндүрмөлөрдү чогултушат, текшерүүлөрдү жүргүзүшөт жана жыйынтыктары боюнча – кылмыш ишин козгоо же баш тартуу жөнүндө чечимдерди кабыл алышат. Мыйзамда бекитилген мөөнөттөрүнө карабастан, иш тажрыйбасында болсо текшерүүлөр узак мөөнөттөргө чейин узарып кетет. Бүт ушул убакыт боюу арыз берүүчү жабыр тарткан адам деген процессуалдык макамы жок бойюнча жүрөт, материалдар менен таанышуу, өтүнмө берүү, тергөө аракеттерине катышуу укутарынан жана соттун аракеттеринин же аракетсиздиктеринин үстүнөн даттануу укугунан ажыратылган болот.[35]

Мындай конструкция сот адилеттигинин өз убагында жана натыйжалуу жеткиликтүү болуусу үчүн системалуу тоскоолдуктарды пайда кылат. ЖСУЭПтин 14-беренесинде бекитилген эл аралык стандарттар укугу бузулган ар бир адамдын көз карандысыз сотко ыкчам түрдө кайрылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусун талап кылат. Бирок сотко чейинки текшерүүдө мындай укукка ээ болуу кылмыш ишин козгогонго чейин артка жылдырылып турат. Бул узак мөөнөт боюу арыз берүүчүдө укуктук коргоонун натыйжалуу каражаттары жок дегенди, ал эми процедураларды кечиктирүү далилдерди жоготууга жана ишти адилеттүү кароо мүмкүнчүлүктөрүнө алып келүүсү мүмкүн.

Мындан сырткары, тергөөгө чейинки текшерүү тараптардын бирдейлиги принцибин бузат: тергөө органдары болсо, материалдарды чогултуп башташат жана өз позициясын аныкташат, ал эми ошол эле учурда өзүнө карата текшерүү жүрүп жаткан адам болсо, мазмуну боюнча өзүнүн жеке далилдерин келтирүүнүн же корутундуларды талашуунун процессуалдык мүмкүнчүлүктөрүнөн ажыратылган. Ушул стадияда соттук көзөмөлдөөнүн алсыздыгы көйгөйдү оорлоштурат – сот эрежеге ылайык, кылмыш иши козголгонго чейин киришпейт, ал эми баш тарттуунун үстүнөн прокуратурага же жогорку турган органдарга кайрылуу формалдуу мүнөзгө ээ.

Баарын топтоштуруп караганда бул факторлор, тергөөгө чейинки текшерүү мыйзамдуулукту камсыз кылуунун куралы эмес, а тескеринче кайрылуулардын маанилүү санын баштапкы этапта эле четке кагуучу чыпкага (фильтр) айланууда. Бул Кыргызстандын эл аралык милдеттенмелерине карама-каршы эле келбестен, ошондой эле жарандардын сот адилеттиги тутумуна ишенимин төмөндөтүүдө. Негизги чакырыктар текшерүүлөрдүн узактыгы жана формалдуулугу, арыз берүүчүдө процессуалдык укуктардын жоктугу, соттук көзөмөлдүн алсыздыгы жана даттануу механизмдеринин натыйжасыздыгы болууда.

Башка негизги көйгөйлөрдүн арасынан каржылык тоскоолдуктар бөлүнүп чыгууда. Мисалы, иш боюнча альтернативдик экспертизаларды өткөрүү үчүн чыгымдардын өлчөмү социалдык жактан аярлуу үй-бүлөлөр үчүн өтө ашыкча эле көп өлчөм болушу мүмкүн, ошол эле учурда төлөмдөн бошотуу же бөлүп төлөө механизми чектелүү түрдө колдонот.

[35] Карагыла: КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ КЫЛМЫШ-ЖАЗА СОТ АДИЛЕТТИГИ ТУТУМУНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ БОЮНЧА ОТЧЕТ. 6-Чөйрө, Сотко чейинки этап.

Соттун жеткиликтүүлүгүнө бут тоскон башка тоскоолдук -бул юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүндөгү тең укуксуздук болушу мүмкүн – акысыз укуктук жардам тутуму мындай жардам зарыл болгон бардык иштерди камтыбашы мүмкүн.[36]

Ошондой эле соттун жеткиликтүүлүгү ишти создуктуруп кароо, отурумдарды жылдыруу, анын ичинде соттордун жеткиликтүү деңгээлде жабдылбагандыгына байланыштуу жылдыруу көп орун алгандыгы менен чектелүү.

Айрым учурларда өзүнчө бир тпотор үчүн тоскоолдуктар физикалык мүнөзгө ээ. Жабыр тарткан адамдар үчүн соттун жеткиликтүү болуусу – алыскы аймактардын жашоочулары үчүн олуттуу көйгөй болушу мүмкүн. Майыптыгы бар адамдар үчүн соттордун имараттарынын ыңгайлашпагандыгына кабылышат. Соттолгон адамдарда болсо, бул дайыма жеткирүү, байланышуу жана укуктук жардам менен маалымат алуу көйгөйлөрү болуп саналат. Материалдык жана моралдык зыянды калыбына келтирүү бөлүгүндөгү өкүмдөрдү аткаруу дагы көйгөй болуп эсептелет.

Демек, ченемдик жактан бекитилгенине карабастан, Кыргызстанда сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүнө ээ болуу укуктары боюнча аларга формалдуу кепилдик берүүнүн жана аларды иш тажрыйбасында ишке ашыруунун ортосундагы маанилүү айырмачылык сакталууда. Бул тоскоолдуктарды четтетүү жабыр тарткан адамдар, айыпталуучулар жана күбөлөр үчүн каржылык жүктөрдү төмөндөтүүгө, укуктук жардамдын кулачын кеңейтүүгө, соттордун инфраструктураларын жакшыртууга жана соттук чечимдердин аткарылуусун камсыз кылууга багытталган комплекстүү реформаларды талап кылат.

Кылмыш иштери боюнча жабыр тарткан адамдар үчүн соттун жеткиликтүү болуусу суроосу өзгөчө көңүл бурууга арзыйт. Соттун жеткиликтүү болуусуна ээ болуу укугу КР КПК кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн принциби катары каралат, ага ылайык сот, прокурор, тергөөчү кылмыштардан жабыр тарткан адамдарга сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусун жана мындай учурларда мыйзамда бекитилген тартипте келтирилген зыянды калыбына келтирүүнү камсыз кылууга милдеттүү.[37]

Соттун жеткиликтүүлүгүн чектөөнүн мүмкүн болуучу варианттарынын бирөөсү, бул квалификациялуу юридикалык жардамды берүү мүмкүнчүлүгүнүн чектелиши болушу мүмкүн. Алсак, жабыр тарткан адамдар кылмыш -жаза сот өндүрүшүнүн барка бардык катышуучулары сыяктуу эле квалификацияланган юридикалык жардам алууга укуктуу. Бирок, окуялардын көпчүлүгүндө бул жардам көрсөтүлөт, эгерде минималдуу эмгек маянасы 60-эселик өлчөмдөн ашпаса.[38] Жардам кирешелеринен көз карандысыз түрдө көрсөтүлө турган учурлар бар,[39] эгерде алар бала, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар, адамдарды сатуудан жабыр тарткан адамдар болсо.

Адвокаттар, юристтер жана МКЮЖ адвокаттары менентереңдетилген маектешүүлөрдүн жыйынтыгында соттун жеткиликтүүлүгүн укугу мыйзамда формалдуу түрдө эле кепилдикке алынгандыгын аныктай алдык, буга респонденттердин бардык топтору макул болушту.

[36] КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ КЫЛМЫШ-ЖАЗА СОТ АДИЛЕТТИГИ ТУТУМУНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ БОЮНЧА ОТЧЕТ. 5-Чөйрө, Юридикалык жардам.

[37] КР КПК, 10-беренеси.

[38] 2022-жылдын 10-августундагы № 91 Кыргыз Республикасынын “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө” Мыйзамынын 13-беренесинин 2–3-бөлүктөрү (2024-жылдын 27-февралындагы № 58 Мыйзамдын редакциясында).URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112412/edition/3556/ru

[39] Кыргыз Республикасынын “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө” Мыйзамынын 13-беренесинин 4-бөлүгү.

Ошону менен катар эле, иш тажрыйбасында болсо соттордун физикалык түрдөгү жеткиликтүүлүгү, олуттуу каржылык тоскоолдуктар, ашыкча бюрократия жана техникалык көйгөйлөр менен байланыштуу тоскоолдуктар бар. Алардын пикири боюнча соттун жеткиликтүүлүгү боюнча кыйла аярлуу топтор алыскы аймактардын жашоочулары, майыптыгы бар адамдар жана камакка алынган айыпталуучулар болуп эсептелишет.

Корутундулар

1. КР мыйзамдары кылмыш-жаза процессинде соттун жеткиликтүү болуусу укугуна жалпысынан кепилдик берет. Ошол эле учурда сотко чейинки текшерүү процедурасынын бар болуусу, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн баштапкы этабында жабыр тарткан адамга соттун жеткиликтүү болуусу үчүн тоскоолдуктарды жаратат. Кыргызстанда сотко чейинки текшерүү процедурасы анын азыркы турган турпатында, адилеттүү соттук териштирүү жаатындагы эл аралык стандарттарды бузуу менен, соттун өз убагында жана натыйжалуу жеткиликтүү болуусу үчүн негизсиз тоскоолдуктарды жаратат. Мөөнөттөрүн артка жылдырып создуктуруу, арыз берүүчүнүн процессуалдык укуктарынын жоктугу, соттук көзөмөлдөөнүн алсыздыгы укуктук коргоонун натыйжалуу каражаттарына ээ болуу укуктарын татаалдаштырат.
2. Акысыз юридикалык жардам көрсөтүүдөгү чектөөлөр жабыр тарткан адамдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусун кыйындатат.
3. Иш тажрыйбасында соттун жеткиликтүү болуусу жаатында чектөөлөрдүн орун алып жаткандыгы аймактарда соттордун алыс болуусу менен түшүндүрүлүүдө.

Сунуштамалар

1. КР Өкмөтүнө жана КР Жогорку Кеңешине арыз берүүнүн процессуалдык макамын ыкчам түрдө алуу мүмкүнчүлүгүн жана ал үчүн соттун жеткиликтүү болуусу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу менен, тергөөгө чейинки текшерүүдөн баш тартуу сунушталат. Тергөө органдарынын аракеттерине баштапкы этапта эле милдеттүү түрдөгү соттук көзөмөлдөөнү киргизүү жана кылмыш жөнүндө арыз берүүчүнүн процессуалдык укуктарын арыз берген учурдан баштап кепилдикке алуу.

2. КР ЮМ “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө” Мыйзамына жабыр тарткан адамдар үчүн МКЮЖ көрсөтүүнү кеңейтүү бөлүгүндө өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө суроону карап чыгуу сунушталат.

3. КР ЖС майыптыгы бар адамдар үчүн жана алыскы аймактарда соттордун физикалык түрдө жеткиликтүү болуусу үчүн шарттарды түзүүсү зарыл.

1.3-КК. Улуттук кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамдар жана укук колдонуу тажрыйбасы тараптардын бирдейлигин жана атаандаштык принциптерин камсыз кылышат

Сыпаттамасы

Тараптардын тең укуктуулугу жана атаандаштык принциби бир катар өзгөчө учурлар менен биргеликте бирдей процессуалдык укуктарды караштырат. Атаандаштык принциби кылмыш-жаза процессиндеги тараптар үчүн келтирилген бардык далилдер менен, анын ичинде күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү, өткөрүлгөн өтүнмөлөр жана кайрылуулар

менен,ошондой эле соттун алдында дагы таанышуу жана талашуу мүмкүнчүлүгүн түшүндүрөт.[40]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР Конституциясынын 100-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык *«Сот өндүрүшү тараптардын тең укуктуулугунун жана атаандаштыгынын негизинде жүзөгө ашырылат».* КР КПК ылайык кылмыш-жаза сот өндүрүшү айыптоо жана коргоо тараптарынын тең укуктуулугунун жана атаандаштыгынын негизинде ишке ашырылат,[41] тараптардын алардын процессуалдык укуктарын жана милдеттерин ишке ашыруу үчүн зарыл шарттарды түзөт, а процессуалдык чечимдерди кабыл алууда ар бир тараптын бирдей негизде катышуусун камсыз кылуу менен изилденген далилдерге гана негизденет. [42]

Бул сот айыптоочу же коргоочу тарапка колдоо көрсөтпөйт, а алардын жүйөлөрүн калыс кароосу керек жана кылмыш ишинин соттук териштирүүсүн көз карандысыздык, оозекилик жана атаандаштык принциптерин сактоо менен жүргүзүүнү камсыз кылат дегенди түшүндүрөт. Буга ылайык, кылмыш-жаза процессуалдык ченемдер тараптар сотто сөз алып сүйлөөгө, далилдерди келтирүүгө, бири-биринин жүйөөлөрүн талашууга укуктуу экендигин белгилейт, ал эми сот болгону өткөрүлүп берилген материалдарды карайт жана ченим чыгарат. Соттук териштирүүлөргө мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары, соттук териштирүүлөр жүрүп жаткан учурда өткөрүлгөн 169 өтүнмөлөрдүн ичинен сот 86,4% канааттандырганын көрсөттү. Канааттандыруудан баш тарткан 13,6% өтүнмөлөрдүн арасында күбөлөрдү чакыруу жөнүндө, күбөлөрдү суракка алуу жөнүндө, жабыр тарткан адамдар менен элдешүү боюнча макулдашууларды түзүү жөнүндө, далилдер катары окуяны көргөндөрдү жана күбөлөрдү адвокаттын суракка алган материалдарын ишке тиркөө жөнүндө, тергөө экспертиментин жүргүзүү жөнүндө өтүнмөлөр болгон. Сот канаатаандыруудан баш тартууну коргоочу тарап КР КПК ченемдерин туура эмес колдонгон же ага шилтеме келтирүү менен жүйөлөштүргөн. Эми салыштыруу үчүн, айыптоочу тарап тарабынан сот процесстеринде берилген 194 өтүнмөнүн ичинен, сот болгону 2,6% гана канааттандыруудан баш тарткан (айыптоочу тарап менен айыпталуучунун ортосунда түзүлгөн күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашууну далил катары таануу, жабыр тарткан адамдын сот отурумуна аралыктан катышуусу жөнүндө, жабыр тарткан адамдын өздүгү жөнүндө маалыматтарды кошумча текшерүү жөнүндө камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын узартуу жөнүндө). Мурунку көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөгү окуядагыдай сыяктуу эле, адвокаттар, юристтер жана МКЮЖ адвокаттары менен тереңдетилген маектешүүлөр, респонденттердин бардык топтору тараптардын тең укуктуулугу мыйзамда формалдуу түрдө эле бекитилгендигин, бирок ал укук колдонуу тажрыйбасында начар ишке ашырылып жаткандыгын көрсөттү. Негизги көйгөй соттордун айыптоочу тарап менен артыкчылыктуу түрдө жыгымдуу мамиледе болуусу болуп эсептелет. Ушуга байланыштуу, мисалы, адвокаттар сотторду атаандаштык принциптерине окутууну көп жолу баса белгилеп айтышат. Мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары, соттук териштирүүлөрдө

[40] ЖСУЭП, 14 (1)-берене. " Соттордун жана трибуналдардын алдында тең укуктуулук укугу ошондой эле тараптардын теңата мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылат. Бул бардык тараптарга бирдей процессуалдык укуктар камсыздалышы керек экенин билдирет. Мыйзамда өзгөчөлүктөр белгиленген жана алар объективдүү жана акылга сыярлык негиздер менен акталган учурлардан башка, айыпталуучуну чыныгы жагдайда алсыз абалга коюуга же ага адилетсиз мамилени жараткан абалга алып келбеши зарыл". 13-п., № 32 Жалпы тартиптеги эскертүүлөр, 14-берене: Соттордун жана трибуналдардын алдында тең укуктуулук жана ар бир адамдын адилет соттук кароого болгон укугу. CCPR/C/GC/32. 23 августа 2007 г. https://digitallibrary.un.org/record/606075?ln=ru

[41] КР КПК, 18-беренеси

[42] Ошол жерде.

айыпталуучуларга алардын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүү жөнүндө талап окуялардын кыйла көп бөлүгүндө (89, 8%) аткарыларын көрсөттү. Бирок байкоочулар соттор укуктарды жана милдеттерди болгону жарым-жартылай (3,7%) же бул этапты таптакыр унутуп калган (6,5%) сот процесстерин дагы белгилешти, бул айыпталуучуга толук кандуу коргонуунун укуктук мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат берилбей калуусу, айыптоочу тарап өз укуктарынан кыйла натыйжалуу колдонуусуна шарт түзүшү мүмкүн. Демек, өкүлчүлүк кылуучу соттор айыпталуучуга укуктарын түшүндүрбөстөн, мындай тең укуксуздукка кыйыр түрдө шарт түзүшкөн. Жана соттун өзүндө айыпталуучуга карата жеке бир тараптуу көз карашы жок болгону менен, айыпталуучу азыраак пайдалуу абалда калган шарт түзүлүп калган жана анда судьянын калыссыздыгы жөнүндө түшүнүк пайда болгон. Албетте, укуктарды түшүндүрбөгөн ар бир учур судьяларды калыссыздыгын түшүндүрөт. Алсак, укуктарды системалуу түрдө түшүндүрбөө же аларды түшүндүрүү судья тараптардын бирөөсүнө каршы бир тараптуу көз карашта экендигин күбөлөндүрүшү мүмкүн. Кандай болгон күндө дагы судья, процесстин бардык катышуучулары бирдей абалда болуусун жана өз укуктарын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусун камсыз кылууга милдеттүү. Укуктарды түшүндүрбөө бул милдеттерди олуттуу түрдө бузуу болуп эсептелет жана жалпысынан судьянын жана сот тутумунун репутациясына терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

Корутундулар

1. КР Конституциясы жана КР КПК тараптардын тең укуктуулугу жана атаандаштыгы принциптерин ишке ашырууну камсыз кылган ченемдерди караштырат.

2. Сот тажрыйбасында соттор адатта көп учурда айыптоочунун өтүнүчтөрүн канааттандырат, ал эми ошол эле учурда коргоочу тарап жеткиликтүү түрдө негизделбеген баш тартууларды кыйла көп кабылат, бул болсо укук колдонуу тажрыйбасындагы өзүм билемдик тобокелчилигин пайда кылат.

3. Мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары, окуялардын көпчүлүгүндө соттор айыпталуучулардын укуктарын түшүндүрүү талабын аткарышканы менен, бул милдетке жарым-жартылай же толук кайдыгер мамиле жасалгандыгы боюнча катталган учурлар, тараптардын тең укуктуулугу принцибинин бузулуусунан кабар берип турат. Бул соттун кайсы бир тараптын кызыкчылыгын көздөө ниети жок болсо дагы, айыпталуучуларда сот калыс эмес деген таасирленүү калтыруу тобокелчилигин жаратат.

Сунуштамалар

1. КР ЖС зарыл: 1) судьяларга тараптар тарабынан берилген өтүнүчтөр боюнча чечим чыгарууда, кабыл алынган чечимдин негиздүүлүгүнө көңүл бурууну сунуштоо; 2) судьялар үчүн процессуалдык тең укуктуулукту сактоонун маанилүүлүгүнө жана кыйыр түрдөгү бир тараптуулукка жол бербөөгө басым жасоо менен тренингдерди уюштуруу; 3) соттор тарабынан тең укуктуулук жана атаандаштык принцибин сакталышы тажрыйбасына иликтөө жүргүзүү.

2-индикатор. Ачык териштирүүгө карата укук

2.1-КК. Улуттук кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамы соттук териштирүүлөрдүн жеткиликтүү болуусун чектөө өтө зарыл мүнөзгө ээ болот жана ар бир ар бир учурда судьянын жүйөлөштүрүлгөн чечимин талап кылат

Сыпаттамасы

ЖСУЭПке ылайык, демократиялуу коомдо морал, коомдук тартип же мамлекеттик коопсуздук түшүнүктөрүнөн улам, басма жана коомчулук бардык соттук териштирүүлөрдө же анын жарымына катышуусуна жол берилбеши мүмкүн, же болбосо аны тараптардын жеке жашоосунун кызыкчылыктары талап кылган учурда, же - соттун пикири боюнча зарыл деп эсептелсе, - өзгөчө учурларда ачыктык сот адилеттигинин кызыкчылыктарын бузуусу мүмкүн болгон учурларда.[43] Башка учурларда ачык териштирүү камсыз кылынышы керек. Кылмыш-жаза иштери же кайсы бир жарандык процесстеги бардык соттук териштирүүлөр негизинен оозеки жүргүзүлүшү керек жана коомчулук үчүн ачык болуусу зарыл. Угуулардын ачыктыгы сот өндүрүшүнүн транспаренттүүлүгүн камсыз кылат жана жалпы эле коомчулуктун жана айрым адамдардын кызыкчылыктарынын маанилүү кепилдиги катары кызмат кылат.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР Конституциясы бардык соттордогу териштирүүлөр айчык ишке ашырылуусун, ал эми жабык отурумдардагы иштерди угууга мыйзамда караштырылган учурларда гана жол берилерин караштырат.[44] КР КПК ылайык мындай окуяларга кирет:

- мамлекеттик жана мыйзам менен корголгон башка сырды түзгөн маалыматтардын жайылышына алып келиши мүмкүн болгон учурларда;
- ишке катышуучу жактардын жашоосунун күпуя жактары жөнүндө маалыматтарды же алардын ар-намысын жана беделин кемсинткен маалыматтарды жайылтпоо максатында инсандын жыныстык кол тийбестигине жана жыныстык эркиндигине каршы кылмыштар жана башка кылмыштар жөнүндө иштер боюнча;
- 16 жашка жетпеген куракгагы балдар тарабынан жасалган кылмыштар жөнүндө кылмыш иштери каралган учурда;
- процесстин катышуучуларынын, алардын жакын туугандарынын, жубайларынын (жолдошунун) коопсуздугун камсыздоо кызыкчылыктары муну талап кылган учурларда.[45]

Мыйзам менен корголгон башка сыр өтө кеңири[46], болуп калышы мүмкүн экенин эске алуу менен, соттук орутумга кирүүгө чектөөнү кыянаттык менен пайдалануу тобокелчилиги бар. Анын үстүнө КПК мындай маалыматка болгон коомдук кызыкчылыктын деңгээлин жана аны чектөөнүн кесепеттерин эске алууну караштырбайт.

Жогоруда аталып өткөн учурларды эске алуу менен, КПК ээгерде 16 жашка толо элек бала процесстин катышуучусу болбосо, аны катышуусуна карата чектөөлөрдү караштырат.[47] Мындан сырткары, сот отурумунун залындагы мыйзам бузуулардын алдын алуу жана коопсуздукту камсыз кылуу үчүн жеткиликтүүлүк процесстин катышуучусуна карата дагы (адвокаттан жана прокурордон башкасына) жана соттук отурумдун залында катышып жаткандарга карата дагы чектелиши мүмкүн. Мисалы, тартип бузган учурда процесстин

[43] ЖСУЭП, 14 (1)-берене;
[44] 1-бөлүгү, КР Конституциясынын 100-беренеси.
[45] КР КПК 291-бер., 1-2-бөлүгү.
[46] 8-берене. Кыргыз Республикасынын “Маалыматтын жеткиликтүүлүгү укугу жөнүндө” Мыйзамы, 29-декабрь, 2023-жыл, № 217. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/4-5355/edition/11754/ru.13-берене,
Кыргыз Республикасынын “Электрондук башкаруу жөнүндө” Мыйзамы, 19-июль, 2017-жыл, № 127 (18-ноябрь, 2022-жыл, №4). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/111634/edition/1119212/ru
[47] КР КПК 291-бер., 6-бөлүгү.

катышуучусуна эскертүү берилет, ал эми кайрадан кайталап бузса – сот залынан чыгарылат.[48]

Судья жабык соттук отурумда алдын ала угуу жүргүзөт (КПК 284-бер., 1-бөл.), кармоонун мыйзамдуулугун текшерүү жана бөгөт коюу чарасын тандоо жөнүндө суроолорду эске албаганда, тергөө соту суроолорду жабык сот отурумунда карайт.

Сот отурумдарына мониторинг жүргүзүү учурунда, ачык соттук отурумдарда катышууда судьялар тарабынан отурумдарды жабык режимде өткөрүү жөнүндө токтом чыгарылган жок.

Алсак, алдамчылык жөнүндө иш боюнча (0,3%) соттук териштирүү учурунда учурда адвокаттык ишмердүүлүк менен алектенген кылмышты жасоого айыпталуучу И.С., сот отурумунун залынан катышып жаткан байкоочуну чыгарууну талап кылды. Судья, айыпталуучунун жүйөлөрүн уккан соң, процесстин башка катышуучуларына кайрылды. Кеңешкенден кийин судья байкоочуну сот залынан чыгаруу үчүн дагы, ишти жабык сот отурумунда кароо үчүн дагы негиз жок экендигин жарыялаган.

Муну менен катар эле, жалпыга маалымдоо каражаттарына мониторинг жүргүзүү, 9 окуяда ачык отурумдун жеткиликтүү болуусуна чектөө киргизилгендиги катталды. Белгилей кетчү нерсе, аталган окуялар ЖМК кылдаттык менен көңүл буруп турган резонанстуу иштер боюнча катталган. Тактап айтканда, алардын ичинде журналисттерге (ошондой эле журналисттерге каршы жарандык иштер дагы бар болчу[49]), саясатчыларга жана укук коргоочуларга[50] карата кылмыш иштери, ошондой эле үч адамды өлтүрүүгө айыпталып жаткан адамга карата[51] (жабык соттук териштирүүнүн ордуна соттук отурум ачык болду) бар болчу.

Ошол эле учурда жалпыга маалымдоо каражаттарына жүргүзүлгөн сурамжылоого ылайык, бардык респонденттер (100%) алар ЖМКдан байкоочулар катары соттук териштирүүлөргө үзгүлтүксүз түрдө катышып турушарын ырасташты. Муну менен катар эле, респонденттердин ар бири алар өз тажрыйбасында соттук териштирүүнүн жеткиликтүүлүгү чектелген учурларды баштарынан кечиришкенин белгилешти, ошол эле учурда алардын бул чектөөлөрдүн максаттуулугу боюнча пикирлери бири-биринен айырмаланып турду. Алсак, респонденттердин бирөөсү ЖМКны киргизбөө жөнүндө чечим соттук териштирүүнүн катышуучулары менен талуулагандан кийин кабыл алынганын айтты. Башка респонденттер болсо, судья киргизбөө жөнүндө чечимди эч нерсени түшүндүрбөстөн эле өз алдынча кабыл алганын билдиришти. Бир нече респондент болсо, акыркы убактарда отурумдар өтө турган залдарда орун жок болгондуктан, өзгөчө резонанстуу иштер боюнча ЖМКны киргизбөө тенденциясы байкалып жаткандыгын айтышты. А дагы бир респонденттин пикири боюнча, кээде соттор байкоочулардын сот залынан чыгып кетүүсүн суранып, аларды киргизбөө үчүн ойдон чыгарылган негиздерди колдонушат.

Журналисттер жеткиликтүүлүккө чектөө коюу үчүн судьялар тарабынан белгиленген ар түрдүү себептерди аташты, алардын ичинде улуттук коопсуздукка тиешелүү учурлар; тараптардын жеке жашоосунун купуялуулугун коргоо; сот отурумдарынын залында бош

[48] КР КПК 307-бер., 1-бөлүгү.

[49] Азаттыктын иши". Приставдар журналисттерди сот отурумунун залына киргизишкен жок. URL: https://kaktus.media/doc/479757_delo_azattyka._pristavy_ne_pyskali_jyrnalistov_v_zal_zasedaniia.html

[50] Кемпир-абад иши Адвокаттар сот отурумунун ачык болуусун талап кылышууда. URL: https://24.kg/obschestvo/269035_kempir-abadskoe_delo_advokatyi_trebuyut_otkryitogo_sudebnogo_razbiratelstva/

[51] Бишкектеги үч адамдын өлтүрүлүшү. Иш ачык режимде өткөрүлөт.URL: https://24.kg/proisshestvija/270093_troynoe_ubiystvo_vbishkeke_delo_budet_rassmatrivatsya_votkryitom_rejime/

орундун жоктугу; чечимди сот отуруму өтө турган жайдын тардыгы менен жүйөлөштүрүү; зомбулук боюнча иштердики сыяктуу өзгөчө учурлар бар, прокурор же тараптар тартууга каршы чыгышат жана сот тараптардын ой пикирлерин эске алат.

Адвокаттардын, юристтердин жана МКЮЖ адвокаттарынын арасында тереңдештирилген маектешүүлөрдү жүргүзүүнүн негизги корутундуларынын бирөөсү мындай: мыйзам соттук териштирүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүнө чектөө киргизүү өтө чоң зарылдык болуусу жана жүйөлөштүрүлүүсү керек деп формалдуу түрдө эле караштырган. Бирок иш тажрыйбасында болсо, чектөөлөр жетишсиз негиздерсиз же тиешелүү түрдөгү аргументтерсиз эле киргизилген учурлар көп катталат. Мисалы, адвокаттардын бирөөсү процесс ачык өтөт деп жарыяланганына карабастан соттордун жардамчылары жана катчылары кээде адамдандын отурумдар залына кирүүсүнө тоскоолдук кылышат деп эсептейт. Ошондой эле айрым адвокаттар процесстерди, өзгөчө жашы жетелек өспүрүмдөрдү коргоого байланыштуу процесстерди жабык өткөрүү жөнүндө негизсиз чечимдерди кабыл алышарын таанышат.Экинчи жактан болсо юристтердин бирөөсү ушундай иштердин биринде процесс жабык өтүүсү керек экенинен улам, туугандарын өкүмдү угузууга киргизишкен эмес. МКЮЖ адвокаттары бөгөт коюу чарасын тандоо боюнча процесстер туугандардын катышуусуз өтөрүн кошумча билдиришти.

Корутундулар

1. Башка мыйзам менен корголгон сырды ачыкка чыгарууга алып келүүсү соттук териштирүүнүн ачык өтүүсүн чектөөгө негиз болгондугу – коомдук кызыкчылыкты эске албастан кыянаттык кылууга алып келиши мүмкүн.

2. Сот отурумдарын жабык өткөрүү жөнүндө чечимдерди кабыл алууда жүйөлөр негизсиз экендигин тастыктаган мыйзам бузуулардын аныкталуусу, ачык соттук териштирүүнү камсыз кылууга тоскоолдуктарды пайда кылат.

Сунуштамалар

1. КР ЖС, КР КПК 291-беренесинин 1-бөлүгүнүн ченемдерин бирдиктүү колдонуу максатында кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө ачык-айкындуулук принцибин колдонууга байланыштуу суроолор боюнча сотторго багыттоочу түшүндүрмөлөрдү берүүсү зарыл.

2. КР Жогорку соту процессти жабык түрдө өткөрүүнүн себептерин тараптарга жана байкоочуларга сөзсүз түшүндүрүүнү сотторго сунуштоо менен, бул тажрыйбаны изилдеп чыгуусу зарыл, ошондой эле сотко чейинки өндүрүш жана алдын ала угуу стадияларында бөгөт коюу чараларын колдонуу, узартуу жана өзгөртүү суроолорун жабык тартипте кароо тажрыйбасын жоюусу керек.

2.2-КК. Соттор сот отурумдарынын убактысы жана өтүү орду жөнүндө маалыматты коомчулукка билдиришет жана коомчулуктун кызыкдар өкүлдөрүнүн акылга сыярлык чектерде катышуусу үчүн тиешелүү шарттар менен камсыз кылышат

Сыпаттамасы

Соттор коомчулуктун кызыкдар өкүлдөрүнүн, тактап айтканда иштин жыйынтыгына жана оозеки угуулардын узактыгына потенциалдуу түрдө кызыкдар өкүлдөрдүн акылга сыярлык чектерде катышуусу үчүн тиешелүү мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга жана коомчулуктун катышуусу үчүн оозеки угууларды өткөрүү убактысына жана ордуна тешелүү

маалыматтарды берүүгө милдеттүү.[52] Маалымат берүү аны сот тутумунун интернет-ресурстарына жарыялоо же башка бардык жолдор аркылуу камсыз кылынышы мүмкүн.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР Конституциясы жана КПК ачык соттук териштирүү өткөрүүнү кепилдикке алат, ал эми соттун өкүмү ачык угузулат. КР КПК 291-беренеси эгерде жабык түрдө териштирүүгө негиздер жок болсо, отурумдарга коомчулуктун катышуусуна жол берет.[53] Бирок КР КПК соттордуу угуулардын убактысы жана орду жөнүндө маалымат берүүгө милдеттендирбейт – иштин тараптарына гана маалымат берилет.[54] Муну менен катар эле, судья соттук процесстин катышуучулары болуп саналган адамдарды соттук отурумга чакыртуу жөнүндө тескемени айыптоо жана жактоо тараптарына берет, [55] а адамдардын келүүсүн келүүсүн айыптоо жана жактоо тараптары камсыз кылат.[56]

Бирок КР КПК жогоруда аталып өткөн жоболоруна карабастан, сот отурумдарынын убактысы жана орду жөнүндө талаптар Кыргыз Республикасынын "Маалыматтын жеткиликтүүлүгү укугу жөнүндө" Мыйзамында караштырылган, 29-декабрь, 2023-жыл, № 217. Демек, Мыйзам соттор өз сайттарында сотто каралып жаткан иштер боюнча сот отурумдарынын күнүн, убактысын жана өтүү ордун көрсөтүү менен жарыялоону жана жайгаштырууну милдеттендирет.[57]

Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жана Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун отурумдарын жана сот актыларын жарыялоонун тартиби жөнүндө Нускама, "жашыруун" грифи менен каралган иштерди эске албаганда Адистештирилген сайтта (act.sot.kg) соттук отурумдарды дайындоо жөнүндө маалыматтарды жайгаштыруу жөнүндө талаптарды караштырат.[58]

Сот актылары Адистештирилген сайттын үөрсөткүчтөр топтомунда судьялар жана соттун жооптуу кызматкерлери тарабынан жайгаштырылат, алар маалыматтардын жана соттук актылардын өз убагында жана так болушуна, алардын деперсонификациясына, ошондой эле уникалдуу логиндер жана сырсөздөрдүн сакталуусуна жеке жоопкерчиликти өздөрүнө алышат.[59]

Бирок, «Маалыматтын жеткиликтүүлүгү укугу жөнүндө» Мыйзам да, Соттук актыларды жарыялоо тартиби боюнча Нускамада дагы жоопкерчиликтин конкреттүү чараларын камтыбайт, ал эми Нускама өзү болсо, аны кабыл алууга негиз болгон, бирок учурда өз күчүн жоготкон ченемдик-укуктук актыларды эске алуу менен жаңыртылышы зарыл.

---

[52] 13-пункт, № 32 Жалпы тартиптеги эскертүүлөр. 14-берене: Соттордун жана трибуналдардын алдында тең укуктуулук жана ар бир адамдын адилет соттук кароого болгон укугу. 28-пункт. CCPR/C/GC/32. 23-август, 2007-ж. https://digitallibrary.un.org/record/606075?ln=ru

[53] КР КПК, 191-берене.

[54] КР КПК 280-берене, 6-бөлүгү.

[55] КР КПК 280-берене, 1-бөлүгү.

[56] КР КПК 280-берене, 2-бөлүгү.

[57] Кыргыз Республикасынын"Маалыматтын жеткиликтүүлүгү укугу жөнүндө" Мыйзамынын 29-бер. 1-бөл., 4-пункту.

[58] 2.1-пункту Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жана жергиликтүү сотторунун сот актыларын жана отурумдарын жарыялоо тартиби жөнүндө Нускама, КР Жогорку сотунун буйругу менен бекитилген, 30-декабрь, 2016-жыл. №223 (6-декабрь, 2018-жылдагы редакциясында, № 225). URL: https://online.toktom.kg/Toktom/141307-5

[59] 4.1-4.2-пункттар. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жана жергиликтүү сотторунун сот актыларын жана отурумдарын жарыялоо тартиби жөнүндө Нускама.

Коомчулуктун катышуусу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүү өзүнчө көңүл бурууну талап кылат. Алсак, кылмыш иштери боюнча залдардын сыйымдуулугу жана алардын аянттары боюнча сунушталган нормативдер төмөнкүлөрдү түзөт: 40 киши – 60 чарчы метр, 60 киши – 70 чарчы метр, 90 киши – 110 чарчы метр. [60]

Процессуалдык зона сот жана сот арачылары үчүн зонадан, процесстин башка катышуучулары үчүн зонадан, айыпталуучулар жана коштоо кызматкерлери үчүн зонадан турат.

Отургучтардын жайгашуусу катарлардын ортосундагы өткөөлдүн туурасы 45 смден кем болбошу керек, ал эми коомчулук үчүн 40 жана 60 орундуу камтуу менен процессуалдык зонанын тереңдиги кылмыш иштери боюнча сот залдарында 5,5 кем эмес метр болуусу зарыл; коомчулук үчүн 90 орундуу камтуу менен, татаал иштерди кароодо процесстин катышуучуларынын, ошондой эле айыпталуучулардын санынын мүмкүн болгон көбөйүшүн эске алуу менен кылмыш иштери боюнча залдарда 6,5 аз эмес болушу керек. Кылмыш иштери боюнча угуу залдарында көрүүчүлөр үчүн зона процессуалдык зонадан бийиктиги 1 м. тосмо менен бөлүнөт. [61]

Жогоруда көрсөтүлгөн нормативдерге ылайык, коопсуздуктун талаптарынын бири катары күзөт үчүн жайлар жана металл издегичтер орнотулушу каралган. Ошол эле учурда өткөрүү тартиби соттук процесстин катышуучуларынын жана башка адамдардын сотто жана сот отуруму маалындагы жүрүм-турум эрежелери менен жөнгө салынат.[62] Анда зоналар коомдук жана административдик болуп бөлүнөт. Сот отурумдарына мониторинг жүргүзүү көрсөткөндөй, 325 учурдун ичинен байкоочулар тарабынан соттук териштирүү жөнүндө маалыматтар төмөнкү жолдор менен чогултулду: 223 окуя (68,6%) — соттогу күн тартиби боюнча; 131 окуя (40,3%) — катчы аркылуу; 34 окуя (10,5%) — соттун канцеляриясы боюнча; 13 окуя (4,0%) — соттогу нөөмөтчүлөр аркылуу; 5 окуя (1,5%) — судья аркылуу; 3 окуя (0,9%) — адвокат аркылуу; 1 окуя (0,3%) — судьянын жардамчысы аркылуу.

Байкоочулар “Санариптик сот адилеттиги” порталындагы сот отурумдары жөнүндө жарыялоолордун 325 учурунун ичинен 101 учурунда (31,1%)) отурумдардын убактысы жана даталары көрсөтүлгөн; 148 учурунда (45,5%) убактысы жана датасы көрсөтүлгөн эмес, 76 учурунда (23,4%) убактысы жана датасы көрсөтүлө берген эмес.

Сот отурумдарына мониторинг жүргүзүүнүн көрсөткүчтөрүнө ылайык, 325 окуянын ичинен соттук териштирүүлөргө катышуу үчүн сот имараттарына барганда в 196 учурларда (60,3%) имараттарга кирүүдө тоскоолдуктар болгон жок; 31 окуяда болсо (9,5%) паспортун көрсөтүү талап кылынды; 64 окуяда (19,7%) паспортун көрсөтүү талап кылынды жана келүүчүлөрдүн журналына маалыматтарды жазып калтыруу талап кылынды; 34 окуяда (10,5%) келүүчүлөрдүн журналына маалыматтарды жазып гана коюу талап кылынды.

Муну менен катар эле 319 учурларда (98,2%) сот отурумдарына карата жеткиликтүүлүк тоскоолдуксуз болду.

[60] Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү соттордун кызматтык жайларына коюлуучу нормативдерди бекитүү жөнүндө» токтому, 2009-жылдын 5-августу, №492. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/7-13786/edition/964886/ru

[61] Ошол жерде.

[62] Соттук процесстин катышуучуларынын жана башка адамдардын сотто жана соттук отурум маалында жүрүм-турум эрежелери, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Төрагасынын буйругу менен бекитилген. 3-ноябрь, 2023-жыл, №146. URL: https://admin-sot.sot.kg/public/sites/4/2024/10/Pravila-povedeniya-uchastnikov-sudebnogo-protsessa.pdf

Сот процесстери жагдайлардан көз карандылуу түрдө ар түрдүү жайларда өткөрүлдү. Отурумндардын дээрлик көпчүлүгү 90,5% (294 учур) сот жыйындарынын залында өттү, бул болсо процессти өткөрүүнүн стандарттык шарттарын камсыз кыла алды. 5,2% учурда (17 отурум) судья отурумдарды өз бөлмөсүндө өткөрдү, бул иштердин өзгөчө болуусу жана башка факторлор менен шартталды. Ошондой эле процесстер эки орунда тең өткөрүлгөн кырдаалдар кездешти: жарым-жартылай сот отурумдарынын залдарында жана жарым-жартылай судьялардын бөлмөлөрүндө. Мындай окуялар 4,3% (14 процесстер) түздү. Сот процесстери ар түрдүү орундарда өттү, окуялардын көпчүлүгүндө бардык катышуучулар үчүн орундар жетиштүү болду

Байкоочулар окуялардын көпчүлүгүндө катышуучулар үчүн орундардын жетишсиздиги көйгөйлөрү болбогонун айтышты. Болгону 8 окуяда жайгаштырууга байланыштуу кыйынчылыктар болду, алардын ичинен 1,2% сот залдарында жана 0,3% соттордун бөлмөлөрүндө өткөн. Бул көйгөйлөр коомдук кызыкчылыкты пайда кылган иштер менен байланыштуу, бирок мониторингдин алкагында мындай иштер байкалган жок.

Мурунку көзөмөлдүк көрсөткүчтө көрсөтүлгөндөй, жалпыга маалымдоо каражаттарына жүргүзүлгөн мониторинг сот отурумдарынын жеткиликтүүлүгүн чектөө учурларын аныктаган. Белгилей кетүүчү жагдай, мындай чектөөнүн себептеринин арасында орундардын жетишсиздиги болгон.[63]

Ошол эле учурда жалпыга маалымдоо каражаттарына жүргүзүлгөн сурамжылоого ылайык, респонденттердин баары сот отурумдарынын убактысы жана орду жөнүндө маалыматтардын ар түрдүү булактарын көрсөтүшкөн: сот процессинин катчысы, процесстин өнөктөштөрү жана катышуучулары, тараптардын адвокаттары жана өкүлдөрү. Мындан сырткары, сот отурумдарынын убактысы жөнүндө онлайн маалыматтарды жарыялоо жөнүндөгү респонденттердин жооптору маалыматты системалуу түрдө жарыялап туруу жок экендигин, мындай маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө жалпы маалыматтуулуктун жоктугун, мындай маалыматтар процесстин катышуучулары аркылуу гана жеткиликтүү экендигин, алар мындай маалыматты кээде гана социалдык түйүндөргө жарыялай тургандыгын көрсөттү.

ЖМК өкүлдөрүнүн жооптору сот отурумдарын соттордун бөлмөлөрүндө өтөрүн далилдеп турат. Окуялардын көпчүлүгүндө мындай учурлар райондук соттордо байкалат, аларды резонанстуу иштер үчүн чоң зал берүү суранычтары болгон учурлар кездешет, бирок мындай өтүнмөлөр көпчүлүк учурларда жоопсуз калат. Айрым респонденттер мындай учурлар көп кездешпей тургандыгын белгилешти, болгону коомдук мааниси чоң иштер боюнча гана абал ушундай болот.

Муну менен катар эле, сот порталдарына жана сайттарга мониторинг жүргүзүү 13 сот порталдарынын ичинен, болгону бирөөсүндө гана - “Санариптик сот адилеттиги Порталында” алдыдагы өтө турган отурумдар жөнүндө актуалдуу маалыматтар жарыяланып турат. Бирок, отурумдар жөнүндө маалымат кечиктирилип жарыяланган же таптакыр жок болгон мыйзам бузуу учурлары байкалды.

Үч топтун өкүлдөрү менен (адвокаттар, юристтер, МКЮЖ адвокаттары) тереңдетилген маектешүүлөрдүн жүрүшүндө сот отурумдарынын убактысы жана орду жөнүндө кеңири

[63] Укук коргоочу 11 журналисттин иши жөнүндө: Бийлик сот ачык деп айтып жатышат. Бирок бул жалган. URL: https://kaktus.media/doc/510428_pravozashitnica_o_dele_11_jyrnalistov:_vlasti_govoriat_chto_syd_otkrytyy._no_eto_lykavstvo.html

коомчулукка маалымат берүүнүн жана процесстин катышуучуларына маалымат берүүнүн ортосун так бөлүп айырмалоо белгиленди.

Респонденттердин үч тобу тең сот процесстери жөнүндө малыматтардын коомчулук үчүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууда көйгөйлөр бар экендигин көрсөтүштү. Негизги көйгөйлөрдүн катарында төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүштү:

- иштердин актуалдуу тизмелеринин жоктугу же аларды өз убагында жайгаштырбоо;
- жергиликтүү соттордо расмий сайттардын жоктугу, же болбосо эскирген же маалыматтар толук эмес сайттардын болуусу.
- мындан сырткары, респонденттер сот отурумдарында коомчулуктун катышуусу үчүн шарттардын канааттандырарлык эместигине көңүл бурушту, аларга кирет:
- сот отурумдарынын залдарында орундун жетишсиздиги;
- үгүүларды ачык залдардын ордуна соттордун бөлмөлөрүндө өткөрүү;
- санитардык жайлардын канааттандырарлык эмес абалы же алардын сот имараттарынан сырткары жайгашуусу;
- майыптыгы бар адамдар үчүн шарттардын жоктугу.

Корутундулар

1. КР КПК «Маалымат алуу укугу жөнүндө» Мыйзамдын жоболорун, соттук отурумдардын өтүү убактысы жана орду жөнүндөгү маалыматты жарыялоо бөлүгүндө ишке ашыруу механизмдери жок. Ошол эле учурда, иш тажрыйбасында дагы соттук отурумдардын убактысы жана өткөрүлүүчү орду жөнүндөгү маалыматтарды өз убагында толук көлөмдө жарыялоо камсыз кылынбайт.

2. Жергиликтүү соттордун кызматтык жайлары үчүн нормативдер сот тутумундагы өзгөрүүлөрдү, анын ичинде калыстар сотун киргизүү күтүлүп жатканын эске албайт. Анын үстүнө иш тажрыйбасында болсо, сот залдарынын жетишсиздиги жана сыйымдуулугу боюнча көйгөйлөр, дааратканалардын канааттандырарлык эмес абалы, майыптыгы бар адамдар үчүн шарттардын жоктугу байкалууда.

Сунуштамалар

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Кыргыз Республикасынын «Соттор жөнүндө» Мыйзамына соттордун коомчулукка сот отурумдарынын өткөрүлүүчү күнү жана жери жөнүндө, анын ичинде онлайн форматында өткөрүлө турган отурумдар боюнча да алдын ала милдеттүү түрдө маалымдоосун караштырган өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталат.

2. КР ЖС алдындагы Сот департаментине маанилүү: 1) Сот отурумдарынын өткөрүлүү убактысы жана жери жөнүндө маалыматты өз убагында жана толук жарыялоону камсыздоо, ошондой эле коомчулукту маалымдоо талаптарынын сакталышын системалуу түрдө көзөмөлдөөгө шарттарды түзүү зарыл. 2) Учурдагы инфраструктуралык көйгөйлөргө инвентаризациялоо жүргүзүү коомчулуктун сот отурумдарына катышуусун камсыз кылуу үчүн шарттарды жакшыртуу мүмкүнчүлүгүн караштыруу. Ошондой эле жергиликтүү соттордун кызматтык жайларга карата талаптарын жөнгө салган нормативдерди кайра карап чыгуу жана актуалдаштыруу.

2.3-КК. Кылмыш-жаза же жарандык иш боюнча бардык сот токтому ачык болуп эсептелет, жашы жете электердин кызыкчылыктары башкача чечүүнү талап кылган учурларды, же болбосо иш никеге байланышкан талаштарга же балдарды багуу жана камкордукка алуу көйгөйлөрүнө тиешелүү болгон учурларды кошпогондо

Сыпаттамасы

ЖСУЭПтин 14 (1) -беренесине ылайык кылмыш-жаза же жарандык иш боюнча бардык сот токтомдору ачык болушу керек, жашы жете электердин кызыкчылыктары башкача чечүүнү талап кылган учурларды, же болбосо иш никеге байланышкан талаштарга же балдарды багуу жана камкордукка алуу көйгөйлөрүнө тиешелүү болгон учурларды кошпогондо. Сот токтомдорунун ачыктыгы камсыз кылынышы мүмкүн, анын ичинде Сот актыларынын реестринде жарыялоо аркылуу.[64]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Конституциянын 100-беренесинин 1-бөлүгү жана КР КПК 291-беренеси, анын ичинде киришүү жана резолютивдик бөлүктөрү гана угузулган жабык сот отурумдарында дагы өкүмдү ачык угузууну талап кылат.[65] КР КПК өкүмдүн киришүү жана резолютивдик гана бөлүгүн угузуу үчүн - өзгөчө татаал иштер боюнча өзгөчө учурларда гана дагы бир негизге жол берет.[66] Ошол эле учурда КР КПК *“өзгөчө татаал иш” же “өзгөчө учурлар”* эмне экендигине аныктама бербейт

Муну менен катар эле, КПК ченемдери өкүмдү угуза турган убакта процесстин катышуучуларынын ичинен кимдир-бирөөсү жок экендигинен көз карандысыз түрдө, өкүмдүн угузулуусун талап кылат.[67] Мындан сырткары, териштирүү убагында сот чыгарган бардык токтомдор жана аныктамалар ачык жарыялануга жатат.[68]

Бул КР КПК караштырылганына карабастан, иштин маңызы боюнча бекитилген формада кабыл алынган жана ачык угузулган сот актыларынын тексттери жалпыга жеткиликтүү болуу үчүн ачык болуп эсептелет.[69] Сот актыларын жарыялоодо адамды таанууга жол берген маалыматтарга жол берилбейт (мисалы, аттар (ысымдар), даректер, байланышуу түйүндөрү, паспорттук көрсөткүчтөрү, идентификациялык номуру).[70] Бул маалыматтар баш тамгалар, тамгалык жана сандык белгилер менен алмаштырылат.[71] Өзгөчө учурлар соттук

[64] Белгилей кетүүчү нерсе, БУУнун Адам укуктары боюнча эл аралык пактынын (АУЭАП) 14-беренесинин 1-бөлүгүндө өкүмдүн сот залында жарыяланышы боюнча түздөн-түз талап коюлган эмес. Европалык Адам укуктары сотунун (ЕАУС) позициясына ылайык, сот актыларынын ачыктык принциптери аларды соттун кеңсесинде сактоо жолу менен камсыз кылынышы мүмкүн. “Соттун пикири боюнча, 6-берененин 1-бөлүгүндө көздөлгөн максат – тактап айтканда, сот бийлигинин үстүнөн коомдук көзөмөлдү камсыз кылуу жана ушул аркылуу адилет сот өндүрүшүнө кепилдик берүү – толук кандуу жетишилет. Айрыкча кассациялык өндүрүштүн алкагында бул максат чечимди жарыялоо эмес, аны депонирлөө жолу менен ишке ашырылат; бул чечимдин толук текстин жалпыга жеткиликтүү кылат жана мазмуну боюнча ачык жарыялоого барабар. Андан тышкары, сот залында жарыялоо көп учурда өкүмдүн жыйынтыктоочу бөлүгү менен гана чектелет” (Претто жана башкалар Италияга каршы, 8-декабрь 1983-жыл, ЕАУс чечими). URL: http://www.echr.ru/documents/doc/2461429/2461429.htm. Eur. Court HR, Case of Pretto and Others v. Italy, judgement of 8 December 1983, Series A. No.71, paras. 25-27.

[65] КР КПК 291-бер., 11-бөлүгү.

[66] КР КПК 358-бер., 5-бөлүгү.

[67] КР КПК 358-бер., 6-бөлүгү.

[68] КР КПК 304-бер., 1-бөлүгү.

[69] Кыргыз Республикасынын «Маалыматка жетүү укугу жөнүндө» Мыйзамы, 26-берене.

[70] Ошол жерде, 26-берене, 3-бөлүгү.

[71] Ошол жерде, 26-берене, 2-бөлүгү.

процесске катышкан судьялардын, прокурорлордун, адвокаттардын жана кызмат адамдарынын ысымдарына тиешелүү.[72]

Ошону менен бирге, соттук актыларды деперсонификациялоо тартиби Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жана жергиликтүү сотторунун соттук актыларын жана отурумдарын жарыялоо тартиби жөнүндө Нускамада[73] каралган. Бирок, мурда белгиленгендей, бул Нускама кабыл алынган негиз болуп берген ченемдик-укуктук актылар күчүн жоготкондугуна байланыштуу, аны актуалдаштыруу зарылдыгы бар. Мисалы, Нускамага[74] ылайык адвокаттар, прокурорлор жана кызматтык адамдардан тышкары, жалпылаштырууга (деперсонификациялоого) карата өзгөчө учур катары кылмыш жасоого айыпталган жеке адамдардын аты-жөнү да кирет, ал эми учурдагы мыйзамда мындай пункт каралган эмес. Жабык отурумдарда кабыл алынган сот актылары толугу менен жарыяланган эмес; болгону киришүү жана корутундулоочу бөлүгү жарыяланат, ал эми жарым-жартылай жабык отурумдарда - жабык соттук териштирүү үчүн негиз болгон маалыматтар жарыяланбайт .[75]

Мыйзам[76] ар бир адамга иштин маңызы боюнча белгиленген формада кабыл алынган жана сот тарабынан коомчулукка жарыяланган сот актыларын толук же жарым-жартылай түрдө кайра жарыялоо, анын ичинде басма сөздө, башка массалык маалымат каражаттарында жарыялоо, жыйнактарды түзүү же электрондук маалымат топтомдорун түзүү укугу берилет. Ошол эле учурда ар бир адам[77] 10 иш күнүнөн ашпаган мөөнөттө[78] сот актысынын күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн алууга укуктуу

Сот отурумдарына мониторинг жүргүзүү 72% (325 ичинен 234 учур) кылмыштерин кыскартуу жөнүндө сот чечимдери ачык жана толугу менен жарыяланганын аныктады.

Бирок, 28% (91 окуя) жарыялоо жарым-жартылай угузулган, бул катышып жаткан ажамдар үчүн маалыматтын толук кандуу болуусун чектейт. Байкоочулар окуялардын 95,4% угуучуларга түшүнүктүү болуусу үчүн өкүмдөр жана токтомдор отчеттуу түрдө жана так жарыяланганын белгилешти. Соттук чечимдердин 4,6% судьялар тарабынан акырын жана түшүнүксүз жарыяланган.

Массалык маалымат каражаттарындагы басылмаларга талдоо жүргүзүү өкүмдү жарыялоого коомчулук киргизилбеген окуяны аныктады.[79]

ЖМК өкүлдөрүн сурамжылоонун жыйынтыктарына ылайык, сот актыларына жеткиликтүүлүк адистештирилген порталдар (portal.sot.kg) же суроо талаптар аркылуу ишке ашырылат. Сот актыларын адатта маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө суроо-талаптар боюнча беришпейт, ошондуктан ЖМК өкүлдөрү адвокаттарга жана активисттерге кайрылышат.

[72] Ошол жерде, 26-берене, 4-бөлүгү.

[73] Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жана жергиликтүү соттордун сот актыларын жана отурумдарын жарыялоонун тартиби боюнча Нускама, 3-бөлүм.

[74] Ошол жерде, 3.4-пункту.

[75] Кыргыз Республикасынын «Маалыматка жетүү укугу жөнүндө» Мыйзамы, 26-берене, 5-6-бөлүгү.

[76] Ошол жерде, 25-берене, 1-бөлүгү

[77] Ошол жерде, 25-бereненин 3-бөлүгү.

[78] Ошол жерде, 17-бereненин 2-бөлүгү.

[79] Kaktusmedia. Кемпир-Абад иши: 2024-жылдын 14-июнунда өкүмдөрдү угузуу башталган сот отурумуна эч кимди киргизишкен жок. URL: https://kaktus.media/doc/503332_kempir_abadskoe_delo._nikogo_ne_pystili_v_zal_syda_gde_nachinaut_oglashenie_prigovorov.html

Сот порталдарына жана сайттарга мониторинг жүргүзүү, 13 сот порталынын ичинен болгону бирөөсүндө “Санариптик сот адилеттиги Порталында” гана сот актылары жарыяланат. Алсак, порталда жарыяланган КР ЖС жергиликтүү жана шаардык/облустук соттору тарабынан чыгарылган 64 өкүмдүн ичинен, 31 акты өз убагында жарыяланган, 31 акты бекитилген мөөнөттөрүн бузуу менен жарыяланган, ал эми эки сот актысынын жарыялангандыгы боюнча маалыматтарды тактоо мүмкүн болгон жок.

КР Акыйкатчысынын “2023-жылдагы адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин абалды жөнүндө” баяндамасында,[80] Жогорку соттун сайтында (sot.kg) мыйзамдуу күчүнө кирген сот актыларын издөөдө “сот иштерин жана актыларды издөө” баракчасында “сот актыларынын тексти” баскычын басканда кийинкилер чыгып жатат “Көңүл бургула! Серверде ички ката кетти. Кечирим сурайбыз. Бир нече убакыттан кийин кайра аракет кылып көрүңүз!” – деген жазуу чыгып жаткнадыгы белгиленди. Санариптик сот адилеттиги порталында жарыяланган сот актыларына талдоо жүргүзүү, 206 актынын ичинен 141 мыйзамдын талабына шайкеш келгендигин аныктады. Ошол эле учурда катышуучулардын жеке маалыматтары толугу менен көрсөтүлгөн сот актылары аныкталган. Тереңдетилген маектешүүнүн жүрүшүндө бардык үч топ тең (жеке адвокаттар, юристтер, МКЮЖ адвокаттары) мурунку көзөмөлдөөчү көрсөткүч сыяктуу эле сот актыларын адистештирилген сайтта жарыялоодо, сот актыларынын жеткиликтүүлүгү мүмкүнчүлүгүн бөлүп айырмалоодо көйгөйлөр бар экендигин белгилешти (сот актыларын өз убагында жарыялабоо, сот актыларынын баарын жарыялабоо, порталда колдонуудагы ыңгайсыздыктар же техникалык мүчүлүштүктөр). Ошону менен катар эле, өкүмдү угузуу этабынын жеткиликтүүлүгүндө дагы көйгөйлөр бар экендиги белгиленди. КР ЖС[81] маалымат менен камсыз кылуу жаатында жогоруда аталган көйгөйлөр бар экендигине карабастан, санариптик сот адилеттиги порталынын ишмердүүлүгү туруктуу түрдө (дайыма) жүргүзүлүп жаткандыгын билдиришкен. Алсак, мисалы, 2024-жылдын 3-кварталында 2587 сот актылары жарыяланган.

Экинчи жагынан болсо, тереңдетилген маектешүүлөрдүн катышуучулары сот актыларын процесстин катышуучулары катары өз убагында алуу жаатында дагы көйгөйлөр бар экендигин белгилешти.

Корутундулар

1. Учурдагы кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамында «өзгөчө татаал иш боюнча өзгөчө учурлар» түшүнүгүн аныктоодо укуктук аныксыздык сакталууда, ага ылайык өкүмдүн киришүү жана резолютивдик бөлүгүн гана угузууга жол берилет. Так критерийлердин жоктугу бул ченемди өзүм билемдик менен пайдалануу тобокелчилигин пайда кылат жана укуктук аныктык принцибин бузат.

2. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинде «Маалымат алуу укугу жөнүндө» Мыйзамдын жоболорун сот актыларын жарыялоону камсыз кылуу бөлүгүндө ишке ашыруунун механизмдери жок. Учурдагы Кыргыз Республикасындагы Жогорку соттун жана жергиликтүү соттордун сот отурумдарын жана сот актыларын

[80] Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) 2023-жылдагы адам жана жаран укуктарынын жана эркиндиктеринин абалы жөнүндө Доклады URL: https://ombudsman.kg/sites/default/files/documents/ezhegodnyi_doklad_russk.pdf

[81] Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Аппараты тарабынан 2024-ж. III чейрегинде коррупцияга каршы аракеттенүү планын аткаруу тууралуу.URL:https://admin-sot.sot.kg/public/sites/4/2024/10/Maalymat-KR-ZHS-korruptsiyaga-karshy-3-kvartal.pdf

жарыялоо тартиби жөнүндө Нускама актуалдуулугун жоготту жана сот адилеттигинин ачык-айкындуулук боюнча заманбап талаптарына шайкеш келбейт.

3. Иш тажрыйбасында сот актыларын өз убагында жана толугу менен жарыялоо камсыз кылынбайт, аларды жалпылаштыруу (деперсонификациялоо) талаптары сакталбаган учурлар аз эмес. Буга кошумча соттордун веб-сайттары менен порталдарынын ишинде техникалык көйгөйлөр дагы эле сакталууда, алардын интерфейси ыңгайсыз, жеткиликтүүлүгү чектелген жана функционалдуулугу төмөн.

Сунуштамалар

1. КР Жогорку Кеңешине сунушталат: 1) КР КПК өкүмдү чыгарууда "өзгөчө татаал иш боюнча өзгөчө учурлар" деген аныкталбаган түшүнүктү толугу менен жоюу максатында, же болбосо укуктук аныктуулукту жана сот тажрыйбасында бирдиктүүлүктү камсыз кылуу үчүн аны колдонуунун так критерийлерин мыйзам түрүндө белгилөө мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу. 2) Мыйзам чегинде сот актыларын жарыялоого карата талаптарды, жеке маалыматтарды жана коомдук кызыкчылыктарды коргоо жөнүндө мыйзамдын талаптарын эске алуу менен, аларды жайгаштыруунун бирдиктүү форматын, сот актыларынын айрым категорияларын жарыялоодогу өзгөчөлүктөрдүн же чектөөлөрдүн тизмесин аныктоо.

2. КР ЖС сот тутумундагы сот адилеттигинин жана санариптик трансформациялоонун заманбап стандарттарын эске алуу менен, Кыргыз Республикасындагы Жогорку соттун жана жергиликтүү соттордун соттук отурумдары жөнүндө маалыматтарды жана сот актыларын жарыялоо тартиби жөнүндө актуалдашкан Нускаманы иштеп чыгуу жана бекитүүсү максаттуу болуп эсептелет.

3. КР Жогорку сотунун алдындагы Сот департаменти санариптик сот порталында сот актыларын өз убагында жана толук жарыялоону камсыздоосу жана мыйзамга ылайык негизделген коомдук кызыкчылык бар учурларды эске албаганда, жарыяланган актыларды жалпылаштыруу (деперсонификациялоо) боюнча талаптардын сакталышын камсыз кылуусу маанилүү.

3-индикатор. Өлкө адилеттүү соттук териштирүүнүн минималдуу кепилдиктери менен камсыз кылат

3.-КК. Кылмыш-жаза кылмышын жасоого айыпталган ар бир адам биринчи инстанциядагы сотто ачык кароого жана эгер апелляция фактыларды жана укукту, анын ичинде күнөөлүүлүк маселесин баалоого байланыштуу болсо, апелляциялык өндүрүштө ачык соттук кароого укуктуу.

Сыпаттамасы

Сот отурумдарынын ачык мүнөзү тараптарды коомчулуктун көзөмөлүсүз сот адилеттигине жөнөтүүдөн коргойт; бул сотко болгон ишенимди сактоонун каражаттарынын бири болуп саналат. Сот адилеттигине жөнөтүү процессине ачыктык берүү менен ачык-айкындуулукту камсыз кылуу сот өндүрүшүнүн адилет болушуна жетишүүгө өбөлгө түзөт, анын кепилдиги демократиялык коомдун негизги принциптеринин бири болуп эсептелет. ЖСУЭП ылайык ар бир адам ага коюлган кылмыштык айыптоону кароодо, же болбосо кандайдыр бир жарандык процессте анын укуктарын жана милдететрин аныктоодо, ал мыйзамдын негизинде түзүлгөн ыйгарым укуктуу, көз карандысыз жана калыс сотто иштин адилеттүү жана ачык соттук териштирүүгө укуктуу.

Эгерде соттук териштирүү же анын бөлүгү демократиялык коомдогу адеп-ахлактык, коомдук тартипти же мамлекеттик коопсуздукту эске алуу менен, же муну тараптардын

жеке жашоосунун кызыкчылыктары талап кылганда – , же соттун пикири боюнча оттун пикири боюнча зарыл болгон өлчөмдө гана –, эгерде ачыктыктын камсыздалышы адилеттүүлүктүн кызыкчылыгына зыян келтириши мүмкүн болгон өзгөчө жагдайларда басма сөз жана коомчулуктун катышуусуна жол берилбеши мүмкүн.[82]

Апелляция фактарды жана укукту, анын ичинде күнөөлүүлүк көйгөйүнө байланыштуу болсо, анда апелляциялык өндүрүштүн жүрүшүндө камсыз кылынууга тийиш.[83]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Бул көзөмөлдөөчү көрсөткүч апелляциялык сот өндүрүшүнүн жүрүшүндө ачык соттук териштирүүнү камсыз кылуу көз карашынан каралып чыгат. Кыргызстандагы апелляция күнөөлүүлүк көйгөйүн кошо алганда фактыларга жана укуктарга баа берүүнү сот отурумдарынын ачыктыгын камсыз кылууну талап кылат. Ачык сот өндүрүшүнүн жалпы принциптери жана кепилдиктери ошондой эле апелляциялык стадияга дагы тиешелүү. Тактап айтканда, мурда белгиленгендей, сот териштирүүлөрү мыйзамда каралган учурларды кошпогондо ачык жүргүзүлөт жана чечимдер ачык жарыяланат.[84] Кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамы мамлекеттик жана мыйзам менен корголгон башка сырды түзгөн маалыматтардын жайылышына алып келиши мүмкүн болгон учурларды кошпогондо, ошондой эле ушул берененин 2-бөлүгүндө каралган башка учурларда, сот ишти ачык соттук териштирүүнү [85]камсыз кылууга тийиш, ошондой эле төмөнкү учурларда: 1) ишке катышуучу жактардын жашоосунун купуя жактары жөнүндө маалыматтарды же алардын ар-намысын жана беделин кемсинткен маалыматтарды жайылтпоо максатында инсандын жыныстык кол тийбестигине жана жыныстык эркиндигине каршы кылмыштар жана башка кылмыштар жөнүндө иштер боюнча; 2) 16 жашка жетпеген куракгагы балдар тарабынан жасалган кылмыштар жөнүндө кылмыш иштери каралган учурда; 3) процесстин катышуучуларынын, алардын жакын туугандарынын, жубайларынын (жолдошунун) коопсуздугун камсыздоо кызыкчылыктары муну талап кылган учурларда. Апелляциялык сот өндүрүшү жөнүндө сөз болгондо белгилей кетчү нерсе, даттануулар жана сунуштар боюнча иштер 3 судьянын соттук курамы тарабынан каралат. Соттун курамын жана иш боюнча төрагалык кылуучуну соттун төрагасы же анын орун басары аныктайт,[86] апелляциялык инстанциядагы соттогу иш боюнча өндүрүш биринчи инстанциядагы сот өндүрүшүнүн эрежелери боюнча жүргүзүлөт.[87] Бул ошондой эле өкүмдү чыгаруунун жана сот актыларын жарыялоонун тартибине дагы тешелүү.[88] Кассациялык инстанциядагы сотто өзгөчө нерсе, кассациялык даттануу укугуна ээ адамдар тиешелүү өтүнүч беришкен болсо, сот отурумуна катыша алышат.[89] Милдеттүү түрдө катышуу прокурор үчүн гана караштырылган.[90] Тереңдетилген маектешүүнүн жүрүшүндө респонденттердин пикирлери экиге бөлүндү. Алсак, айрым респонденттер биринчи жана апелляциялык инстанциялардагы соттордогу соттук териштирүүлөрдүн деңгээли болжолдуу түрдө бирдей деп эсептешет. Ошол эле учурда ачыктыктын деңгээли конкреттүү соттон көз каранды деп билдирген өзгөчө пикирлер дагы болду. Апелляциялык инстанциялардагы соттук отурумдар сот

[82] ЖСУЭП 14 (1);
[83] Eur. Court HR, Case of Bulut v. Austria, judgment of 22 February 1996, Reports 1996-II, p. 357, para. 40.
[84] КР Конституциясынын 100-беренесинин 1-бөлүгү.
[85] КР КПК 291-беренесинин 1-2-бөлүгү
[86] КР КПК 410-бер. 1-бөлүгү.
[87] КР КПК 412-бер. 1-бөлүгү.
[88] КР КПК 416-бер. 1-бөлүгү.7-бөлүгү.
[89] КР КПК 446-бер. 2-бөлүгү.
[90] Ошол жерде.

отурумдарында ачыктык принцибинин сакталышына таасирин тийгизген жасалма чектөөлөрсүз өтөт.

Корутундулар

1. Апелляциялык сот өндүрүшү боюнча белгилей турган болсок, апелляциялык даттануулар жана сунуштамалар боюнча иштер, анын ичинде сот отурумдарынын ачык-айкындуулугу принцибин кошкондо биринчи инстанциядагы сот өндүрүшүнө окшош эрежелер боюнча каралат. Кассациялык инстанцияда кассациялык даттанууларды берүү укугуна ээ адамдардын (мисалы, айыпталуучу же анын коргоочусу) катышуусу милдеттүү түрдө болуп эсептелбейт жана тиешелүү өтүнүч бар болгондо ишке ашырылат. Апелляциялык инстанциядагы сот отурумдарында ачык-айкындуулук принциби эрежеге ылайык сакталат.

Сунуштамалар

1. Апелляциялык өндүрүштө ачыктуулук принцибин камсыздоо боюнча сунуштар биринчи инстанциядагы соттук кароолорго карата колдонулуучу сунуштардан айырмаланбайт.

3.2-КК. Кылмыш иштери боюнча сот өндүрүшү негизсиз кечиктирүүлөргө жол бербейт, акылга сыярлык мөөнөттөрдө жүргүзүлөө

Сыпаттамасы

ЖСУЭП негизсиз кечиктирүүлөрсүз (акылга сыярлык мөөнөттөрдө) сот жообуна тартылуу укугун кепилдейт.[91] Бул баалоо соттук териштирүүнүн башталган убактысына гана тиешелүү эмес, ошондой эле анын аяктаган жана чечим чыгарылган убактысына дагы тиешелүү. Бул иштердин юиринчи инстанцияда дагы, ошондой эле апелляцияда дагы каралуусуна тиешелүү, ошол эле учурда иштин жагдайы дагы эске алынышы керек. Бардык мамлекеттер сот бийлигин ушул укук натыйжалуу камсыз кылына тургандай кылып уюштурууга милдеттүү. Айыпталуучу унчукпоого же сот органдары менен кызматташпоого болгон өз укугун пайдалангандыгы үчүн пайда болгон кечиктирүүлөр үчүн күнөөлөнбөшү керек.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР Конституциясында сотто кечиктирбестен кароого карата укугу түздөн-түз көрсөтүлгөн эмес, бирок шектүүнүн кармалышынын мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү жаатында кармалган адамды дароо, кармалган учурунан 48 саат өткөнгө чейин сотко жеткирүүнү талап кылат.[92] КР КПК дагы сотто кечиктирбестен кароого карата укукту так түрдө караштырбайт, бирок ишти кароонун мөөнөттөрүн бекитет.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза-процессуалдык кодекси ишти негизсиз кечиктирбестен кароого карата укукту түз белгилеп көрсөтпөйт, бирок кылмыш иштерин кароо үчүн мыйзама белгиленген процессуалдык мөөнөттөрдү караштырат. Ошол эле учурда бул мөөнөттөрдүн жана эл аралык стандарттагы „акылга сыярлык мөөнөт“ түшүнүгүнүн так байланышпагандыгы аталган укуктун сакталышынын натыйжалуулугуна практикалык жактан баа берүүнү кыйындатышы мүмкүн.

КР КПК 283-беренесине ылайык, ишти кароо дайындалгандан кийин 14 күндүн ичинде башталышы керек.[93] Анча оор эмес кылмыштар боюнча иштер бир айдын ичинде каралуусу керек, ал эми башка иштер боюнча – 2 айдын ичинде.[94] Зарылчылыкка жараша токтото

[91] ЖСУЭП, 14 (3) (c);
[92] КР Конституциясы, 59-бер. 4-бөлүгү.
[93] КР КПК 283-бер. 1-бөлүгү.
[94] Ошол жерде, 283-бер. 2-бөлүгү.

туруу үчүн негиздер жок болгондо, соттук териштирүүнүн мөөнөтү ар бир жолу 2 айга чейинки мөөнөткө узартылат.[95]

Сотко чейинки этапта камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасы аны узартуу мүмкүндүгү менен[96] 2 айга чейинки,[97] бирок бир жылдан ашык эмес мөөнөткө колдонулат. [98]

Соттук этапта мындай мөөнөттөр – ар бир эки ай сайын узартылган учурда бир жылга чейин.[99] Бирок сотко чейинки жана сот этаптарында камакка алуунун мөөнөттөрү кошулуп эсептелеби же жокпу так эмес, ал эми бул сурооого байланыштуу КР Конституциялык сотунун чечими бар,[100] ага ылайык КР КПК нормасын ал укуктук аныктуулук принципине жооп берген, ага тактыкты жана түшүнүктүүлүктү берген жоболорду камтыбаган, муну менен аларды кеңири мааниде чечмелөөгө жана ыктыярдуу колдонууга жол бербеген абалында КР Конституциясына каршы келет деп тааныйт.

Сот процесстин каатышуучулары келбеген же жаңы далилдерди талап кылуу зарылдыгы бар болгон учурда ишти кароону артка жылдырышы мүмкүн.[101] Мыйзамдуу түрдө күчүнө кире элек өкүмдөр жана биринчи инстанциядагы соттун башка актылары, ошондой эле тергөө судьясынын токтомдору, апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн.[102] Апелляциялык даттануулар өкүм чыгарылган күндөн тартып 30 сутканын ичинде, ал эми камактагы айыпталуучу тарабынан – ага өкүмдүн көчүрмөсү тапшырылган күндөн тартып берилет.[103] Апелляциялык инстанциядагы сот даттанууну 2 айдын ичинде, ал эми тергөө судьясынын токтомун - 10 сутканын ичиндеги мөөнөттө кароого тийиш.[104]

Бөгөт коюу чарасын колдонуу же өзгөртүү жөнүндө, мүлктү камакка алуу, ишти токтотуу жана башкалар боюнча негизги чечимдер жыйынтыктоочу сот актысына чейин даттанылышы мүмкүн. Аларга карата даттануулар 10 сутканын ичинде берилет.[105] Ишти кароонун мөөнөтүн узартуу жөнүндө чечимдер, күнөөнү моюнга алуу жөнүндө макулдашууларды бекитүүдөн баш тартуу жөнүндө токтомдор, ошондой эле бөгөт чараларын колдонуу, өзгөртүү, узартуу көйгөйлөрү боюнча даттанууну кароонун жыйынтыгы боюнча апелляциялык инстанциянын чечимдери жана айрым тергөө судьяларынын соттук актылары даттанууга жатпайт.

Сот отурумдарына мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, анча оор эмес жана оор кылмыштар боюнча сот иштеринин 74,2% гана 1-3 сот жыйынында каралган. Ал эми сот иштеринин 36,8% орточо эсеп менен 6 сот жыйынынан турган.

Жалпы 325 сандагы соттук териштирүүлөрдүн ичинен окуялардын 16,6% (54 иш) отурумдар мөөнөттөрү жылдырылбастан өткөрүлдү, мөөнөтү бир жолу жылдырылгандар — 28,3% (92 иш), эки жолу жылдырылгандар - 21,5% (70 окуя), үч жолу — 13,8% (45 окуя). Мөөнөтү көп жолу жылдырылган иштердин саны азыраак белгилүү болду: окуялардын 4,6% төрт жолу жылдырылгандыгы белгилүү болду (15 иш), беш — 5,2% (17 иш), алты жылдыруу —

[95] Ошол жерде, 283-бер. 3-бөлүгү.
[96] КР КПК 115-бер. 2-бөлүгү.
[97] КР КПК 115-бер. 1-бөлүгү.
[98] КР КПК 115-бер. 11-бөлүгү.
[99] КР КПК 115-бер. 3-бөлүгү.
[100] Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык палатасынын 2020-жылдын 16-декабрындагы чечими. URL: https://constsot.kg/wp-content/uploads/2020/12/107.-Toktakunov-N.A.-ot-16.12.2020-g..pdf
[101] КР КПК 323-бер. 1-бөлүгү, 323-бер. 1-бөлүгү.
[102] КР КПК 397-бер. 1-бөлүгү.
[103] КР КПК 400-бер. 1-бөлүгү.
[104] КР КПК 410-бер. 2-бөлүгү.
[105] КР КПК 401-бер. 3-4-бөлүгү.

окуялардын 4,9% (16 иш). Жети жолу жылдырылгандар сейрек кездешти (0,9%, 3 иштер), сегиз жолу (1,5%, 5 дел) жана тогуз жолу жылдырылгандар (1,2%, 4 иш). Эң өзгөчө учурларга 10, 11, 12 жана 14 жолу кийинкиге жылдырылган иштер кирет, ар бири 0,3% түзөт (бирден окуя боюнча). Себептери ар кандай болушу мүмкүн: судьялардын иш жүгүнүн абдан көптүгү, тараптардын келбегендиги, күбөлөрдүн келүүсүнүн камсыздалбаганы, кийинкиге жылдыруу жөнүндө өтүнмөлөр ж.б.

Мониторингдин жыйынтыктарына ылайык, окуялардын көбүндө соттук териштирүүлөр бир-эки айдын ичинде аяктаган – мындай мөөнөттөр иштердин 46,5% белгиленген (151 окуя). Бир нече жолу азыраак үлүшү, а тактап айтканда 44,6% (145 дел), бир айдан азыраак убакыттын ичинде каралган. Экиден үч айга чейин каралган иштер 6,5% түздү (21 окуя), ал эми үй айдан ары узарып кеткендер өтө снйрек кездешти – окуялардын болгону 2,5% (8 иш). КР Акыйкатчы Аппараты тарабынан өткөрүлгөн сот отурумдарына мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары 923 иштин ичинен 221 (24%) окуяда сот отурумдары болбогондугун жана ар түрдүү себептер менен артка жылдырылгандыгын көрсөтүп турат.[106]

Мисал катары келтире турган болсок, Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунда бир кылмыш иши боюнча беш судья алмаштырылган, ал эми соттук отурумдар үч жылдан ашык убакытка созулуп келе жатат (биринчи соттук териштирүү 2020-жылдын 14-майында башталгандан бери жана 2023-жылдын ноябрь айына чейин улануда). Бул мезгилде 70тен ашык сот отурумдары дайындалган.[107] Маалыматка ылайык, ушул эле мисал 2022-жылга карата берилген отчетто да келтирилген.[108]

КР ЖС статистикалык маалыматына ылайык, 2024-жылдын 1-жарым жылдыгында 4938 аягына чыгарылган иштердин ичинен 595 КР КПК мөөнөттөрүн бузуу менен өткөрүлгөн.[109] Мамлекет сот тутумунда айрым соттордун, өзгөчө Бишкек жана Ош шаарларында, иш жүктөмдүн ашуусу көйгөйү чечилбей жатканын тааныйт.[110]

Адвокаттар, юристтер жана МКЮЖ адвокаттары менен жүргүзүлгөн терең маектин жыйынтыгына ылайык, иш тажрыйбасында процесс көп учурда системдүү көйгөйлөрдөн (мисалы, соттордун иш жүктөмүнүн ашыкча болуусу) жана жеке факторлордон улам созулуп кетет деген корутундуга келсек болот. Кийинкиге жылдыруулардын негизги себептери катары соттордун иш жүктөмдөрүнүн ашыкча болуусу, тараптардын ортосунда координациянын жоктугу болуп эсептелет, ошондой эле айыптоочу же коргоочу тараптардын демилгеси боюнча дагы процесс артка жылдырылып кетет.

Корутундулар

1. КР КПК ченемдери айыпталуучунун негизсиз создуктуруусуз сот жообуна тартылуу укугуна кепилдик бербейт. КР сот өндүрүшү системдүү дагы (мисалы, соттордун жүктөмү өтө чоң болуусу), ошондой эле жекече дагы (мисалы, процесстин катышуучуларынын

[106] Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмени) “2023-жылдагы Адамдын жана жарандардын укуктарынын жана эркиндиктеринин абалы жөнүндө” баяндамасы. URL: https://ombudsman.kg/sites/default/files/documents/ezhegodnyi_doklad_russk.pdf

[107] Ошол жерде.

[108] Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмени) «2022-жылдагы адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктеринин абалы жөнүндө» (кыргыз тилинде). URL: https://ombudsman.kg/sites/default/files/documents/2022_akyikatchy_bayandamasy.pdf

[109] 2024-жылдын I жарым жылдыгында I инстанциядагы соттор тарабынан каралган кылмыш иштеринин статистикалык маалыматтары. URL:https://sot.kg/statistics/files/statistics/75.pdf

[110] Кыргыз Республикасынын 2023–2026-жылдарга карата “Сот адилеттиги тутумун өнүктүрүү” мамлекеттик максаттуу программасы, 3.14-пункт.

келбөөсү) создуктуруулар менен ишке ашырылат, бул иштердин өз убагында каралуусуна тоскоолдуктарды пайда кылат.

Сунуштамалар

1. Эл аралык стандарттарга ылайык кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн орундуу мөөнөттөрү концепциясына кайтып келүү зарыл. Бул өзүнө конкреттүү кылмыш иши боюнча кылмыш-жаза процессуалдык мөөнөттөрдү так караштырган убакыт аралыгы болушу мүмкүн, бул убакыт аралыгынан ашырып жиберүү кылмыш-жаза иликтөөсүнүн мөөнөттөрүнүн акылга сыярлыктыгы жөнүндө суроону соттун автоматтык түрдө карап баштоосуна жана жарандын кечигүүлөр үчүн компенсация алуу укугунун пайда болуусуна алып келет, бул кадамдар иликтөө жана соттук кароо учурунда негизсиз кечигүүлөрдү болтурбоо, кылмыш куугунтугун же кылмыш ишин сотто кароону камсыз кылуу максатында жүргүзүлөт.

2. КР ЖС Сот департаменти кийинкилерди ишке ашыруусу максаттуу: 1) кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн бардык стадияларында сот иштерин каттоо, байкоо жүргүзүү жана башкаруу үчүн бирдиктүү санариптиплатформаны иштеп чыгуу жана ишке киргизүү, муну менен бирге, процессуалдык мөөнөттөрдүн сакталышына автоматтык түрдө көзөмөл жүргүзүүнү камсыз кылуу, анда мыйзам бузуулар боюнча эскертүү берүү мүмкүнчүлүгүн камтуу. 2) соттордун жүк өлчөмүн жана иштерди кароо мөөнөттөрүн көзөмөлдөө үчүн аналитикалык куралдарды түзүү, анын ичинде соттордун учурдагы жүгүнө кеңири талдоо жүргүзүү – иштердин түрлөрүн, териштирүүлөрдүн узактыгын жана ресурстарга муктаждыгын кошкондо, аймактык өзгөчөлүктөрдү жана иштердин категорияларын эске алуу менен соттордун жаңы жүк нормативдерин иштеп чыгуу, адилеттүү бөлүштүрүү максатында иштерди татаалдыгы боюнча классификациялоону жүргүзүү.

3.3-КК. Ар бир адам өзүн жеке өзү коргоо же өзү тандаган коргоочу аркылуу коргонуу укугуна ээ

Сыпаттамасы

Айыпталуучу эгер анын коргоочусу жок болсо, ага маалымат берилүүсү керек: мындай бардык учурларда аны алууга укугу бар экендиги жөнүндө, ал эми мындай бардык учурларда муну сот адилеттигинин кызыкчылыгы талап кылса, анын ал коргоочуга төлөө үчүн каражаттары жок болсо, ага дайындалган коргоочуга ээ болуу укугу жөнүндө.[111] Коргоочу сотто натыйжалуу өкүлчүлүк кылууну камсыз кылуусу зарыл. Кылмыш жасагандыгы үчүн айыпталып жаткан ар бир адамдын өзүн жеке өзү коргоо же өзү тандаган коргоочу аркылуу коргонуу укугу, ошондой эле бул укугу жөнүндө маалымат алуу же маалымдар болуу болуу укугу 14-беренесинин 3d) пунктунда каралгандай эки түрдөгү коргонууну камтыйт жана алар бири-бири жокко чыгаруучу болуп эсептелбейт. Адвокаттын жардамынан пайдаланууучулар өз ишин жүргүзүү боюнча коргоочусуна ишти алып баруу боюнча кесиптик жоопкерчилигинин чегинде көрсөтмө берүү жана өз атынан көрсөтмө берүү укугуна ээ. Ошол эле учурда Пактта колдонулган формулировкалар бардык расмий тилдерде так берилген, анда жаран өзү тандаган коргоочунун жардамы аркылуу "же" өзүн жеке өзү коргоо укугу каралган, демек, бул аркылуу айыпталуучуга каалаган коргоочунун жардамынан баш тартуу мүмкүнчүлүгү дагы караштырылган. Бирок бул өзүн жеке өзү адвокаттын катышуусуз коргоо укугу абсолюттук болуп эсептелет. Сот адилеттигинин кызыкчылыктары конкреттүү соттук териштирүү алкагында айыпталуучунун каалоосуна карабай коргоочуну дайындоону талап кыла алат, айрыкча кийинки учурларда: эгерде

[111] ЖСУЭП 14 (3) (d).

айыпталуучу соттук териштирүүнүн тиешелүү түрдө жүрүшүнө олуттуу жана системалуу түрдө тоскоолдук кылса, же ага оор кылмыш боюнча айып коюлса, бирок ал өз кызыкчылыктары үчүн иш-аракет кылууга жөндөмсүз болсо, же аялуу күбөлөрдү кошумча тынчсыздануудан же коркутуудан коргоо үчүн зарыл болсо, эгер алар айыпталуучунун суроолоруна жооп берүүгө мажбур боло турган болсо.

Бирок, айыпталуучулардын өздөрүн жеке коргоо каалоосуна карата бардык чектөөлөр объективдүү жана жетиштүү деңгээлде маанилүү максаттарды көздөшү керек жана сот адилеттигинин кызыкчылыктарын сактоо үчүн зарыл болгон чектен чыкпоосу зарыл. Ошондуктан ички мыйзамдарда кылмыш ишин соттук териштирүүдө адвокаттын жардамысыз өздөрүн жеке коргоо укугуна абсолюттук түрдө тыюу салуудан алыс болуу керек.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР Конституциясынын 59-беренеси кармалган адамдын кармалган учурдан тартып өзүн-өзү коргоого жана адвокаттын жардамы менен коргонуу укугун кепилдикке алат.[112] Шектүү жана айыпталуучу жеке өзүн өзү коргоого же өзү тандаган адвокаттын жардамы менен коргонууга укуктуу.[113]

Адвокаттан баш тартууга шектүүнүн же айыпталуучунун жеке өзүнүн демилгеси боюнча гана жол берилет.[114] Сотко чейинки өндүрүштө баш тартуу адвокаттын катышуусунда гана жол-жоболонот.[115] Сотто адвокаттан баш тартуу жөнгө салынган эмес, бирок КР КПК 51-беренесинде караштырылган адвокаттын милдеттүү түрдө катышуусун караштырган учурларды кошпогондо, сот тарабынан чечилет.

Адвокат шектүү, айыпталуучу, жабыр тарткан адам, күбө же алардын мыйзамдуу өкүлдөрү тарабынан,[116]ошондой эле биринчилердин тапшыруусу жана макулдугу боюнча башка адамдар тарабынан чакырылат. КР КПК адвокат менен жолугушуулардын санына жана узактыгына чектөө коюлбаган, жана тыңшоо мүмкүнчүлүгү жок шарттарда жолугушуу укугун бекитет.[117]

Эгерде өзү тандаган адвокаттын катышуусу мүмкүн болбогон учурда, мамлекет кепилдеген юридикалык жардам боюнча адвокат берүүгө милдеттүү.[118]

адвокат кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө 5 суткадан ашык (ал эми бөгөт коюу чарасын колдонууда – 2 сааттан ашык) катыша албаган учурда, мамлекет кепилдеген юридикалык жардам боюнча адвокат дайындалат.[119]

Белгилей кетчү нерсе, кылмыш-жаза сот өндүрүшү чөйрөсүндө квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу көптөгөн чөйрөдөгү адамдарга берилет, чет өлкөлүк жарандарга, жарандыгы жок адамдарга, качкындарга. Бирок жардам алуу шарттары айырмаланып турат: айрымдарга мындай жардам кирешесинин деңгээлине жараша көрсөтүлөт, башкаларга болсо мындай шарттар берилбейт. Алсак шектүүгө, айыпталуучуга, соттолгонго, акталганга, жабырлануучуга квалификациялуу юридикалык жардам анын

[112] Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 59-беренеси, 5-бөлүгү.
[113] КР КПК, 44-беренеси, 1-бөлүгү, 4-пункту, 46-беренеси, 1-бөлүгү, 8-пункту.
[114] Ошол жерде, 52-бereненин 1-бөлүгү.
[115] Ошол жерде, 52-бereненин 2-бөлүгү.
[116] Ошол жерде, 50-берене.
[117] Ошол жерде, 44-бereненин 1-бөлүгү, 8-пункту, 46-бereненин 1-бөлүгүнүн 10-пункту.
[118] КР КПК, 50-беренеси, 4-бөлүгү.
[119] Ошол жерде, 50-бereненин 5-бөлүгү.

кирешеси республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда жыл сайын белгиленүүчү минималдуу эмгек акысынан 60 эсе өлчөмүнөн ашпаган шартта берилет.[120] Кирешенин өлчөмү квалификациялуу юридикалык жардам үчүн кайрылганга чейинки 12 айлык мезгил үчүн эсептелет. [121] Мындай кирешеси эске алынбастан жардам чектелген гана сандагы адамдарга берилет[122] (мисалы, кармалгандарга; шектүүлөргө, оор кылмыштар үчүн айыпталуучуларга).

Бирок мындай шарттарда, адвокаттык кызмат көрсөтүүнү төлөй албай турган, бирок кирешеси аталган чектен аз гана жогору болгон жарандар үчүн квалификациялуу юридикалык жардамга жеткиликтүүлүк чектелиши мүмкүн. Ошондой эле, кирешени эсептөө кээ бир категориядагы жарандар үчүн (мисалы, расмий катталган эмес кызматкерлер, жумушсуздар же кризистик кырдаалды башынан өткөргөн адамдарга) татаал же мүмкүн болбой калышы мүмкүн, алар кирешени эсепке албоо категориясына кирбеши да ыктымал.

Квалификациялуу юридикалык жардамдын натыйжалуулугу жана сапаты жөнүндө төмөнкүлөрдү белгилөө керек. Жогорку юридикалык билимге ээ, кеминде бир жылдык эмгек тажрыйбасы бар жана квалификациялык экзаменди ийгиликтүү тапшырган КР жарандары адвокат болуп иштей алышат.[123] Лицензия соттолгондугу бар, наркодиспансерде каттоодо турган же буга чейин лицензиясынан ажыратылган адамдарга берилбейт.[124] Адвокаттар бир бир үч жыл сайын өзүнүн квалификациясын жогорулатууга милдеттүү.[125]

Мыйзам адвокаттын көз карандысыздыгы жана өз алдынчалуулугу принцибин бекемдейт,[126]ошондой эле анын ишмердүүлүгүнө тоскоолдук кылгандыгы үчүн жоопкерчиликти караштырат.[127]

Адвокат өзүн коргоо учурунда жасаган билдирүүлөрү үчүн жоопко тартылбайт, ал эми адвокатка карата тинтүү, тыңшоолор жана башка тергөө аракеттерине соттун чечими менен уруксат берилет.[128]

Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам бөлүгүндө Мыйзам[129] адвокаттын сапат стандартын сактоо милдеттенмесин белгилейт жана маалыматтарды чогултуу жана жардам алуучуларды анкетирлөө аркылуу квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүгө

[120] Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджети жана 2025–2026-жылдарга пландалган мезгил жөнүндө" 2024-жылдын 12-январындагы № 9 Мыйзамынын 15-беренесине ылайык, минималдык айлык акынын өлчөмү төмөнкүдөй белгиленет: 2024-жылга – 2534,0 сом, 2025-жылга – 2863,0 сом, 2026-жылга – 3147,0 сом URL: https://cbd.minjust.gov.kg/4-5247/edition/1382/ru

[121] Кыргыз Республикасынын «Мамлекет тарабынан кепилдик берилген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамынын 13-беренесинин 3-пункту.

[122] Кыргыз Республикасынын «Мамлекет тарабынан кепилдик берилген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамынын 13-беренесинин 4–5-пункттары.

[123] 15-берене, Кыргыз Республикиасынын “КР Адвокатурасы жана адвокаттык ишмердүүлүк жөнүндө” Мыйзамы, 14-июль, 2014-жыл, № 135. https://cbd.minjust.gov.kg/4-5122/edition/1290060/ru

[124] Ошол жерде, 19-берененин 2-бөлүгү.

[125] Ошол жерде, 26-берененин 1-бөл., 6-пункту.

[126] Ошол жерде, 17-берененин 1-бөлүгү.

[127] Ошол жерде, 29-берененин 2-бөлүгү.

[128] Ошол жерде,29-берененин 3-4-бөлүгү.

[129] Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 10-августундагы “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө” Мыйзамынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пункту № 91 URL: https://ukuk-jardam.gov.kg/ru/p/about/law

мониторинг[130]жүргүзүүнү караштырат. Жеке ишмердүүлүк менен иштеген адвокаттарга келсек, алардын иши Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Этикалык комиссиясы тарабынан даттануулар жана кайрылуулар негизинде бааланат.

325 соттук териштирүүгө мониторинг жүргүзүү адвокаттар кылмыш иштерине аларды тартуунун ар түрдүү механизмдеринин негизинде катышышканын көрсөттү. Тактап айтканда:

- окуялардын 46,6% (135 иш) адвокаттар айыпталуучулар же алардын өкүлдөрү менен түзүлгөн келишим боюнча чакырылган;
- окуялардын 41,4% (120 иш) коргоочулар мамлекеттик кепилденген юридикалык жардам (МКЮЖ) тутумунун координатору аркылуу дайындалган;
- окуялардын 2,1% (6 иш) адвокаттар тергөөчүнүн сунуштамасы боюнча тартылышкан, бул коргоонун көз карандысыздыгы көз карашынан суроолорду пайда кылышы мүмкүн;
- окуялардын 10,0% (29 иш) адвокаттар ишке катышуу үчүн кандайча тартылганын билдирүүдөн баш тартышкан жана мындай маалымат сотто дагы айтылган жок.

Мындай ар түрдүү тажрыйба коргоочуларды дайындоодо, айрыкча адвокаттардын тергөө органдарынын демилгеси боюнча катышуусу учурларында ачык-айкындуулукту камсыз кылуу зарылдыгын көрсөтөт.

325 сот ишине талдоо жүргүзүү көрсөттү: окуялардын көпчүлүгүндө — 87,7% (285 иш) — айыпталуучуларга адвкаттар өкүлчүлүктүк кылышкан, алардын баары бардык сот отурумдарында катышышкан. Иштердин 15% (5 окуя) адвокат дайындалган, бирок иш боюнча бардык отурумдарга катышкан эмес, иштердин 10,8% (35 окуя) ишти кароого адвокат таптакыр катышкан эмес, бул коргоого карата укук контекстинде тынчсызданууну пайда кылат

Байкоо жүргүзүлгөн 290 окуянын ичинен адвокаттардын сот отурумдарындагы өздөрү коргоп жаткан адамдар менен өз ара аракеттенишүүсү боюнча алсак, окуялардын 99, 3% (288 байкоолор) адвокаттардын өздөрү коргоп жаткан адамдар менен сүйлөшүүсү үчүн эч кандай чектөөлөр коюлган эмес. Болгону окуялардын в 0,7% (байкоо)

Айыпталуучу менен коргоочунун толук кандуу өз ара аракеттенүүсүнө тоскоол болгон чектөөлөр катталган, анын ичинде физикалык алыстык же процесстин башка катышуучуларынын кийлигишүүсү.

Окуялардын болгону 0,7% учурунда (2 байкоо) айыпталуучу менен коргоочунун толук кандуу өз ара аракеттенүүсүнө тоскоол болгон чектөөлөр белгиленген, аларга физикалык алыстык же процесстин башка катышуучуларынын кийлигишүүсү дагы кирет.

Мониторинг жүргүзүүнүн алкагында ошондой эле айыпталуучулардын адвокаттардын кызматтарынан баш тарткан учурлары катталган. Мындай баш тартуулар көпчүлүк учурда кийинки иштер боюнча болгон:

- ата-энелердин балдарын багуудан качуусу боюнча (40%),

[130] Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы Мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардамды координациялоо борборунун 2018-жылдын 3-декабрындагы №28 буйругу менен бекитилген, мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардамдын алкагында кылмыш иштери боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүгө катышкан координаторлор жана адвокаттар үчүн практикалык колдонмо. URL: https://ukuk-jardam.gov.kg/ru/p/attorney/instruction

- ден соолукка жеңил жаракат келтирүү боюнча (11,4%),
- бейбаштык боюнча (11,4%).

Ошону менен бирге, адвокаттан баш тарткан айыпталуучулардын ичинен:

- 65,7% – күнөөсүн толугу менен моюнуна алышкан,
- 28,6% – күнөөсүн жарым-жартылай моюнуна алышкан,
- жана болгону 2,9% күнөөсүн таптакыр моюнуна алышкан эмес

Адвокаттан баш тартуу менен күнөөнү мойнуна алуу ортосундагы мындай корреляция айыпталуучулардын юридикалык жардамдан баш тартуунун укуктук кесепеттерин толук түшүнбөгөнүнөн, ошондой эле сот тарабынан өз алдынча коргонууга тиешелүү укуктар жана тобокелчиликтер жетишерлик деңгээлде түшүндүрүлгөн эместигин күбөлөндүрүп турушу мүмкүн.

ЖМКда адвокаттардын укуктары чектелген окуялар жөнүндө билдиришти. Тактап айтканда, окуялардын бирөөсүндө адвокаттар сот тарабынан кысым көрсөтүү болгонун,[131] ал эми башка учурда болсо – соттук териштирүү адвокаттын катышуусуз улангандыгын билдиришкен. [132]

Тереңдетилген маектешүүлөрдүн жүрүшүндө адвокаттар айыпталуучулар өздөрүн өз алдынча коргоого умтулган учурлар сейрек кездешерин жана алар көбүнчө сот уруксат бере турган анча оор эмес кылмыштар менен байланыштуу экенин белгилешти. Ал эми оор кылмыш иштеринде болсо, соттор айыпталуучу адвокаттын кызматынан баш тартууга аракет кылган күндө да, адвокаттын сөзсүз катышуусун талап кылышат.

Юристтер арасында жүргүзүлгөн тереңдештирилген маектешүүлөрдүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, айыпталуучулар өздөрүн өз алдынча коргоону каалаган учурлар сейрек кездешет, бирок айрым учурларда бул дайындалган адвокаттарга канааттанбастыктан улам болот. Юристтердин бири тергөөчүнүн өтүнүчүн адвокат колдогондон кийин, сот айыпталуучуга өз алдынча коргонуу укугун берүүдөн баш тарткан учурду мисал келтирсе, дагы бири, айыпталуучу өзүнүн адвокатынан жакшыраак сөз сүйлөгөн же өз оюн билдирүүгө мүмкүнчүлүк албай калган учурларды белгилеп өттү.

Респонденттердин айыпталуучуларга юридикалык жардам алуу укугу жөнүндө маалымат берүү боюнча пикирлери ар түрдүү: айрымдары тергөөгө чейинки стадияда кемчиликтер бар деп белгилешет, ушул стадияда айыпталуучулар өз укуктары жөнүндө дайыма эле биле беришпейт деп эсептешсе, башкалары соттор түшүндүрүүнү жана коргонуу укугун толук кандуу камсыз кылышат деп эсептешет, бирок айыпталуучулардын маалыматтуулук деңгээли талаштуу бойдон калууда.

МКЮЖ тутуму боюнча катышкан адвокаттар айыпталуучулар өз алдынча коргонууну тандаган учурлар сейрек экендигин, буга эгерде айыпталуучу жашы жеткен адам болсо, жана аракетке жөндөмдүү болгон анча оор эмес кылмыштар жөнүндө иштерди кароодо гана уруксат берилерин белгилешти.

Ашыкча оор кылмыштар боюнча иштерде соттор, адатта, айыпталуучунун өз алдынча коргонуу мүмкүнчүлүгүнөн баш тартышат, алар муну түшүндүрүүдө айыпталуучу үчүн

[131] Кемпир-Абад иши. Айыпталуучулар адвокаттарына басым көрсөтүлүшү боюнча даттанышкан. URL: https://24.kg/obschestvo/294777_kempir-abadskoe_delo_obvinyaemyie_pojalovalis_nadavlenie_naihadvokatov/

[132] Дөө Чынгызды өлтүрүү иши. Сот айыпталуучунун адвокаты катышпаган учурда отурумду улантканы. URL: https://24.kg/proisshestvija/262564_ubiystvo_doo_chyingyiza_sudya_prodoljil_zasedanie_bez_advokata_obvinyaemogo/ Равшан Жээнбеков: Соттук отурум биздин адвокаттар катышпай өткөрүлүүдө.URL: https://24.kg/obschestvo/294777_kempir-abadskoe_delo_obvinyaemyie_pojalovalis_nadavlenie_naihadvokatov/

потенциалдуу тобокелдиктерге жана процесстик мыйзам бузуулар болгон учурда өкүмдүн жокко чыгарылышы мүмкүн экендигине шилтеме келтиришет.

Адвокаттар ошондой эле соттор адатта МКЮЖ тутуму аркылуу коргоочуларды ыкчам дайындашарын белгилешти, бул адвокаттын процесске өз убагында катышуусун камсыз кылат. Ошол эле учурда алардын пикири боюнча, айыпталуучунун укуктары, анын ичинде юридикалык жардам алуу укугу, сот тарабынан жалпысынан түшүндүрүлөт жана көпчүлүк учурда айыпталуучулар коргонуу укугун адвокатты катыштыруу менен колдонгонду артык көрүшөт.

Айыпталуучунун натыйжалуу юридикалык жардамга ээ болуу укугу – бул КР Конституциясынын 26-беренесинде жана Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 14-беренесинде белгиленген кылмыш-жаза процессиндеги адилеттүү соттук териштирүүгө ээ болуу укугунун негизги элементтеринин бири болуп эсептелет. Бул укук коргоочуну формалдуу түрдө дайындоону гана камтыбайт, ошондой эле анын коргоого активдүү катышуусун камсыздоону, анын ичинде стратегияны түзүү, күбөлөрдү суракка алуу, далилдерди сунуштоо жана айыпталуучуну коргоо боюнча сөз сүйлөөнү камтыйт.

Сот тажрыйбасына жана соттук отурумдарга жүргүзүлгөн байкоонун анализи көрсөткөндөй, кылмыш-жаза процессинде коргоочунун катышуусу формалдуу аракеттер менен гана чектелген учурлар аз эмес. Көптөгөн учурларда активдүү укуктук позиция жок, ал эми коргоочунун ролу сот залында унчукпай, эч бир өтүнмөлөрдү бербестен, соттун же тергөөнүн аракеттерине даттанбастан отуруу менен гана чектелет, же кайчылаш суракк алууга катышуу менен гана чектелет

Айыпталуучунун жана коргоочунун ортосундагы купуялуу сүйлөшүү үчүн тиешелүү шарттардын жоктугу өзгөчө тынчсызданууну пайда кылат. Көптөгөн соттордо жалгыз, эч кимдин катышуусуз сүйлөшүү үчүн атайын бөлмөлөр же техникалык каражаттар каралган эмес. Камакта кармалган учурда айыпталуучуларды сот залына конвой менен алып келишет, бул учурда коргоочу менен баарлашуу көп учурда конвой кызматкерлери же сот кызматкерлери катышкан абалда жүргүзүлөт. Бул эл аралык стандарттарга түз каршы келет, анткени алар адвокаттык ишмердүүлүктүн купуялуулугун камсыздоону жана айыпталуучуга териштирүүнүн бардык этаптарында тоскоолдуксуз коргоочу менен кеңешүүгө мүмкүнчүлүк берүүнү талап кылат

Ошондой эле, соттук отурумдар учурунда айыпталуучу менен коргоочунун ортосундагы сүйлөшүүгө сот кызматкерлеринин кийлигишүүсү же судьялар тарабынан байланышка чектөө учурлары да катталат. Айрым учурларда соттор, айыпталуучу менен коргоочунун кеңешүүсүнө убакыт берүүдөн баш тартышат, ал тургай коргоочунун өтүнүчү берилген күндө дагы ушундай болуп калат.

Коргоочунун активдүү териштирүү фазасында катышуусу чектелген учурлар аз эмес: айыптоочунун күбөлөрүн суракка алууда, альтернативдүү далилдерди берүү же каршылык билдирүүдө. Бул тездетилген же жөнөкөйлөтүлгөн тартипте каралып жаткан иштерде, ошондой эле айыптоочу сотко чейинки стадияда алынган моюнга алуучу көрсөтмөлөргө таянган учурларда өзгөчө актуалдуу.

Мындан тышкары, мамлекет тарабынан дайындалган коргоочулар айыпталуучулар менен активдүү өз ара аракеттенбеген учурлар бар, аларга процессуалдык укуктарын түшүндүрбөйт жана толук коргоо стратегиясын түзбөйт. Бул өзгөчө социалдык жактан аярлуу айыпталуучулар категориясына тиешелүү, анын ичинде жашы жетелек өспүрүмдөр, майыптыгы бар адамдар жана сот өндүрүшүнүн тилин билбегендер киришет.

Ошентип, коргоо институтунун формалдуу түрдө бар болгонун карабастан, Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза иштеринде натыйжалуу юридикалык жардам алуу укугун жүзөгө ашыруу үчүн зарыл шарттар ар дайым камсыз кылынбайт. Бул негизсиз айыптоолорго алып келүү тобокелдигин жаратат, соттук атаандаштык принцибин бузуп, жалпы сот тутумуна болгон ишенимди төмөндөтөт.

Корутундулар

1. Кирешенин деңгээлин баалоого, ошондой эле мүлктүк абалын эске албастан жардам алууга укуктуу адамдардын категориясынын тизмеси чектелүү болгон учурда колдонуудагы мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын азыркы шарттары – квалификациялуу юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүнө, өзгөчө социалдык жактан аярлуу топтор үчүн жеткиликтүүлүгүнө тоскоолдуктарды пайда кылышы мүмкүн. Баалоонун мындай модели арыз берүүчүлөрдүн жашоодогу реалдуу жагдайларын дайыма эле эске ала бербейт жана формалдуу негиздерден улам баш тартууга алып келиши мүмкүн.

2. Байкоо жүргүзүлгөн иштердин катарында адвокаттардын алар коргоп жаткан адамдар менен өз ара аракеттенишүүсүнө карата чектөөлөр, ошондой эле көрсөтүлүп жаткан коргоонун сапатына, өзгөчө МКЮЖ тутуму аркылуу дайындалган адвокаттар көрсөткөн коргоонун сапатына карата даттануулар катталды. Адвокаттарга кысым көрсөтүүнүн өзүнчө учурлары орун алды, анын ичинде алардын көз карандысыздыгына кийлигишүүлөр дагы бар. Ошондой эле, соттор айыпталуучуларга алардын юридикалык жардам алууга карата укуктарын, аны менен чогуу адвокаттан баш тартуу мүмкүнчүлүгүн, коргоочуну алмаштыруу же өз алдынча коргонууну ишке ашыруу укуктарын дайыма эле толук кандуу түшүндүрө бербестиги катталды. Бул айыпталуучунун маалыматка ээ болуу жана аң сезимдүү тандоо укугунун принцибин бузушу мүмкүн жана адилеттүү соттук териштирүү чөйрөсүндөгү эл аралык стандарттарга шайкеш келбейт.

Сунуштамалар

1. КР Министрлер Кабинетине мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу, анын сот адилеттүүлүгүнүн бирдей жеткиликтүүлүгүнүн эл аралык стандарттарына жана принциптерине шайкеш келүүсүн камсыз кылуу сунушталат. Тактап айтканда, кийинкилерди караштыруу керек 1) киреше деңгээлинин юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүнө таасир этүүсүн жеңилдетүү, анткени мүлк критерийин катаал колдонуу социалдык жактан аярлуу адамдарды негизсиз четтетүүгө алып келүүсү мүмкүн. 2) кирешени тастыктоо процедурасын жөнөкөйлөштүрүү жана аларды аярлуу абалдагы адамдар үчүн кыйла жеткиликтүү кылуу (мисалы, камакка алуу жайларындагы же туруктуу кирешеси жок адамдарга); 3) кирешесинин деңгээлинен көз карандысыз түрдө МКЮЖ алуу укугуна ээ адамдардын кошумча категорияларын киргизүү, аларга кирет: убактылуу жумуш иштөөгө жөндөмсүз адамдар, расмий түрдө жумушсуз деп катталган адамдар; эркиндигинен ажыратуу жайларындагы адамдар; зомбулуктан жабыр тарткан адамдар жана аярлуу топтор. Мындан сырткары, мамлекеттик МКЮЖ тутумунун туруктуулугун, көз карандысыздыгын жана юридикалык жардамдын сапатынын эл аралык стандарттарга шайкеш келүүсүн камсыз кылуу үчүн, аны мамлекеттик каржылоонун өлчөмүн этап этабы менен көбөйтүү сунушталат.

2. КР Соттору айыпталуучуларга алардын юридикалык жардам алуу укуктарын, анын ичинде адовкаттан баш тартуу укугун, коргоочуну алмаштыруу укугун жана өз алдынча коргонуу укугун системалуу жана тиешелүү түрдө түшүндүрүүнү камсыз кылууга тийиш. Мындай түшүндүрмө юридикалык жардамдан ыктыярдуу түрдө, аң-сезимдүү жана ачык

баш тартуунун кепилдиктерин камсыз кылуу менен коштолушу керек, жана мындай ниетин ыктыярдуу билдирүү процессуалдык жактан милдеттүү түрдө жол-жоболонушу зарыл. Ал тургай, улуттук мыйзамдар боюнча коргоочунун катышуусу милдеттүү болгону менен, өз алдынча коргонууга карата укукту чектөө адилеттүү соттук териштирүүнүн талаптарына жооп берген обьективдүү жана жеткиликтүү себептерге негизделиши керек.

3. КР Сотторуна сунушталат: 1) адвокаттан баш тартуулар жана бардык түшүндүрмөлөр протоколдоо менен камсыз кылынуусу керек; 2) айыпталуучу өз тандоосунун укуктук кесепеттерин түшүнүп жатабы текшерүү; 3) юридикалык жардамдан баш тартуу сот адилеттигинин кызыкчылыктарына карама-каршы келген жокпу жана айыпталуучунун укуктарын бузуу тобокелчиликтерин пайда кылган жокпу эске алуу. Адвокаттардын иштөө сапаттарын баалоо жана көзөмөлдөө механизмдери, өзүн өзү башкаруу, кесиптик этика жана көз карандысыздык принциптеринин негизинде адвокаттар кесиптик жамаатынын ичинде гана иштелип чыгуусу керек. Мамлекеттик органдардын мындай механизмдерге кандай гана түрдө болбосун катышуулары, ошондой эле айыпталуучулардан кайтарым байланышууларды чогултуу эл аралык стандарттарга карама-каршы келет, анткени адвокаттык ишмердүүлүктүн көз карандысыздыгы принцибин бузат, адвокаттык-кардардык мамилелердин купуялуулугун тобокелчиликке кирептер кылат, сырткы кысым көрсөтүү жана коргоого киришүү үчүн өбөлгөлөрдү түзөт, жана эл аралык укук коргоо тажрыйбасында мындай аналогдору жок: Ушуга байланыштуу сунушталат: 1) өзгөчө кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн алкагында адвокаттардын жумушуна баа берүүнүн сырткы механизмдеринен (мамлекеттик) алыс болуу; 2) зарылчылыкка жараша укуктук жардамдын сапаттарын жогорулатуу – адвокатуранын өзүнүн ичиндеги устаттык жана кесиптик көзөмөлдөө процедураларын бекемдөө; 3) жаңы ыкмаларды иштеп чыгууда – эл аралык стандарттарды, анын ичинде БУУнун Юристтердин ролу жөнүндө негизги принциптерин (1990) жана CM/Rec сунуштамаларын (2000), Европа Кеңешинин Министрлер комитетинин жетекчиликке алуу.

3.4-КК. Ар бир адам өзүнүн катышуусунда соттолуу укугуна ээ

Сыпаттамасы

Соттук териштирүүлөрдү in absentia (сотто аралыктан кароо) өткөрүүгө мыйзам тарабынан өзгөчө учурларда гана жол берилиши керек жана коргоо укуктарын катуу сактоо менен өткөрүлүүгө тийиш. Айыпталуучу сотко өз убагында чакырылуусу зарыл жана ага каршы соттук териштирүүлөр жөнүндө маалыматка ээ болуусу керек.[133]

Кыргызстанды макамы жана чакырыктар

Кыргызстанда айыпталуучу эмнеге айыпталып жаткандыгын билүүгө укуктуу; кылмыш иши козголгондугу жөнүндө токтомдун жана кармоо жөнүндө токтомдун көчүрмөлөрүн алат; өз укуктарынын түшүндүрмөлөрүн жазуу жүзүндө алат; өзүн жеке өзү коргоо же тандаган адвокаты аркылуу коргонуу укугунан колдонууга; көрсөтмө берүү же андан баш тартуу укугу; далидерди берүүгө; өтүнүчүн жана четтетүүлөрдү билдирүүгө; тергөө аракеттеринин протоколу менен таанышууга, жана алар боюнча протоколго түшүрүлүүчү пикирлерин берүүгө, алардын көчүрмөлөрүн алууга.[134]

[133] ЖСУЭП, 14 (3) (d);
[134] КР КПК, 44-берене, 1-бөлүгү.

Ошол эле учурда айыпталуучу кийинки укуктарга ээ: аны айыпталуучу катары тартуу жөнүндө токтомдордун, ага тиркелген маалымкаттары менен кошо алууга; көрсөтмө берүүгө же көрсөтмө берүүдөн баш тартууга; далилдерди келтирүүгө; өтүнүчтөрдү жана четтетүүлөрдү билдирүүгө; өз укуктарын, коргоого жана даярдануу үчүн жетиштүү убакыт алууга; эксперттин корутундусу менен, тергөө аракеттеринин протоколу менен жана иштин материалдары менен таанышууга.[135]

Биринчи инстанциянын сотундагы териштирүүлөр айыпталуучунун милдеттүү түрдө катышуусу менен жүргүзүлөт,[136]төмөнкүдөй учурларды кошпогондо, [137] эгерде айыпталуучу жок кезде ишти териштирүүгө төмөнкүдөй учурларда жол берилет, эгерде айыпталуучу Кыргызстандын чегинен тышкары болсо жана сотко келүүдөн качса, же болбосо айыпталуучу далилдерди соттук иликтөөлөр аяктагандан кийин келбесе жана келбей калуу себеби жөнүндө кабарлабаса. Айыпталуучу келбей калганда иш боюнча териштирүү кийинкиге калтырылууга тийиш. [138] Судья же сот айыпталуучунун келүүсүн камсыз кылууну соттук приставга милдеттендире алат же алдырып келүүгө укуктуу. [139]

Бирок кандай болгон күндө дагы сот келбөө себептерин эске алуусу керек (келүүгө тоскоол болгон оору, жакын туугандарынын өлүмү; күтүлбөгөн кырсыктар; чакыруу кагазын албай калуу; башка урматтоого боло турган себептер).[140]Соттук териштирүү айыпталуучунун катышуусуз өткөрүлгөн учурда адвокаттын катышуусу милдеттүү.[141] Эгерде ишти сырттан кароо четтетилген учурда, соттолгондун же анын адвокатынын өтүнүчү боюнча сырттан чыгарылган соттун өкүмү же соттун аныктамасы апелляциялык тартипте жокко чыгарылат жана соттук териштирүү жалпы тартипте жүргүзүлөт.[142]

Айыпталуучу соттук отурумдун залынан анын тартибин бузгандыгы үчүн чыгарылган учурлар өзүнчө көңүл бурууну талап кылат. Айыпталуучу териштирүүнүн тартибин бузгандыгы үчүн чыгарылган учурда териштирүү анын катышуусуз улантыла бериши мүмкүн, ошол эле учурда өкүм анын катышуусунда жарыя кылынат же жарыя кылынгандан кийин ага дароо билдирилет.[143] Кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамы адвокатты чыгарып салууга жол бербейт.[144]

Мындан сырткары, кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамы айыпталуучунун анын өзүнүн катышуусунда соттолуу укугун чектөө тобокелчилигин камтыйт. Алсак, УПК мурда кийинкидей ченемди караштырчу, [145] ага ылайык сот отурумунун катышуучуларынын коопсуздугун камсыз кылуу зарылдыгы же кылмыш-аткаруу тутумунда кармалган айыпталуучуну (жаза алганды) сотко жеткирүү мүмкүн эместиги учурларда жаза-аткаруу тутумунун мекемесинде, ошондой эле улуттук коопсуздук органдарынын тергөө изоляторунда кармалган айыпталуучунун (соттолгондун) суракка алуу видеоконференцбайланыш режиминде жүргүзүлүүсү мүмкүн болчу. Бирок бул ченемге

[135] Ошол жерде, 46-берене, 1-бөлүгү.
[136] Ошол жерде, 296-берене, 1-бөлүгү.
[137] Ошол жерде, 296-берене, 2-бөлүгү.
[138] Ошол жерде, 296-берене, 3-бөлүгү.
[139] Ошол жерде.
[140] Ошол жерде, 119-берене.
[141] Ошол жерде, 296-берене, 3-бөлүгү.
[142] Ошол жерде, 296-берене, 6-бөлүгү.
[143] Ошол жерде, 307-берене, 3-бөлүгү.
[144] Ошол жерде, 307-берене, 1-бөлүгү.
[145] Ошол жерде, 290-берене, 2-бөлүгү.

өзгөртүүлөр киргизилген,[146] ага ылайык “мүмкүн” деген сөз “жүргүзүлөт” деген сөзгө алмаштырылды, муну тиешелүү өтүнмө берүү менен гана жеңүүгө болот. Мындан сырткары, аралыктан катыштыруу менен өткөрүлүшү керек болгон учурлар жоюлган.

Биздин пикирибиз боюнча, айыпталуучунун сот отурумуна ВКБ аркылуу катышуусу анын сот залында физикалык түрдө катышуусун чектейт, бул болсо анын позициясынын сот жана процесстин башка катышуучулары тарабынан кабыл алынуусуна таасирин тийгизиши мүмкүн. Ошол эле учурда эл аралык стандарттар болсо, аныкталган бир шарттарда аралыктан камсыздоочу технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүгүн караштырышат, алар мындай формат угууларга өзү келип түздөн-түз катышуусун алмаштырбашы керектигин, бул өзгөчө иштин фактыларга байланыштуу жагдайлары каралышы зарыл болгондо же талаштуу далилдер бар учурда маанилүү экендигин белгилешет. Айыпталуучунун сот залында жок болуусу анын териштирүүнүн жүрүшүнө түздөн түз реакция реакция кылуусун кыйындатышы, күбөлөрдү суракка алууга натыйжалуу катышуу, нааразычылык билдирүү жана коргоочусу менен өз ара аракеттенүү мүмкүнчүлүктөрүнөн ажыратышы мүмкүн. ВКБ режиминде айыпталуучунун жана анын адвокатынын ортосундагы сүйлөшүүнүн купуялуулугуна олуттуу күмөн саноону пайда кылат. Видео байланыш ишке ашырылган тергөө изоляторлорунун жана түзөтүү мекемелеринин көпчүлүгүндө купуялуу юридикалык консультациялар үчүн өзүнчө бөлүнгөн жайлар жок. Айыпталуучунун жана коргоочунун ортосундагы сүйлөшүү кызматкерлердин катышуусунда же техникалык жактан көзөмөлдөөнүн негизинде жүргүзүлөт, бул адвокаттык сыр принцибин түздөн-түз бузат жана адвокат менен ал коргоп жаткан адамдын ортосундагы ишенимди төмөндөтөт. Анын үстүнө, айрым окуяларда коргоочу отурумга сот залынан катышат, ошол эле учурда болсо айыпталуучу мекемеден кошулат жана алар эскертүүлөрүн же консультацияларын жеке тартипте ыкчам түрдө алмаша алышпайт.

Кошумча татаалдыктар болсо, байланыш үзүлгөндө, техникалык мүчүлүштүктөр жана үндүн сапатсыз болуу учурларында пайда болот, бул катышуучулардын айтылып жаткандарды угуусун оордотот, өзгөчө далилдерди угууда же күбөлөрдү суракка алууда ушундай кыйынчылыктар пайда болот. Бул жагдайлар соттун айыпталуучунун жана анын коргоочусунун позициясынын толук кандуу болуусуна таасирин тийгизиши мүмкүн, ошондой эле түздөн түз катышуу принцибин камсыз кылууну оордоштурат. Ошентип, кылмыш иштеринде видеоконференциялык байланышын колдонуунун тиешелүү техникалык жана процедуралык кепилдиктери жок болуусу айыпталуучунун негизги процессуалдык укуктарын, анын ичинде соттук териштирүүгө катышуу жана натыйжалуу коргоого карата укугун реалдуу түрдө чектелишине алып келиши мүмкүн. Бул ВКБ колдонуудагы так регламентти – купуялуулукту сактоонун милдеттүү шарттарын, техникалык жактан даярдыктын болуусун, айыпталуучунун маалыматтык макулдугун жана сот тарабынан процессуалдык көзөмөлдөөнү кошуп бирге ыкчам түрдө иштеп чыгууну талап кылат

Өзгөчө көңүл ВКБ режиминде соттук угулууларды өткөрүү жөнүндө чечимдерди кабыл алууда ачыктыкты жана отчеттуулукту камсыз кылууга, ошондой эле УПК КРнин 290-беренесинин жоболорун ишке ашырууда камактагы айыпталуучулардын укуктарынын сакталышына үзгүлтүксүз түрдө мониторинг жүргүзүүгө бурулушу керек.

[146] Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза-процессуалдык кодексине өзгөртүүлөрдөдү киргизүү жөнү” Мыйзамы, 16-февраль, 2024-жыл, № 49. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/4-5285/edition/3166/ru?lang=ru

Өзгөртүүлөр айыпталуучунун сот отурумуна жеке өзү катышуусуна мүмкүндүк бергенине карабастан, айыпталуучунун өзүнүн катышуусунда соттолуу укугу гана чектелбестен, ошондой эле квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугуна карата дагы тобокелдик жаралат.

Сот отурумдарына мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары, 325 кылмыш ишинин ичинен сырттан караган бир дагы окуя катталбагандыгын көрсөттү. Соттор айыпталуучунун сот отурумдарына түз катышуусун туура деп эсептешкен жана алар кечиккен же келбеген учурларда отурумдарды кийинкиге жылдырышкан. Алсак, айыпталуучулардын келбегендиги себебинен улам отурумдар 56 окуяда кийинкиге жылдырылган. Окуялардын көпчүлүгүндө сыртка чыкпоо жөнүндө тил кат берген айыпталуучулар же кечигишкен, же сот залына келишкен эмес.

Сот отурумдарына мониторинг жүргүзүү, ошондой эле соттук териштирүүлөрдүн 94,8% соттор айыптоочу актылар тапшырылды беле такташканын аныктады. Бирок окуялардын 5,2% бул маанилүү процесске кайдыгер мамиле жасалган боюнча калган. Териштирүү фактысы аныкталган 308 териштирүүнүн ичинен, 93,8% окуясында судьялар актылар өз убагында тапшырылды беле такташкан, 6 өз убагында эмес – сот башталганга чейин үч күндөн аз убакытта тапшырылганын билдиришти.

ЖМК мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы иш тажрыйбасында соттук териштирүүнү айыпталуучунун катышуусуз эле өткөргөн учурлар болорун көрсөттү. Алсак, мисалы саясатчылардын бирөөсүнө карата иш боюнча, аны отурумдун тартибин бузгандыгы үчүн сот залынан процесстин бардык учурунда чыгарып салууга байланыштуу процесс анын катышуусуз өткөрүлгөн.[147] Башка мисалда болсо, иштин фигуранттарынын бирөөсүнүн билдирүүсү боюнча судья отурумду сырткары өткөрүү чечимин кабыл алган.[148]

Тереңдетилген маектешүүлөрдүн жыйынтыктары айыпталуучунун соттук угууларга катышуу укугу жалпысынан сакталарын, бирок сейрек кездешкен аны тартип бузгандыгы үчүн сот залынан чыгаруу учурларынын болуусу бирдиктүү эмес реакцияны жана кесипкөйлүк талкууларды пайда кылат. Адвокаттар бир катар окуяларда мындай чыгарып салуулар дээрлик процесстин бардык учуруна жайылтылат, бул болсо бетме-бет териштирүү принцибинин бузулушуна алып келиши мүмкүн. Ошол эле учурда, мындай чечимдер Жогорку сотто кайра каралган учурлар аз эмес, ал жерде болсо айыпталуучунун катышуу укугун бузуу менен кабыл алынган сот актылары жокко чыгарылат.

Муну менен катар эле, саясий же коомдук мааниси бар иштерде айыпталуучуларды сот отурумунун убактысы жана өтүүчү жери жөнүндө өз убагында кабардар кылбоо учурлары көп кездешээри белгиленет. Маалыматтын жетишсиз түрдө берилгендиги сот жараянынын алардын катышуусуз өтүү тобокелчилигин пайда кылат жана коргонуу укугун толук ишке ашырууга чектөө коюшу мүмкүн.

Юристтер кылмыш-жаза процесстериндеги териштирүүлөрдү сырттан кароо, эрежеге ылайык, айыпталуучуну расмий түрдө издөөдө жарыялоо менен байланыштуу экендигин баса белгилешет, ошол эле учурда айыпталуучуну сот залынан түздөн-түз чыгарып жиберүү сейрек колдонулат.

[147] Кой-Таш окуялары боюнча иш. Сот Алмазбек Атамбаев катышпай өткөрүлөт URL: https://24.kg/obschestvo/231738_delo_osobyitiyah_vkoy-tashe_sud_budet_prohodit_bez_almazbeka_atambaeva/

[148] Кемпир-Абад иши. Процесстер жокко чыгарылган абалда (заочно) жүргүзүлөт. URL: https://24.kg/obschestvo/276534_kempir-abadskoe_delo_protsessyi_budut_prohodit_zaochno/

Бирок мындай учурлар орун алганда, сот процесси иштин материалдары менен тааныш эмес адвокаттар менен жана айыпталуучу менен алдын ала коргонуу позициясын макулдашууга мүмкүнчүлүгү жок нөөмөтчү адвокаттардын катышуусу менен улантылышы мүмкүн. Мындай тажрыйба адилет соттук териштирүү принцибин жана натыйжалуу коргонуу укугун сактоо суроосунда негиздүү тынчсыздануларды пайда кылат.

МКЮЖ адвокаттары Кыргызстанда сырттан өкүм чыгаруу тажрыйбасы колдонулбай турганын ырасташты, бирок айыпталуучуга кабарлама тийиштүү түрдө жөнөтүлгөн шартта сырттан айып коюу мүмкүн экенин белгилешти. Ошону менен бирге, МКЮЖ өкүлдөрү айрым учурларда айыпталуучуну сот залынан чыгаруу тартипти камсыз кылуу чарасы катары эмес, коргонуу тарабына кысым көрсөтүү жана иштин жыйынтыгына таасир этүү куралы катары пайдаланыларын белгилешет. Мындай учурларда судьялар, эрежеге ылайык, эгерде айыпталуучуга кабарлама тийиштүү түрдө жөнөтүлгөндүгү боюнча ынанымдуу далилдер жок болсо, тергөө органдарынын териштирүүнү айыпталуучунун катышуусусуз улантуу жөнүндө өтүнүчтөрүн канааттандыруудан баш тартышат.

Демек, айыпталуучунун процесске катышуу укугу жалпысынан сакталганы менен, иш тажрыйбасы бул укук чектелип калуусу мүмкүн экендигин көрсөтүп турат, бул чектөөлөр кабарлоону камсыздоо тиешелүү түрдө эмес аткарылган учурларда жана даярдыгы жок адвокаттар катышкан учурда орун алат. Бул жагдайлар процессуалдык кепилдиктерди бузуу тобокелчилигин минималдаштыруу максатында кошумча ченемдик жана институционалдык көңүл бурууну талап кылат.

Корутундулар

1. Соттук териштирүүнү видео конференциялык байланышууну (ВКБ) колдонуу аркылуу жүргүзүү сот адилеттигинин ыкчамдуулугун жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатууга багытталган техникалык прогрессти, бул өзгөчө соттолуучуларды камакта кармоочу жайларда кармоо шарттарындагы, же соттор аймактык жактан алыс болгон учурлардагы техникалык прогрессти түшүндүрөт. Бирок ВКБ кылмыш-жаза процессинде колдонуу тажрыйбасы бир катар укуктарды сактоо жаатында, өзгөчө айыпталуучунун сот процессине жеке өзү түздөн-түз катышуу укугуна жана коргоочу менен сүйлөшүүдө купуялуулукту сактоо укугуна тиешелүү олуттуу укуктук жана процедуралык тобокелчиликтер менен коштолууда. Кылмыш-жаза процессинде ВКБ колдонуунун так күн тартиби жок, бул болсо анын айыпталуучунун процессуалдык укуктарына тийгизген таасирине баалабастан эле, технологияларды негизсиз колдонуу тобокелчилигин пайда кылат. Сот отурумдарды ВКБ форматында өткөрүүнүн орундуулугун баалоо критерийлери аныкталган эмес, тактап айтканда айыпталуучунун каалоосу, иштин мүнөзү, процесстин стадиясы жана альтернативдүү чечимдер барбы же жокпу эске алынган эмес.

Сунуштамалар

1. КР ЮМ КР ЖС менен биргеликте сот отурумдарын кылмыш-жаза аткаруу тутуму мекемелеринде кармалган айыпталуучуну видеоконференция аркылуу катыштырууга тиешелүү КР КПК 290-беренесинин 2-бөлүгүнө киргизилген өзгөртүүлөрдү колдонуу тажрыйбасына ар тараптан баа берүү сунушталат. Мындай баалоонун максаты, видеоконференциялык байланыштарды айыпталуучунун соттук териштирүүгө жеке катышуу укугуна кесепетин тийгизүү менен, өзгөчө реалдуу жагдайларга баа берүү, күбөлөрдү угуу жана коргоочу менен түздөн түз өз ара аракеттенишүү талап кылынган иштерди кароодо видеоконференциялык байланыштарды негизсиз жана ашыкча колдонулган окуяларды аныктоо болууга тийиш. Бул баалоонун жыйынтыктары боюнча, эгерде системалуу мыйзам бузуулар жана кыянатчылык менен пайдалануу

тобокелчиликтери пайда болгон учурда төмөнкүдөй максатта КР КПК тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү караштыруу сунушталат:

- айыпталуучунун соттук отурумга жеке алынып келинип катышуусу артыкчылыгы менен камсыз кылуу;

- териштирүүнү аралыктан катышуу форматында жүргүзүүнүн так критерийлерин бекитүү (мисалы, иштердин категорияларын, процесстин стадияларын, техникалык даярдыктарды жана айыпталуучунун макулдугун эске алуу менен);

- айыпталуучунун коргоочу менен видеоконференциялык байланышууну колдонуу менен сүйлөшүүсүнүн купуялуулугун милдеттүү түрдө сактоонун кепилдиктерин бекитүү;

- айыпталуучунун катышуу формату жөнүндө чечимди кабыл алууда процессуалдык көзөмөлдөө механизмин бекитүү.

3.5-КК. Өлкөнүн кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамы жашы жетелек өспүрүмдөрдүн жаш курактарын жана башка өзгөчөлүктөрүн эске алууга жол берген, аларга дивергенция чараларын колдонууга мүмкүндүк берген ченемдерди камтыйт

Сыпаттамасы

Процесс жашы жетелек өспүрүмдөргө карата алардын жаш курактары жана аларды кайра тарбиялоого көмөктөшүүнү каалоосу эске алына тургандай болуусу керек.[149]

Бириккен Улуттар Уюмунун жашы жетелек өспүрүмдөргө карата адилет сот жүргүзүүгө байланышкан минималдуу стандарттык эрежелери (Пекин эрежелери) караштырат, ага ылайык: 1) өспүрүм кармалганда анын (кыз/эркек) ата-энеси же камкорчусу мындай кармалуу жөнүндө дароо кабарлануруга тийиш, ал эми эгерде мындай дароо кабарлоо мүмкүн болбосо, ата-эне же камкорчу мүмкүн болгон эң кыска мөөнөттөн кечиктирилбестен кабарлануруга тийиш. 2) судья же башка ыйгарым укуктуу кызмат адамы же орган кармоодон бошотуу суроосун кечиктирбестен карооого тийиш;

[149] ЖСУЭП, 14 (4). Жашы жете электер, кеминде, Пакттын 14-беренесине ылайык чоң кишилерге берилген кепилдиктерге жана коргоого ээ болууга тийиш. Ошол эле учурда жашы жете электер өзгөчө коргоого муктаж. Өзгөчө, кылмыштык сот өндүрүшүндө аларга коюлган айыптоолор тууралуу түздөн-түз маалымдалышы керек жана тиешелүү учурларда ата-энелеринин же мыйзамдуу камкорчуларынын аркылуу өз коргонуу укугун даярдоодо жана жүзөгө ашырууда зарыл жардамга ээ болушу шарт. Алар мүмкүн болушунча тез арада мыйзамдуу адвокаттын, башка тиешелүү коргоочулардын жана ата-энесинин же мыйзамдуу камкорчусунун катышуусунда адилет сот угуу аркылуу соттолот. Эгерде мындай катышуу баланын мыкты кызыкчылыктарына жооп бербейт деп эсептелсе, айрыкча жашы же абалы эске алынып, мында өзгөчө жагдайлар эске алынат. Соттук териштирүүгө чейинки жана анын жүрүшүндө камакка алуу мүмкүн болушунча колдонулбашы зарыл. Мамлекеттер жашы жете электер үчүн ылайыктуу кылмыштык адилеттик системасын түзүү чараларын көрүүгө тийиш, ошондо аларга жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык мамиле кылынат. Балдар жана жашы жете электер кылмыш жоопкерчилигине тартылбай турган минималдуу жаш курагы белгилениши абдан маанилүү. Бул жаш курак алардын физикалык жана психологиялык жетилбестигин эске алууга тийиш.
Тиешелүү бардык учурларда, айрыкча кылмыш мыйзамы тыюу салган аракеттерди жасаган деп болжолдонгон жашы жете электерди кайра тарбиялоого көмөктөшүү зарыл болгон учурда, кылмыш сот өндүрүшүнөн башка чаралар колдонулушу керек. Мындай чаралар күнөөлүү жана жабырлануучунун ортосундагы жараштыруучу медиация, үй-бүлө мүчөлөрүнүн катышуусундагы маектер, кеңеш берүү кызматтары же коомдук кызматтар жана билим берүү программалары болушу мүмкүн, бирок алар ушул Пакттын жана башка тиешелүү адам укуктарынын стандарттарынын талаптарына жооп бериши зарыл.
Карагыла: пп. 42–44. Жалпы тартиптеги №32 Эскертүү, 14-берене: Соттордун жана трибуналдардын алдында тең укуктуулук жана ар кимдин адилет соттук териштирүүгө болгон укугу. CCPR/C/GC/32, 23-август 2007-жыл. URL: https://digitallibrary.un.org/record/606075

3) укук тартибин сактоо органдарынын жана жашы жетелек өспүрүм укук бузуучунун ортосундагы байланыштар, иштин жагдайын эске алуу менен жашы жетелек өспүрүмдүн укуктук макамын урматтоо, анын жыргалчылыгын колдоо жана иштин жагдайларын эске алуу менен ага (кыз/эркек) зыян келтирүүдөн алыс болуу түрүндө жүзөгө ашырылууга тийиш;[150] 4) жашы жетелек өспүрүмдөрдүн өзгөчө муктаждыктарын жана колдонулуп жаткан чаралардын ар түрдүүлүгүн эске алуу менен, жашы жетелек өспүрүмдөргө соттук териштирүүнүн бардык этаптарында жана сот адилеттигине жөнөтүүнүн ар түрдүү деңгээлдеринде, анын ичинде тергөө учурунда, ишти сотто кароодо, сот чечимин чыгарууда жана сот чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөөдө дискрециялык ыйгарым укуктарды тиешелүү көлөмдө караштыруу керек.[151] Баланын укуктары жөнүндө конвенциянын[152] 37-беренесинде кийинкилерди белгилейт: “

Катышуучу-мамлекеттер, ар бир эркиндигинен ажыратылган балага укуктук жана башка тиешелүү жардамдар кечиктирилбестен жеткиликтүү болуусу укугун, ошондой эле өзүнүн эркиндигинен ажыратылуусунун мыйзамдуулугун соттун же башка компетенттүү, көз карандысыз жана бейтарап органдын алдында талашууга жана ушул сыяктуу бардык процессуалдык аракеттерге карата кечиктирбестен чечим кабыл алуу укугун камсыздашат.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кыргызстандын улуттук мыйзамдары жашы жетелек өспүрүмдөрдүн жаш курактарын караштырган ченемдерди камтыйт. Алсак, мисалы, балдардын катышуусундагы иштерде балдарды коргоо органы же өкүлү милдеттүү болуп эсептелет.[153] Жашы жетелек өспүрүмдөр үчүн адвокаттын катышуусу милдеттүү[154]; ошондой эле пробациялык баяндама дайындалат.[155]

Мындан сырткары, 16 жашка чейинки балдарга карата иштер жабык режимде каралуусу мүмкүн.[156]

Эгерде бул суроону соттук териштирүүнүн жүрүшүндө камсыз кылууну карай турган болсок, суракка алууда ата-энелер/өкүлдөр жана зарылчылыкка жараша психолог катышышат, 16 жашка чейинки балдарда болсо, билип туруп жалган көрсөтмөлөрдү бергендиги үчүн жоопкерчилик жөнүндө алдын ала эскертилбейт.[157] Жабырлануучу жана күбө катары саналган балдарды суракка алуу айыпкердин катышуусуз өткөрүлүүсү мүмкүн, бирок ага көрсөтмөлөр угузулат.[158]

---

[150] Баланы соттоо боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун Минималдуу стандарттык эрежелери (Бээжин эрежелери).
29-ноябрь 1985-жылы Башкы Ассамблеянын 40/33 резолюциясы менен кабыл алынган. 10.1-10.3-пп;
[151] Ошол жерде, 6.1.
[152] Баланын укуктары жөнүндө Конвенция.1989-жылдын 20-ноябрында Башкы Ассамблеянын 44/25-резолюциясы менен кабыл алынган.URL:
https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/childcon.shtml
[153] КР КПК, 48-берене.
[154] Ошол жерде, 4-пункт, 1-б., 51-берене.
[155] Ошол жерде, КР КПК 280-берене, 4-бөлүгү: «Кылмыш-жаза кодексинин 82 жана 109-беренелеринде каралган учурларда, судья, кылмыш иши боюнча сот балдар, аялдар, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар тарабынан жасалган кылмыштар жөнүндө пробация органына милдеттүү түрдө пробациялык баяндама даярдоону тапшырат. Айыпталуучулардын калган бөлүгүнө карата судья өз каалоосу боюнча пробация органына пробациялык баяндаманын протоколун даярдоону тапшыра алат”.
[156] Ошол жерде, КР КПК 291-берене, 2-бөлүгү.
[157] Ошол жерде, КР КПК 329-берене, 4-бөлүгү.
[158] Ошол жерде.

Кылмыш-жаза мыйзамында жашы жетелек өспүрүмдөрдүн жаш курагы жумшартылган жазалар, альтернативдүү чаралар аркылуу эске алынат (тарбиялоочу же пробациялык көзөмөлдөө), эскирүү мөөнөтүн жана соттолгондугун кыскартуу, ошондой эле суракка алуулардын жана соттук териштирүүлөрдүн атайын процедуралары.[159]

Жашы жетелек өспүрүмдөрдүн иштери боюнча кылмыш-жаза сот адилеттигинин тартиби[160] алардын жаш курагын, өнүгүүсүн жана жашоо шарттарын эске алат,[161] адвокаттын,[162] мыйзамдуу өкүлдөрдүн[163] мугалимдердин жана психологдордун[164] милдеттүү түрдө катышуусун камтыйт, жазалоонун альтернативдүү чараларын, [165] укуктарды бардык этаптарда коргоону караштырат.[166] Өзгөчө бөлүп көрсөтүүчү нерсе, улуттук мыйзамдар кылмыш-жаза сот өндүрүшү тутумунан чыгаруу боюнча чараларды караштырат.[167]

КРда 2023-2026-жылдарга карата сот адилеттиги тутумун өнүктүрүү" Мамлекеттик максаттуу программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын Планында адистештирилген ювеналдык соттордү алып баруу караштырылган,[168] 2024-жылдын 3-кварталына карата тиешелүү мыйзам долбоорлору иштелип чыгуусу керек болчу, бирок пландын бул бөлүгүндө ишке ашырылуусу жөнүндө маалымат берилген жок.[169]

Респонденттердин (адвокаттар, юристтер, МКЖЮ адвокаттары) бардык топторунун арасында жүргүзүлгөн тереңдетилген маектешүүлөрдүн негизинде кылмыш-жаза процессинде жашы жетелек өспүрүмдөрдүн укуктары соттук этапта жакшы сакталат деген корутундуга келүүгө болот, анда мыйзамдуу өкүлдөрдүн, мугалимдердин жана психологдордун катышуусу камсыз кылынат, бирок тергөө этапында бул ар дайым эле камсыз кылына бербейт.

Адвокаттар жашы жетелек өспүрүмдөргө карата өндүрүштү сотко жеткирбөөгө мүмкүндүк берген көзөмөлдөө жана кыскартуу ченемдерин ийгиликтүү колдонуу боюнча мисалдарды келтиришти, булар сотко жеткирбөөгө мүмкүндүк берет. Юристтер көрсөтмөлөрдү депонирлөөнү сейрек колдонулгандыгын, биринчи суракка алуулардын видео жаздырууларына кайдыгер мамиле жасоону жана социалдык кызматкерлердин формалдуу катышуусун белгилешти. МКЮЖ адвокаттары баш коргоо чараларын тандоону жана жашы жетелек өспүрүмдөрдү кылмыш-жаза тутумунан чыгарууну кошкондо, ченемдерди толугу менен сактоонун өзүнчө мисалдары менен бөлүшүштү, бирок тергөө стадиясында мыйзам бузуулар көп кездешерин, анын ичинде ыкчам кызматкерлер тарабынан коркутуулар орун аларын белгилешти.

Корутундулар

[159] КР КЖК, 96-114-беренелер.
[160] Ошол жерде, 457-берене.
[161] Ошол жерде, 458-берене.
[162] Ошол жерде, 463-берене.
[163] Ошол жерде, 465-берене.
[164] Ошол жерде, 464-берене.
[165] Ошол жерде, 479-480-беренелер.
[166] Ошол жерде, 457-480-беренелер.
[167] Ошол жерде, 469-470-беренелер.
[168] Кыргыз Республикасынын соттук башкаруу системасын өнүктүрүү боюнча 2023–2026-жылдарга мамлекеттик максаттуу программаны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы, 2.1-пункт.
[169] Кыргыз Республикасынын Судьялар Кеңешинин 2024-жылдын 16-августундагы С-01-250/24 номурундагы кат. Архив долбоору.

1. КР Кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамы жалпысынан, мыйзам менен чатагы бар жашы жетелек өспүрүмдөрдүн жаш курагын, психоэмоционалдык абалын жана башка өзгөчөлүктөрүн эске алууга багытталган ченемдерди камтыйт. Мыйзам кылмыш куугунтугуна альтернатива чараларды колдонууга жол берет, анын ичинде тараптардын жарашуусуна байланыштуу кылмыш ишин кыскартуу, кепилдикке берүү, коомдук иштерди аткаруу, пробациялык көзөмөл жана медиацияны камтыйт. Мындай жоболор эл аралык стандарттарга, анын ичинде Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын 14(4)-беренесине, БУУнун Балдар укуктары жөнүндө конвенциясынын 40-беренесине жана БУУнун Пекин эрежелеринин (11 жана 17-эрежелер) жоболоруна шайкеш келет. Бирок иш тажрыйбасында бул альтернативдик чаралар өтө сейрек колдонулат. Күнөөлүү деп табылган жашы жетелек өспүрүмдөргө карата негизинен эркиндикти чектөө менен байланышкан жазалар дайындалууда, анын ичинде ДТМ (дарылоо-түзөтүү мекемелерине) же тарбиялоо абактарына жөнөтүү, бул болсо балдарга карата таасир этүү чараларында эркиндигинен ажыратууну акыркы чара катары колдонуу принцибине каршы келет.

2. Кыргыз Республикасында азыркы учурда БУУнун Баланын укуктары боюнча комитетинин тиешелүү сунуштарына жана эл аралык документтердин жоболоруна карабастан, жашы жетелек өспүрүмдөрдүн иштери боюнча адистештирилген соттордуу (ювеналдык соттордуу) түзүү боюнча максаттуу иштер жүргүзүлбөй келет.

Айрым соттордо жашы жетелек өспүрүмдөрдүн катышуусундагы иштерди кароо тажрыйбасына ээ соттордун ортосунда иштерди бейрасмий бөлүштүрүү тажрыйбасы бар, бирок бул ювеналдык сот адилеттиги институтунун ордун алмаштыра албайт. Адистештирилген соттордун жоктугу баланын мыкты кызыкчылыктарын эске алган туруктуу тажрыйбаны камсыз кылууну кыйындатат жана жаш курактык өзгөчөлүктөрдүн жетишсиз түрдө эске алынуусуна, кайрадан кайталап виктимизациялоо тобокелчилигине, балдарга карата сот адилеттигине формалдуу мамиле жасоого алып келет. Эл аралык стандарттар, анын ичинде БУУнун Пекин эрежелери (22.1-п.) жашы жетелек өспүрүмдөр менен иштөө боюнча атайын даярдыктан өткөн өзүнчө соттордуу же адистештирилген сот курамдарын түзүүнү ачык сунуш кылат. Мындай моделди ишке киргизүү балдарга карата сот адилеттигинин сапатын жогорулатмак, ошондой эле калыбына келтирүүчү жана реабилитациялык ыкмаларды кеңири колдонууга мүмкүндүк бермек.

Сунуштамалар

1. Жашы жетелек өспүрүмдөргө карата кылмыш иштери боюнча адистештирилген соттордуу, же соттордун бөлүнүп алынган курамын артыкчылыктуу тартипте карап чыгуу сунушталат. Мындай чара мыйзам менен чатагы бар балдардын жаш курактык, психологиялык жана социалдык өзгөчөлүктөрүн эске алууну камсыз кылат, реабилитациялоого жана ресоциализациялоого шарт түзөт. Бул эл аралык стандарттарга, анын ичинде БУУнун Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө конвенциясынын 14 (4)-беренесине, БУУнун Баланын укуктары жөнүндө конвенциясынын 40-беренесине, ошондой эле БУУнун Пекин эрежелерине шайкеш келет. Адистештирилген соттор кыйла гумандуу, жекелештирилген жана кайра калыбына келтирилүүчү сот адилеттигин камсыз кылат. Ошондой эле, мындай иштерди караган соттордуу милдеттүү түрдө даярдоону жана сертификациялоону караштыруу зарыл. Мыйзам чегинде мындай соттордун компетенттүүлүгүн жөнгө салуу жана алардын пробация, билим берүү жана социалдык жактан коргоо органдары менен ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу керек.

2. Сотко чейинки териштирүү органдарына, прокуратура органдарына, КР сотторуна баланын эң мыкты кызыкчылыктары принциптерин, кайрадан виктимизациялоого жол бербөөнүн жана juvenile justice чөйрөсүндөгү эл аралык стандарттардын талаптарын эске алуу менен жашы жетелек өспүрүмдөрдүн катышуусундагы кылмыш иштерин иликтөөнүн стандарттарын (протоколдорун) иштеп чыгуу жана ишке киргизүү сунушталат. Дал ушундай эле стандарттар пробация кызматында дагы кабыл алынышы керек.

3. Кошумча түрдө кылмыш-жаза процессинде жашы жетелек өспүрүмдөргө мамиле кылуу суроолору боюнча тиешелүү адистерди (тергөөчүлөрдү, прокурорлорду, соттордү, пробациянын кызматкерлерин) милдеттүү түрдө окутууну уюштуруу зарыл. Окутуу үзгүлтүксүз негизде жүргүзүлүшү керек жана адистин иштердин бул категориясы менен иштешүүгө даярдыгын ырастаган сертификациялоо менен аяктоосу зарыл. Окутууда өзгөчө көңүл бурулууга тийиш: жашы жетелек өспүрүмдөрдү суракка алуунун жана маектешүүнүн өзгөчөлүктөрүнө; психологиялык-педагогикалык аспектилерге; купуялуулукту сактоо кепилдиктерин жана кысымга алууга жол берилбестигин сактоого; таасир этүү жана жазалоо чараларын дайындоодо кайра калыбына келтирүү, медиция жана жекелештирилген ыкма принциптерине.

3.6-КК. Өлкөнүн кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамы өзүнө каршы көрсөтмө берүүгө же өзүн күнөөлүү деп эсептөөгө мажбурланбоо укугун караштырат. Бул укук иш тажрыйбасында ишке ашырылган

Сыпаттамасы

Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө баа берүүдө ушул көзөмөлдөөчү көрсөткүчтүн ЖСУЭПтин 7жана 10(1)-беренелери менен өз ара байланышты эске алуу керек.[170] Мыйзам

Мыйзам мындай усулдардын же мажбурлоонун башка бардык формаларынын жардамы менен алынган далилдер толугу менен колдонууга болбой тургандыгын талап кылуусу керек.[171] Бул сотко чейинки иликтөө процессинде моюнга алган көрсөтмөнү алуу максатында тергөө органдары тарабынан физикалык дагы, ошондой эле психологиялык дагы кысым көрсөтүү толугу менен жоюлушу керек дегенди билдирет. Мыйзамсыз кысымдын таасири астында айыпталуучу жасаган бардык мойнуна алуу көрсөтмөлөрү колдонууга болуучу далилдер деп эсептелбеши керек жана алар тиешелүү компетенттүү органдарда, анын ичинде биринчи инстанциядагы сотко датталышы зарыл. Айыпталуучунун мындай көрсөтмөлөрү милдеттүү түрдө каралууга жатат, ал эми мыйзамсыз түрдөгү мажбурлоонун бардык белгилери туура текшерилүүсү жана далилдердин колдонулушуна баа берүүдө эске алынышы зарыл.

Айыпталуучунун укуктарын бузуунун, өзгөчө күч колдонуу, коркутуу, алдоо же башка формалардагы кысым көрсөтүүнүн натыйжасында алынган күнөөсүн моюнга алуу көрсөтмөлөрү аркылуу алынгандыгы, айыптоочу өкүм чыгарууга негиз боло албайт. Соттор мындай билдирүүлөрдү кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн бардык баскычтарында, анын

[170] ЖСУЭП, 7-берене, «Эч ким кыйноолорго же мыкаачы, адамдык абийирди кемсинткен же кордогон мамилеге же жазалоого дуушар болбошу керек". ЖСУЭП, 10-берене (1): «Эркинен ажыратылган бардык адамдар адамдын түбаса кадыр-баркына ылайык гумандуу мамилеге жана урматтоого укуктуу"

[171] "Кыйноолорго жана башка ырайымсыз, адамзаттык кадыр-баркты кемсинткен же басмырлаган мамилелерге жана жазалоонун түрлөрүнө каршы Конвенция. 15-берене: Кыйноо аркылуу алынган деп аныкталган эч кандай билдирүү соттук кароонун жүрүшүндө далил катары колдонулбашы керек. Бул эреже, эгерде билдирүү азаптоого айыпталган адамга каршы ошол билдирүүнү азаптоо жолу менен жасалганын ырастоочу далил катары пайдаланылса гана колдонулбайт".

ичинде тергөөгө чейинки жана соттук этаптарда кароо ыйгарым укуктарына ээ болушу керек.

Кыйноо же башка катаал, адамгерчиликсиз же ар-намысты басынткан мамилелер менен алынган мойнуна алуу көрсөтмөлөрүн колдонууга, БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясынын жана Кыргыз Республикасынын башка эл аралык милдеттенмелеринин талаптарына ылайык түздөн-түз тыюу салынышы керек.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР КПК эч ким өзүнө, өзүнүн жубайына (жолдошуна) жана (же) чөйрөсү жакын туугандарына каршы күбөлүк кылууга милдеттүү эмес экендигин караштырат.[172] Эгерде шектүүлөр жана айыпталуучулар жөнүндө айта турган болсок, анда КР КПК көрсөтмөлөрдү берүү же аларды берүүдөн баш тартуу укугун берет.[173]

Бирок шектүү жана айыпталуучу кароого, жеке тинтүүгө, врачтык кароого, дактилоскопиядан өтүүгө жана башка процессуалдык аракеттерге мыйзамдын алкагында гана кириптер кылынышы мүмкүн.[174] Мындай учурда ушундай тергөө аракеттеринин жыйынтыгында алынган көрсөткүчтөр көрсөтмө берүүгө теңештирилбейт.

Муну менен катар эле, тергөө, сот жана башка процессуалдык аракеттерди жүргүзүүдө коркутууларды, зомбулукту жана башка мыйзамсыз аракеттерди колдонууга жол берилбейт.[175] Бул кепилдикти ишке ашыруунун механизми кыйноо же ырайымсыз мамиле колдонуу аркылуу алынган бардык далилдер сотто кабыл алынбоо түрүндө аткарылуусу иүикүн.[176] Сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө кыйноолорду, зомбулукту, коркутууну, алдоону, ошого тете башка мыйзамсыз аракеттерди жана катаал мамилени колдонуу менен алынган күбөнүн, шектүүнүн, айыпталуучунун көрсөтмөлөрү жол берилгис далилдер деп эсептелет.[177]

Соттук териштирүүлөргө мониторинг жүргүзүү каралып чыккан 325 окуянын ичинен 79,1% (254 иш) судьялар айыпталуучуларга күнөөсүн моюнга алуу сотко чейинки стадияда болгондугу жөнүндө суроо беришти, окуялардын 21,8% болсо, (71 иш) мындай суроолор берилген жок. Ошол эле учурда окуялардын 1,53% учурунда (5 иш) айыпталуучулар мурун берген көрсөтмөлөрүнөн баш тарта тургандыгы жөнүндө оозеки билдиришти, алар мындай кадамдарына тергөө органдары тарабынан психологиялык же дене бойлук кысым көрсөтүүнүн негизинде беришкенине шилтеме келтиришти. Окуялардын 0,61% учурунда (2 иш) мындай арыздар адвокаттар тарабынан процессуалдык өтүнмөлөр түрүндө жол-жоболонгон. Мониторинг жүргүзүүнүн көрсөтмөлөрүнө ылайык, мындай окуялардын бирөөсүндө судья мамлекеттик айыптоочуга тергөөчүнү чакыруу жана суракка алуунун видео жаздыруусун көрсөтүү тапшырмасын берген, бирок айыптоочу тергөөчү ооруканада дарыланып жатканын билдирген. Башка окуяда болсо, сот айыпталуучудан суракка алууда адвокат катышты беле деп тактаган, бул сурооого айыпталуучу ал келгенче кыйноолор колдонулду деп жооп берген. Беш иште сот кысым көрсөтүү колдонулгандыгы жөнүндө арыздарды уккан, бирок эч кандай процессуалдык комментарийлерди же көрсөтмөлөрдү бербестен, ишти маңызы боюнча кароону улантканы.

[172] КР КПК, 13-берене, 3-бөлүгү.
[173] Ошол жерде, 44-берене, 1-бөлүк, 9-пункт; 46-берене, 1-бөл., 2-п.
[174] Ошол жерде, 44-берене, 3-бөлүк; 46-берене, 3-бөл., 3-п.;191-берене, 3-бөл.
[175] КР КПК, 11-берене, 2-бөлүгү.
[176] КР КПК, 13-берене, 3-бөлүгү.
[177] КР КПК, 80-берене, 4-бөлүгү, 2-пункт.

Ошол эле учурда окуялардын кыйла көбүндө — 97,8% (318 иш) — айыпталуучулар жана алардын коргоочулары тергөө тарабынан физикалык же психологиялык кысым көрсөтүү колдонуу фактылары жөнүндө билдиришкен жок.

Соттук териштирүүлөргө мониторинг жүргүзүү, 325 каралып чыккан иштин ичинен 254 (78,2%) судья айыпталуучудан анын өз күнөөсүн моюнга алуусу сотко чейинки стадияда аткарылганбы тактады. Калган 71 окуяда (21, 8%) бул суроо айыпталуучуларга берилген эмес.

Окуялардын 5 учурунда (1,5%) айыпталуучулар мурда берген көрсөтмөлөрүнөн баш тартуу жөнүндө билдиришти, алар муну ал көрсөтмөлөр тергөөнүн жүрүшүндө дене бойлук же психологиялык кысым көрсөтүүнүн алдында алынган деп шилтеме келтиришти. Мындан сырткары, 2 иште (0,6%) адвокат тиешелүү өтүнмө берди.

Чогултулган көрсөткүчтөргө ылайык, мындай окуялардын бирөөсүндө сот мамлекеттик айыптоочудан тергөөчүнүн катышуусун камсыз кылууну жана суракка алуунун видео жаздыруусун берүүнү суранды. Бирок, прокурордун маалыматы боюнча ооруканада экен жана видео жаздыруулар берилген жок.

Башка окуяда болсо, судья айыпталуучудан суракка алууда адвокат катышты беле деп тактаган, бул сурооого айыпталуучу ал келгенче кыйноолор колдонулду деп түшүндүргөн.

Мындан сырткары, беш иште сот айыпталуучулардан кысым көрсөтүү жана ырайымсыз мамиле колдонулгандыгы жөнүндө арыздарды уккан, бирок аларга эч кандай процессуалдык баа берген жок, эч кандай комментарийсиз ишти маңызы боюнча кароону уланткан.

Ошол эле учурда 318 окуяда (97,8%) айыпталуучулардан же алардын коргоочуларынан дене бойлук же психологиялык кысым көрсөтүлгөндүгү жөнүндө эч кандай арыздар келип түшкөн эмес.

Кыргыз Республикасында кылмыш-жаза процесстерине мониторинг жүргүзүүнүн алкагында өзгөчө көңүл далилдердин жол берүүчүлүгү, мажбурлоого жол бербөө принцибине, ошондой эле айыпталуучунун укуктарынын бузулуусу жөнүндө арыздарга соттун реакциясына бурулду.

Мониторингдин жүрүшүндө соттор же прокурорлор тарабынан моюнга алган көрсөтмө берүү жөнүндө талаптар ачык түрдө болгону катталган жок. Бирок, айрым окуяларда айыпталуучулар, өзгөчө айыптоо тараптын өкүлдөрү тарабынан багыт берүүчү же ишендирүүгө мажбурлоочу суроолор менен интенсивдүү суракка алууга кабылышкан.

Байкоочулар айрым учурларда прокурорлор же жабыр тарткан адамдар тарабынан басым катары кабыл алынуучу, айрыкча "жазаны жеңилдетүү үчүн күнөөсүн моюнга алуу" зарылчылыгы жөнүндө сөз жүрүп жатканда кысым катары кабыл алынуучу сөз айкаштарын колдонгон бирин-эки учурлар катталганын айтышкан. Процесстердин көбүндө судьялар мындай мааниде айтылган сөздөр айыпталуучунун оюн эркин билдирүүсүнө потенуиалдуу таасирин тийгизгенине карабастан, аларга бөгөт коюшкан эмес.

Коргоо моюнга алган көрсөтмөлөр кысым көрсөтүүнүн же укуктардын бузулуусунун негизинде берилди (мисалы, адвокаттын катышуусуз) деп билдирген айрым окуяларда, эрежеге ылайык, соттор бул билдирүүлөрдү текшерип чыгууну демилгелешкен эмес. Көп учурда мындай арыздануулар каралбай эле калган же протоколдо белгиленген деле эмес, бул формалдуу мамиледен кабар берет.

Байкоо жүргүзүлгөн бир катар иштердин ичинен шек туудурган шарттарда алынган далилдер келтирилген (анын ичинде суракка алуулардын протоколдору жана моюнга алган көрсөтмөлөр), мисалы:

- суракка алуу учурунда коргоочунун жоктугу;
- айыпталуучунун андан аркы жүрүм-турумунан өтө айырмаланган көрсөтмөлөр.

Соттор тарабынан мындай далилдердин жол берилүүчүлүгүн иш жүзүндө текшерүү сейрек жүргүзүлдү. Көпчүлүк окуяларда сот алардын иш материалдарында бар экенин гана белгилөө менен чектелип, аларды алуу шарттарына баалоо жүргүзгөн эмес.

Болгону бири-экин окуяларда гана соттор моюнга алган көрсөтмөлөргө сынчыл көз караштарын билдиришкен жана процессуалдык тартипти бузуу менен алынган материалдарды жол берилгис деп таанышкан. Процесстердин негизги массасында, ал тургай, тиешелүү арыздар дагы бар болсо дагы мажбурлоо болушу мүмкүн экендиги көңүлгө алынган эмес.

Визуалдык байкоолордо дене бойлук зомбулуктун ачык белгилери массалык түрдө катталган эмес, бирок байкоочулар айрым окуяларда айыпталуучулардагы жогорку тынчсызданууну, түнттүктү же эмоционалдык жактан басынган абалды белгилешкен, өзгөчө аларга оор кылмыштар боюнча айып коюлган иштерде сезилген. Мындай абалдар соттор тарабынан кысым көрсөтүүнүн мүмкүн болуучу индикаторлору катары каралган эмес.

Бир катар процесстерде айыптоочу тарабынан ал тургай процессуалдык бузуулар орун алса дагы, булар “иштин мазмунуна таасирин тийгизген жок” деген билдирүүлөр айтылган. Мына ошентип, чындыгында мажбурлоону жокко чыгарбай турган шарттарда алынган мойнуна алуулардын колдонулушун актап көрсөтүүгө аракет жасалган, бул эл аралык укуктун стандарттарына каршы келет.

Кыргыз Республикасында соттук териштирүүлөргө мониторинг жүргүзүү буларды көрсөттү: окуялардын көпчүлүгүндө соттук сурактар учурунда айыпталуучудан күнөөсүн моюнуна алдыруу максатында соттордун, прокурорлордун же процесстин башка катышуучуларынын түздөн-түз басым көрсөтүүсү байкалган жок. Ошол эле учурда, айрым учурларда соттор тактоочу же багыттоочу суроолорду берген фактылар катталган, алар, айрыкча коргоочунун активдүү позициясынын жок болгон учурда айыпталуучулар тарабынан кыйыр басым катары кабыл алынышы мүмкүн.

Айыпталуучулардын даректине карата коркутуучу же ишендирүүчү сөздөрдүн айтылуусу системдүү түрдө болгон жок, бирок айрым окуяларда прокуратуранын өкүлдөрү күнөөнү моюнга алган учурда бөгөт коюу чарасын жумшартууну сунушташкан, бул тараптардын оюн эркин билдирүүсүнө карата манипулятивдик таасир этүү катары бааланышы мүмкүн.

Айыпталуучулар же алардын адвокаттары тарабынан сотко чейинки өндүрүш стадиясында кысым көрсөтүү колдонулгандыгы жөнүндө билдирүү түшкөн учурда, соттун реакциясы чектелүү болгон. Мониторинг жүргүзүүнүн маалыматтары көрсөтүп тургандай, бир катар окуяларда соттор мындай билдирүүлөргө процессуалдык баа беришкен эмес жана тиешелүү жагдайларды текшерүү боюнча эч кандай кошумча аракеттерсиз ишти маңызы боюнча кароону уланышкан. Бир-эки учурларда гана судьялар чара көрүшкөн, мисалы, суракка алуунун видео жаздыруусун же адвокаттын катышкандыгы жөнүндө маалыматтарды суратышкан, бирок мындай чаралар эпизоддук мүнөзгө ээ болгон жана сот тажрыйбасынын туруктуу бөлүгү эмес.

Бир нече иштерде күмөндүү жагдайларда алынган күнөөнү моюнга алган көрсөтмөлөр сунушталган, кийин айыпталуучулар аларды кысым көрсөтүүнүн негизинде бергенин билдиришкен. Ал эми соттор болсо, эрежеге ылайык мындай далилдердин жол берүүчүлүгүн болушунча кылдаттык менен изилдешкен эмес. Байкоо жүргүзүлгөн иштердин көпчүлүгүндө мажбурлоо аркылуу алынган далилдердин жол берилбестиги жөнүндө корутундулар чыгарылган эмес.

Айыпталуучуларга карата кысым көрсөтүү болгондугунун белгисин күбөлөндүрүп турган дене бойлук же психологиялык стресстин белгилери бир катар окуяларда белгиленди – тактап айтканда, айыпталуучулар мурда берилген көрсөтмөлөрүнөн баш тартышкан, камакта кармоо шарттарына же коргоочунун жеткиликтүүлүгү чектелгенине даттанышкан. Бирок мындай белгилер сот тарабынан тиешелүү укуктук реакцияны ала алышкан эмес.

Кысым көрсөтүү менен алынган далилдерди колдонууну актоого аракет кылуу түзмө-түз байкоо жүргүзүлгөн иштерде ачык жасалган эмес, бирок мындай билдирүүлөрдү текшерүүнүн натыйжалуу процессуалдык механизминин жоктугу иш жүзүндө аларды кыйыр түрдө таануу үчүн негиз берет.

Бул жагдай далилдердин жол берилүүчүлүгүнүн үстүнөн соттук көзөмөлдү күчөтүү жана айыпталуучунун укуктарын бузуу менен, анын ичинде кысым колдонуу жолу менен алынган далилдерди пайдаланууга тыюу салууну камсыз кылуу зарылдыгын көрсөтүп турат.

КРнын ККУБ 2022-жылдагы отчетунда укук колдонуу тажрыйбасындагы көйгөйлөрдүн бири катары кыйноо жолу менен алынган көрсөтмөлөр сотто айыпталуучунун күнөөсүн далилдөөчү жол берилүүчү жана кабыл алынуучу далил катары таанылышы мүмкүн экендиги аныкталган. [178]

Тереңдетилген маектешүүлөрдүн жыйынтыгы адвокаттардын ою боюнча, айыпталуучунун унчукпоону сактоо укугу жалпысынан, өзгөчө соттук териштирүү этаптарында сакталып жатат.

Муну менен катар эле, алар бул укукту түшүндүрүү адатта формалдуу мүнөзгө ээ экендигин белгилешет, ушуга байланыштуу, ал алардын өздөрүнө гана эмес, ошондой эле алардын жакын туугандарына дагы жайылтыларын эске алганда айыпталуучулар анын мазмунун жана көлөмүн дайыма эле эске ала беришпейт.

Юристтер прокуратура органдары тарабынан дагы манипуляциялык жүрүм-турумдар байкалган учурларды белгилешет, алар мисалы, күнөөнү моюнга алса бөгөт коюу чарасын жумшартуу жөнүндө сунуштар түрүндө билдирилет, бул кыйыр кысым көрсөтүү катары кабыл алынышы мүмкүн.

Кээ бир респонденттер ошондой эле соттордун айрым аракеттери, өзгөчө айыпталуучунун дарегине карата анын иш боюнча позициясын тактоочу суроолор, анын көрсөтмө берүүгө байланыштуу чечимине кыйыр таасир кылуу формасы катары бааланышы мүмкүн.

МКЮЖ адвокаттары сотто көрсөтмө берүүгө түздөн-түз мажбурлоо байкалбайт, бирок сотко чейинки өндүрүш баскычында тергөө органдары тарабынан кысым көрсөтүү учурлары орун алат деп ырасташты. Мындан тышкары, алар айыпталуучу менен коргоочунун ортосунда купуялуулукту сактоо менен сүйлөшүү үчүн ылайыктуу шарттардын

[178] Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борбордун 2022-жыл үчүн жылдык баяндамасыURL: https://npm.kg/wp-content/uploads/2023/03/Ezhegodnyj-doklad-za-2022-god-na-ofitsialnom-yazyke.pdf

жоктугуна байланышкан системалуу көйгөй бар экенин белгилешти, бул болсо натыйжалуу коргонуу укугун жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылат.

Корутундулар

1. Мониторинг жүргүзүү кысым көрсөтүүнүн жана мажбурлоонун белгилерине натыйжалуу таасир этүү тажрыйбасы чектелүү боюнча калгандыгын көрсөттү. Сот органдары эрежеге ылайык, далилдердин жол берүүчүлүгүн жеке демилге боюнча текшерүүнү демилгелебейт, ал эми коргоочунун арыздарына кайдыгер мамиле жасалган же алар катталбай калган учурлар аз эмес. Бул болсо, төмөнкүлөрдүн зарылдыгын күбөлөндүрүп турат.

2. Мыйзам шектүүлөрдүн жана айыпталуучулардын көрсөтмөлөрдү берүү жана алардан баш тартуу укуктарына кепилдиктерди берет, аларды өзүнө жана жакындарына каршы күбө катары көрсөтмө берүүгө мажбурлоодон коргойт, далилдерди чогултууда, анын ичинде мындай далилдерди жоюуну кошкондо кыйноолорду же ырайымсыз мамилени колдонууга жол берилбестигин тааныйт. Бирок иш тажрыйбасында соттук териштирүү стадиясында көрсөтмөлөрдү берүүгө мажбурлоо максатында манипуляциялоо, сотко чейинки стадияда көрсөтмөлөрдү берүүгө мажбурлаган учурлар, ошондой эле айыпталуучулардын укуктарын формалдуу түрдө түшүндүрүү, окуялары кездешүүдө.

3. Кылмыш-жаза процесстеринде кыйноолорду, ырайымсыз, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелерди же мажбурлоонун башка түрлөрүн колдонуу менен алынган далилдерди кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө колдонууга тыюу салууну сактоого соттук көзөмөл жүргүзүү алсыз бойдон калууда. Муну күчөтүү Кыргыз Республикасынын Конституциясында дагы, ошондой эле өлкөнүн эл аралык - БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясындагы милдеттенмелеринде дагы бекитилген кыйноолорго жол берилбестик принцибин сактоого жол ачат. Ал ошондой эле, адилеттүү соттук териштирүүнүн кепилдиктеринин деңгээлин жогорулатат, коомдун сот адилеттигине ишенимин бекемдейт жана жол берилгис далилдердин негизинде айыптоочу өкүмдөрдү чыгаруу тобокелчилигин төмөндөтөт. Муну артыкчылыктуулугун карай турган болсок, бул мыйзамсыз түрдө мажбурлоодон коргоо жок нерсе эмес, тескеринче туруктуу стандарт болуп эсептелет, бирдиктүү сот тажрыйбасын калыптандыруунун негизин түзөт.

Сунуштамалар

1. КР ЖК сунушталат: 1) Далилдердин жол берилүүчүлүгүн текшерүү стандарттарын жогорулатуу суроосун мыйзам түрүндө бекитүү. 2) Кыйноолор же мажбурлоо жөнүндө билдирүүлөрдү каттоо механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү, андан соң милдеттүү түрдө процессуалдык чара көрүүнү камсыз кылуу.

2. КР Биринчи инстанциядагы сотторуна сунушталат: сотко чейинки иликтөө стадияларында алынган бардык далилдердин жол берүүчүлүгүнө милдеттүү түрдө текшерүү жүргүзүү, өзгөчө муну кийинки учурларда жүргүзүү: айыпталуучу мурда берген көрсөтмөлөрүнөн баш тарткандыгы жөнүндө билдирген учурда, же ага тергөө органдары кысым көрсөтүп жатышкандыгын айтып жаткан учурларда. 2) мындай билдирүүлөрдү жөн гана угуп койбостон, конкреттүү процессуалдык аракеттерди кабыл алуу: суракка алуулардын видео жаздырууларын талап кылуу, тергөөчүлөрдү жана күбөлөрдү суракка алуу, тергөө аракеттеринде адвокаты бар болгонбу текшерүү, ошондой эле далилдердин жол берүүчүлүгү же жол берилбөөчүлүгү жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн корутунду чыгаруу. 3) Айыптоо тарабынан айыпталуучуга карата жасалган бардык аракеттерге, мейли ал жасалмалоолорду ынандырган кыйыр түрдөгү кысым көрсөтүү болсун, же болбосо күнөөнү моюнуна алгандыгы үчүн жазалоо чарасын жумшартууга убада кылуу болсун – мунун

баарына бөгөт коюу зарыл. 4) Сотторго айыпталуучуларга алардын унчукпай коюу укугун, бул укук жакын туугандарына толук көлөмдө жана түшүнүктүү формада жайылтыларын түшүндүрүүгө милдеттендирүү.

3. КР ЖС кысым көрсөтүү, кыйноолор шарттарында же жол берилгис жүрүм турумдун башка формаларында алынган далилдердин жол берилүүчүлүгүнө баа берүү тажрыйбасын жөнгө салган ченемдик токтом кабыл алуусу зарыл. Аталган токтомго кийинки негизги жоболорду кошуу максаттуу: 1) Кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө кыйноо, зомбулук, коркутуу, алдоо, психологиялык басым жана мажбурлоонун башка формаларын колдонуу менен алынган далилдерди, алардын ишенимдүүлүгүнө карабастан колдонууга түз тыюу салуу. 2) Далилдер айыпталуучунун укуктарын бузуу менен алынышы мүмкүн деген негиздер бар болгон учурларда, соттордун өз демилгелери (ex officio) боюнча моюнга алынган айыптардын жол берүүчүлүгүн текшерүүгө милдеттендирүү. 3) Айыпталуучу же коргоочу тергөө органдары тарабынан кысым көрсөтүү жасалып жаткандыгы жөнүндө билдиргенде процессуалдык аракеттердин так алгоритми: тиешелүү кызмат адамдарын чакыруу, видео жаздырууларды талап кылуу, адвокат катышканбы текшерүү, күбөлөрдү суракка алуу, өкүмдүн жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнүн жыйынтыктарын белгилөө. Айыпталуучуга анын унчукпай коюу укугун, бул укук жакын туугандарына толук көлөмдө жана түшүнүктүү формада жайылтыларын милдеттүү түрдө түшүндүрүү, мунун аткарылгандыгын сот отурумунун протоколунда чагылдырууну караштырган талап. Айыптоонун өкүлдөрү тарабынан дагы, ошондой эле соттордун жүрүм-турумдарында дагы – күнөөнү моюнуна алса, анын ордуна жаза чарасын жумшартууну убадалаган же четин чыгарган манипуляциялык билдирүүлөрдү колдонууга тыюу салуу. Мындай далилдерди жол берилүүлүүлүк далилдердин арасынан алуу, алардын соттун акыркы чечимине таасирин тийгизүүсүнө жол бербөө зарылдыгын көрсөтүү. Мындай чечнемдик актыны кабыл алуу КР Конституциясына дагы, ошондой эле эл аралык укукка дагы шайкеш келген сот адилеттигинин стандарттарын бирдиктүү колдонууга жол ачат, жана кылмыш-жаза процессинде адам укуктарын коргоону күчөтүүнүн маанилүү кадамы боло алат.

3.7-КК. Улуттук кылмыш-жаза мыйзамы жана укук колдонуу тажрыйбасы ар бир адамдын ага каршы көрсөтмө берген күбөлөрдү суракка алууга, ошондой эле өзүнүн күбөлөрүн чакырууга укуктуу

Сыпаттамасы

Айыпталуучу ага каршы көрсөтмө берген күбөлөрдү суракка алууга укуктуу же бул күбөлөр суракка алынуусуна укуктуу, жана ага каршы көрсөтмө берген күбөлөр үчүн түзүлгөн шартта ал өзүнүн күбөлөрүн чакырууга жана суракка алууга укуктуу.[179] Айыпталуучу ага каршы күбөлөрдү айыптоочуга окшош эле шартта чакырууга жана суракка алууга укуктуу. Ошондуктан, адилеттүү соттук териштирүү кепилдигин берүү үчүн улуттук сот күбөлөрдү суракка алуунун атаандаштыгы мүмкүнчүлүгүн алдын ала караштыруусу керек. Күбөлөрдү чакыруу укугу деген чексиз сандагы күбөлөр чакырылышы мүмкүн дегенди түшүндүрбөйт. Чакырылышы зарыл болгон күбөлөр ишке тиешеси бар болушу керек. Улуттук соттор айыпталуучуга жана анын (кыз/эркек) адвокатына даярдануу жана күбөлөрдү суракка алуу үчүн жетиштүү убакыт бөлүп бериши керек. Сот коргоочунун кесиптик жүрүм-турумундагы ачык кемчиликтерге кунт коюп көңүл бурууусу керек, адилеттүү соттук териштирүүнү, анын

[179] ЖСУЭП, 14 (3) (е)-берене;

ичинде тараптардын тең укуктуулугун камсыз кылуу үчүн зарылчылыкка жараша кийлигишүүсү зарыл.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР КПК кылмыш-жаза сот өндүрүшү айыптоо жана коргоо тараптарынын тең укуктуулугунун жана атаандаштыгынын негизинде жүзөгө ашырылуусун караштырат.

Сот эки тараптын тең процессуалдык укуктарын жүзөгө ашыруусу үчүн зарыл шарттарды түзүүгө жана ар бир тарапка жеткиликтүү далилдерге гана негизденүүгө милдеттүү.[180] Кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамына ылайык шектүүгө жана айыпталуучуга кийинки укуктар берилди: далилдерди келтирүүгө,[181] өтүнүчүн жана четтетүүлөрдү билдирүүгө,[182] өз укуктарын коргоого жана коргоого даярдануугa,[183] тергөө аракеттерине катышууга, иштин материалдары менен таанышууга жана тергөө органдарынын аракеттерине даттануугa.[184] Эскерте кетчү нерсе, эгерде бул көзөмөлдөөчү көрсөткүчтү соттук отурумга чакырылууга жаткан адамдардын тизмеси менен камсыз кылуу зарылдыгынан алып карасак, анда КР КПК мындай мүмкүнчүлүктү тергөөнүн аяктагандыгы боюнча айыптоочу актты алуу учурунда караштырат.[185] Соттук териштирүү боюнча айта турган болсок, сот процесстин катышуучулары болуп саналган адамдарды чакыртуу жөнүндө тескемени берет,[186] жана эки тараптан тең күбөлөрдү суракка алуу үчүн бирдей шарттарды камсыз кылат.[187] Соттук териштирүүдө күбөлөрдү суракка алуу эрежелерине ылайык, күбөлөр өз-өзүнчө суралат,[188] видеоконференциялык байланыштарды колдонуу мүмкүнчүлүгү менен.[189] Балдарды суракка алууда ата-энелер, педагогдор же психологдор катышышат, ал эми 16 жаштан ылдыйкы балдарга жалган көрсөтмө бергендиги үчүн эскертүү берилбейт.[190] Сот тараптардын укуктарынын бузулгандыгы жөнүндө билдирүүлөрүн эске алууга жана коюлган өтүнүчтөрдү кошо алганда, алардын процесске толук кандуу катышуусун шарттарды камсыз кылууга милдеттүү.[191] Соттун чечимдери изилденген далилдерге гана негизделиши керек.[192]Сот далилдерди изилдөөнүн тартибин тараптардын ой пикирлерин эске алуу менен гана аныктайт.[193] Эксперттердин суракка алуу алардын корутундуларын тактоо үчүн жүргүзүлөт.[194]

Күбөнүн, анын жакын туугандарынын, жубайынын коопсуздугун камсыз кылуу зарыл болгондо, сот күбөнүн инсандыгы жөнүндө так маалыматтарды угузбастан, аны соттук териштирүүнүн башка катышуучулары көрбөй турган шартта суракка алууга укуктуу, бул жөнүндө сот токтом же аныктама чыгарат. Көрсөтмө берип жаткан адам жөнүндө анык маалыматтарды ачуу тууралуу негизделген өтүнүч тараптар тарабынан билдирилген учурда, айыпталуучуну коргоо же кылмыш ишин кароо үчүн маанилүү жагдайларды аныктоо

[180] КР КПК, 18-берене.
[181] Ошол жерде, пункт 12 части 1 статьи 44, пункт 4 части 1 статьи 46.
[182] Там же, 44-берене, 1-бөлүк, 14-пункт, 46-берене, 1-бөлүк, 5-пункт.
[183] Ошол жерде, 46-берене, 1-бөлүк, 6-пункт.
[184] Ошол жерде, 46-берене, 1-бөлүк, 11-15-пункт.
[185] Ошол жерде, 256-берене, 3-бөлүк.
[186] Ошол жерде, 282-берене.
[187] Ошол жерде, 328-берене, 3-бөлүк, 289-берене, 1-бөлүк.
[188] Ошол жерде, 328-берене.
[189] Ошол жерде, 290-берене.
[190] Ошол жерде, 329-берене.
[191] Ошол жерде, 293-322-беренелер.
[192] Ошол жерде, 289-берене, 2-бөлүк.
[193] Ошол жерде, 325-берене.
[194] Ошол жерде, 332-берене.

зарылдыгына байланыштуу сот тараптарга көрсөтүлгөн маалыматтар менен таанышуу мүмкүндүгүн берүүгө укуктуу (КР КПК328-бер.).

Соттук териштирүүлөргө мониторинг жүргүзүү окуялардын 56,6% учурунда (325 ичинен 184 иш) кылмыш-жаза соттук териштирүүгө катышуу үчүн күбөлөр чакырылган. Калган окуялардын 43,4% учурунда (141 иш) процесске күбөлөр катышышкан эмес.

Соттук процесске катышуу үчүн күбөлөр чакырылган 184 окуянын ичинен 82,6% учурунда (152 иш) күбөлөрдү чакыруу үчүн өтүнүчтү айыптоочу тарап өткөргөн, ал эми 17,4% учурунда болсо (32 иш) күбөлөрдү чакыруу жөнүндө өтүнүч коргоочу тараптан өткөрүлгөн. Кыргыз Республикасында соттук териштирүүлөргө мониторинг жүргүзүү, көпчүлүк учурларда тараптарга күбөлөрдү суракка алуу мүмкүнчүлүгүн бериле тургандыгын, ошол эле учурда көрсөтмөлөрү айыптоо үчүн негиз катары кызмат кылуусу мүмкүн болгондорду суракка алуу мүмкүнчүлүгү берилерин көрсөттү. Бирок, иш тажрыйбасында бул укукту ишке ашыруу бардык учурда эле бирдей шарттарда ишке ашырыла бербейт. Бир катар иштерде тараптардын процессуалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн тең салмаксыздыгы байкалган: айыптоочу тарап, эрежеге ылайык, суракка алууга даярдануу үчүн көп убакыт жана ресурстарга ээ болгон, ал эми анын катарында эле коргоочу тарап иштин материалдарынын же күбөлөрдүн өздөрүнүн жеткиликтүүлүгүнүн чектелүүлүгүнө кабылышкан.

Суракка алуунун атаандаштыгы суроосу дагы тынчсыздануу пайда кылат. Тараптар күбөлөргө суроо берүү укугун формалдуу түрдө алышканы менен, айрым окуяларда коргоочу тарапка суроо берүү үчүн аз гана убакыт берилген, сот суроолордун чөйрөсүн чектеген, муну кайталоо же иштин маңызынан четтөө деп жүйөлөштүргөн. Мындан тышкары, айыптоочу тараптын күбөлөрү коргоочу тарапка алдын ала кабарлоо жүргүзүлбөстөн суракка алынган учурлар да катталган, бул болсо коргоочу тарапты тийиштүү деңгээлде даярдануу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткан.

Суракка алууга даярдануу суроосу өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. Мониторингдин жүрүүсүндө айрым учурларда мөөнөттөрдүн өтө кыска коюлушуна, жылдыруудан баш тартуу же күбөнүн чакырылгандыгы жөнүндө маалыматтын өз убагында берилбегени жагдайларына байланыштуу, коргоочу тараптын өкүлдөрү күбөлөрдү суракка даярдануугa жетишпей калган учурлар катталган. Бул процесске отурумдун алдында гана жаңы киришкен жана иш менен толук кандуу түрдө таанышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес мамлекеттик коргоочулардын катышуусундагы иштерде олуттуу түрдө байкалган.

Демек, күбөлөрдү суракка алуу укугу формалдуу түрдө сакталганына карабастан, аны ишке ашыруунун реалдуу шарттары атаандаштыктын жана тараптардын чектелгендиги орун алгандыгын көрсөтүп турат, бул өзгөчө коргоочу тараптын даярдануусу жана негизги далилдер бөлүгүндө байкалат. Бул жагдайлар кылмыш-жаза процессинде тараптардын реалдуу тең укуктуулугун камсыз кылууга багытталган системдүү талдоо жүргүзүүнү жана процессуалдык кепилдиктерди талап кылат.

Тереңдетилген маектешүүлөрдүн жүрүшүндө адвокаттар соттор күбөлөрдүн катышуусун камсыз кылууга жоопкерчиликти процесстин тараптарына оодарып коюу көйгөйүн белгилешти, ошол эле учурда болсо, мажбурлоо жолу менен келтирүү өтө сейрек колдонулат. Алардын пикири боюнча, ал тургай күбөлөрдүн сот тарабынан чакырылуусу жөнүндө өтүнүчтөр канааттандырылган окуяларда дагы, эрежеге ылайык, алардын катышуусун камсыз кылуу боюнча активдүү аракеттерден карманышат, бул болсо коргоого карата укукту ишке ашыруу үчүн тоскоолдуктарды жаратат.

Юристтер күбөлөрдү чакыруу укугу эки тарап үчүн тең формалдуу түрдө бирдей болгону менен, иш жүзүндө соттор коргоочу тараптын өтүнүчтөрүнө ишенбестик менен мамиле кылышарын белгилешти, бул өзгөчө көрсөтмөлөрү айыптоочунун позициясын жокко чыгара турган күбөлөргө тиешелүү. Мындай өтүнмөлөр алардын негиздүүлүгүнө жетиштүү түрдө текшерүү жүргүзбөстөн эле *“тиешеси жок”* же “ашыкча детализациялоо” жүйөөсү боюнча четке кагылган учурлар сейрек эмес.

Иш жүзүндө болсо, соттор күбөлөрдүн, өзгөчө коргоочу тараптан келе турган күбөлөрдүн келүүсүн камсыз кылуу үчүн толук жоопкерчиликти процесстин катышуучуларына жүктөп койгон учурлар аз эмес, муну менен катар эле мажбурлап алып келүү же таасир этүүнүн башка чаралары сейрек колдонулат. Мындай ыкма Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 14-беренесинде жана БУУнун Пекин эрежелеринин сунуштамаларында (7.1 жана 14.1) бекитилген процессуалдык мүмкүнчүлүктөрдүн тең укуктуулугу сыяктуу принципке карама-каршы келет, аталган жоболор соттун жашы жетелек өспүрүмдөр же камактагы адамдар сыяктуу аярлуу тараптар катышкан соттук териштирүүлөрдө адилеттүүлүктү камсыз кылууга колдоо көрсөтүү зарылдыгын баса белгилешет.

МКЮЖ жаатында иштеген адвокаттар күбөлөрдүн келүүсү көйгөйү реалдуу түрдө бар экенин, бул анын ичинде мажбурлап алып келүүдөн баш тартуудан улам дагы болуп жатканын, сот тарабынан мындай баш тартуулар болсо тиешелүү негиздер менен коштолбостугун белгилешти.

Мындан сырткары, айыптоочу тарап сотко айыптоочу корутундуларды же айыптоо актыларынын долбоорун күбөлөрдүн толук тизмеси жок эле алып келген учурлар катталган, бул болсо коргоочу тараптын суракка алууга даярдануу боюнча мүмкүнчүлүгүн чектейт жана процесттин ачык-айкындуулугу жана тараптардын тең укуктуулугу принциптерин бузат.

Корутундулар

1. Мыйзамда процесстеги атаандаштыкты жана тараптардын тең укуктуулугун камсыз кылган жоболордун бар экенине карабастан, иш жүзүндө бул кепилдиктер коргоочунун процессуалдык укуктарын ишке ашыруудагы тиешелүү шарттардын жоктугу менен бузулуп жатат. Кыргыз Республикасында сот отурумдарына мониторинг жүргүзүү, соттор окуялардын көпчүлүгүндө тараптардын күбөлөрдү чакыруу жана суракка алуу укуктарын формалдуу түрдө тааный тургандыгын, ал эми бул укуктарды реалдуу түрдө камсыз кылуу көп учурда олуттуу чектөөлөр менен коштолорун аныктады.

2. Мониторинг жүргүзүүнүн жүрүшүндө катталган системдүү көйгөйлөрдүн бири, соттун күбөлөрдүн келүүсүн камсыз кылуу жоопкерчилигин процесстин катышуучуларынын өзүнө оодарып коюусу болду. Муну менен катар эле, мажбурлап алып келүү чарасы өтө сейрек колдонулат, жана эрежеге ылайык айыптоочу тараптын демилгеси боюнча гана колдонулат. Коргоочу тарапка болсо, мындай учурларда себептерин түшүндүрмөйүнчө мажбурлап алып келүү четке кагылат, бул анын альтернативдүү далилдөөчү токтом берүү мүмкүнчүлүгүн чектейт жана куралдарды тең укуктуу колдонуу принцибин бузат.

3. Коргоочу тараптын күбөлөрдү чакыруу жөнүндө өтүнүчүн формалдуу түрдө кароо тенденциясы байкалууда. Соттор мындай өтүнүчтөрдү четке кагууга жакын, өзгөчө бул эгерде алардын көрсөтмөлөрү айыптоонун версиясын күмөн санооого алып келүүсү мүмкүн болгон күбөлөргө тиешелүү.

Сунуштамалар

1. КР Жогорку сотуна КР Жогорку сотунун алдындагы Сот департаменти менен биргеликте кылмыш-жаза процесстеринде күбөлөрдүн катышуусун камсыз кылуу механизмин жеткире иштеп чыгуу, ошондой эле күбөлөрдүн катышуусун, алар башка аймакта, чет өлкөдө болсо, же алардын келип катышуусун оорлоткон башка обьективдүү себептер бар болгон учурда, байланышуунун жол берилүүчү жана натыйжалуу формасы катары видеоконференциялык байланышууну колдонуу тажрыйбасын активдештирүү сунушталат. Өзгөчө көңүл күбөлөрдү чакыруу жана суракка алуу суроолорунда тараптар үчүн бирдей шарттарды түзүүнү камсыз кылууга бурулат. Ушуга байланыштуу сунушталат: 1) сотко күбөлөрдүн келүүсүн камсыз кылуу аракеттеринин бирдиктүү протоколун иштеп чыгуу, анын ичинде мажбурлап алып келүү, жашаган жери боюнча чакыруу жана келбей калуу себептерин документ жүзүндө тариздөөнүн процесстик стандарттарын камтуу; 2) биринчи инстанциядагы соттордун баарында күбөлөрдү видеобайланыш аркылуу аралыктан сурак кылуу үчүн маалыматтык жана техникалык инфраструктураны ишке киргизүү; 3) күбөнү чакырууга байланыштуу өтүнүч канааттандырылган учурда, айрыкча эгерде өтүнүч коргоо тараптан келип түшкөн болсо, ал негизги же акталуучу күбөгө тийиштүү болсо, соттордуу аны камсыздоо боюнча активдүү чараларды көрүүгө милдеттендирүү. 4) сот тажрыйбасында, эгерде коргоочу тараптын күбөлөрүн камсыздоо жөнүндө өтүнүчү негиздүү деп табылса, анда аларды сотко алып келүүнү камсыз кылуу – соттун укугу гана эмес, милдети экендигин түшүндүрүү, ал эми көмөктөшүүдөн баш тартуу токтомдо жүйөлөштүрүлүүсү тийиш; 5) соттордуу тараптардын процессуалдык укуктарын коргоонун жана жол берүүчүлүгүнүн эл аралык стандарттарын эске алуу менен, суракка алуунун аралыктан байланышуу технологияларын колдонуу боюнча окутуу жана аларды усулдук материалдар менен камсыз кылуу.

3.8-КК. Улуттук кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамы жана укук колдонуу тажрыйбасы котормочуну колдонуу укугу тажрыйбасын камсыз кылат

Сыпаттамасы

Ар бир айыпталуучу эгерде ал сотто колдонулган тилди түшүнбөсө, же ал тилде сүйлөбөсө, котормочунун акысыз жардамынан колдонууга укуктуу.[195]

Жазуу түрүндөгү документтер соттук териштирүүнүн адилеттүү болуусун коркунучка кирептер кылбай турган көлөмдө которулушу зарыл.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР Конституциясына ылайык кыргыз тили мамлекеттик тил болуп эсептелет, ал эми орус тили расмий тил катары колдонулат.[196] Ошол эле учурда Конституция тилдик белгилери боюнча басмырлоого жол бербейт.[197] Ошондуктан, укук коргоо органдарынын кызматкерлери, судьялар, прокурорлор, адвокаттар жана нотариустар мамлекеттик тилди өздөрүнүн кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл деңгээлде билүүгө милдеттүү.[198]

Ошондой эле кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамы сот өндүрүшү мамлекеттик жана расмий тилде жүргүзүлөрүн караштырат. Ишке катышып жаткан, өндүрүштүн тилин билбеген адамдарга котормочунун кызматтарынан колдонуу, өз эне тилинде билдирүү

[195] ЖСУЭП, 14 (3) (f);
[196] Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 13-берене.
[197] Ошол жерде, 24-берене.
[198] Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Конституциялык Мыйзамынын 32-беренесинин 1-бөлүгү, 17-июль, 2023-жыл, № 140. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112618/edition/1264993/ru

жасоо жана иштин материалдары менен таанышуу укуктары берилет.[199] Муну менен катар эле шектүү[200] жана айыпталуучу[201] квалификациялуу котормочунун кызматтарынан колдонууга жана өз эне тилинде көрсөтмө берет деп бекитилген.

Мыйзамга ылайык, котормочу оозеки соттук өндүрүш баскычында гана берилбейт, ошондой эле жазуу жүзүндөгү документтердин котормосун камсыз кылуу үчүн дагы берилет.[202]

Айыптоочу актыны даярдоодо, эгерде айыпталуучу өндүрүштүн тилин билбесе, текст которулат.[203] Бирок өкүмгө карата мындай эрежелер караштырылган эмес. Демек, өкүм айыпталуучунун өз эне тилине оозеки жүзүндө же ал билген тилге которулушу керек.[204]

Котормочунун өзү болсо, тиешелүү тилди билүүсү керек же сурдокотормочу көндүмдөрүнө ээ болушу керек,[205] мындай болбогондо анын иш билгиликсиздиги аны четке кагуу үчүн негиз болуусу мүмкүн.[206] Мындан сырткары, судья котормочуга анын укуктарын түшүндүрөт жана алдын ала билүү менен туура эмес которгондугу үчүн жоопкерчилик жөнүндө эскертет.[207]

Кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамда котормочунун кызматтары мамлекеттик бюджеттин[208] эсебинен төлөнөт деп белгиленгени менен, жеке тартипте тартылган котормочунун кызматтары үчүн каражаттар кандайча төлөнүшү керектиги белгисиз.

Белгилей кетчү нерсе, эгерде катышуучу сот актысын котормосу менен албаса, сот даттануу берүү мөөнөтүн кайра калыбына келтирүүгө милдеттүү.[209]

Со отурумдарына мониторинг жүргүзүү каралып чыккан 325 кылмыш ишинин ичинен 88,3% териштирүүлөр мамлекеттик тилде (кыргыз тилинде), жана 11,7% — расмий тилде (орус тилинде) өткөндүгүн көрсөттү.

Ошол эле учурда, тереңдетилген маектешүүлөрдүн жыйынтыктарына ылайык, иштердин материалдарын жазуу жүзүндө которуу жүргүзүлбөйт, ал эми оозеки котормо болсо процесстин бардык баскычтарында катталат.

Респонденттердин үч тобу тең – адвокаттар, юристтер жана Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын адвокаттары (МКЮЖ) — оозеки котормонун сапаты, өзгөчө юридикалык терминология бөлүгүндө төмөн экендигин белгилешти. Адвокаттар котормонун тактыгы процессуалдык түшүнүктөрдү камтыган маанини берүүдө кыйынчылыктар көп кездешерин, бул болсо айыпталуучулардын коюлган айыптоолорду түшүнүүлөрүнө жана өз укуктарын билүүлөрүнө түз таасир этүүсү мүмкүн экендигин белгилешти.

Юристтер көйгөй райондук соттордо жана алыскы аймактарда кыйла курч экендигин баса белгилешти, аларда квалификациялуу котормочулардын жетишсиздиги байкалат. Өзгөчө

199 КР КПК, 21-берене.
200 Ошол жерде, 44-берененин 1-бөлүгүнүн 10-11-пункттары.
201 Ошол жерде, 46-берененин 1-бөлүгүнүн 3-7-пункттары.
202 Ошол жерде, 58-берене, 1-бөлүк.
203 Ошол жерде, 256-берене.
204 Ошол жерде, 358-берене, 2-бөлүгү.
205 Ошол жерде, 58-берене,1-бөлүгү.
206 Ошол жерде, 71-берене.
207 Ошол жерде, 314-берене.
208 Ошол жерде, 140-берене, 3-бөлүк.
209 Ошол жерде, 421-берене, 2-бөлүк, 5-пункт.

кыйынчылык чет тилдерине которууну камсыз кылууда пайда болот – мисалы, түрк же пакистандыктардын тилин которууда, – мындай учурларда тиешелүү адистерди издөө маанилүү убакытты ээлөөсү жана процессти кармоосу мүмкүн.

Талас облусундагы МКЮЖ адвокаттарынын бирөөсү чек арага жакын райондордо казак тилдүү айыпталуучулар үчүн котормочунун жоктугу көйгөйүн аныктады, ал жактарда тилдик жагдайларда айырмачылыктар бар экенине карабастан, кыргыз-казак тилдүү котормочулар көп учурда тартылбайт, бул болсо ушул категориядагы адамдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусун чектейт.

Мына ошентип, котормочуга карата укук формалдуу түрдө сакталып жаткандыгына карабастан, иш жүзүндө болсо лингвистикалык коштоонун сапатына жана жеткиликтүүлүгүнө байланыштуу системдүү көйгөйлөр бар, бул болсо аярлууу топторду кошкондо адилеттүү соттук териштирүү укугун ишке ашырууга таасирин тийгизет.

Корутундулар

1. Мыйзамда каралган кылмыш-жаза процессинде котормочуга карата укукту ишке ашыруунун кепилдиктери иш тажрыйбасында толугу менен сакталбайт. Бул баарынан мурун, негизги процессуалдык документтерди айыпталуучу үчүн түшүнүктүү формада берүү милдеттүү түрдө экендигине карабастан, бул негизги процессуалдык документтердин жазуу формасындагы котормосу жок болуусу түрүндө байкалат. Мындан сырткары, оозеки котормонун сапаты өзгөчө юридикалык терминология бөлүгүндө канааттандырарлык эмес боюнча калууда, бул айыпталуучунун айыптоонун мазмунун, өзүнүн укуктарын жана милдеттерин толук кандуу түшүнүүсүн кыйындатат. Өзгөчө кыйынчылыктар квалификациялуу котормочулардын жеткиликтүү болуусу чектелген жана сейрек же чет тилдеринде сүйлөгөн адистер өтө жетишсиз болгон райондук жана алыскы аймактарда байкалууда. Бул факторлор баары чогулуп, өзгөчө адамдардын аярлуу категорияларынын коргонуу укугун, адилеттүү соттук териштирүүгө ээ болуу укугун натыйжалуу ишке ашыруулары үчүн олуттуу тоскоолдуктарды пайда кылат.

2. Кыргыз Республикасында бүгүнкү күндө кылмыш-жаза процессинде котормочулук кызмат көрсөтүүлөрдү координациялоо, сертификациялоо, квалификацияларын жогорулатуу жана мониторинг жүргүзүү функцияларын аткара турган соттук котормочулардын кесипкөй уюму жок. Бул өзгөчө өндүрүштүн тилин билбеген же угуусу боюнча чектөөлөрү бар адамдардын иштерде катышуусунда, аларды лингвистикалык жактан коштоонун тиешелүү деңгээлин камсыз кылууда олуттуу боштуктарды пайда кылууда. Мындай адистештирилген түзүмдөрдү түзүү сот адилеттигинин сапатын жогорулатууга, соттук коргоонун тең укуктуу жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга, ошондой эле адилеттүү соттук териштирүүнүн кепилдиктерин бекемдөөгө жол ачат. Мындан сырткары, бул улуттук тажрыйбанын эл аралык стандарттарга, анын ичинде Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын айыпталуучунун котормочунун акысыз жардамына ээ болуу укугун караштырган жана айыпталуучуну түшүнүксүз тилде көрсөтмө берүүгө мажбурлоого тыюу салган 14-беренесинин 3-пунктунун, (f) жана (g) пунктчаларынын жоболоруна шайкеш келүүсүнө алып келет.

Сунуштамалар

1. КР ЖС алдындагы Сот департаментине сот процесстеринде тилдик коштоонун сапаттарын жогорулатуу максатында, мамлекеттик сатып алууларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашырууда котормочуларга коюлган талаптарды кайра карап чыгуу

жана күчөтүү сунушталат. Өзгөчө көңүл котормочулардын кылмыш-жаза сот өндүрүшү чөйрөсүндөгү квалификацияларынын, анын ичинде юридикалык жана процессуалдык терминдерди колдонуу деңгээлине, ошондой эле иштөө тажрыйбасы болуусуна бурулууга тийиш. Бир эле учурда оозеки жана жазуу формасындагы кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууну каржылоону көбөйтүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу керек, мындай аракеттер кийинкилерге шарт түзөт: 1) сот өндүрүшүнүн тилин билбеген адамдар үчүн негизги процессуалдык документтерди жазуу жүзүндө которуунун жеткиликтүүлүгү менен камсыз кылуу; 2) көрсөтүлүүчү кызматтардын географиялык кулачын кеңейтүү, өзгөчө алыскы жана чек арага жакын жайгашкан райондордо; 3) сейрек жана чет тилдери боюнча адистердин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, анын ичинде которуунун аралыктык формасын колдонуу аркылуу; 4) угуусу боюнча майыптыгы бар адамдар үчүн сурдокотормочуларды тартуу. Жогоруда аталган чаралардын алкагында ошондой эле соттук котормочуларды тандап алуунун жана аккредитациялоонун бирдиктүү критерийлерин киргизүү, соттор жана процесстин катышуучулары үчүн жеткиликтүү сертификацияланган адистердин реестрин жарыялоо максаттуу.

2. КР ЖС жана КР ЮМ сунушталат: 1) соттук териштирүүлөрдү жана башка процессуалдык аракеттерди тилдик камсыздоонун сапатын жогорулатуу максатында, оозеки, жазуу жана ымдоо тил (сурдокотормо) адистерин камтыган сот котормочуларынын кесиптик ассоциациясын түзүүгө көмөктөшүү боюнча чараларды көрүү. Мындай ассоциация өзүн өзү жөнгө салуучу уюмдардын функцияларын аткармак, кесиптик этиканын стандарттарын бекитмек, сот органдарына усулдук жана эксперттик колдоо көрсөтмөк, ошондой эле котормочуларды даярдоого жана аттестациялоого катыщшмак. Бул демилгенин алкагында бирдиктүү квалификациялык талаптарды, үзгүлтүксүз түрдөгү кесиптик аттестациялоону, укуктук жана процессуалдык терминология жана кесиптик жактан дайыма даярдыктан өтүүнүн негизинде квалификацияны жогорулатуу механизми боюнча адистештирилген окутууну камтыган сот котормочуларын сертификациялоонун улуттук тутумун иштеп чыгуу, жана ишке ашыруу зарыл. 2) кылмыш процессинде угуусу боюнча майыптыгы бар адамдардын укуктарын камсыз кылуу үчүн сурдокотормочулар институтун өнүктүрүү.

3.9-КК. Улуттук кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамы жана укук колдонуу тажрыйбасы жүйөлөштүрүлгөн чечимге ээ болуу укугун камсыз кылат

Сыпаттаамасы

Жүйөлөштүрүлгөн (негиздүү) чечимге ээ болуу укугу жөнүндө ЖСУЭПте сөз болбойт, бирок ал адилеттүү соттук териштирүү жөнүндө, анын ичинде ачык соттук өкүм жөнүндө жоболорго тиешелүү. Ошондой эле жүйөлөштүрүлгөн чечимге карата укук кандайдыр бир кылмыш үчүн соттолгон адамдын укугунан улам, бул аны сотто жана өкүм жогорку турган сот инстанциясы тарабынан мыйзамга ылайык кайра каралуусу үчүн келип чыгат.[210] Ошондой эле бул укуктун негизсиз кечиктирүүлөрсүз соттолуу укугу менен байланышы бар.[211][212] Соттор өз чечимдерин дайыма негиздөөсү керек, бирок бул айыптоочу тарабынан келтирилген ар бир аргументке жооп берүү талабы дегенди түшүндүрбөйт. Айыпталуучу

[210] ЖСУЭП, 14 (5)

[211] ЖСУЭП, 14 (3) (e)

[212] Соттолгон адам мыйзамга ылайык жогорку соттук инстанция тарабынан айыптоо өкүмүн жана жазаны кайра кароо укугун натыйжалуу ишке ашыруу максатында бардык даттануу инстанцияларында негиздүү түрдө жүйөлөнгөн жазуу жүзүндөгү өкүмдөр менен акылга сыярлык мөөнөттө таанышууга укуктуу.Communication No.320/1998, V. Francis v. Jamaica

жүйөлөшкөн өкүмдү орундуу мөөнөттө алууга укуктуу; мындай чечим апелляцияга берүү үчүн керек.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР КПК өкүмдөр мыйзамдуу, негиздүү жана адилеттүү болуусу керектигин белгилейт.[213]

Сот өкүмдө корутундулар негизделген далилдерди, ошондой эле башка далилдерди четке кагууга негиз болгон жүйөлөрдү так көрсөтүүгө милдеттүү.[214] Актоочу өкүмдөр дагы айыпталуучунун күнөөсүз экендигинен күмөн саноону жокко чыгара турган негиздемени камтышы керек.[215]

Өкүм ачык жарыяланат[216] жана айыпталуучу процесстин тилин билбесе которулат.[217] Соттолгон жана акталган өкүм жарыялагандан кийин 5 суткадан кечиктирбестен алууга укуктуу.[218] Соттун жүйөлөштүрүлгөн чечими аппеляция берүү үчүн зарыл, бул өкүмдү кайра карoo укугун кепилдикке алат.[219]

Соттук териштирүү убагында сот тарабынан чечилген суроолор боюнча судья токтом чыгарат, сот аныктама чыгарат, алар сот отурумунда жарыялоого жатат.[220] Айрымдары өзүнчө процессуалдык документ түрүндө чыгарылат[221], а башкалары болсо сот отурумунун протоколуна киргизүү менен кабыл алынат.[222]

Ушул көзөмөлдөөчү көрсөткүчтүн контекстинде акыркыларына өзгөчө көңүл буруу зарыл, анткени протоколдо анын жүйөөлөрү эмес, соттун өзүнчө бөлмөгө[223] чыкпастан эле токтомду кабыл алуу фактысы гана чагылдырылат.

Мисалы, КР КПК 283-беренеси кийинкилерди караштырат: *“Соттук териштирүүнүн мөөнөтүн узартуу жөнүндө аныктама же токтом соттук отурумдун залында соттук отурумдун протоколуна киргизүү менен чыгарылат, ал эми камакка алынган же үй камагына алынган айыпталуучуларга байланыштуу иштер боюнча өзүнчө бөлмөдө чыгарылат жана өзүнчө процессуалдык документтер түрүндө бөгөт коюу чарасынын ушул түрлөрүнүн мөөнөтүн узартуу жөнүндө маселенин чечими менен жазылат.”*

Тергөөчүнүн жана тергөө судьясынын токтому жүйөлөштүрүлгөн болушу керек. Айрым окуяларда тергөөчү маалыматтарды бекитилген формада Кылмыштардын бирдиктүү реестрине киргизет, анда токтом автоматтык түрдө генерацияланат (мисалы, ишти кыскартуу жөнүндө, КР КПК 257-бер.) же тергөө судьясынын токтомдору электрондук кол коюлган документ формасында даярдалышы мүмкүн (КР КПК 264-бер.).

Мыйзам айрым чечимдер боюнча токтомдо сөзсүз көрсөтүлүшү керек болгон жагдайларды белгилейт (мисалы, экспертиза дайындоо жөнүндө – Кыргыз Республикасынын КПКнын 179-беренеси, айыпталуучу катары тартуу жөнүндө – КПКнын 241-беренеси).

[213] КР КПК 345-беренеси, 1-бөлүгү.
[214] КР КПК 343-беренеси.
[215] КР КПК 355-беренеси, 2-бөлүгү.
[216] КР КПК 358-беренеси, 1-бөлүгү.
[217] КР КПК 358-беренеси, 2-бөлүгү.
[218] КР КПК 360-беренеси.
[219] КР КПК 397-беренеси.
[220] КР КПК 304-беренеси, 1-бөлүгү.
[221] КР КПК 304-беренеси, 2-бөлүгү.
[222] КР КПК 304-беренеси, 3-бөлүгү.
[223] КР КПК 308-беренеси, 3-бөлүгү, 7-пункт.

Сот отурумдарына мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары боюнча, каралып чыккан 325 сот иштеринин ичинен 84,3% учурунда (274 иш) айыптоочу өкүм чыгарылган; 15,4% окуяда (50 иш) сот ишти токтотууга токтом кылган; 0,3% учурунда (1 иш) актоочу өкүм чыгарылган.

325 соттук териштирүүнүн ичинен, окуялардын дээрлик көпчүлүгүндө соттор айыпталуучуларга жана процесстин башка катышуучуларына өкүмдүн мазмунун түшүндүрүшкөн. Алсак, 92,6% иште (301 окуя) төрагалык кылуучу сот катышуучуларга чыгарылган чечимдин мазмунун кенен түшүндүргөн. Бирок окуялардын 7,4% (24 иш) өкүмдүн мазмуну түшүндүрүлгөн эмес.

325 сот процессин талдоонун жүрүшүндө окуялардын көпчүлүгүндө төрагалык кылуучу сот процессинин катышуучуларына даттануунун тартибин жана мөөнөтүн түшүндүргөн. Алсак, иштердин 94,8% (308 окуя) сот бул суроо боюнча толук түшүндүрмө берди. Бирок иштердин в 5,2% (17 окуя) мындай түшүндүрмөлөр берилген эмес.

Адвокаттар тереңдетилген маектешүүнүн жүрүшүндө көптөгөн сот чечимдерин негизсиз деп эсептешерин айтышкан, себеби алар айыптоо актыларынын көчүрмөсү жана коргоочу тараптын келтирген жүйөлөрүн көңүлгө албайт, бул акыркы жылдары өзгөчө байкалып баштаганын билдиришкен. Юристтердин бирөөсү тереңдетилген маектешүү учурунда өзүнүн статистикасы менен бөлүштү, ага ылайык чечимдердин 60% жетишерлик деңгээлде жүйөлөштүрүлгөн эмес. МКЮЖ адвокаттары, биринчи инстанциянын соттору көп учурда жүйөлөрдү келтиришерин, ал эми ошол эле учурда аппеляциялык соттор болсо “күнөөсү” далилденди деген гана негиздеме менен чектелерин белгилеп өтүштү. Соттор көпчүлүк учурда чыгарган корутундуларын түшүндүрбөстөн, көп учурда КПКне жана ишчи ишенимдерине шилтеме келтиришет, ал эми өкүмгө негиздемесинин сапаты алардын жеке демилгелеринен көз каранды.

Корутундулар

1. КПК соттун сот отурумунун протоколуна киргизүү жолу менен жол-жоболонгон сот актыларына милдеттүү түрдө түшүндүрмө берүүнү караштырбайт, ошондой эле протоколдун өзүндө кабыл алынган чечимдердин негиздемесин милдеттүү түрдө чагылдырууну талап кылбайт.

2. Сот чечимдеринин сыпаттоочу-негиздөөчү бөлүгүн жол-жоболоо иш тажрыйбасында формалдуу түрдө баяндоо деңгээлине чейин түшүрүлүүдө, кабыл алынган чечимдердин негиздемеси жетишсиз экендигин билдиришүүдө.

Сунуштамалар

1. КР ЮМ КР КПКна сотторду протоколдо жол-жоболонгон сот актылары боюнча жүйө келтирүүгө же түшүндүрүүгө милдеттендирген түзөтүүлөрдү киргизүү сунушталат.

2. КР ЖС кылмыш иштериндеги сот актыларынын мазмунуна жана формасына коюлуучу талаптарды сактоонун практикалык обзорун даярдоо сунушталат.

3.10-КК. Улуттук мыйзамдар соттук экспертизанын жеткиликтүү болуусунда процессуалдык мүмкүнчүлүктөрдүн тең укуктуулугун караштырат

Сыпаттамасы

Адилеттүү соттук териштирүү жөнүндө талап биринчи инстанциядагы сотко тараптардын бирөөсү талап кылгандыгы үчүн гана экспертиза дайындоо же башка бардык тергөө аракеттерин жүргүзүү милдетин жжүктөбөйт. Эгерде коргоочу тарап сот күбөнү же башка далилдерди угуусун туруктуу түрдө талап кылса (мисалы, эксперттик корутундуну), анда

улуттук соттор бул далилдерди кабыл алуу зарылбы же бул далилдерди соттун кароосуна кабыл алуусу керекпи чечүүгө тийиш.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кыргызстандын мыйзамдары экспертизаларды дайындоо же экспертизалардын корутундулары менен таанышуу бөлүгүндө шектүү, айыпталуучу, жабыр тарткан адам жана адвокат үчүн бир катар ыйгарым укуктарды караштырат. Алсак, мисалы, шектүү, айыпталуучу, адвокат укуктуу[224] экспертиза дайындоо боюнча токтом менен таанышууну билдирүүгө; экспертти четтетүү жөнүндө өтүнүч келтирүүгө; алар көрсөткөн адамдарды эксперт катары тартуу жөнүндө, ошондой эле экспертизаны эксперттер комиссиясы аркылуу жүргүзүү жөнүндө өтүнүч келтирүүгө; экспертиза дайындоо жөнүндө токтомго кошумча суроолорду киргизүү же коюлган суроолорду тактоо жөнүндө өтүнүч келтирүүгө укуктуу; прокурордун, тергөөчүнүн уруксаты менен экспертизанын жүргүзүлүшүндө катышууга, экспертке түшүндүрмөлөрдү берүүгө укуктуу; эксперттин корутундусу же корутунду берүүнүн мүмкүн эместиги жөнүндө маалымат менен, ошондой эле экспертти суракка алуу протоколу менен таанышууга укуктуу.

Кыйла конкреттүү ыйгарым укуктар адвокатка берилген, ал тергөөчү судьяга экспертиза дайындоо жөнүндө өтүнүч келтире алат, анын ичинде экспертти чакыруу менен же аны жүргүзүүнү демилгелеген тараптын эсебинен келишимдик негизде экспертиза өткөрүү жөнүндө өтүнүч келтире алат.[225] Мындан тышкары, адвокат келишимдик негизде соттук экспертиза жүргүзүүнү демилгелей алат, эксперттик мекемелерге суроо-талаптарды жөнөтө алат жана адистерди тартууга укуктуу.[226] Сотто жаңы күбөлөрдү, эксперттерди жана адистерди чакыруу жөнүндө жана буюмдук далилдерди жана документтерди (анын ичинде экспертиза дайындоо жөнүндө) тиркөө жөнүндө өтүнүч билдирген тарап кайсы жагдайларды белгилөө үчүн кошумча далилдер зарылдыгын көрсөтүүгө милдеттүү. Судья сот процессинин калган катышуучуларынын пикирин угуп, сот ар бир билдирилген өтүнүчтү карап чыгышы жана аны канааттандырышы керек же болбосо өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө токтом, аныктама чыгарууга тийиш (КР КПК 322-бер.).

Сот экспертизаны тараптардын өтүнүчү боюнча же жеке демилгеси боюнча экспертизаны дайындай алат.[227] Бул ал тараптарга экспертиза дайындоо жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруудан зарылчылык жок экендигине шилтеме келтирип баш тартышы мүмкүн, себеби экспертиза иш үчүн мааниге ээ болгон жагдайлар атайын илимий билимдердин негизинде эксперт тарабынан жүргүзүлгөн материалдарды изилдөөнүн натыйжасында белгилениши мүмкүн болгон учурларда дайындалат.[228] Ошондой эле экспертиза сотто КР КПК 24-беренесинде бекитилген эрежелер боюнча жүргүзүлөт,[229] экспертиза дайындоо жөнүндө өтүнүчкө коюлган талаптардын шайкеш келбегендигинин негизинде баш тарткан учурлар болушу мүмкүн экендиги жокко чыгарылбайт, бул сотко чейинки баскычта каралган.[230] Сот экспертизаны дайындоо жөнүндө чыгарылган токтомду угузганда, экспертти четтетүү, тарап көрсөткөн адамды эксперттердин санына кошумча киргизүү,

[224] КР КПК 181-берененин 1-бөлүгү.
[225] КР КПК 53-берененин 2-бөлүгүнүн 4-пункту.
[226] КР КПК 53-берененин 4-бөлүгүнүн 3-4-пункту.
[227] КР КПК 331-берененин 1-бөлүгү.
[228] КР КПК 178-берененин 1-бөлүгү.
[229] КР КПК 331-берененин 2-бөлүгү.
[230] КР КПК 178-берененин 1-4-бөлүгү.

башка эксперттик уюмдардын өкүлдөрү тарабынан экспертиза жүргүзүү, тараптардын катышуусунда экспертиза жүргүзүү жөнүндө өтүнүч кылуу укугун тараптарга түшүндүрөт.[231]

Мындан сырткары, төрагалык кылуучу судья тараптарга жазуу жүзүндө экспертке суроо берүүнү сунуштайт. Коюлган суроолор жарыя кылынууга жана алар боюнча соттук териштирүүнүн катышуучуларынын пикирлери угулууга тийиш. Сот бул суроолорду карап чыгат жана өзүнүн токтому менен алардын ичинен ишке же эксперттин компетенциясына тиешеси жокторун четтетет, ошондой эле жаңы суроолорду туюнтмалайт, ошондон кийин эксперт экспертиза жүргүзүүгө жана корутунду түзүүгө киришет.[232]

Эксперттин корутундусу жазуу формасында түзүлөт жана соттук отурумда угузулат жана ишке тиркелет.[233]

1. Сот тараптардын өтүнүчү боюнча же өзүнүн демилгеси боюнча сотко чейинки өндүрүштүн же соттук териштирүүнүн жүрүшүндө корутунду берген экспертти ал берген корутундуну түшүндүрүү же кошумчалоо жөнүндө суракка алуу үчүн чакырууга укуктуу. Биринчи болуп тараптар суроо берет, мында биринчи болуп суроону анын өтүнүчү боюнча экспертиза дайындалган тарап берет. Төрагалык кылуучу судья сурактын кайсы болбосун учурунда экспертке суроо берүүгө укуктуу.[234]

Сот зарылчылыкка жараша кайталанган же кошумча экспертиза дайындайт.[235] Мындай экспертизалар биринчи экспертизаны жүргүзүүдө алынган корутундунун тыянактары анчалык так же толук болбогондо, ошондой эле жаңы кошумча маселелерди чечүү зарылдыгы келип чыкканда дайындалат.[236]

Белгилей кетчү нерсе, кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамы өз кезегинде эксперттердин компетенттүүлүгүнө[237] жана жоопкерчиликтүүлүгүнө[238] карата аныкталган бир талаптарды коёт. Мыйзам тарабынан[239] эксперттердин ишмердүүлүгүнүн көз карандысыздыгынын кепилдиктери караштырылган.

Бирок иш жүзүндө соттук экспертиза институту менен байланыштуу көйгөйлөрдү бөлүп көрсөтүшөт. Бул жөнүндө мындан сырткары кийинкидей көйгөйлөр бөлүнүп көрсөтүлгөн терегек үстөлдө[240] билдиришти: айып коюлгандан мурда экспертизаларды дайындоо, экспертизалардын корутундулары кылмыш ишин козгоо үчүн негиз катары, экспертизалардын көпчүлүк учурда мамлекеттик эксперттер тарабынан жүргүзүлүүсү, КР УИА, укуктук суроолорго жол берген эксперттердин жана тергөөчүлөрдүн компетенциясы.[241]

---

[231] КР КПК 331-берененин 3-бөлүгү.
[232] КР КПК 331-берененин 6-бөлүгү.
[233]КР КПК 331-берененин 7-бөлүгү.
[234] КР КПК 332-беренеси.
[235]КР КПК 331-берененин 9-бөлүгү.
[236] КР КПК 189-берененин 1-бөлүгү.
[237] КР КПК 57-берененин 1-2--бөлүгү.
[238] КР КПК 57-берененин 9-бөлүгү, КР КЖК 364-беренеси.
[239] 2013-жылдын 24-июнундагы № 100 Кыргыз Республикасынын «Соттук-эксперттик ишмердүүлүк жөнүндө» Мыйзамынын (2023-жылдын 10-апрелиндеги № 83 мыйзамдын редакциясында) 4, 7-беренелери.URL: https://cbd.minjust.gov.kg/4-4838/edition/1244143/ru
[240] Негизги эркиндиктерге байланышкан иштерде соттук экспертиза институтунун ролу» темасында тегерек үстөл.URL:https://igip.naskr.kg/kruglyj-stol-na-temu-rol-instituta-sudebnoj-ekspertizy-v-delah-zatragivayushhih-osnovopolagayushhie-svobody/
[241] Адам укуктары боюнча активист саясий иштер тууралуу: Эксперттер судьянын мантиясын кийип, чечим чыгарышат. URL:

Мындан сырткары, көйгөйлөрдүн арасында комплекстүү экспертизанын жоктугу, туура эмес суроолор, тилдик өзгөчөлүктөр, ошондой эле, саясий иштер боюнча корутундуларды даярдаган КР Улуттук Илимдер Академиясынын кызматкерлеринин тиешелүү аккредитациясы жок экени да белгиленген.[242]

Адвокаттардын, юристтердин жана МКЮЖ адвокаттарынын арасында жүргүзүлгөн тереңдетилген маектешүүлөрдүн көрсөткүчтөрү, көз карандысыз жана мамлекеттик экспертизалардын тең укуктуулугу суроолорунда соттор мамлекеттик эксперттердин корутундуларына артыкчылык берери белгиленет, ошол эле учурда көз карандысыз экспертизалар тиркелет, бирок алардын корутундуларына кайдыгер мамиле жасалат. Адвокаттардын бирөөсүнүн пикири боюнча, бул адатта “өйдө жактан берилген буйруктардын таасири болушу мүмкүн болгон” резонанстуу иштерде көп кездешет.

Юристтердин айтымында, көз карандысыз экспертизалар алардын баасынын жогорулугунан улам сейрек колдонулат, ал эми соттордун алардын корутундуларын эске алуудан же комиссиялык экспертизаларды дайындоодон баш тартуусу процесстин мөөнөттөрү менен негизделет.

МКЮЖ адвокаттары, ал тургай экспертизалардын ортосунда карама-каршылыктар болгондо да соттор комиссиялык экспертизаларды сейрек дайындашарын, ал эми дайындалган учурда артыкчылыктуу түрдө мамлекеттик эксперттердин катышуусу менен жүргүзүлөрүн белгилешти.

Демек, Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза процессинде соттук экспертизанын жеткиликтүүлүгүндө процессуалдык мүмкүнчүлүктөрдүн тең укуктуулугу иш тажрыйбасында толук көлөмдө камсыздалбайт. Кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамдарда каралган формалдуу кепилдиктерге карабастан, мониторинг жүргүзүү жана процесстин катышуучулары менен тереңдештирилген маектешүүлөрдү жүргүзүү, соттордун мамлекеттик соттук эксперттердин корутундуларына кыйла басымдуу түрдө ишенишерин далилдеп турат. Көз карандысыз эксперттик корутундулар, ал тургай иштин материалдарына тиркелүү менен, эрежеге ылайык, аларга ар тараптуу баалоо жүргүзүлбөйт, аларда келтирилген жүйөлөргө кайдыгер мамиле жасалат же болбосо жүйөлөштүрүлгөн аргументтерсиз эле четке кагылат. Бул тараптардын тең укуктуулугу принцибин бузат жана сот адилеттигинин сапатын төмөндөтөт.

Кошумча көйгөй соттук экспертизаларды айып койгонго чейинки стадияларда дайындоо тажрыйбасы болуп эсептелет, бул жагдай эксперттин корутундусун фактыларды бейтарап аныктоонун каражаты катары эмес, а кылмыш ишин козгоо зарылдыгын негиздөөчү куралга айлантып коюуда. Бул күнөөсүздүк презумпциясын бузууда жана экспертизанын анын объективдүү билим алуунун каражаты катары максатын бузат.

Ошондой эле эксперттик корутундулардын сапатына карата олуттуу сын пикирлер дагы аныкталды, алар суроолорго толук эмес жооптор, ошондой эле суроолордун өзүн айыптоочу мааниде коюу болуп саналат. Бул саясий боёк берилген иштерде өзгөчө актуалдуу, адвокаттар белгилегендей, кээде экспертизага катышууга акредатациясы жок

https://kaktus.media/doc/511616_pravozashitnica_o_politicheskih_delah:_eksperty_nadevaut_mantiu_sydi_i_vynosiat_reshenie.html?fbclid=IwY2xjawG0Jz9leHRuA2FlbQIxMQABHb5VyQ0hNbQozV3H53Phjs489ooVsBrd08vhu9l0izwwydjtFvFD91waxw_aem_tU02Nm_qQ3cBnr4i-owepA

[242] "Кылым шамы": НАН КР проводит политологическую экспертизу, хотя не имеет аккредитации. URL: https://kaktus.media/doc/511619_kylym_shamy:_nan_kr_provodit_politologicheskyu_ekspertizy_hotia_ne_imeet_akkreditacii.html

адвокаттар катышышат, бул корутундунун мыйзамдуулугуна карата күмөн саноону пайда кылат.

Мындан сырткары, ал тургай тараптардын ортосунда ачык карама-каршылыктар көрүнүп турса дагы, соттор комиссиялык же кайрадан кайталоо экспертизаларын сейрек дайындашат, жана эрежеге ылайык эгерде кайра дайындоо ишке ашса, анын курамына көз карандысыз эксперттер киргизилбестен, артыкчылыктуу түрдө мамлекеттик мекемелердин эксперттери камтылышат.

Мына ушуга байланыштуу, экспертизаларды дайындоонун жана баа берүүнүн учурдагы тажрыйбасы кылмыш-жаза-процессинин атаандаштыгын жана обьективдүүлүгүн чектейт, далилдөө каражаттарынын жеткиликтүүлүгү жаатындагы тең салмаксыздыкты күчөтөт жана ченемдик жана институционалдык жактан кайра карап чыгууну талап кылат.

Корутундулар

1. КР КПК коргоочу тарапка жана жабыр тарткан адамга соттук экспертизаларды дайындоо, катышуу жана даттануу боюнча бир катар процессуалдык укуктарды берет. Бирок иш тажрыйбасында бул кепилдиктер толук кандуу ишке ашырылбайт. Соттор, эрежеге ылайык, ал тургай көз карандысыз эксперттер бар болсо дагы, мамлекеттик эксперттердин корутундуларына артыкчылык беришет. Ошону менен бирге эле, көз карандысыз экспертизалардын корутундулары көп учурда бааланбайт же тиешелүү негиздеме берилбестен эле четке кагылат. Экспертизалар айыпты коюуга чейин дайындалат, ал эми алардын корутундулары кылмыш ишин козгоо үчүн негиз катары колдонулат, бул болсо күнөөсүздүк презумпциясы принцибин бузат. Тергөөчүлөрдүн токтомдорунда формалдуу, айыптоочу жана туура эмес коюлган суроолор көптүк кылат. Далилдер бири-бирине каршы келип турса дагы, комплекстүү жана комиссиондук экспертизалар көп учурда жүргүзүлбөйт. Ошондой эле, өзгөчө, резонанстуу же саясий иштерде эксперттик иш-милдетти аткарган акредатацияланбаган адамдарды тартуу фактылары бар. Көз карандысыз эксперттер коргоочу тараптар маанилүү каржылык чыгымдарды сарптоосунун негизинде гана жеткиликтүү болот. Мамлекет сапаттуу эксперттик жардамдын жеткиликтүүлүгүн бирдей деңгээлде камсыз кылбайт жана адатта альтернативдүү экспертизанын корутундуларын кандайдыр бир аргументтерди келтирбей туруп эле четке сүрүп коёт. Формалдуу кепилдиктер бар экенине карабастан, Кыргызстандагы сот тажрыйбасы тараптар үчүн, өзгөчө соттук экспертизалар бөлүгүндө далилдердин жеткиликтүүлүгү боюнча тең укуксуздукту (бирдей эместик) көрсөтүп турат. Бул кылмыш-жаза сот өндүрүшүндөгү адилеттүүлүккө терс таасирин тийгизет жана сот тажрыйбасынын деңгээлинде дагы, ошондой эле институционалдык жана ченемдик реформалар деңгээлинде дагы – комплекстүү түрдөгү кайра карап чыгууну талап кылат.

Сунуштамалар

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна сунушталат: 1) Кийинкилер боюнча сот тажрыйбасына талдоо жүргүзүү: а) көз карандысыз экспертиза жөнүндө өтүнмөнү канааттандыруудан баш тартуунун негиздерине жана бат-баттан орун алуусуна; б) бири-бирине атаандаштык кылган эксперттик корутундуларга баа берүү жана салыштыруу боюнча; 2) кийинкилер боюнча нормативдик токтомдор аркылуу жергиликтүү сотторго түшүндүрмө берүү а) Соттор соттук экспертизанын жеткиликтүүлүгүнө тараптардын процессуалдык мүмкүнчүлүгү тең укуктуу болуусу принцибин иш жүзүндө жүзөгө ашыруу үчүн шарттарды камсыз кылууга милдеттүү, ага экспертизанын дайындалышын демилгелөө, сунуштоо жана эксперттик корутундуларды натыйжалуу пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу дагы кирет. б) Бардык эксперттик корутундулар —

мамлекеттик дагы, ошондой эле көз карандысыз дагы — ар бир корутунду боюнча жүйөлүү жана негиздүү жыйынтыктарды келтирүү менен абийирдүүлүк, калыстык жана талдоо жүргүзүүнүн толуктугу принциптерин сактоонун негизинде баа берилүүсү зарыл.

2. КР Юстиция министрлиги кийинкилерди ишке ашыруусу максаттуу: 1) жеке экспертизалар рыногун өнүктүрүү: а) аккредитациядан өткөн көз карандысыз эксперттик уюмдардын иштеши үчүн укуктук жана институтционалдык негиз түзүү; б) жеке эксперттер үчүн сапат стандарттарын жана этикалык кодекстерди иштеп чыгуу; 2) эксперттерди аккредитациялоону катаалдаштыруу: а) квалификацияга, тажрыйбага жана окууга карата милдеттүү талаптарды киргизүү; б) соттук экспертизалардагы аккредитациядан өтпөгөн адамдардын катышуусун жоюу; 3) экспертке туура жана бейтарап суроолорду түзүү, эксперттик корутундуларды баалоо тартиби; экспертиза дайындоо менен өткөрүү учурунда тараптардын укуктары боюнча тергөөчүлөрдү, прокурорлорду жана адвокаттарды үзгүлтүксүз түрдө окутуп турууну уюштуруу; 4) сотко чейинки экспертизаларга көзөмөл жүргүзүүнү орнотуу, анын ичинде кылмыш иши козгоого чейин соттук экспертиза дайындоого чектөө киргизүү жана эксперттик корутундуларды кылмыш ишин козгоого негиз катары колдонууга тыюу салуу. 5) эксперттердин квалификациясын жогорулатууну камсыз кылуу жана эксперттик корутундуларды тышкы аудиттен өткөрүүнүн механизмдерин иштеп чыгуу; 6) корутундулардын сапатынын төмөндүгү же алдын ала бир тараптуу мамиле жасоону чагылдырган жүйөлөштүрүүлөр үчүн этикалык стандарттарды жана жоопкерчилик процедураларын ишке киргизүү.

3.11-КК. Улуттук мыйзамдар жана укук колдонуу тажрыйбасы соттук ката кетирилген учурда компенсация алууга карата укукту камсыз кылат

Сыпаттамасы

ЖСУЭПке ылайык эгерде кандайдыр бир адам акыркы чечим менен кылмыш иши боюнча айыпталса жана ага чыгарылган өкүм кийин жокко чыгарылса же жаңы ачылган жагдайдын соттук катаны талашсыз түрдө далилдегендигине негизделип мунапыс берилсе, анда мындай айыптоо натыйжасында жазаны тарткан адам, эгерде аталган белгисиз жагдай ошол учурда толук же жарым-жартылай түрдө анын күнөөсүнүн негизинде аныкталбагандыгы далилденбесе, анда ал мыйзамга ылайык компенсация алат.[243]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Конституция мамлекеттик органдардын мыйзамсыз аракеттеринен улам келтирилген мамлекеттик зыяндын ордун толтуруу укугуна ээ экендигине кепилдик берет.[244] Мындан сырткары, Конституцияда күнөөсүздүк презумпциясы принцибин бузуу материалдык чыгымдын жана моралдык зыяндын ордун сот тартибинде[245] толтуруп берүү үчүн негиз болот, ал эми мыйзамсыз кармалган же камалган адамдар келтирилген зыянды мамлекеттин эсебинен калыбына келтирүүгө укуктуу.[246]

Аталган принциптер мыйзамсыз айыпталган же күнөөсүз адамды соттогон учурларда, аны токтоосуз жана толук реабилитациялоону бекитүү менен кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн милдеттеринде өз ордун тапты.[247]

[243] ЖСУЭП, 14 (6);
[244] КР Конституциясынын 35-беренеси.
[245] КР Конституциясынын 57-беренесинин 1-бөлүгү.
[246] КР Конституциясынын 59-беренесинин 6-бөлүгү.
[247] КР КПК 6-беренеси.

Тактап кете турган болсок, реабилитациялоо укугуна[248] төмөнкүлөр ээ, аларга карата мыйзамдуу күчүнө кирген актоочу өкүм бар адамдар ээ болушат: шектүү, айыпталуучу, куугунтуктоо КПК каралган окуяларда[249] токтотулган адамдар жана медициналык мүнөздөгү мыйзамсыз чаралардан жабыр тарткан адамдар.

Реабилитациялоо укугу өзүнө мүлктүк зыяндын ордун толтуруу укугун, моралдык залалдын кесепеттерин жоюуну жана бузулган укуктардын калыбына келтирилишин камтыйт. Адамга кылмыш куугунтугунун натыйжасында келтирилген залалдын орду, алгачкы текшерүү органынын, тергөөчүнүн, прокурордун жана соттун күнөөсүнө карабастан, толук көлөмдө толтурулат.[250] Тактап айтканда, реабилитацияланганга ажыраган эмгек акынын, пенсиянын, конфискацияланган мүлктүн, айып акылардын, юридикалык жардам көрсөткөндүгү үчүн ал төлөп берген суммалардын жана башка чыгымдардын ордун толтурууну камтыйт.[251] Ошол эле учурда доо арыздары жарандык сот өндүрүшүнүн тартибинде берилүүгө тийиш.[252] Мындан сырткары, реабилитациялангандар моралдык зыян үчүн компенсация талап кыла алышат.[253] Мыйзамсыз аракеттер ЖМКга жарыяланса, реабилитациялангандын талабы боюнча массалык маалымат каражаттары билдирүү жасоого милдеттүү.[254] Реабилитацияланган дарга эмгектик, пенсиялык, турак жайлык укуктары калыбына келтирилет, ошондой эле наамдары жана сыйлыктары кайтарылып берилет.[255] Жогоруда аталып өткөн стандарттардын иш тажрыйбасында сакталуусуна талдоо жүргүзүү кийинкилерди аныктады. КР ЖС жообуна[256] ылайык, 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча биринчи инстанциянын соттору тарабынан аларга карата өкүм чыгарылган адамдардын жалпы саны - 6513, алардын ичинен: жазалоонун ар кандай түрлөрүнө соттолгон адамдар - - 6202; акталгандар - 311. Апелляциялык жана кассациялык инстанцияларда каралган иштерди эске алганда, 2023-жылы соттор тарабынан акталган иштердин жалпы саны 243 адамды түздү. Муну менен катар эле, реабилитацияланууукугу бар иштерди каттоо боюнча отчеттуулук 2024-жылдын 1-январында башталган жана алынган жоопко ылайык, 2024-жылдын биринчи кварталынын ичинде республиканын соттору тарабынан келтирилген материалдык зыяндын ордун толтуруу боюнча реабилитацияланууукугу жөнүндө 1 жарандык иш жарым-жартылай калыбына келтирүү менен каралган.

[248] КР КПК 132-берене, 2-бөлүк.

[249] Кийинки негиздер боюнча өзүнө карата кылмыш иши кыскартылган шектүү, айыпталуучу: 1) кылмыш окуясы болбогондо; 2) жосунда кылмыш курамы болбогондо;3) кылмыш-жаза мыйзамынын күчүнөн улам, залал келтирген жосун укук чегинде болгондо: зарыл коргонуу; аргасыз зарылдык; күчтөп же психикалык мажбурлоо; кылмыш жасаган адамды кармоо; кызмат орду боюнча мыйзамды, буйрукту (тескемени), милдеттерди аткаруу; негиздүү тобокелчилик; атайын тапшырманы аткаруу;5) соттун, адамга карата ошол эле айыптоо боюнча күчүнө кирген мыйзамдуу өкүмү же болбосо соттун кылмыш куугунтугунун мүмкүн эместигин белгилеген жокко чыгарылбаган башка чечими болсо; 6) тергөөчүнүн, прокурордун жакка карата ошол эле жосун боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартуу же болбосо ишти кыскартуу жөнүндө жокко чыгарылбаган токтому болсо; 8) кылмышты аягына чыгаруудан ыктыярдуу баш тарткан адамга карата; 14) соттук териштирүүнүн убагында прокурор айыптоону колдоодон баш тартканда.

[250] КР КПК 132-берене, 1-бөлүк.

[251] КР КПК 134-берене, 1-бөлүк.

[252] КР КПК 134-берене, 2-бөлүк.

[253] КР КПК 135-берене, 1-бөлүк.

[254] КР КПК 135-берене, 2-бөлүк.

[255] КР КПК 136-берене.

[256] Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2024-жылдын 26-июлундагы №01-22/1670-чыг. каты. Долбоор архиви.

- келтирилген моралдык зыяндын ордун толтуруу боюнча реабилитациялануу укугу жөнүндө иштер боюнча соттор тарабынан 3 жарандык иш жарым-жартылай канааттандыруу менен каралган.

КР КМ катына ылайык[257] 2022-жылы 12 адам 4 973 432 сом жалпы суммасындагы компенсация алышкан, 2023-жылы 28 адам 11 614 520 сом жалпы суммасындагы компенсация алышкан, 2024-жылы 20 адам 14 880 928 сом жалпы суммасындагы компенсация алышкан.

КР КПК 132-беренесинин экинчи бөлүгү айыпталуучу мыйзамсыз айыпталган болсо же оор кылмыш жасагандыгы үчүн соттолсо жана эркиндигинен ажыратылса, андан кийинки сотто айыптоо эркиндигинен ажыратууга жол бербеген азыраак оор кылмышка кайра квалификацияланса, анда мындай учурда реабилитациялануу укугун камтыбайт. Мисалы, адам опузалап пара талап кылгандыгы үчүн айыпталган болсо жана узак убакытка чейинбөгөт коргоо чарасы камакта кармоо болсо, андан кийин сот (биринчи же апелляциялык инстанциянын) жосунду шалакылыкка кайра квалификацияласа жана аны бошотсо.

Ушул көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө талдоо жүргүзүүнүн алкагында, ошондой эле кылмыштан улам келтирилген материалдык жана моралдык зыянды өндүрүп алуу көйгөйлөрүн да өзүнчө белгилеп кетүү зарыл. Кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн милдеттеринин бири материалдык залалдын жана моралдык зыяндын ордун толтурууну камсыз кылуу болуп эсептелет.[258] Албетте, буга ылайык, сот өкүмдү чыгарууда материалдык залалдын жана моралдык зыяндын ордун толтурууга жатабы чечет,[259]жана муну өкүмдүн резолютивдик бөлүгүндө чагылдырат.[260]

Материалдык зыяндын жана (же) моралдык залалдын ордун толтуруу жөнүндө маселе чечилген соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү сот үчүн бул бөлүктө кылмыш-жаза өндүрүшүнүн тартибинде чечилбеген маселелер бөлүгүндөгү жарандык сот өндүрүшүнүн жүрүшүндө иштерди кароодо милдеттүү болот.[261] Биринчи көз караштан алып караганда, эгерде ал реабилитация болуу укугуна тиешелүү эмес болсо, материалдык жана моралдык зыяндын өндүрүү суроосу кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө каралат.[262] Экинчи тараптан, кылмыш ишинен улам келип чыккан жарандык доо арызы, КР ЖПК караштырылган соттолуучулук эрежеси боюнча жарандык сот өндүрүшүнүн тартибинде кароо үчүн коюлат.[263] Жарандык доо арыздар кылмыш-жаза сот өндүрүшү тартибинде караштырылган эмес. Так механизмдер жана бирдиктүү терминология жок болсо, бир тараптуу эмес укук колдонуу тажрыйбасы пайда болушу мүмкүн.

Реабилитациялануу укугун ишке ашырууда ишти кароонун жыйынтыгы боюнча маалыматтарды берүү жөнүндө сурооого КР ЖС жообунан көрүнүп тургандай: “Алгачкы текшерүү, прокуратура жана сот органдарынын реабилитация болууга карата мыйзамсыз аракеттеринин улам келтирилген материалдык жана моралдык зыяндын ордун толтуруу

[257] Письмо Министерства финансов Кыргызской Республики от 5 августа 2024 года за исх.№17-2/10538. Архив проекта.
[258] КР КПК, 6-берене.
[259] КР КПК, 346-берене, 1-бөлүгү, 12-пункту.
[260] Р КПК, 354-берене, 1-бөлүгү, 11-пункту.
[261] Р КПК, 95-берене, 3-бөлүгү, 12-пункту.
[262]Р КПК, 134-136-беренелер.
[263] Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы №127 Граждандык процессуалдык кодексинин 33-беренесинин 2-бөлүгү, 31-беренесинин 6-бөлүгү (2024-жылдын 7-августундагы №161 менен өзгөртүүлөр менен. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/111521/edition/24945/ru

боюнча жарандык (экономикалык) иштерди кароо боюнча биринчи инстанциядагы соттордун иштери жөнүндө статистикалык отчеттуулуктун формалары 2024-жылдын 1-январынан баштап киргизилди. 2024-жылдын биринчи кварталынын ичинде республикада соттор тарабынан баардыгы болуп каралды: - материалдык зыяндын ордун толтуруу жөнүндө 265 иш, алардын ичинен материалдык зыяндын ордун толтуруу боюнча реабилитациялануу укугу жөнүндө 1 жарандык иш жарым-жартылай калыбына келтирүү менен каралган; - 85 иш моралдык зыяндын ордун толтуруу жөнүндө, алардын ичинен моралдык зыяндын ордун толтуруу боюнча реабилитациялануу укугу жөнүндө иштер боюнча соттор тарабынан 3 жарандык иш жарым-жартылай канааттандыруу менен каралган." 2023-жылы 311 окуяны түзгөн акталган адамдардын саны жөнүндө маалыматтарды салыштырганда, реабилитациялоо жөнүндө каралган иштердин саны жүз эсеге төмөн. [264]

Мындан сырткары, мурда келтирилген зыяндын оордугунан көз карандылуу түрдө моралдык зыяндын өлчөмү 1000 эсе эсептик көрсөткүчтөн ашык эмес өлчөмдө болчу.265 Бирок КР КС Конституцияга карама-каршы келген бул ченемди кабыл алгандан[266] кийин, мындай чектөөнү четтеткен түзөтүүлөр киргизилген.[267]

Тереңдетилген маектешүүлөрдүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, адвокаттар соттор тарабынан кетирилген каталар үчүн компенсация алуу процесси татаал жана натыйжасыз деп эсептешет, алар бюрократиялык тоскоолдуктарды жана компенсациялоо учурларында 30 000–40 000 сомдук өлчөмдөгү төмөн суммалар караларын белгилешет. Жабыр тарткан адамдар

Жабыр тарткан адамдар көп учурда компенсациялардын аздыгынан, моралдык зыянды далилдөөнүн кыйынчылыгынан жана башка иштерге байланыштуу коркуулардан улам доо арыздарды берүүдөн качышат, ал эми мамлекеттик кызматкерлер болсо кээде жумуш берүүчүлөр менен жашыруун макулдашууларга байланыштуу доо арызын берүүдөн баш тартышат.

Юристтер, көптөгөн акталган айыпталуучулар соттук териштирүүлөрдөн чарчагандыктан жана системага ишенбестиктен улам доо арыздарды берүүдөн баш тартышат, ал эми компенсациялар берилгенде, мисалы, кардарга тергөөчүнүн мыйзамсыз чечими үчүн болгону 10 000 сом гана төлөнгөн учурдагыдай, көп учурда келтирилген зыянга тең салмаксыз болуп калат. МКЮЖ адвокаттары процесс ошондой эле соттордун формалдуу себептер боюнча жана КР КМ төлөмдөрдү кечеңдетүүсү менен дагы татаалдаштырылат.

Корутундулар

1. Актоочу өкүмдөрдүн саны кыйла көп болгон шартта, соттук териштирүү баскычына чейин жеткирилген реабилитациялоо жөнүндө иштердин санынын төмөндүгү, соттук катачылык үчүн компенсация төлөө иш тажрыйбасында тиешелүү эмес деңгээлде ишке ашырылып

[264] Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2024-жылдын 26-июлундагы №01-22/1670-чыг. каты.

[265] Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы №127 Кылмыш-жаза кодексинин 71-беренесинин 2-бөлүгү (2023-жылдын 7-июлундагы №133 өзгөртүүлөр менен). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112309/edition/13994/ru

[266] Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 71-беренесинин 2-бөлүгүнүн конституциялыктыгын текшерүү боюнча, Курманбаева А.М.нын кайрылуусуна байланыштуу чыгарган чечими.URL: https://constsot.kg/wp-content/uploads/2023/01/01-kurmanbaeva-a.m.-1.pdf

[267] Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 14-июлундагы №135 "Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Мыйзамы. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112625/edition/1267553/ru

жаткандыгынан кабар берип турат. Мунун негизги себептери болуп эсептелет: 1) чегерилген компенсациялардын реалдуу келтирилген зыянга чен өлчөмдүү эмес экендиги; 2) арыздарды берүү жана кароо жолундагы бюрократиялык тоскоолдуктар; 3) компенсация төлөө боюнча сот чечимдерин аткаруунун создуктурулушу; 4) сот адилеттиги тутумуна ишенимдин деңгээлинин төмөндүгү, ошондой эле мындай иштерди кароонун калыстыгына жана натыйжалуулугуна карата скептицизмди дагы камтыйт.

Сунуштамалар

1. КР Министрлер Кабинетине сунушталат: 1) жабыр тарткан адамдардын реабилитациялануу укугу жана тиешелүү арыздарды берүү процедуралары жөнүндө кеңири маалымдоону камсыз кылуу, анын ичинде мамлекеттик органдардын веб-сайттарында, милиция бөлүмдөрүндө жана соттордо жеткиликтүү түшүндүрмөлөрдү жайгаштыруу; 2) арыздарды берүү жол-жобосун жөнөкөйлөтүү жана ашыкча документтерди тапшыруу талаптарын чектөө аркылуу административдик жана процесстик тоскоолдуктарды минималдаштыруу; 3) компенсация төлөө боюнча сот чечимдерин ыкчам аткаруу механизмин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү, анын ичинде ведомстволордун бюджеттик пландаштыруусуна көз каранды болбостон, төлөмдөр жүргүзүлө турган атайын максаттуу фонд түзүү; 4) жабыр тарткан адамдардын ишин коштоо жана алардын кызыкчылыктарын коргоо үчүн квалификациялуу юристтерди камсыз кылуу менен реабилитациялануунга укугу бар адамдарга укуктук жардам көрсөтүү боюнча мамлекеттик программаны ишке киргизүү; 5) келтирилген зыянды далилдөө стандарттарын жогорулатууга, реабилитациялануунга негиздерди кеңейтүүгө жана компенсация өлчөмдөрүн пропорционалдуу деңгээлге чейин көбөйтүүгө багытталган мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу.

3.12-КК. Улуттук кылмыш-жаза жана кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамдары эки жолу жоопкерчиликке тартууга тыюу салат (принцип ne bis in idem)

Сыпаттамасы

Эч ким ар бир өлкөнүн мыйзамына жана кылмыш-жаза-процессуалдык укугуна ылайык акыркы жолу айыптуу деп табылып же акталган кылмышы үчүн экинчи жолу соттолууга же жазаланууга тийиш эмес.[268] Укуктук жактан чегинүүгө жол бербөө. Эгерде жаңы же кайрадан ачылган жагдайлар боюнча далилдер бар болсо, же мурдагы өндүрүштө иштин жыйынтыгына таасир эте ала турган олуттуу кемчилик жол берилген болсо, ишти кайрадан ачууга тоскоолдук кылууга жол берилбейт. Заманбап укуктук түшүнүктө бул принцип материалдык-укуктук дагы, ошондой эле процессуалдык дагы табиятка ээ. Ал ушул эле айыптоо боюнча белгилүү бир адамга карата кылмыш куугунтугу жүргүзүлгөндүгү же жаза дайындалгандыгы мурда болгондугу ачыкка чыгышы мүмкүн болгон кылмыш-жаза процессинин бардык стадияларына жайылтылат. КПК non bis in idem принциби кылмыш-жаза-процессуалдык мүнөзгө тыюу салуу аркылуу ишке ашырылат. Non bis in idem принциби түшүндүрөт: эгерде ушул иш боюнча жана ушул адамга карата сот тарабынан акыркы акты түрүндө актоочу же айыптоочу өкүмү чыгарылган болсо, ошондой эле кылмыш ишин козгоодон баш тартылган же кылмыш куугунтугу кандай гана стадияда болбосун токтотулган болсо, анда ошол эле айыптоо боюнча мындан ары (кайрадан) ар кандай куугунтук жүргүзүүгө жана жаза дайындоого жол берилүүсү мүмкүн эмес.

ЖСУЭПтин 14-беренесинин 7-пунктунда белгиленген тыюу салуу мааниге ээ эмес деп таанылат, эгерде жогорку турган сот өкүмдү жокко чыгарса жана жаңы соттук териштирүү

[268] ЖСУЭП, 14 (7)

жөнүндө буюртма чыгарса. Мындан тышкары, бул жобо кылмыш ишин кайрадан ачууга тыюу салбайт, эгерде акталган өкүм чыгарылган учурда жок болгон же ошол учурда белгилүү эмес болгон далилдердин табылышы сыяктуу өзгөчө жагдайлар пайда болсо.[269]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Эч ким бир эле укук бузгандык үчүн эки жолу юридикалык жоопкерчилик тартпоого тийиш принциби Конституциянын[270] өзүндө дагы, ошондой эле КР КЖК[271] дагы бекитилген. Акыркысында бул принцип бир кылмыш үчүн бир гана негизги жаза дайындалат, ал эми кошумча жазалар мыйзамда караштырылган учурларда гана дайындалышы мүмкүн деп толукталган.[272]

Белгилей кетчү нерсе, кылмыштардын жыйындысында ар бир кылмыш үчүн жаза өзүнчө дайындалат,[273] мындан соң дайындалган жазаларды толук же жарым-жартылай кошулуп акыркы жаза аныкталат. Мисалы, эгерде өмүр боюу эркиндигинен ажыратуу дайындалса, ал жеңилирээк жазаларды жокко чыгарат.[274]

Жазаларды өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча дайындоодо, сот акыркы өкүм боюнча дайындалган жазага мурдагы өкүм боюнча аткарылбаган жазанын бөлүгүн толугу менен же жарым-жартылай кошот. [275] Эгер өмүр боюу эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү эки же андан көп жазалар дайындалган болсо, аны бир жолу гана өтөйт.[276]

Кылмыштардын жыйындысы боюнча кошумча жазаларды дайындоо мүмкүнчүлүгүнө жол берилет, кылмыш-жаза мыйзамы кошумча жаза КР КЖКнын жалпы бөлүгүндө белгиленген максималдуу мөөнөтүнөн, же өлчөмүнөн ашпоосун караштырат.[277]

Мындан сырткары, Кыргызстандын кылмыш-жаза мыйзамы өкүмдү аткаруунун мөөнөтү эскирүүсүн аныктайт, ага ылайык эгерде кийинкидей мөөнөттөр өткөн болсо, соттолгон адам жазаны аткаруудан бошотулат: 2 жыл — азыраак оор кылмыштар үчүн; 5-жыл — оор кылмыштар үчүн; 10 жыл — өзгөчө оор кылмыштар үчүн. [278]

Эгерде соттолгон адам жазасын өтөөдөн баш тартса, мөөнөтү эскирүүсү токтотулат жана кармалган учурдан баштап кайтадан ачылат. Эгерде өкүм чыгарылган учурдан баштап 20 жылдан ашык убакыт өткөн болсо, ал тургай үзгүлтүккө учуроолорду эске алуу менен дагы жаза аткарылышы мүмкүн эмес.[279] Ошол эле учурда, эскирүү мөөнөтү кийинки кылмыштарга карата колдонулбайт: тынчтыкка же адамзатынын коопсуздугуна каршы кылмыштарга, же аскердик кылмыштарга, балдардын жыныстык кол тийбестигине жана инсандын жыныстык эркиндигине каршы кылмыштарга, ошондой эле – кыйноолор, паракорчулук, терроризм актысы, экстремисттик уюмдарды түзүү кылмыштарына.[280]

---

[269] 56-пункт, № 32 Жалпы тартиптеги эскертүү, 14-берене: Соттор жана трибуналдар алдында теңдик, ар бир адамдын адилет сот кароосуна болгон укугу. CCPR/C/GC/32. 2007-жылдын 23-августу. URL: https://digitallibrary.un.org/record/606075?ln=ru

[270] КР Конституциясынын 58-беренесинин 3-бөлүгү.

[271] КР КПК 6-беренесинин 2-бөлүгү.

[272] КР КПК 60-беренесинин 3-бөлүгү.

[273] КР КПК 77-беренесинин 2-бөлүгү.

[274] КР КПК 77-беренесинин 3-бөлүгү.

[275] КР КПК 78-беренесинин 1-бөлүгү.

[276] КР КПК 78-беренесинин 5-бөлүгү.

[277] КР КПК 77-беренесинин 4-бөлүгү.

[278] КР КПК 92-беренесинин 1-бөлүгү.

[279] КР КПК 92-беренесинин 3-бөлүгү.

[280] КР КПК, 92-беренесинин 10-бөлүгү.

Муну менен катар эле, кылмыш-жаза-процессуалдык кылмышы каралып жаткан принципти камсыз кылуунун бир катар башка чараларын караштырат. Алсак, адам ошол эле жосун үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигине кайтадан тартылышы мүмкүн эмес, эгерде: ошол эле айыптоо боюнча өкүм чыгарылып мыйзамдуу түрдө күчүнө кирген болсо[281]; кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө же ошол эле жосун боюнча ишти кыскартуу жөнүндө чечим бар болсо.[282]

Бирок соттук териштирүүнүн бардык стадияларында ишти ушул негиздер боюнча кыскартуу мүмкүнчүлүгү бар. Алсак, бул соттук отурумдун жүрүшүндө,[283] биринчи инстанциядагы сотто, апелляциялык инстанциядагы сотто,[284] кассациялык инстанциядагы[285] сотто мүмкүн. Ал эми биринчи инстанцияда алдын ала угууда белгиленген негиздер боюнча иш кыскартылбайт, кылмыш куугунтугунун эскирүү мөөнөтү өткөндүгүнө байланыштуу кыскартылышы мүмкүн.[286]

Кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамы ошондой эле, эгерде жосун үчүн жаза аткарылган болсо, иш кыскартылган болсо же адам акталган болсо, анда соттолгон адамды берүүдөн же өткөрүп берүүдөн баш тартуу үчүн негиздерди караштырат.[287]

Кээде иш тажрыйбасында адам алгач административдик жоопкерчиликке тартылган, андан кийин – ошол эле жосун үчүн – кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылган кырдаалдар орун алат. Мындай тажрыйба эл аралык укукта бекитилген ne bis in idem принцибине карама-каршы келет (бир эле укук бузуу үчүн эки жолу жазалоонун жол берилбестиги). Тактап айтканда, мындай укук бузуу “Сергей Золотухин Россияга каршы” ишинде орун алгандыгы таанылган (АУЕС, 2009-жыл), ага ылайык Сот ошол эле фактылар боюнча административдик жазалоо чарасынан кийин кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуу, Адам укуктарын коргоо жөнүндө Европалык конвенциянын №7 Протоколунун 4-беренесин бузат деп көрсөткөн.

Ошол эле учурда, тереңдетилген маектешүүлөрдүн жүрүшүндө респонденттердин бардык үч категориясы – жекече иштеген адвокаттар, мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумунун адвокаттары жана кылмыш-жаза сот адилеттиги чөйрөсүндө иштеген юристтер – алардын иш тажрыйбаларында бир эле жосун үчүн эки жолу соттолгон же жазаланган окуялар кездешкен эместигин белгилешти.

Корутундулар

1. КР мыйзамдарында КР КПК 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-6-пункттарын негиз кылуу менен алдын ала угуулар баскычында иштерди кыскартуу мүмкүнчүлүгү жок.

Сунуштамалар

1. КР ЮМне КР КПК 287-беренесинин 1-бөлүгүнө КР КПК 27-беренесинин 5-6-бөлүктөрүнүн пунктуларына шилтеме келтирген алдын ала угуулар стадиясында ишти токтотууга негиздерди кошуу менен өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу максаттуу.

[281] КР КПК, 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пункту.
[282] КР КПК, 27-бereненин, 1-бөлүгүнүн 6-пункту.
[283] КР КПК, 302-беренеси.
[284] КР КПК, 421-бereненин, 2-бөлүгү, КР КПК, 417-беренеси.
[285] КР КПК, 448-бereненин, 1-бөлүгүнүн 4-пункту.
[286] КР КПК, 287-бereненин, 1-бөлүгү
[287] КР КПК, 532-544-беренелери.

3.13-КК. Улуттук кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамы жана укук колдонуу тажрыйбасы натыйжалуу кайра кароо укугун камсыз кылат

Сыпаттамасы

Кандайдыр бир кылмыш үчүн соттолгон ар бир адам анын соттолушу жана өкүмү жогорку сот инстанциясы тарабынан мыйзамга ылайык кайра каралуусу укугуна ээ.[288] Апелляцияга берүү укугу жеткиликтүү жана натыйжалуу болушу керек. Кайра карап чыгуу адамды соттолушунун укуктук дагы, ошондой эле материалдык дагы аспектилерине тиешелүү болуусу зарыл. Апелляцияга берүү укугуна ошондой эле соттук териштирүүнүн протоколдорун берүүнү кечиктирүү дагы таасирин тийгизиши мүмкүн. Соттолгон адам жүйөлөштүрүлгөн жазуу жүзүндөгү өкүм менен тиешелүү деңгээлде акылга сыярлык мөөнөттө таанышууга укуктуу. Ошондой эле, эгерде коргоочу апелляция берүүдөн баш тартса, а улуттук сот болсо, бул кардардын каалоосуна ылайык жасалды деп аныктабаса бул укук бузулат. Айыптоочу өкүмдү кайра кароо укугу натыйжалуу болушу үчүн, соттолгон адамдын кайра карооого карата укугунун өзүн бузбоо үчүн бийликтегилер жетиштүү сандагы далилдерди сактоолору зарыл, т.а., каралып жаткан далилдер мындай текшерүүнү жүргүзүү үчүн өтө зарыл болот.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдар кылмыш иши боюнча сот актыларын апелляциялык, кассациялык тартипте, ошондой эле кайрадан ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайрадан кароо укугун караштырат.

Алсак, мыйзамдуу күчүнө кире элек өкүм, ошондой эле биринчи инстанциядагы башка соттук актылар тараптар тарабынан апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн.[289] Бул укук айыпталуучуга, акталганга, медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө өндүрүш жүргүзүлгөн же жүргүзүлүп жаткан адамга, алардын адвокаттарына жана мыйзамдуу өкүлдөрүнө, мамлекеттик айыптоочуга же жогору турган прокурорго, жабырлануучуга жана анын өкүлүнө, ошондой эле мүлкү камакка алынган адамдарга берилет.[290] Материалдык зыяндын жана (же) моралдык залалдын ордун толтурууга жооптуу адам соттун чечиминин материалдык зыяндын жана (же) моралдык залалдын ордун толтуруу бөлүгүн даттанууга укуктуу.[291] Апелляциялык даттануулар жана сунуштар өкүм чыгарылган күндөн тартып 30 сутканын ичинде, ал эми камактагы айыпталуучу тарабынан – ага өкүмдүн көчүрмөсү тапшырылган күндөн тартып ошол эле мөөнөттө берилиши мүмкүн.[292] Соттун токтомдорунун үстүнөн даттануу үчүн мөөнөттөр – 10 сутка.[293] Ошол эле учурда мыйзам биринчи инстанциядагы соттун токтомдорун жыйынтыктоочу сот чечимдерин[294] чыгарганга чейин, соттун жыйынтыктоочу чечими[295], менен чогуу даттанууну

[288] ЖСУЭП, 14 (5)
[289] КР КПК 397-беренесинин 1-бөлүгү.
[290] КР КПК 397-беренесинин 2-бөлүгү.
[291] Ошол жерде.
[292] КР КПК 400-беренеси.
[293] КР КПК 401-беренеси.
[294] КР КПК 401-беренесинин 3-бөлүгү.
[295] КР КПК 401-беренесинин 2-бөлүгү.

караштырат, ошондой эле биринчи инстанциядагы соттун айрым токтомдору даттанылбайт, мисалы, соттун соттук териштирүүнүн мөөнөтүн узартуу жөнүндө чечими.[296]

Мөөнөтү өткөрүлүп берилген апелляциялык даттануу, сунуш кароосуз калтырылат.[297]

Ошондой эле, даттануу берүү мөөнөтүн кайра калыбына келтирүүнүн механизми караштырылган. Тактап айтканда, сот соттук отурумдун протоколу өз учурунда даярдалбаганда; соттук актынын көчүрмөсүн сот өндүрүшүнүн тилин билбеген иштин катышуучусуна котормосуз тапшырганда; соттук актынын корутунду бөлүгүндө даттануунун мөөнөтү так эмес көрсөтүлгөндө өтүп кеткен мөөнөтүн калыбына келтирет.[298]

Бирок, мөөнөттү калыбына келтирүү жөнүндө өтүнүч соттук отурумда өкүмдү, башка соттук чечимди чыгарган судья, токтомду чыгарган тергөө судьясы тарабынан каралат, ал түшүндүрмөлөрдү берүү үчүн өтүнүч менен кайрылган адамды чакырууга укуктуу.[299] Бир тарабынан алып караганда, муну сот адилеттүүлүгүнүн жеткиликтүүлүгүнө карата тоскоолдук катары кароого болот, анткени даттанууну кароону каалабаган сот мөөнөтүн калыбына келтирүүдөн формалдуу себептер бюонча баш тартышы мүмкүн. Экинчи тарабынан алып карасак, мындай чечимди апелляциялык жана кассациялык тартипте даттануу мүмкүнчүлүгү берилет.[300]

Өкүм кылмыш ишинин чыныгы жагдайларына дал келбегендиги, мыйзамды туура эмес колдонгондугу же процессуалдык ченемдердин олуттуу түрдө бузулгандыгы аныкталса, ал жокко чыгарылышы же өзгөртүлүүсү мүмкүн.[301] Муну менен катар эле, “өкүм” термини колдонулгандыгына байланыштуу мындай негиздерди башка сот актыларына колдонууну чектөө ыктымалдыгы бар.

Кассациялык тартипте кайра кароо жөнүндө айта турган болсок, КР ЖС соттук чечимдерди кассациялык тартипте кайра карай тургандыгын белгилеп кетүүбүз керек.[302] Кассация апелляциялык соттордун чечимдеринин мыйзамдуулугун текшерет, бирок биринчи инстанциянын сотторунун мурда даттанылган өкүмдөрүн карабайт.[303] Кассациялык даттануу же сунуштама берүү укугуна соттолгон, акталган, адвокат жана мыйзамдуу өкүлдөрү, жабырлануучу же (жана) анын өкүлү, ошондой эле прокурорлор өз ыйгарым укуктарынын чектеринде укуктуу.[304]

Кассациялык даттануулар биринчи инстанциядагы сотко берилет, ал 5 күндүн ичинде ишти Жогорку сотко жөнөтөт. Талаптарга шайкеш келбеген да даттануулар кароосуз кайра кайтарылат.[305]

Кассациялык инстанциядагы сот кассациялык даттануулардын же сунуштардын жүйөлөрү менен байланышта эмес жана материалдык жана процессуалдык укуктардын ченемдерин олуттуу бузуулар бөлүгүндө иш боюнча өндүрүштү толук көлөмдө текшерүүгө укуктуу.

[296] КР КПК 283-беренесинин 7-бөлүгү.
[297] КР КПК 400-беренесинин 3-бөлүгү.
[298] КР КПК 403-беренесинин 3-бөлүгү.
[299] КР КПК 403-беренесинин 1-бөлүгү.
[300] КР КПК 403-беренесинин 5-бөлүгү.
[301] КР КПК 418-422-беренелери.
[302] КР КПК 439-беренесинин 1-бөлүгү.
[303] КР КПК 439-беренесинин 3-бөлүгү.
[304] КР КПК 440-беренеси.
[305] КР КПК 443-445-беренелери.

Кассация айыптоочу тараптын тиешелүү даттануусу жок болсо, айыпталуучунун же акталган адамдын абалын начарлатуусу мүмкүн эмес.[306] Белгилей кетчү нерсе, соттолгондун, акталгандын, иши кыскартылган адамдын абалын начарлатууга алып келүүчү негиздер боюнча кассациялык даттануу бир жылдан ашпаган мөөнөт менен чектелет.[307] Башка учурларда даттануу үчүн мөөнөттөр чектелген эмес, мындай мөөнөттөр КР КПК аныкталган эмес.

Кассациялык инстанциядагы соттун соттук чечимдери алар жарыя кылынган учурдан тартып дароо мыйзамдуу күчүнө кирет, акыркы болуп эсептелет жана 5 күндүн ичинде төмөнкү инстанциялардагы сотторго аткаруу үчүн жөнөтүлөт (КР КПК 450-берене).

Жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча иш боюнча өндүрүш кайрадан башталышы мүмкүн. Кайтадан ачылган жагдайлар – бул чечим чыгаруу учурунда бар болгон, бирок сотко белгисиз болгон жагдайлар,[308] жаңы жагдайлар – бул чечим чыгаргандан кийин пайда болгон же белгилүү болгон жагдайлар.[309]

Негиздердин тизмеси – аныкталат, алар өкүмдөн тышкары соттун, прокурордун, тергөөчүнүн иштин эскирүү мөөнөтү өткөндүгүнө байланыштуу, мунапыс же ырайым кылуу актыларынын натыйжасында, айыпталуучунун өлгөндүгүнө же адамдын кылмыш жоопкерчилиги башталуучу жаш куракка жетпегендигине байланыштуу ишти кыскартуу жөнүндө аныктамалары, токтомдору менен аныкталуусу мүмкүн.[310]

Өтүнүч берүүгө соттолгондор, акталгандар, жабыр тарткан адамдар же алардын өкүлдөрү, ошондой эле прокурорлор укуктуу.[311] Муну менен катар эле соттолгон адамдын пайдасына карата кайра кароо мөөнөтү чектелген эмес,[312] ал эми актоочу чечимдерди же жазаны жумшартуу жөнүндө чечимдерди кайра кароо кылмыштын эскирүү мөөнөтүнүн ичинде мүмкүн, бирок жагдайлар ачылган учурдан тартып бир жылдан кеч эмес мөөнөттө каралышы мүмкүн.[313]

Өтүнүч даттанылган чечимди чыгарган соттор тарабынан каралат. Алсак, биринчи инстанциянын соту апелляцияга жетпеген иштерди карайт, апелляциялык жана кассациялык соттор – албетте өз чечимдерин.[314] Ошол эле учурда бул суроо боюнча биринчи жана апелляциялык инстанциялардын сотторунун чечими даттанылуусу мүмкүн.[315] Ал эми иштин жаңы же кайтадан ачылган жагдайлары боюнча сот актыларын жокко чыгаруу жалпы тартипте караштырылат.[316]

КР ЖС инстанциялар боюнча айыптоочу жана актоочу өкүмдөрдүн сандык катыштыгы жөнүндө, реабилитациялоо боюнча катталган иштердин саны жөнүндө суроолорго жооп берүү менен, ошондой эле аларды кароонун жыйынтыктары жана даттануу учурлары боюнча дагы жооп берди. Ошентип, 2023-жылы акталгандардын үлүшү 4,8% же 311 адамды түзгөн, ал эми соттолгондордуку – 95,2%. Аталып өткөн жоопко таяна турган болсок, апелляциялык инстанцияларга 297 адамга карата актоочу өкүмдөр даттанылган, карап

[306] КР КПК 441-беренеси.
[307] КР КПК 442-беренеси.
[308] КР КПК451-беренесинин 3-бөлүгү.
[309] КР КПК 451-беренесинин 4-бөлүгү.
[310] КР КПК 451-беренесинин 5-бөлүгү.
[311] КР КПК 451-берене.
[312] КР КПК 453-беренесинин 1-бөлүгү.
[313] КР КПК 453-беренесинин 3-бөлүгү.
[314] КР КПК 452-беренеси.
[315] КР КПК 455-беренеси.
[316] КР КПК456-беренеси.

чыгуунун жыйынтыгы боюнча 49 адамга карата өкүмдөр жокко чыгарылган. Мындан тышкары, биринчи инстанциядагы соттордун айыптоочу өкүмдөрүнө берилген апелляциялык даттанууларды кароонун жыйынтыгында 57 адам акталган.

Ошол эле мезгил ичинде КР ЖС кассациялык даттанууларды жана сунуштарды кароонун жыйынтыгында 87 адамга карата актоочу өкүмдөрдү күчүндө калтырган, ал эми 29 өкүмдү жокко чыгарган. [317]

Тереңдетилген маектешүүлөрдүн респонденттери кылмыш иштерин кайра кароо сейрек кездешерин жана бул процесс ар кандай кыйынчылыктар менен коштолорун белгилешти. Юристтер, мисалы, негиздердин жоктугунан же процессуалдык мөөнөттөрүн өткөрүп жиберүүдөн улам, ийгиликтүү кайра кароо сейрек кездешерин белгилешти. МКЮЖ айрым адвокаттарынын айткандарына ылайык, соттор кайрадан кароого көп учурда тандалма мамиле жасашат, өткөрүп берилген далилдерге кайдыгер мамиле жасашат жана негиздерди субъективдүү баалашат.

Корутундулар

1. Натыйжалуу кайра кароо укугу өкүмдү жокко чыгаруу үчүн караштырылган негиздерге байланыштуу жарым-жартылай ишке ашырылат, бардык сот актыларына жайылтылбайт, мындан тышкары соттук чечимдерди кайра кароодо бирдиктүү эмес тажрыйба орун алууда.

Сунуштамалар

1. КР ЮМ бардык сот актыларын жоюу үчүн негиздерди кеңейтүү максатында КР КПК 418-беренесиндеги мүмкүнчүлүктү караштыруусу зарыл.

2. КР ЖС кылмыш иштери боюнча сот чечимдерин кайра карап чыгуу тажрыйбасынын обзорун практикалык татаалдыктарды четтетүү сунуштары менен чогуу даярдоо маанилүү.

3.14-КК. Улуттук кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдары жана укук колдонуу тажрыйбасы, эгерде өкүм кийинчерээк жокко чыгарылган болсо, анда соттолуучунун компенсация алуу укугун камсыздайт

Сыпаттамасы

Эгерде кайсы бир адам кылмыш иши боюнча акыркы чечим менен соттолгон болсо жана ага чыгарылган өкүм кийинчерээк жокко чыгарылган же кечирим берилген болсо, анткени жаңы же кайра аныкталган жагдай соттук катачылыкты талашсыз тастыктап турган болсо, эгерде анын күнөөсүнөн улам же жарым-жартылай кесепетинен улам көрсөтүлгөн белгисиз жагдай өз буганда табылган эмес болсо, анда мындай соттоодон улам жазаланган адам мыйзамга ылайык компенсация алат.[318] Ушул компенсация алуу укугу кечирим берүүнүн башка учурларына жайылтылбайт.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Мурда 3.11-көзөмөлдөөчү көрсөткүчтө соттук ката кетирүү орун алган учурда, мыйзамдын реабилитациялоо укугун ишке ашыруунун механизмин камсыз кылуучу жоболору каралып чыккан. Кыргыз мыйзамдары ребилитациялоо укугун, анын ичинде компенсация алууну ишке ашырууну камсыз кылган ченемдерди камтыйт, бирок алар КР КПК 27-беренесинде жана “кылмыш куугунтугун алып барган органдардын мыйзамсыз аракеттеринин

[317] Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту 2024-жылдын 26-июлундагы №01-22/1670 чыгыш номуру менен кат
[318] ЖСУЭП, 14 (6)-берене.

жыйынтыгында жаранга келтирилген зыяндын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" 3-беренесинде түз саналып берилген окуялардын чектелүү саны үчүн гана колдонулат. Ушул көзөмөлдөөчү көрсөткүчтүн алкагында сот актыларын жокко чыгаруу окуялары жана негиздери ачылып берилет. Алсак, биринчи инстанциянын сотунун өкүмүн жокко чыгаруунун же өзгөртүүнүн жана жаңы өкүмдүн токтомунун негиздери кийинкилер болуп саналат: 1) соттун өкүмдө баяндалган корутундуларынын апелляциялык инстанциядагы сотто аныкталган иштин реалдуу жагдайларына шайкеш келбестиги; 2) Кылмыш-жаза кодексинин ченемдерин туура эмес колдонуу; 3) кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамды олуттуу түрдө бузуу; 4) дайындалган жазанын жасалган кылмыштын оордугуна шайкеш келбестиги.[319] Апелляциялык[320] жана кассациялык [321] инстанциялардын сотторуна сот актыларын жокко чыгаруу боюнча ыйгарым укуктар берилген. Жаңы жана кайтадан ачылган жагдайлар боюнча иште кароону кайра баштоо суроосун караган учурда дагы сот актылары жокко чыгарылышы мүмкүн.[322]

Бирок, 3.11-көзөмөлдөөчү көрсөткүчтө белгиленгендей, реабилитациялоо укугуна ээ болушат:[323]

1) ага карата мыйзамдуу күчүнө кирген актоо өкүмү бар акталган адам;

2) аларга карата кылмыш куугунтугу ушул Кодекстин 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-6, 8, 10 жана 14-пункттарында каралган негиздер боюнча кыскартылган шектүү, айыпталуучу;

3) ага карата медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары колдонулган адам, - ушул чараны колдонуу жөнүндө соттун мыйзамсыз же негизсиз токтому жокко чыгарылган учурда.

Тактап айтканда, сот актысынын жокко чыгарылуусу реабилитациялоо укугунун өзүнөн өзү эле пайда болуусуна алып келбейт, эгерде жогоруда белгиленген жагдайлар аныкталса гана реабилитациялоо укугу келип чыгат.

Кечирим берүүгө тиешелүү кийинкилерди белгилей кетүүбүз зарыл, кечирим берүү жөнүндө актысынын негизинде кийинкилер ишке ашырылуусу мүмкүн: 1) жазанынкалган бөлүгүн өтөөдөн бошотуу; 2) өмүр боюу эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны 20 жылдык мөөнөткө алмаштыруу; 3) эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазанын мөөнөтүн аныкталган мөөнөткө чейин кыскартуу.[324]

Ушунун негизинде, ырайым кылуунун табиятынын өзү адамдын күнөөлүү же күнөөлүү эмес экендигин аныктабайт, бул реабилитациялоо укугунун пайда болушуна негиз боло алмак.

Корутундулар

1. Соттук ката кетирилген учурда компенсацияга карата укук эл аралык деңгээлде таанылат жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 14(6)-беренесинде түздөн-түз бекитилген. Бул укук адилет сот адилеттигинин ажырагыс элементи болуп саналат. Кыргыз мыйзамдары реабилитациялоо укугун камсыз кылган ченемдерди камтыйт, ага компенсациялоо дагы кирет, бирок алар КР КПК 27-беренесинде жана мыйзамдын 3-беренесинде «кылмыш

[319] Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процесстик кодексинин 418-беренеси 2021-жылдын 28-октябры № 129 (2024-жылдын 5-августундагы № 160 редакциясында);
[320] КР КПК 417-беренеси.
[321] КР КПК 448-беренеси.
[322] КР КПК 455-беренеси.
[323] КР КПК 132-беренеси, 2-бөлүгү.
[324] КР КПК 94-беренеси, 2-бөлүгү.

куугунтугун алып барган органдардын мыйзамсыз аракеттеринин жыйынтыгында жаранга келтирилген залалдын ордун толтуруу жөнүндө» түз саналып берилген чектелүү сандагы окуяларда гана колдонулууга жатат. Эгерде мыйзамда белгиленген конкреттүү негиздер белгиленбесе, Өкүмдү четке кагуу компенсация алуу укугун автоматтык түрдө жаратпайт (мисалы, актоо, реабилитациялоочу негиздер боюнча кылмыш куугунтугун кыскартуу, мажбурлоочу чараларды мыйзамсыз колдонууну четке кагуу). Эгерде жокко чыгаруу негиздеринин реабилитациялоочу табияты далилденбесе, жаңы ачылган жагдайлар боюнча өкүмдү четке кагуунун жана компенсация алуу укугунун ортосунда укуктук ажырым бар.

Сунуштамалар

1. КР Жогорку Кеңеши зарыл: 1) ЖСУЭП 14(6)-беренесине шайкеш келтирүү менен, эгерде адамдын кылмышты жасабагандыгы аныкталса, жаңы же кайрадан ачылган жагдайлардын негизинде өкүм артка кайтарылган учурда компенсация алуу укугун караштыруу менен, соттук каталар бөлүгүндөгү мыйзамдык негиздерди кеңейтүү; 2) “Кылмыштык териштирүүнү алып барган органдардын мыйзамсыз аракеттеринин натыйжасында жаранга келтирилген зыяндын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” Мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү; 3) компенсация үчүн негиз катары соттук ката кетирүү фактысын таануунун так процессуалдык механизмин иштеп чыгуу (мисалы, атайын соттук токтом же ыйгарым укуктуу органдын корутундусу аркылуу). 4) кечирим берилген учурларда, айрыкча күнөөсүздүгүн тастыктаган жаңы далилдердин негизинде кечирим берүү чечимдеринин ачык-айкындуулугун жана алдын ала божомолдонуусун жогорулатуу зарыл — мындай учурларда компенсация берүү укугун караштыруу керек; 5) мындай жол-жоболордун жаңы же кайрадан ачылган жагдайлар боюнча иштерди кайра кароо жөнүндө объективдүүлүгүн жана адилеттүүлүгүн камсыз кылуу максатында мындай иштер боюнча арыздарды караган институттардын (мисалы, адвокатуранын, көзөмөлдөө органдарынын) көз карандысыздыгын чыңдоо.

3.15-КК. Өзгөчө абал учурундагы артка чегинүүлөр реалдуу кырдаалдын курчтугу талап кылгандан ашпайт

Сыпаттамасы

Мамлекеттеги өзгөчө абал учурунда, улуттун коопсуздугу коркунуч алдында турганда жана өзгөчө абал бар экендиги жөнүндө расмий түрдө жарыяланганда, ЖСУЭПтин катышуучу Мамлекеттери ушул Пакты боюнча өзүнүн милдеттенмелеринен артка чегинүү чараларын абалдын курчтугу талап кылган деңгээлде гана кабыл алуулары мүмкүн, бул артка чегинүү чаралары эл аралык укуктагы башка милдеттенмелерге каршы келбеген жана расасы, териси, жынысы, тили, дини же социалдык келип чыгышы боюнча гана басмырлоого алып келбеген шартта кабыл алынышы мүмкүн.[325] ЖСУЭПтин 4-беренесинде белгиленгендей, өзгөчө абал шарттарында катышуучу-мамлекеттер ЖСУЭПтин 14-беренесинде караштырылган кадимки процедуралардан баш тартууну чечсе, алар мындай чегинүүлөр реалдуу кырдаалдын курчтугу талап кылган шарттардан ашпоосун жана ЖСУЭПтин 14-беренесинин 1-пунктунда белгиленген башка шарттарды сакталышын камсыз кылуулары зарыл. Көз карандысыз жана калыс сот тарабынан соттолуу укугу, эч кандай өзгөчө учурларга жол бербеген өабсолюттук укук болуп эсептелет. Адвокаттын ал өзү коргоп жаткан адам менен жолугушуу укугу, анын ичинде өзгөчө абал шарттарында чектелбөөсү зарыл. Айыпталуучунун адвокаты менен тоскоолдуксуз жолугушуу укугу чектелбөөсү керек.

[325] ЖСУЭП, 4-берене.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Конституция Кыргыз Республикасында өзгөчө абал, өзгөчө кырдаал жана аскердик абал Конституцияда жана мыйзамдарда караштырылган учурларда жана тартипте киргизилет деп аныктайт.[326] Муну менен катар эле, мыйзам өзгөчө кырдаалдар жана өзгөчө абал түшүнүктөрүн ажыратат.

Алсак, өзгөчө кырдаал адам курмандыктарына, адамдардын ден соолугуна же айлана-чөйрөгө зыян келтирүүгө, олуттуу материалдык жоготууларга жана адамдардын жашоо-тиричилигинин шарттарынын бузулушуна алып келиши мүмкүн болгон же алып келген коркунучтуу табигый же техногендик кубулуштун, авариянын, катастрофанын, табигый же башка кырсыктын, жабыркоонун заманбап каражаттарынын таасиринин натыйжасында белгилүү бир аймакта түзүлгөн жагдай.[327] Ал эми, өзгөчө абал Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында же болбосо анын айрым жерлеринде киргизилүүчү анын жарандарынын коопсуздугун камсыздоо жана конституциялык түзүлүштү коргоо кызыкчылыктарында гана колдонулуучу жана мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, менчигинин түрүнө карабастан уюмдардын иштерине өзгөчө укуктук тартип киргизүүчү, жарандардын, чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын айрым укуктарын жана эркиндиктерин, ошондой эле юридикалык жактардын укуктарын чектөөнү белгилөөгө жол берүүчү жана аларга кошумча милдеттерди жүктөөчү убактылуу чара болуп эсептелет.[328]

Аталган түшүнүктөрдү так ажыратуунун маанилүүлүгү, өзгөчө абал шарттарында адамдын укуктары жана эркиндиктери чектелүүсү мүмкүн, бирок өзгөчө кырдаалдар шарттарында дагы Конституция аны улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгы менен адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо максатында жол берерин эске алуу менен, мындай чектөөлөр болушу мүмкүн экендигин билүү керек. [329] Эң негизгиси, киргизилип жаткан чектөөлөр көрсөтүлгөн максаттарга өлчөмдөш болушу керек.[330]

Муну менен катар эле, өзгөчө абалды киргизүү жөнүндө КР Жогорку Кеңешинин токтомунда жана КР Президентинин Жарлыгында өзгөчө чаралардын тизмеси жана чектери жана жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин убактылуу чектөөлөрдүн, кошумча милдеттердин толук тизмеси болушу керек.[331] Чектөөлөрдү киргизген мындай учурлар 2020-жылдын [332] март[333] жана октябрь айларында кездешти. Буша кошумча, КР ТИМ үч

[326] КР Конституциясынын 13-беренеси.

[327] Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 24-майындагы № 54 «Жарандык коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 2-беренесинин 4-пункту (2023-жылдын 27-мартындагы № 71 Мыйзамдын редакциясында). URL: ://cbd.minjust.gov.kg/111787/edition/1240722/ru

[328] Кыргыз Республикасынын «Өзгөчө абал тууралуу» Конституциялык Мыйзамынын 1-беренеси, 1998-жылдын 24-октябры № 135 (2015-жылдын 14-июлундагы № 163 редакциясында. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/4-130edition/1197568/ru

[329] КР Конституциясы, 23-бер., 2-бөлүк.

[330] Ошол жерде.

[331] Кыргыз Республикасынын «Өзгөчө абал тууралуу» Конституциялык Мыйзамынын 1-беренеси.

[332] Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарынын аймагында өзгөчө абалды киргизүү жөнүндө» 2020-жылдын 12-октябрындагы УП №195 Жарлыгы URL: https://cbd.minjust.gov.kg/430238/edition/1018524/ru

[333] Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарынын аймагында өзгөчө абалды киргизүү жөнүндө» 2020-жылдын 24-мартындагы УП № 55 Жарлыгы (28-апрелдеги 2020-жыл УП № 80 менен редакцияланган, 31-декабрдагы 2021-жыл УП № 587 жарлыгы менен күчүн жоготкон). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/430160/edition/1125166/ru

күндүк мөөнөттүн ичинде БУУнун Башкы катчысына Жарандык жана саясый укуктар тууралу эл аралык пакт боюнча алынган милдеттерден четтөө катары саналган адамдардын укуктары менен эркиндиктерин чектөөлөр жөнүндө, бул чектөөлөрдүн көлөмү жана кабыл алынган чечимдин себептери жөнүндө кабар берүүсү керек.[334]

Ал эми, сот өндүрүшүнө байланыштуу кийинкилерди белгилеп кетүү зарыл, жогоруда көрсөтүлгөн учурларда КР ЖС жарандык, кылмыш, административдик иштердин, жосундар боюнча иштердин, ошондой эле сотко чейинки өндүрүш материалдарынын аймактык карамагын өзгөчө кырдаал мезгилинде Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарынын аймагына өзгөртүү укугу берилген.

Бирок булар жалгыз гана чектөөлөр эмес болчу. Мисалы, Ысык-Көл облусунун Административдик сотунун төрагасы Мелис Тагаевдин баяндамасында айтылгандай "жарандарды аралыктан кабыл алуу жана соттордун кызматкерлеринин аралыктан иштөөсү уюштурулган."Камакта кармалган адамдарга байланыштуу кылмыш иштеринин алкагында, алардын камакта кармоо мөөнөттөрүн эске алуу менен, алгач ирет сот отурумдарын аралыктан (дистанциялык) өткөрүү башталган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы (ЖАМК) айыпталуучуларды сотко алып келүүнү убактылуу токтоткон."[335]

Кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарында өзгөчө абал/өзгөчө кырдаал шарттарында адилеттүү соттук териштирүүгө карата укукту, анын ичинде адвокатка жана аны менен жолугууга болгон укукту чектөө каралган эмес. Бирок, буга чейин 3.4-көзөмөл көрсөткүчүндө белгиленгендей, киргизилген өзгөртүүлөрдүн натыйжасында айыпталуучунун өзүнүн катышуусунда соттолууга, квалификациялуу юридикалык жардам алууга болгон укуктарынын чектелүү коркунучу бар.[336] КПКда, Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын мекемелеринде кармалган айыпталуучунун (жазасын өтөп жаткан адамдын) аралыктан сот отурумуна катышуу мүмкүнчүлүгү алып салынган.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы институтунун (Омбудсмендин), Кыргыз Республикасынын кыйноолорду алдын алуу боюнча улуттук борборунун жана «Эркиндик Үнү» КФ биргелешкен баяндамасында пандемия мезгилинде адвокаттардын тергөө абагында кармалган өз коргоондогу адамдарга кирүү мүмкүнчүлүгү болгон эмес деп билдирилген. Камактагы бөгөт чарасын өзгөртүү/узартуу маселелерин кароонун процессуалдык мөөнөттөрүн, тартибин жана жол-жоболорун бузуу учурлары көп санда аныкталган; СИЗО №1де онлайн-форматта сот отурумдарын өткөрүү тартиби адвокаттарга өз коргоондогу адамдар менен купуялуулук шартында баарлашууга мүмкүнчүлүк бербейт, анткени айыпталуучулар мекеменин кызматкерлери менен бир бөлмөдө кармалат.

Бардык топтордун респонденттери (адвокаттар, юристтер, МКЮЖ адвокаттары) 2020-жылдагы COVID-19 коронавирус инфекциясы пандемиясы учурунда кабыл алынган чаралар боюнча тереңдетилген маектешүүлөр учурунда өз пикирлерин бөлүшкөн. Ошол эле кезде, адвокаттардын көпчүлүгү пандемия учурунда сотторго жана айыпталуучуларга кирүүнү чектөө, айрыкча онлайн-отурумдарды өткөрүүгө техникалык мүмкүнчүлүктөрдүн жетишсиздиги жана айыпталуучуларды кармоо көйгөйлөрүндө негизсиз болгон деп эсептешет. Юристтер ошондой эле, онлай-отурумдар сыяктуу чаралар ӨК режимин алып

[334] Кыргыз Республикасынын «Өзгөчө абал тууралуу» Конституциялык Мыйзамынын 36-беренеси.
[335] Пандемия учурундагы сот адилеттиги. URL: https://sot.kg/post/pravosudie-v-usloviyah-pandemii
[336] Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза-процессуалдык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» 2024-жылдын 16-февралындагы № 49 Мыйзамы. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/4-5285/edition/3166/ru?lang=ru

салгандан кийин деле улана бергенин бөлүп көрсөтүштү, бул болсо айыпталуучулардын адвокаттарына жеткиликтүүлүгүн чектеген жана коргоонун сапатын төмөндөткөн.

Кээ бирлери бул чараларды ден соолукка коркунучтуу болуп турган жагдайларда негиздүү деп эсептесе, башкалар аларды ашыкча деп баалашкан. МКЮЖ адвокаттары бири-биринен айырмаланган пикирлерди айтышкан: кээ бирлери чараларды пандемия учурунда актоочу мүнөзгө ээ деп эсептесе, башкалары, айрыкча аралыктан катышуу технологияларды колдонууга мүмкүнчүлүк бар болгон учурда, мындай аракеттер ашыкча деп эсептешет Ошол эле учурда көпчүлүк адвокаттар айыпталуучулардын жана сот отурумдарынын жеткиликтүүлүгү жаатында, анын ичинде ПЦР-тесттерди талап кылуу кыйынчылыктарга кабылышкан.

Корутундулар

1. 2020-жылы COVID-19 таажы вирусу инфекциясы пандемиясынын тажрыйбасы, иш тажрыйбасында адвокаттардын алар коргогон адамдарга жеткиликтүү болуусуна, техникалык жактан жабдуунун жетишсиздигине, онлайн отурумдардын сапатына байланыштуу чектөөлөр болгондугун көрсөттү.

Сунуштамалар

1. КР Министрлер Кабинетине, КР Жогорку сотуна жана КР Судьялар кеңешине өзгөчө кырдаалдарда/өзгөчө абал шарттарында адилет соттук териштирүүнү камсыз кылуу көйгөйлөргө талдоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн талкуулоо, тобокелчиликтердин матрицасын же жол картасын иштеп чыгуу, ошондой эле кылмыш сот өндүрүшүндө алардын кесепеттерин алдын алуу боюнча чен өлчөмдүү чараларды иштеп чыгуу сунушталат.

3.16-КК. Улуттук мыйзамдар жана укук колдонуу тажрыйбасы айыпталуучунун күнөөсү мыйзам чегинде далилденгенге чейин аны күнөөсүз деп эсептөө укугун камсыз кылышат

Сыпаттамасы

ЖСУЭПтин 14 (2)-беренесине ылайык, кылмыш жасагандыгы үчүн ар бир айыпталуучу анын күнөөсү мыйзамга ылайык далилденгенге чейин күнөөсүз деп эсептелүүгө укуктуу.[337]

Адам укуктарын коргоо үчүн негизги мааниге ээ болуп эсептелген күнөөсүздүк презумпциясы айыптоочуга күнөөнү далилдөө милдетин жүктөйт, сот тарабынан шексиз далилденгенге чейин эч кандай күнөөлүү деп эсептебөөнү кепилдейт, шек саноо айыпталуучунун пайдасына талкууланууусун камсыз кылат жана кылмыш жасагандыгы үчүн айыпталып жаткан адамдарга ушул принципке ылайык мамиле жасалуусун талап кылат. Бардык мамлекеттик бийлик органдары соттук териштирүүнүн жыйынтыгын алдын ала чечүүдөн оолак болушу керек, мисалы, айыпталуучунун күнөөлүү экендиги жөнүндө жарыяланган ачык билдирүүлөрдөн карманууу аркылуу.[338]

[337] Караңыз, №32 Жалпы тартиптеги эскертүү, 30-пункт. 14-берене: Соттордун жана трибуналдардын алдында теңчилик жана ар бир адамдын адилеттүү соттук кароого болгон укугу. CCPR/C/GC/32, 2007-жылдын 23-августу. URL: https://digitallibrary.un.org/record/606075

[338] БУУ Адам укуктары боюнча комитети, 770/1997 кат, Гридин Россия Федерациясына каршы, 3.5 жана 8.3-пункттар.

Соттук териштирүүдө, жалпы эреже катары, соттолуучуларга кишен салынбоосу, же темир тор артына отургузулбоосу керек, же сотто аларды коркунучтуу кылмышкер катары көрсөтө турган башка турпатта көрсөтүлбөөгө тийиш. Жалпыга маалымдоо каражаттары жаңылыктарды бул күнөөсүздүк презумпциясына алып келе тургандай берүүдөн алыс болуу сунушталат.

Мындан сырткары, сотко чейин бөгөт коюу чарасы камакка алуу түрүндө кармоонун узактыгы эч бир жагдайларда анын күнөөлүү экендигинин белгиси жана күнөөлүүлүгүнүн деңгээли катары каралбоого тийиш.[339] Жарандык иш боюнча териштирүүдө материалдык жоопкерчилик жөнүндө корутундунун күнөөсүздүк презумпциясына тиешеси жок.[340]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кыргызстандын мыйзамдарында күнөөсүздүк презумпциясы жана анын негизги элементтери бекитилген. Ар бир адам анын күнөөсү мыйзамда каралган тартипте далилденмейинче жана мыйзамдуу күчүнө кирген соттун өкүмү менен аныкталмайынча күнөөлүү деп эсептелбейт. Бул принциптин бузулушу материалдык чыгымдын жана моралдык зыяндын ордун сот тартибинде толтуруп берүү үчүн негиз болот.[341] Мыйзам ошондой эле, эч ким өзүнүн күнөөсүздүгүн далилдөөгө милдеттүү эмес деп белгилейт. Күнөөлүүлүгүнө карата ар кандай күмөн саноолор айыпталуучунун пайдасына чечмеленет.[342] КР КПК айыптоо өкүмү божомолдорго негизделиши мүмкүн эмес экендигин түз караштырат.[343]

Мындан сырткары, эч ким кылмыш жасаганын өзү мойнуна алгандыгынын негизинде гана соттолушу мүмкүн эмес.[344] Айыптоочу айыпталуучунун күнөөлүү экендигин далилдөөгө милдеттүү. Мыйзамды бузуу менен алынган далилдер пайдаланылышы мүмкүн эмес.[345] Мисалы, эч ким зомбулукка, кыйноолорго жана башка ырайымсыз же адамдын кадыр-баркын кемсинтүүчү мамилеге жана жазага тартылышы мүмкүн эмес,[346] ал эми мындай усулдар менен алынган далилдер кабыл алынбайт.[347] Ошондой эле өз күнөөсүн моюнга алуусу башка далилдер менен анын күнөөлүү экени ырасталганда гана күнөөнүн негизине коюлушу мүмкүн,[348] ал тургай күнөөнү моюнга алуу жөнүндө макулдашууну ырастоо тууралуу суроо каралып жаткан учурда дагы.[349] Ал эми, жарашуу жөнүндө өтүнүч боюнча макулдукка жетишпеген учурда аны билдирүү фактысы айыптоодон баш тартуу же өзүнүн күнөөсүн мойнуна алуу катары каралышы мүмкүн эмес.[350]

---

[339] Караңыз: № 32 жалпы тартиптеги эскертүү, 14-берене, 30-пункт: Соттор жана трибуналдар алдында бардык адамдардын теңдиги жана ар бир адамдын адилеттүү соттук териштирүүгө укугу. CCPR/C/GC/32, 23 August 2007. URL: https://digitallibrary.un.org/record/606075

[340] 30-п.караңыз: № 32 жалпы тартиптеги эскертүү, 14-берене, 32-пункт: Соттор жана трибуналдар алдында бардык адамдардын теңдиги жана ар бир адамдын адилеттүү соттук териштирүүгө укугу. CCPR/C/GC/32, 23 August 2007. URL: https://digitallibrary.un.org/record/606075

[341] Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 57-берене, 1-бөлүгү; КР КПК, 17-берене.1-бөлүгү.

[342] Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 57-берене, 2-бөлүгү; КР КПК, 17-берене.2-3-бөлүктөрү.

[343] Ошол жерде, 17-берене, 4-бөлүгү.

[344] КР Конституциясы, 57-берене, 3-бөлүгү.

[345] КР Конституциясы, 57-берене, 4-бөлүгү.

[346] КР КПК, 11-берене, 4-бөлүгү.

[347] КР КПК, 12-берене, 3-бөлүгү.

[348] КР КПК, 83-берене, 2-бөлүгү.

[349] КР КПК, 504-берене, 4-бөлүгү.

[350] КР КПК, 505-берене, 4-бөлүгү.

Журналисттердин этикалык кодексине ылайык,[351] сот процесстерин чагылдыруу процесстин бардык катышуучуларына калыс көз карашта болууга тийиш. Журналист соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин адамды кылмышкер деп атоосу мүмкүн эмес.

Материалдарды жасап жаткан учурда журналист кылмышка шектүүлөр коомго белгилүү инсандар болгон жана өздөрүнүн идентүүлүгүн өздөрү ачкан учурларды же мыйзамда караштырылган кырдаалдарды кошпогондо, кылмышка шектелип жаткан адамдардын аты-жөндөрүн, сүрөттөрүн ачыкка чыгаруудан алыс болуусу зарыл.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында

жергиликтүү соттордун кызматтык жайларына карата нормативдер – анын ичинде сот отурумдарынын залдарынын аянтына болгон талаптар жана айыпталуучулар[352] үчүн торлуу конструкциялардын (айыпкерлер үчүн зоналардын) болуусу, ошондой эле камакта кармалып турган[353] соттолуучу адамдардын коштоонун (конвой) тартиби бекитилгенине карабастан, жүргүзүлгөн укуктук талдоо соттолуучуларды автоматтык түрдө мындай “торго” киргизүүгө же ал жерде кишен менен кармоого милдеттендирген ачык жеткиликтүү нормативдик ченемдерди тапкан жок. Балким, мындай нускамалар “кызматтык колдонуу үчүн” грифи менен сакталаттыр жана ачык түрдө жеткиликтүү эмес болгон чыгар.

Сот отурумдарына мониторинг жүргүзүүнүн жүрүшүндө, байкоочулар окуялардын 68% учурунда азыраак оор жана оор кылмыш жасоого айыпталуучулар сотко өз алдынча келип жатышты, анткени сотко чейинки стадияда аларга карата эркиндигинен ажыратууга байланышпаган чаралар караштырылды. Бөгөт коюу чарасы эркиндигинен ажыратууну камтыган окуялардын 31,9% учурунда айыпталуучулар сотко конвойдун коштоосунда жеткирилип жатты.

Сотко конвойдун коштоосунда жеткирилген 104 айыпталуучунун ичинен, 95,2% (тактап айтканда 99 адам) кишен тагылган. Сот залында темир торго жайгаштырылгандан кийин 97 айыпталуучудан кишендер алынган, бирок 2 окуяда айыпталуучулар сот отурумунун аягына чейин кишен салынган боюнча отурушкан.

Ошол эле 104 айыпталуучунун ичинен 94 адам (90,4%) темир торго же жарык өткөрүүчү кабинага киргизилишкен, алар процесстин бардык учурунда конвой тарабынан кайтарылган. Ошол эле учурда, сотко өз алдынча келген 271 айыпталуучунун ичинен 3 адам дагы темир тор артына отургузулган, мында коопсуздукту камсыз кылуу сот залын кире беришинде жайгашкан бир гана сот аткаруучусунун катышуусу менен чектелген соттук териштирүүгө талдоо жүргүзүү кийинкилерди көрсөттү:

- Окуялардын 18,5% учурунда (60 иш) сот айыптоочунун жана айыпталуучунун ортосундагы күнөөнү моюнга алуу жөнүндө сотко чейинки макулдашуунун бар экендиги тууралуу жарыялаган
- Окуялардын 59,7% учурунда (194 иш) мындай макулдашуу түзүлгөн эмес.

[351] Кыргыз Республикасынын журналисттеринин этика кодекси, 2007-жылдын 8-декабрында Республикалык Журналисттер Кенешинде кабыл алынган. URL: https://journalist.kg/ru/codex/

[352] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 5-августундагы № 492 «Жергиликтүү соттордун кызматтык имараттары үчүн нормалардын бекитилиши жөнүндө» токтому // https://cbd.minjust.gov.kg/7-13786/edition/964886/ru

[353] Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 16-февралындагы № 59 «Соттолгондорду жана камакка алынгандарды конвоолоо, түптөө жана оңдоо мекемелерин коргоо жана күзөтүү тартибин бекитүү жөнүндө» токтомуURL: https://cbd.minjust.gov.kg/7-30569/edition/13776/ru

- Окуялардын 21,8% учурунда (71 иш) макулдашуунун бар же жок экендиги суроосу сот тарабынан каралган эмес же иштин материалдарында катталган эмес.

Соттук териштирүүнүн жүрүшүндө кошумча түрдө аныкталды:

- Айыпталуучунун мурда соттолгондугу жөнүндө маалыматтар иштердин 33,5% (109 окуя) жарыяланган.
  Иштердин 66,5% (216 окуя) соттолгондугу бар же жок экендиги жөнүндө маалымат ачык сот отурумунда жарыяланган эмес.

Байкоочулар он беш жабыр тарткан адамды соттор жеке өздөрү, же мамлекеттик айыптоочулар менен чогуу айыпталуучулар менен элдешүү жөнүндө келишим түзүүгө макул болууга туруктуу түрдө көндүрүшкөн 15 фактыны белгилешти, мунун негизинде жабыр тарткан адамдар өздөрүн элдешүү жөнүндө келишим түзүүгө милдеттүү сезген шарттар түзүлгөн. Муну менен катар эле, элдешүү жөнүндө келишим түзүүгө мажбурлоо максатында жабыр тарткан адамга кысым көрсөтүүсү соттун бейтараптуулугу принцибин бузуу катары каралышы мүмкүн, анткени байкоочулар түшүндүрүшкөндөй, жабыр тарткан адамдарда соттор иштер боюнча айыпталуучунун пайдасына белгилүү бир чечим чыгышына кызыкдар деген түшүнүк пайда болгондугу айкын байкалган. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза-процессуалдык кодексине ылайык (КПК), тараптардын элдешүүсү милдет эмес, укук болуп эсептелет. Сот тараптарга алардын элдешүүгө карата укугу бар экендигин түшүндүрүүгө милдеттүү, бирок аларды элдешүү жөнүндө макулдашууну түзүүгө мажбурлоосу мүмкүн эмес.

Кыргыз Республикасындагы соттук териштирүүлөргө мониторинг жүргүзүүнүн алкагында өзгөчө көңүл күнөөсүздүк презумпциясы принцибин, тараптарга бирдей мамиле кылууну жана соттун калыстыгын сактоого бурулган. Төмөндө соттордун жана процесстин башка катышуучуларынын жүрүм-турумдарына тиешелүү негизги аспекттер боюнча негизги байкоо жүргүзүүлөр келтирилди.

Байкоо жүргүзүлгөн бир катар иштерде соттор жана прокурорлор, эрежеге ылайык, өкүм чыгарганга чейин айыпталуучунун күнөөлүүлүгүн белгилеген түз билдирүүлөрдөн карманышты.Бирок айрым учурларда, калыстыкка шек туудурган кыйыр билдирүүлөр катталган (мисалы, далилдерди изилдөө бүткөнгө чейин кылмыш жасалганын болжолдогон сөз айкаштары).

Каралган отурумдардын көбүнчөсүндө соттор бейтараптуулуктун формалдык белгилерин сакташкан, бирок айрым учурларда тараптарга карата бирдей эмес мамилелер байкалган, мисалы, коргоочу тарап сүйлөп жаткандардын сөзүн бөлүп токтотуп коюу, ал эми ошол эле учурда айыптоочу тарапка көбүрөөк убакыт жана көңүл бөлүнгөн.

Ошондой эле, коргоочу тараптын каршылык билдирүүлөрүн кароодо протоколдордо тийиштүү негиздемелер жок эле формалдуу түрдө мамиле жасаган учурлар да катталган.

Соттордун жана прокурорлордун көпчүлүгү айыпталуучулар менен сүйлөшүүдө туура лексиканы жана урматтаган тонду карманышкан. Бирок байкоочулар, соттолуучунун даректине күтүлбөгөн катуу эскертүүлөрдү же шылдыңдоолорду айткан учурларды катташкан, бул айрыкча мурда соттолгон же социалдык жактан аярлуу болгон учурларда орун алган.

Жалпысынан соттор далилдөө түйшүгүн айыптоочу тарапка жүктөө менен, процессуалдык милдеттерди бөлүштүрүү принцибин сакташкан. Бирок, байкоого алынган айрым иштерде

коргоочу тараптар айыпталуучунун позицияларын “актоочу” күтүүлөргө түш келишкен, бул далилдөө стандарттарын кыйыр түрдө жылдырып коюуну далилдеп турат.

Талдоо жүргүзүлгөн иштерде күмөн саноолор бардык учурларда эле айыпталуучунун пайдасына карата талкууланган эмес. Айрым өкүмдөр далилденбеген же талаштуу жагдайларга негизделген, актоочу ыкманын негизи катары күнөөсүздүк презумпциясына шилтеме келтирилбеген корутундуларды камтыган.

Процесстин катышуучулары (анын ичинде прокурорлор же жабыр тарткан адамдар дагы) айыпталуучунун даректине карата калыс эмес же эмоция менен коштолгон билдирүүлөрдү жасаганы байкалды. Соттор териштирүүдөгү калыстыкты сактоо максатында мындай көрүнүштөр орун алган окуялардын аз эле учурларында реакция кылышкан.

Бардык максаттуу топтордун өкүлдөрү – кылмыш-жаза сот адилеттиги чөйрөсүндө иштеген адвокаттар, МКЮЖ адвокаттары жана юристтер менен тереңдетилген маектешүүлөрдү жүргүзүүнүн жыйынтыгында – иш тажрыйбасында күнөөсүздүк презумпциясы принциби бузулган учурлар сейрек эмес экендиги аныкталды.

Адвокаттар жана юристтер айыпталуучуларга карата калыс эмес мамилелер жасалганын, бул айрыкча сотко чейинки этапта белгиленгенин айтышкан. Айыпталуучулар көбүнчө сот залында темир торчолордо же айнек кабиналарда кармалышат, бул болсо алардын ал тургай кол кишендери чечилип коюлган учурда деле, алардын күнөөлүү экендигин визуалдык түрдөгү ырастоо катары кабыл алынат

Юристтер ошондой эле, сот тутумунда турукташып калган айыптоочу багыт бар экенин белгилешкен, ага ылайык айыпталуучуга тагылуучу кылмыштын оордугу процесстин жыйынтыгына жана айыпталуучунун кабыл алуусуна таасирин тийгизет.

ЖКЮЖ адвокаттары соттор түз же кыйыр түрдө айыптоочунун позициясын колдогон билдирүүлөрдү айтышкан учурлар аз эмес экендигине көңүл бурушту. Ошол эле учурда болсо, коргоочу тараптын каршы пикирлери сот отурумдарынын протоколдорунда бардык эле учурда тиешелүү деңгээлде жазылбайт, бул андан ары даттануу мүмкүнчүлүгүн олуттуу түрдө кыйындатат.

Мындан сырткары, адвокаттардын пикирлери боюнча, иш тажрыйбасында мамлекеттик айыптоочулардын соттор менен формалдуу эмес түрдөгү өз ара аракеттенишкен учурлары сакталып келүүдө, мындай көрүнүш тараптардын атаандаштыгын жана тең укуктуулугунун негизин бузат.

Корутундулар

1. Мониторинг жүргүзүү укуктук негиздердин жана кесиптик стандарттардын бар экендигине карабастан, Кыргыз Республикасынын сот тажрыйбасында күнөөсүздүк презумпциясын жана тараптардын тең укуктуулугун камсыз кылууга карата формалдык ыкманын айрым жекече көрүнүштөрү сакталууда. Күнөөсүздүк презумпциясы принцибин бузуу процессуалдык ченемдерге карама-каршы келген конкреттүү аракеттерде гана эмес, ошондой эле сырткы формаларда дагы – мисалы, айыпталуучуларды сот залынан түздөн-түз темир торлорго же айнек кабиналарга киргизүү түрүндө орун алууда. Мындай тажрыйба коомчулукта жана процесстин катышуучуларында соттун чечими чыкканга чейин эле күнөөлүүлүгү жөнүндө бир тараптуу көз караштарды калыптандырат, ошону менен бирге

адилеттүү соттук териштирүүнүн жана адамдын кадыр-баркын урматтоонун эл аралык стандарттарына карама-каршылык келет.

Сунуштамалар

1. КР ЖС жана БП сунушталат: күнөөсүздүк презумпциясын ишке ашыруунун контекстинде соттор жана прокурорлор үчүн так жүрүм-турумдук багыттамаларды иштеп чыгуу; 2) сотторду жана прокуратура кызматкерлерин окутуу программаларына сүйлөөдөгү нейтралдуулук жана айыптуулуктун сырткы пайда болуусу сыроолорун киргизүү; 3) Соттор кеңешинин жана Башкы прокуратуранын даректерине үзгүлтүксүз түрдө мониторинг жүргүзүү, андан соң дароо кайтарым байланыш алуу.

2. КР ЖС зарыл: 1) соттордун процесстин катышуучулары тарабынан бир тараптуулуктун пайда болуусуна милдеттүү түрдө таасир этүүсүн камсыз кылуу; 2) айыпталуучуларды сот залынан автоматтык түрдө темир тор артына же буга окшош тосмолорго киргизүү тажрыйбасын кайра карап чыгуу, ар бир конкреттүү окуяда мындай чараларды колдонуунун зарылдыгына жекече баа берүү менен камсыз кылуу. Бир эле учурда күнөөсүздүк принцибин, айыпталуучунун адамзаттык кадыр-баркын урматтоого жана сот процессинин катышуучуларынын коопсуздугун кепилдикке алган тең салмактуу процессуалдык эрежелерди иштеп чыгуу керек.

4. Санариптештирүү адилеттүү кылмыш-жаза сот өндүрүшү стандарттарын толук кандуу ишке ашырууга жол ачат

4.1-КК. Сот отурумдарын аудио жана видео жаздыруу улуттук мыйзамдардын талаптарына ылайык ишке ашырылат жана айыптоочу тарапка дагы жана коргоочу тарапка дагы жеткиликтүү

Сыпаттамасы

Эл аралык стандарттар сот отурумдарын аудио жана видеого жаздырууну камсыз кылууну талап кылбайт, бирок мындай инновалициялык тажрыйба сотко ишенимди бекемдегенчара катары таанылган, сот өндүрүшүн кыйла ачык-айкын жана натыйжалуу кылат.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Сот отурумдарын жазып алуу аудио жана видео жазма каражаттары менен ишке ашырылат.[354] Жабдуулар техникалык жактан иштебеген абалда болсо, ал жок болсо же техникалык себептерден улам колдонууга мүмкүн эмес учурда, сот отурумдарын жазып алуу аудио жана видео жазма каражаттары менен жаздырып алуу жүргүзүлбөйт. Аудио жана (же) видео жаздыруу каражаттарын колдонуунун мүмкүн эместиги сот отурумун улантууну токтотпойт. Тактап айтканда, бир гана иштебей калганда гана эмес, ошондой эле башка бардык себептер боюнча дагы. Колдонбоонун себептери протоколго жазылат, бул жыйынды улантууга тоскоолдук кылбайт.[355]

Жаздыруулар жана кыскача протокол иштин материалына тиркелет, аларга жеткиликтүүлүк катышуучулардын суроо-талаптарынын негизинде гана мүмкүн.[356] Жабык отурумдарда материалдар берилбейт, бирок алар менен сотто таанышууга болот.[357]

[354] КР КПК 310-беренеси.
[355] Ошол жерде.
[356] Ошол жерде;
[357]КР КПК 311-беренеси..

Сот отурумдарын аудио жана (же) видео жаздыруу соттук териштирүүнүн жүрүшүн так белгилөө үчүн, ошондой эле кылмыш-жаза сот өндүрүшүндөгү реалдуу маалыматтарды аныктоо максатында жүргүзүлөт.[358]

АВЖ системасын бардык жерде ишке киргизүү “2023-2026-жылдарга карата КР сот адилеттиги системасын өнүктүрүү” Мамлекеттик максаттуу программага киргизилген.[359]

Ага карата иш-чаралардын планы иштердин бардык категориялары боюнча отурумдарды милдеттүү түрдө жаздырууну жөнгө салган жана аны колдонбогондугу үчүн жоопкерчиликти караштырган мыйзам долбоорлорун караштырат, аны аяктоо 2023-жылдын 4 кварталына жана 2023-2025-жылдар аралыгына пландаштырылган.[360]

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын сотторунда сот отурумдарын автоматтык түрдө аудио жана (же) видео жаздыруу үчүн “Фемида” программалык камсыздоо колдонулат.

Колдо бар маалыматтарга караганда, бул тутум Украинада иштелип чыккан жана Кыргызстанда лицензиялык негизде өздөштүрүлгөн. Бирок программа архитектурасы боюнча ачык болуп саналбайт, баасы кымбат тейлөөнү талап кылат жана улуттук санариптик соттук инфраструктурага начар интеграцияланат, бул болсо электрондук сот адилеттигинин бирдиктүү экосистемасын түзүүгө тоскоолдуктарды пайда кылат. Мындай шарттарда улуттук мыйзамдардын өзгөчөлүгүн жана сот тутумунун муктаждыктарын эске алган АВЖ борборлоштурулган сактоону, кайра иштетүүнү жана протоколдордун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылган ата-мекендик программалык камсыздоого өтүү негиздүү болуп эсептелет

КР Акыйкатчысынын “ 2023-жылдагы адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин абалы жөнүндө” [361] баяндамасында белгиленгендей, АВЖ аппаратурасы менен жабдылган сот отурумдарынын залдарынын саны кылмыш-жаза сот өндүрүшү боюнча 93 түзөт. Муну менен катар эле, ошону менен бирге, документтен өлкөнүн аймактарында бул багыттагы иштер дагы деле жыйынтыктала электиги көрүнүп турат.

Мындан тышкары, *«белгисиз себептерден улам, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун сот отурумдары өтүүчү залдарында аудио-видео жаздыруу системасы ушул күнгө чейин дагы орнотулбай келүүдө»* деп белгиленет.

АВЖ системасынын жумушуна мониторинг жүргүзүү боюнча изилдөөлөрдүн бирөөсүндө кийинки көйгөйлөр аныкталды:

- техникалык себептер боюнча АВФти колдонуу жөнүндө чечим кабыл алууда соттордун ашыкча кеңири дискрециондук ыйгарым укуктары;
- эскирген жабдуулар жана сактоо үчүн CD-дисктерди колдонуу менен шартталган видео жазуулардын сапатынын төмөндүгү;
- соттордогу сервердик кубаттуулуктун жетишсиздиги, бул видео маалыматты сактоонун көлөмүн жана узактыгын чектейт;

[358] КР КПК 310-беренеси, 6-бөлүгү.

[359] Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 3-мартындагы УП №47 Жарлыгы менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын адилет сот тутумун 2023–2026-жылдарга өнүктүрүү” боюнча мамлекеттик максаттуу программасы. URL:https://cbd.minjust.gov.kg/53-336/edition/1234928/ru

[360] Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 3-мартындагы УП №47 Жарлыгы менен бекитилген “2023–2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын адилет сот тутумун өнүктүрүү” боюнча Мамлекеттик максаттуу программаны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы;

[361] Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмени) “2023-жылы адамдын жана жарандын укук жана эркиндиктеринин абалы жөнүндө” баяндамасы. URL: https://ombudsman.kg/sites/default/files/documents/ezhegodnyi_doklad_russk.pdf

- видеомаалыматтарды сактоо жана иштетүү үчүн бирдиктүү борбордун жоктугу, бул жаздыруулардын жеткиликтүүлүгүн, архивдөөнү жана жаздырууларды процессте пайдалануунү татаалдаштырат;
- Жазырууларды адвокаттарга өз убагында бербөө, бул тараптардын тең укуктуулугу принцибин бузат жана натыйжалуу коргоо мүмкүнчүлүгүн чектейт. [362]

Сот отурумдарына мониторинг жүргүзүүнүн жүрүшүндө байкоочулар Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 312-беренесинин 2-бөлүгү бузулгандыгын белгилешти: төрагалык кылуучу судьялар процесстин катышуучуларын жана катышып отургандарды сот жараянын аудио- жана видеопротокол жүргүзүү фактысы же анын жок болушунун себептери жөнүндө маалымдашкан эмес.

Мындай мыйзам бузуулар аныкталды:

- соттордун иш бөлмөлөрүндө өткөн 17 соттук териштирүүнүн 16сында (94,1%);
- сот отурумдары өтүлгөн залдарда 295 териштирүүдөн 43үндө (14,6%).

Мындай учурлар кыйла көп катталган:

- Жалал-Абад шаардык сотунда – байкоо жүргүзүлгөн 39 процесстин 17синде (43,6%);
- Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунда – 20 процесстен 16сында (80%);
- Баткен райондук сотунда – 11 процесстен 7синде (63,6%).

Байкоочулар белгилешкендей, сот отурумдары өтүүчү залдарда жана соттордун кабинеттеринде өткөрүлгөн 14 байкоо жүргүзүлгөн соттук териштирүүнүн ичинен автоматтык видеожаздыруу (АВЖ) жүргүзүлгөндүгү жөнүндө маалымат соотор тарабынан отурум залдарында гана жарыяланган (14 учурдун 4үндө, же 28,6%).

Тереңдетилген маектешүүлөрдүн көрсөткүчтөрүнө ылайык, сот отурумдарын аудио-жана видеожаздыруу техникалык кыйынчылыктарга үзгүлтүксүз түрдө кабылууда.

Жекече негизде иштеген адвокаттар билдиришкендей, видео жаздыруу дайыма жүргүзүлбөйт, ал эми соттор көп учурда жабдуулардын иштебей калганына шилтеме жасайт, бирок ошол эле учурда муну объективдүү түрдө текшерүү мүмкүн эмес. Кээ бир адвокаттар АВФти суроо менен алуу өтүнүчтөрүнө четке кагылуудан качуу үчүн өз алдынча аудиожазуу жүргүзүүнү артык көрүшөт.

Кээ бир адвокаттар АВЖ суроо-талаптын негизинде алуу өтүнүчтөрүн четке кагылуудан алыс болуу үчүн өз алдынча аудио жазуу жүргүзүүнү орундуу көрүшөт.

Юристтер айрым сот отурумдары өтүүчү залдарда микрофондор өз деңгээлинде иштеберин, ал эми жазуулардагы үн сапаты көп учурда канааттандырарлык эмес экендигин белгилешти.

МКЮЖ адвокаттары техникалык мүчүлүштүктөр көп учурда жазжырууларды жоготуп алууга алып келерин, жана ал тургай аларды алуу арызды менен кайрылган учурда жыйынтыгы кепилдикке алынган эмес.

Корутундулар

1. Иш тажрыйбасында автоматтык түрдө видео жаздыруу (АВЖ) аппаратурасынын функционалдашуусунда системдүү көйгөйлөр байкалууда, бул соттук териштирүүнүн ачык-айкындуулугуна жана тараптардын процессуалдык кепилдиктерин камсыз кылууга терс

[362] Кыргыз Республикасында сот отурумдарын аудио-видео каттоо: тараптардын пикирлери, жетишкендиктери жана өнүгүү перспективалары. 2023-жыл. URL: https://reforma.kg/media/post/postpdf/230828-1309673101.pdf

таасирин тийгизет. Сот отурумдарына мониторинг жүргүзүүнүн алкагында жана процесстердин катышуучулары менен тереңдетилген маектешүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча кийинкидей негизги көйгөйлөр аныкталды: 1) АВЖ иштөөсүндө техникалык мүчүлүштүктөрдүн көп кездешүүсү, ага кирет: отурумдар учурунда жаздыруунун токтоп калуусу, үнү угулбай калуу, сот процессинин жүрүшүн толук эмес же фрагментардуу түрдө жаздыруу; 2) эскирген жабдууларды колдонуу менен дагы (тактап айтканда, CD-дисктерди жана аналогдук камераларды), видео маалыматтарды сактоонун жана кайра иштетүүнүн борборлоштурулган системасынын жоктугу менен шартталган аудио- жана видео жаздыруулардын сапатынын төмөндүгү; 3) сот отурумдарынын залдарынын бир нечесинде микрофондордун иштебегендиги же жоктугу, ушундан улам катышуучулардын сүйлөгөндөрү түшүнүксүз болгону процесстин жүрүшүн калыбына келтирүү үчүн жаздыруу бар болсо дагы, аны колдонуу мүмкүн эмес болуусуна алып келүүдө. 4) Процесстин катышуучуларына аудио-жана видео протоколдоо жүргүзүү жөнүндө (же аны жүргүзүүдөн баш тартуу жөнүндө) маалымдоо зарылдыгы боюнча КР КПК 312-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарын сактабоо. Соттор окуялардын көпчүлүгүндө өзгөчө эгерде отурумдар залдарда эмес, иш бөлмөлөрүндө өтүп жатса, отурумду ачууда тиешелүү маалыматтарды жарыялашпайт; 5) жаздыруулардын адвокаттарга жана башка катышуучуларга жеткиликтүүлүгүнүн кыйынчылыктар менен коштолуусу, аларга кирет: өзүнчө арыз тапшыруу зарылдыгы, жооп берүүнүн күн тартибине салынган мөөнөттөрүнүн жоктугу, ошондой эле техникалык мүчүлүштүктөрдү же жаздыруунун жоктугун себеп кылуу менен көчүрмөлөрдү берүүдөн баш тартуу учурлары; 6) АВБ техникалык абалын көзөмөлдөө жана көз карандысыз аудит системасынын жоктугу, бул болсо соттун мүчүлүштүктөр, бузулуулар болуп калды деген билдирүүлөрүнүн негиздүүлүгүн текшерүүнү мүмкүн эмес кылууда. Бул жагдайлар сот адилеттиги тутумуна ишенимдин болуусуна көлөкө түшүрүүдө, коргонуу укугун ишке ашырууну кыйындатууда, тараптардын тең укуктуулугу жана сот процессинин ачык-айкындуулугу принциптерин бузууда. Бир катар окуяларда АВЖ жеткиликтүү болуусунун мүмкүн эместиги тараптарды мыйзамсыз аракеттердин үстүнөн даттануу, соттук териштирүүнүн жүрүшүн белгилөө, же болбосо отурумдун кайсы бир бөлүгүн өткөрүп жиберген учурда окуялардын жүрүшүн кайра калыбына келтирүү мүмкүнчүлүктөрүнөн ажыратат.

Сунуштамалар

1. Техникалык көз карандысыздыкты, сот тутумунун функционалдашуусунун натыйжалуулугун жогорулатууну жана бюджеттик чыгымдарды оптимизациялоону максатында сунушталат: 1) Акы төлөнүүчү чет өлкөлүк лицензиялардан баш тартуу, бул: 1) сырткы кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдүн көз карандысыздыгын камсыз кылуу; 2) валюталык жана санкциялык тобокелчиликтерди жоюу; 3) системаны коштоо үчүн узак мөөнөттүү чыгымдарды олуттуу түрдө төмөндөтүү; 3) улуттук стандарттарга, тилдерге жана процессуалдык өзгөчөлүктөргө, анын ичинде КПК талаптарына ылайык адаптацияланууну мүмкүнчүлүгүн түзөт. 2) Сот отурумдарын автоматтык түрдө аудио жана видео протоколдоштуруу үчүн улуттук программалык камсыздоону иштеп чыгууну жана ишке киргизүүнү демилгелөө. Мындай системаны иштеп чыгуу, улуттук ИТ-компаниялардын колдоо көрсөтүүсү астында жана санариптештирүү мамлекеттик программасынын алкагында эл аралык өнөктөштөрдүн техникалык колдоо көрсөтүүсүн тартуу менен ишке ашырылышы мүмкүн. 3) Мындай системаны Соттордун автоматташкан маалыматтык системасы (АМС “Сот”) жана сот адилеттиги секторундагы санариптик башка платформалар менен, анын ичинде электрондук документ жүгүртүү, сот чечимдеринин реестри жана аралыктан катышуучу сот адилеттиги платформасы менен толук кандуу интеграциялоону

камсыз кылуу. 4) Техникалык даярдыктын жана инфраструктуранын болушун эске алуу менен ар башка соттордо этап-этабы менен ишке киргизүүгө мүмкүндүк берген модулдук жана масштабдуу архитектураны ишке ашыруу. 5) Процесстин катышуучуларына, көзөмөл органдарына жана кесипкөй коомчулукка коопсуз жеткиликтүүлүктү камсыз кылган сактоонун, кайра иштетүүнүн жана архивдештирүүнүн борборлоштурулган системасын түзүү.

4.2-КК. Сот отурумдары, анын ичинде онлайн өткөрүлгөн сот отурумдары жөнүндө маалымат өз убагында жарыяланат. Онлайн сот отурумдарынын коомчулукка жеткиликтүүлүгү камсыз кылынат, мындай чектөөнү сот адилеттигинин кызыкчылыктары талап кылган учурларды кошпогондо

Сыпаттамасы

Сот отурумдарынын эң мыкты тажрыйбаларына ылайык, онлайн өткөрүлүп жаткан сот отурумдары адилеттүү кылмыш-жаза териштирүүсүнө тиешелүү бардык негизги кепилдиктерди ишке ашырууну натыйжалуу ишке ашырууну камсыз кылуулары керек.[363] Бөгөт коюу чарасы камакка алуу тандалган айыпталуучунун онлайн сот отурумдарына катышуусуна өзгөчө учурларда гана жол берилет.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР КПК 290-беренесинин мурдагы колдонуудагы редакциясы процесстин айрым катышуучуларынын аралыктан видео конференц байланыштуу аркылуу катышуусунун тартибин жөнгө салчу.

Мыйзам жүйөлөштүрүлгөн соттук токтомду (аныктаманы) чыгаруу шартында соттун демилгеси же тараптардын өтүнүчү боюнча жабыр тарткан адамды, күбөнү, экспертти же адисти аралыктан форматында суракка алуу мүмкүнчүлүгү караштырчу.

Суракка алуунун мындай форматына кийинкидей окуяларда жол берилчү:

- адамдын келип катышуусу ден соолугунун абалы же башка негиздүү себептер боюнча мүмкүн эмес учурларда;
- суракка алынып жаткан адамдын коопсуздугун камсыз кылуу зарылчылыгы бар болгон учурда.
- аралыктан суракка алуу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда, сот тиешелүү токтомду суракка чакырылуучу адамдын жашаган жери боюнча сотко жөнөтчү.

Кылмыш-жаза аткаруу тутумдарынын мекемелеринде же улуттук коопсуздук органдарынын тергөө изоляторлорунда кармалып турган айыпталуучуларды жана соттолгондорду суракка алуунун тартиби өзүнчө жөнгө салынчу. Алардын сот отурумдарына

[363] Европалык адам укуктары боюнча соттун прецеденттик тажрыйбасындагы айыпталуучунун видеоконференция аркылуу соттук угууга катышуусуна байланыштуу негизги принциптер *Marcello Viola v. Italy*, 2006-жыл, § 67 ишинде белгиленген. Соттук териштирүүгө видеоконференция аркылуу катышуу өзүнөн өзү Конвенцияга каршы келбейт. Ошентсе да, бул чаранын колдонулушу ар бир конкреттүү учурда мыйзамдуу максатка кызмат кылышы керек; жана күбө катары көрсөтмө берүү тартиби адам укуктарын коргоо боюнча Конвенциянын 6-беренесинде каралган адилет сот процесси талаптарына шайкеш болушу зарыл. Өзүнүн прецеденттик практикасында Сот жогорудагы принциптерди туруктуу колдонгон. Ошентсе да, ал тиешелүү процессуалдык кепилдиктерди камсыз кылуунун маанилүүлүгүн баса белгилеген. Атап айтканда, Сот белгилегендей, жоопкер соттук териштирүүнүн жүрүшүн байкап турууга жана техникалык тоскоолдуктарсыз угулууга, ошондой эле адвокат менен эффективдүү жана купуя байланыш жүргүзүүгө укуктуу болушу керек (*Grigoryevskikh v. Russia*, 2009-жыл, § 83). URL: https://ks.echr.coe.int/documents/d/echrks/hearings-via-video-link

видеоконференц байланышуу каражаты аркылуу катышуусуна кийинки учурларда жол берилчү:

- аларды сотко жеткирүүгө мүмкүн болбогон учурда;
- процесстин катышуучуларынын коопсуздугуна карата коркунучтар бар болгон учурда.

Ошондой эле, эгерде айыпталуучуну же соттолгон адамды күбө же жабырлануучу катары суракка алуу керек болсо жана алар аталган борборлордо болсо, аларды видеоконференциялык байланыш режиминде суракка алуу мүмкүнчүлүгү караштырылган.

Демек, ченем сот отурумдарында аралыктан өткөрүү технологияларын колдонуу үчүн укуктук негиздерди камсыз кылган, бирок артыкчлыктуу түрдө өзгөчө учурларда гана колдонулган жана тараптардын аралыктык форматтагы териштирүүлөргө толук кандуу катышуусуна жайылтылган эмес (мисалы, коргоочу, прокурор, сот ж.б.). Бул берененин эски редакциясы колдонуудагы учурда сот өндүрүшүн санариптештирүүгө карата чектелүү жана фрагментардык мамиленин бар экендигин көрсөтүп турчу.

2024-жылы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза-процессуалдык кодексинин 290-беренесине сот отурумдарын видеоконференциялык байланышуу режиминде өткөрүүнүн тартибине тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилген.

Жаңы редакциясына ылайык, сот ишке катышкан жактардын өтүнүчү боюнча же өз демилгеси менен жабырлануучуну, күбөнү, экспертти, адисти соттук отурумда видеоконференцбайланыш режиминде суракка алууга (аралыктан суракка алууга) укуктуу, мындай чечим жүйөлөнгөн токтом (аныктама) аркылуу жол-жоболонот.

Аралыктан суракка алуу жөнүндө соттун токтому суракка алынган адамдын турган жери боюнча сотко аткаруу үчүн жөнөтүлөт. Жаза-аткаруу тутумунун мекемесинде, ошондой эле улуттук коопсуздук органдарынын тергөө изоляторунда кармалган айыпталуучунун (соттолгондун) соттук териштирүүдө катышуусу – видеоконференцбайланыш режиминде жүргүзүлөт.

Ошол эле учурда айыпталуучунун (соттолгон адамдын) өзү, же анын адвокатынын өтүнүчү бар болгон учурда – айыпталуучунун (соттолгон адамдын) өзүнүн түздөн түз катышуусу соттук отурум өтүүчү жерде камсыз кылынат.[364]

Негизги киргизилген жаңылык жаза-аткаруу тутумунун мекемесинде же улуттук коопсуздук органдарынын тергөө изоляторунда кармалган айыпталуучуларга жана соттолгондорго тиешелүү. Азыр болсо алардын соттук отурумда катышуусу

Эми алардын сот отурумдарына катышуусу аралыктык форматында демейки боюнча видео конференциялык байланышуу аркылуу каралган. Ошол эле учурда жеке өзү катышуу мүмкүнчүлүгү айыпталуучунун же анын коргоочусунун өтүнүчү боюнча сакталат.

Бул ченемге эл аралык стандарттар менен, анын ичинде ЖСУЭПтин жоболору (14-берене) жана Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо жөнүндө Европа конвенциясы (6-берене), ошондой эле Адам укуктары боюнча Европа сотунун (АУЭС) тажрыйбасы менен салыштырма талдоо жүргүзүү, бул жоболордун эл аралык укуктук алкактарга жарым-жартылай шайкеш келери жөнүндө күбөлөндүрүп турат. Эл аралык документтер видео конференциялык байланышты колдонууга жол берет, бирок анда адилеттүү соттук

[364] КР КПК, 290-берене (Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 16-февралындагы Мыйзамынын редакциясында, № 49).

териштирүүнүн негизги кепилдиктери сакталуусу негизги шарт: ыктыярдуу катышуу, тараптардын тең укуктуулугун сактоо, коргоочу менен купуялуу сүйлөшүүнү камсыз кылуу жана кошулуунун техникалык жактан ишениммдүүлүгү.

Европалык юрисдикциялардын тажрыйбасында (мисалы, Германияда, Францияда, Нидерланддарда, Литвада, Эстонияда) айыпталуучунун аралыктан катышуусуна болгону өзгөчө учурларда гана, эрежеге ылайык, соттун негиздүү чечиминин негизинде жол берилет, бирок автоматтык түрдө эмес. АУЭС өзүнүн чечимдеринде, атап айтканда *Marcello Viola v. Italy* (2019) ишинде, айыпталуучунун сот отурумуна түздөн түз жеке өзү катышуу укугусуз видеобайланыш боюнча гана милдеттүү түрдө катышуусу Конвенциянын 6-беренесин бузуу катары каралышы мүмкүн экенин баса белгилеген.

Ушундайча, кылмыш-жаза-процессуалдык өндүрүштү санариптештирүүнүн оң багытына карабастан, КР КПКсынын 290-беренесинин жаңы редакциясынын жоболору фундаменталдык процессуалдык кепилдиктердин сакталышы жагынан тынчсызданууну жаратууда.

Тактап айтканда, айыпталуучунун аралыктан катышуусун анын максаттуулугуна алдын ала баа бербестен жана соттун жүйөлөштүрүлгөн чечимисиз автоматташтыруу эл аралык стандарттарга карама-каршы келет. Ошондой эле, жеке өзүнүн түзмө түз катышуусун камсыз кылуу жоопкерчилигин коргоочу тарапка өткөрүп берүү күмөн саноо жаратат, анткени бул териштирүүгө жеке өзүнүн катышуусун чектөө катары бааланышы мүмкүн.

Улуттук мыйзамдарды эл аралык тажрыйбага шайкеш келтирүү үчүн айыпталуучуга карата видео конференциялык байланышты колдонуу зарылдыгын милдеттүү түрдө сот тарабынан негизделген чечим менен баалоо тартибин караштыруу максатка ылайыктуу болуп эсептелет. Ошондой эле, жеке өзүнүн түздөн түз катышуусун жалпы ченем катары, ал эми ВКБ – обьективдүү негиздер бар болгон учурда гана колдонулуучу өзгөчө учур катары бекитүү зарыл. Мыйзамдар коргоочу менен купуялуулукту сактоо менен байланышууну камсыз кылган, байланыштын техникалык жактан ишенимдүүлүгүн камсыз кылган жана тараптардын отурумду аралыктан өткөрүүгө каршылык көрсөтүү укугун камсыз кылган кепилдиктер менен толукталышы керек.

Учурда колдонуудагы кылмыш-жаза-процессуалдык кодексинин ченемдеринде сот отурумдарына онлайн-форматта катышууну, анын ичинде ЖМК өкүлдөрүн же жалпы коомчулук сыяктуу сырттан келген адамдарды байкоочу катары кошуу мүмкүнчүлүгүн караштырган жоболор жок. Мыйзамдар ошондой эле соттордуу сот отурумдарын реалдуу убакыт режиминде ачык трансляциялоо милдети менен камсыз кылууга жооптуу деп караштырбайт.

Сот тутумунун иштөө тажрыйбасы өткөрүлүп жаткан онлайн-отурумдар жөнүндө маалыматтар (өткөрүлгөн күнү, убактысы, кошулуу форматы) сот бийлигинин расмий ресурстарында өз убагында жана үзгүлтүксүз жайгаштырылбастыгын көрсөтүп турат. Ал тургай отурум ВКБ колдонулуу менен өткөрүлсө дагы, бул жөнүндө маалымат эреже болуп калгандай, процесстин катышуучуларына гана жеткиликтүү жана ачык мүнөзгө ээ эмес.

Сот отурумдарынын коомчулукка аралыктан жеткиликтүү болуусу үчүн техникалык жана уюштуруучулук механизмдер жок. Маңызы боюнча, коомчулук жана ЖМК өкүлдөрү иш каралып жатканда эгер отурум ачык өтө турган шартта сот залында гана катыша алышат жана ага физикалык жактан жеткиликтүүлүк чектелген эмес.

Мына ошентип, азыркы учурда Кыргызстанда сот отурумдарын онлайн-трансляциялоо ачык-айкындуулуктун механизми катары колдонулбайт, ал эми ВКБ технологиясы өзгөчө

түрдө талаптардын жана башка процессуалдык катышуучулардын катышуусу үчүн колдонулат. Бул процесстерге аралыктан туруп толук кандуу байкоо жүргүзүүнү камсыз кылуу мүмкүн эмес болуусун шарттайт жана сот өндүрүшүнүн онлайн-чөйрөдө ачык-айкындуулугу принцибин ишке ашырууга тоскоолдуктарды пайда кылат.

Корутундулар

1. КР КПК 290-беренесине өзгөртүүлөрдү киргизүү айыпталуучуларды, күбөлөрдү жана эксперттерди кошкондо кылмыш-жаза процессинин катышуучулары үчүн видео конференциялык байланышты колдонууну жайылтуу менен, сот өндүрүшүн модернизациялоого умтулууну чагылдырып турат. Ошол эле учурда, соттун жүйөлөнгөн чечиминин зарылдыгы жок эле жана жеке өзү түздөн-түз катышуу укугун автоматтык түрдө бербестен эле, эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалган айыпталуучуну аралыктан катышат деп аныктап коюу эл аралык стандарттарга шайкеш келбейт. Айыпталуучунун сотко жеке катышуусун камсыз кылуу үчүн өтүнүч келтирүү милдетин анын өзүнө жана коргоочусуна жүктөө процессуалдык ашыкча түйшүк болуп эсептелет, бул тараптардын тең укуктуулугу принцибин бузушу мүмкүн.

2. Иштин конкреттүү жагдайларына, ВКБ техникалык абалына жана адвокат менен купуялуулукту сактоо аркылуу сүйлөшүү мүмкүнчүлүгүнө баа бербей туруп аралыктан катышууну автоматташтыруу, өзгөчө эркиндигинен ажыратуу мүмкүн болгон иштерде процесстин адилеттүү болуусу кепилдигинин деңгээлин төмөндөтүүсү мүмкүн.

3. Онлайн өткөрүлгөн отурумдар жөнүндө маалыматтар өз убагында жана туруктуу негизге онлайн жарыяланып турбайт.

4. Онлайн сот отурумдарынын коомчулук үчүн жеткиликтүү болуусу маселеси каралган эмес жана иш тажрыйбасында ишке ашырылбайт.

Сунуштамалар

1. КР ЖК сунушталат: 1) айыпталуучунун жеке өзүнүн түздөн түз катышуусун жалпы принцип катары бекитүү, ал эми видео конференциялык байланышууну –объективдүү жагдайлар бар учурда гана (коопсуздукка карата тобокелчиликтер бар болсо, транспорт менен жеткирүү мүмкүн эмес ж.б.) соттун жүйөлөнгөн токтомунун негизинде жол берилүүчү өзгөчө учур катары бекитүү. 2) эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалган айыпталуучулардын аралыктан катышуусу милдеттүү болуусун жоюу, аны иштин конкреттүү шарттарын жана тараптардын ой пикирлерин эске алуу менен аралыктан катышуу мүмкүнчүлүгү менен алмаштыруу. 3) ВКБ колдонулган учурларда процессуалдык кепилдиктер менен камсыз кылуу, анын ичинде: а) айыпталуучунун адвокаты менен жыйынга чейин жана кийин купуялуулукту сактоо менен сүйлөшүү укугун камсыз кылуу; б) видео байланыштын техникалык жактан ишенимдүүлүгүн (көрсөтүүнүн жана үндүн сапаты, жабдуулардын үзгүлтүксүз иштеши); в) ВКБ колдонууга, өзгөчө татаал же сезимтал иштерде колдонууга каршы болууну билдирүү мүмкүнчүлүгү. 4)Мыйзамда онлайн-отурумдардын ачык-айкындуулугу принцибин бекитүү. Муну үчүн онлайн-отурумдарды өткөрүүдө коомчулуктун жана ЖМК катышуу мүмкүнчүлүгүн түз караштырган (түздөн түз келип катышуу менен өткөрүлгөн ачык отурумдарга окшош) КПК, ЖПК жана соттор жөнүндө мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү. Жеткиликтүү болуусунан баш тартууга мыйзамдык негиздер бар болгон учурларда гана сот тарабынан жүйөлөштүрүү милдеттүү түрдө бар болгон учурда гана жол берүүнү бекитүү (мисалы, жеке жашоону коргоо, мамлекеттик сыр, жашы жетелек өспүрүмдөрдүн кызыкчылыгы ж.б.).

2. КР КПК 290-беренесине улуттук жана эл аралык эксперттерди тартуу менен ЖСУЭП 14-беренесинин стандарттарына шайкеш келүүсү предметине карата укуктук экспертиза жүргүзүү максаттуу (мисалы, Европа Кеңеши, ЕККУ же БУУ Баңги заттарына жана кылмыштуулукка каршы башкармалыгы).

3. КР ЖС жана КР Адвокатурасы ыкмаларды унификациялоо жана укук бузууларды мүмкүн болушунча азайтуу максатында аралыктан камсыздоочу технологияларды колдонуу менен байланышкан процессуалдык укуктар жана чектөөлөр суроолору боюнча сотторду жана адвокаттарды даярдоону камсыз кылуу маанилүү.

4. КР ЖС сунушталат: 1) Коомчулуктун ачык онлайн-отурумдарга кошулуусунун тартиби, жүрүм-турум эрежелери, тартипти бузган учурда чыгарып салуу ж.б. тартиби кенен жазылган Жогорку соттун же Соттор кеңешинин актысын кабыл алуу. 2) Онлайн-отурумдарга кошулуу үчүн байкоочуларды жана ЖМК электрондук каттоо процедураласын иштеп чыгуу. Каттоодон өткөн адамдарга трансляциялоо үчүн шилтемелерди e-mail же сот тутуму порталындагы жеке бөлмө аркылуу автоматтык түрдө электрондук жөнөтүүнү ишке ашыруу. 3) Коомдук кызыкчылыкка тиешелүү иштерде ачык трансляциялоо мүмкүнчүлүгүн караштыруу (мисалы, соттордун YouTube-каналы же веб-порталы аркылуу). Муну үчүн жеке маалыматтардын купуялуулугун жана тарнсляциялоодо күбөлөрдү коргоону камсыз кылган техникалык регламент даярдоо. 4) Сот кызматкерлери үчүн онлайн-отурумдардын ачык-айкындуулугун жана санариптик чөйрөдө сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүн укугун сактоо суроолору боюнча үзгүлтүксүз түрдөгү тренингдерди уюштуруу.

5. Ошондой эле маанилүү болуп эсептелет: онлайн-отурумдардын күн тартибин жарыялоо милдетин процессуалдык мыйзамдарда жана/же соттук нускамаларда бекитүү аркылуу онлайн-отурумдар жөнүндө маалыматтарды алар башталганга чейин 24 сааттан кем эмес убакыттын ичинде жарыялоо жөнүндө милдеттүү ченемди киргизүү (өтө турган күнүн, убактысын, сот, соттун курамын, иштин түрүн жана ачык түрдө өтүүчү процесс болсо кошулуу үчүн шилтемени). 2) Бардык сот тутуму үчүн бирдиктүү онлайн-реестрди жана онлайн-отурумдардын борборлоштурулган, анда бардык ачык сот отурумдар, анын ичинде ВКБ режиминде өткөрүлүүчү онлайн-отурумдар чагылдырыла турган электрондук календарды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү. 3) Соттордун сайттарында жана “Сот” автоматташтырылган маалыматтык тутумунда (АМТ) анын ичинде реалдуу убакыт режиминдеги онлайн-отурумдарды кошкондо сот отурумдары жөнүндө маалыматтарды жаңылап туруучу механизмди орнотуу. Бул функционал “Сот” АМТ платформасы жана Жогорку соттун расмий сайтында реалдуу убакыт режиминде интеграцияланууусу зарыл.

6. Жарандык коом уюмдары видео конференциялык байланышууну колдонуу тажрыйбасына мониторинг жүргүзүүнү ачык аналитикалык отчетторду жана соттук статистиканы жарыялоо менен, ошондой эле айыпталуучунун аралыктан катышуусу анын эркине каршы же соттун жүйөлөштүрүлгөн токтомусуз өткөрүлгөн окуяларын дагы жарыялоо менен ишке ашыруулары зарыл.

ЧӨЙРӨГӨ БАА БЕРҮҮ

7-ЧӨЙРӨ. СОТТУК ЭТАП			
ИндикаторУ	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баа берүү**	**Баа берүүгө карата комментарий**
1. Адилеттүү соттун стандарттары			
1. Мыйзамдар жана укук колдонуу тажрыйбасы ишти адилеттүү териштирүү укугун камсыз кылат	1.1. Улуттук кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамы бекитет, а укук колдонуу тажрыйбасы бардык адамдардын соттордун жана трибуналдын алдындагы тең укуктуулугун камсыз кылат	0,5	$З^{0,5}$+ $П^{0,5}$ Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана КПК тараптардын тең укуктуулугу принцибин бекитет, айыптоочу жана коргоочу тарапка тең укуктуу процессуалдык укуктарды берет, жынысы, расасы, тили, религиясы, социалдык келип чыгуусу ж.б. боюнча басмырлоого тыюу салат. Мыйзам сотту тараптар укуктарын ишке ашыруусу үчүн бирдей шарттарды камсыз кылууга милдеттендирет. Ошол эле учурда КР мыйзамдарынын башка ченемдери иш тажрыйбасында ресурстардын жана мүмкүнчүлүктөрдүн тең салмаксыздыгына алып келүүдө: айыптоочу тарап далилдердин, эксперттик мекемелердин жана тергөө ресурстарынын жеткиликтүү болуусунда артыкчылыктарга ээ; коргоочу тарап болсо, процессуалдык аракеттерди демилгелөөдө, көз карандысыз экспертизаларды жүргүзүүдө жана күбөлөрдү чакырууда чектелүү. Тергөөгө чейинки текшерүү институту арыз берүүчүлөрдү баштапкы этабында процессуалдык макамдан ажыратат. Аярлуу топтор үчүн (кирешеси төмөн адамдар, алыскы аймактардын жашоочулары) квалификациялуу коргоонун жеткиликтүүлүгү чектелүү. Сотторго сырттан кысым көрсөтүү тобокелчилиги сакталууда.
	1.2. Ар бир адам үчүн кепилденген соттун	0,5	$З^{0,5}$+ $П^{0,5}$ Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана процессуалдык мыйзамдар сотко кайрылуу, мамлекеттик органдардын чечимдеринин

	жеткиликтүүлүгүнө ээ болуу укугу		жана аракеттеринин үстүнөн даттануу мүмкүнчүлүгүн, ошондой эле мыйзамдарда бекитилген учурларда акысыз юридикалык жардам алууну бекитет. Ченемдер жалпысынан сот адилеттүүлүгүнүн жеткиликтүүлүгү укугуна кепилдик берүү менен, БУУнун жана Европа Кеңешинин стандарттарына шайкеш келет. Ошол эле учурда КР мыйзамдарынын айрым ченемдери иш тажрыйбасында соттун жеткиликтүүлүгү системалуу тоскоолдуктар менен чектелүүсүнө көмөктөшөт, анын ичинде арыз берүүчүнү процессуалдык макамдан жана кылмыш ишин козгогонго чейин соттук даттануу укугунан ажыраткан тергөөгө чейинки текшерүү институту аркылуу көмөктөшөт. Алыскы аймактардын жашоочулары, майыптыгы бар адамдар жана камактагы айыпталуучулар үчүн каржылык тоскоолдуктар (экспертизага карата сарптоолор, акысыз юридикалык жардамдын камтуу мүмкүнчүлүгүнүн чектелүү болуусу), физикалык жана инфраструктуралык тоскоолдуктар сакталууда. Иштерди кароонун мөөнөттөрүн создуктуруу жана отурумдарды кийинкиге жылдыруулар байкалууда, өзгөчө келтирилген зыянды компенсациялоо бөлүгү көйгөйлүү бойдон калууда.
	1.3. Улуттук кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамдар жана укук колдонуу тажрыйбасы тараптардын бирдейлигин жана атаандаштык принциптерин камсыз кылышат	0,5	$З^{1}$+ $П^{0,5}$ КР улуттук мыйзамдары (Конституция жана КПК) тараптардын тең укуктуулугун жана атаандаштык принцибин камсыз кылуучу ченемдерди камтыйт. Бирок укук колдонуу тажрыйбасында олуттуу артка чегинүүлөр катталды: соттор айыптоочу тараптын өтүнүчтөрүн көбүрөөк канааттандырышат, ал эми коргоочу тараптын өтүнүчтөрүнөн баш тартуу жетиштүү деңгээлдеги жүйөлөштүрүү менен коштолбойт; айрым учурларда болсо айыпталуучуларга укуктарын түшүндүрүү камсыздалбайт.

2. Ачык териштирүүгө карата укук	2.1. Улуттук кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамы соттук териштирүүлөрдүн жеткиликтүү болуусун чектөө өтө зарыл мүнөзгө ээ болот жана ар бир ар бир учурда судьянын жүйөлөштүрүлгөн чечимин талап кылат	0,5	$З^{0,5}$+ $П^{0,5}$ КР Мыйзамдары сот отурумдарынын ачык-айкындуулугу принцибин бекитет жана чектөөлөргө мыйзамда караштырылган учурларда гана жол берет. Бирок Бирок туюнтмалардын бирөөсү – «мыйзам тарабынан корголуучу башка сыр» – өтө жалпы мүнөзгө ээ жана коомдук кызыкчылыкты чектөөнүн катыштыгын эске албастан колдонулушу мүмкүн. КПК ачык-айкындуулук принцибин эске алуу менен, соттун териштирүүнү жабуу жөнүндө чечимин жүйөлөштүрүп берүүгө милдеттендирбейт. Иш тажрыйбасында болсо, соттун тиешелүү түрдөгү токтому же түшүндүрмөсү жок эле ЖМК жана байкоочулар үчүн жеткиликтүү болуусунан баш тарткан учурлар катталууда. Ошондой эле бөгөт коюу чарасын тандоо боюнча туугандарына жеткиликсиз түрдөгү жабык отурумдар орун алууда, бул болсо чектөөлөрдүн зарылдыгы жана негиздүүлүгү принцибине шайкеш келбейт.
	2.2. Соттор сот отурумдарынын убактысы жана өтүү орду жөнүндө маалыматты коомчулукка билдиришет жана коомчулуктун кызыкдар өкүлдөрүнүн акылга сыярлык чектерде катышуусу үчүн тиешелүү шарттар менен камсыз кылышат	0,5	$З^{0,5}$+ $П^{0,5}$ КР мыйзамдары маалыматтын жеткиликтүүлүгүнө карата (“Маалымат алуу укугу жөнүндө” Мыйзам) жалпы укукту жана соттук териштирүүдөгү ачык-айкындуулук принцибин (КР Конституциясы, КПК) бекитет. Бирок сотторду соттук отурумдарынын убактысы жана өткөрүлүүчү жери жөнүндө маалыматты өз убагында жана толук көлөмдө жарыялоого милдеттендирген атайын процессуалдык механизмдер жок. КР КПК мындай маалыматты жарыялоонун тартибин жана мөөнөттөрүн, ошондой эле аларды бузгандыгы үчүн жоопкерчиликти караштырбайт. Бул сот процессинин ачык-айкындуулугунун жана маалыматка ээ болуу укугун иш жүзүнө ашыруу деңгээлин төмөндөтөт.

			Иш тажрыйбасында сот отурумдарынын убактысы жана орду жөнүндө маалыматтарды жарыялоо үзгүлтүксүз түрдөгү мүнөзгө ээ эмес жана дайыма эле алдын ала ишке ашырыла бербейт, бул тараптардын жана коомчулуктун катышуусуна тоскоолдуктарды пайда кылат. Мындан сырткары, сот имараттарындагы шарттарга тиешелүү олуттуу көйгөйлөр аныкталды: кызматтык бөлмөлөргө карата ченемдер присяждык сотту киргизүүнүн күтүлүп жаткан шарттарына ылайыкташтырылган эмес, соттук отурум залдары көп учурда аз орундуу, бөлмөлөрдүн жетишсиздиги байкалат, санитардык жайлардын канааттандырлык эмес абалы жана майыптыгы бар адамдар үчүн ыңгайлуу чөйрөнүн жоктугу. Бул факторлор сот процессинин ачык-айкындуулугу принцибин ишке ашырууга терс таасирин тийгизүүдө.
	2.3. Кылмыш-жаза же жарандык иш боюнча бардык сот токтому ачык болуп эсептелет, жашы жете электердин кызыкчылыктары башкача чечүүнү талап кылган учурларды, же болбосо иш никеге байланышкан талаштарга же балдарды багуу жана камкордукка алуу көйгөйлөрүнө тиешелүү болгон учурларды кошпогондо	0,5	$З^{0,5}$+ $П^{0,5}$ КР КПК “өзгөчө татаал иш боюнча өзгөчө учурларда” өкүмдүн киришүү жана резолютивдик бөлүгүн жарыялоо мүмкүнчүлүгүн караштырат, бирок бул түшүнүктүн мыйзамдуу аныктамасы жана аны колдонуунун критерийлери жок. Мындай аныксыздык укуктук аныктык принцибине карама-каршы келет жана негизсиз чечмелөө тобокелчилигин пайда кылат. Мындан сырткары, КР КПКда “Маалымат алуу укугу жөнүндө” Мыйзамдын жоболорун, сот актыларын милдеттүү түрдө жарыялоо бөлүгүндө толук жана өз убагында ишке ашырууну камсыз кылган ченемдер жок. Учурдагы колдонуудагы Жогорку соттун жана жергиликтүү соттордун сот актыларын жарыялоонун тартиби жөнүндө Нускама эскирди жана сот адилеттигинин ачык-айкындуулугунун заманбап талаптарына жооп бербейт. Иш тажрыйбасында сот актыларын жарыялоо өз убагында эмес жана толук эмес түрдө ишке ашырылат, муну менен катар эле, жалпылаштыруу (деперсонификациялоо) эрежелери бузулган учурлар аз эмес.

			Кошумча тоскоолдуктар расмий сайттардын жана сот порталдарынын иштөө сапатынын төмөндүгү болуп эсептелет: эскирген жана ыңгайсыз интерфейс, издөөнүн чектелүүлүгү, техникалык мүчүлүштүктөр жана жеткиликтүүлүктүн төмөндүгү. Бул көйгөйлөр сот тутумунун ачыктуулугунун деңгээлин төмөндөтөт жана соттун чечимдери жөнүндө маалыматтын процесстин катышуучуларына жана коомчулукка жеткиликтүү болуусун кыйындатат.
3. Өлкө адилеттүү соттук териштирүүнүн минималдуу кепилдиктери менен камсыз кылат	3.1. Кылмыш-жаза кылмышын жасоого айыпталган ар бир адам биринчи инстанциядагы сотто ачык кароого жана эгер апелляция фактыларды жана укукту, анын ичинде күнөөлүүлүк маселесин баалоого байланыштуу болсо, апелляциялык өндүрүштө ачык соттук кароого укуктуу	1	$З^{1}$+ $П^{1}$ КР КПК апелляциялык даттануулар жана сунуштар биринчи инстанциядагы сот өндүрүшүнө окшош эрежелер боюнча каралат, бул сот отурумдарында ачык-айкындуулук принцибин камсыз кылууну камтыйт. Мыйзам тараптарга бирдей (тең укуктуу) процессуалдык укуктарды караштырат жана апелляциялык өндүрүшкө катышуу мүмкүнчүлүгүнө кепилдик берет. Кассациялык инстанциялар үчүн тиешелүү өтүнүчтү берген шартта кассациялык даттануу берүүгө укуктуу, бирок милдеттүү эмес адамдардын укуктары караштырылган, бул эл аралык стандарттарга карама-каршы келбейт. Иш тажрыйбасында апелляциялык инстанцияда сот отурумдарынын ачыктыгы принциби, эрежеге ылайык сакталууда. Мониторингдин жүрүшүндө апелляциялык соттун отурумдарынын жеткиликтүүлүгүнө карата негизсиз чектөөлөргө байланыштуу мыйзам юузуулар аныкталган жок. Апелляцияларды жана сунуштарды кароо процедурасы мыйзамда бекитилген кепилдиктерге шайкеш келет жана процесстин катышуучулары өз укуктарын ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ.
	3.2. Кылмыш иштери боюнча сот өндүрүшү негизсиз кечиктирүүлөргө жол бербейт, акылга	0,5	$З^{0,5}$+ $П^{0,5}$

	сыярлык мөөнөттөрдө жүргүзүлөт		КР КПК ченемдери кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн (анын ичинде сотко чейинки жана соттук териштирүү) акылга сыярлык жалпы талабын бекемдейт Бирок эл аралык стандарттарда караштырылгандай (тактап айтканда, 14(3)(б)-бер. ЖСУЭП), ченемдерде айыпталуучунун ишин негизсиз кечиктирбестен кароого болгон укугунун так кепилдиги каралган эмес. «Акылга сыярлык» мөөнөтүн баалоо үчүн толук критерийлер белгиленген эмес, ошондой эле процесстин ашыкча узарып кеткендиги үчүн компенсация төлөөнүн милдеттүү тартиби каралган эмес. Иш тажрыйбасында сот процесстери обьективдүү себептер боюнча дагы (соттордун иш жүктөмдөрүнүн өтө жогорулугу, иштердин татаалдыгы, кошумча экспертизаларды өткөрүү зарылдыгы), ошондой эле субьективдүү себептер боюнча дагы (процесстин катышуучуларынын келбөөсү, отурумдарды жетиштүү негиздер жок болсо деле кийинкиге жылдыруу) создуктурулган учурлар аз эмес. Жыйынтыгында иштерди өз убагында кароонун мөөнөтү бузулууда, бул болсо айыпталуучунун акылга сыярлык мөөнөттүн ичинде адилеттүү соттук териштирүү укугуна терс таасирин тийгизүүдө.
	3.3. Ар бир адам өзүн жеке өзү коргоо же өзү тандаган коргоочу аркылуу коргонуу укугуна ээ	0,5	$З^{0,5}$+ $П^{0,5}$ КР мыйзамдары кылмыш-жаза иштеринде кирешенин деңгээли төмөн болгон шартта, мүлктүк абалын эске албастан укук берген категориялардын чектелген тизмесинин негизинде артыкчылыктуу түрдө акысыз юридикалык жардам берүүнү караштырат. Мындай модель эл аралык стандарттарга дайыма эле шайкеш келе бербейт, анткени баалоого карата формалдуу мамиле муктаж болгон адамдарды жардам алуучулардын тизмесинен четтетип салуусу мүмкүн. Иш тажрыйбасында адвокаттардын алар коргогон адамдар менен өз ара аракеттенүүсүнө чектөөлөр, коргоонун сапатына карата

			даттануулар, МКЮЖ тутуму аркылуу дайындалган адвокаттарга карата даттануулар катталды. Соттор айыпталуучуларга алардын юридикалык жардам алууга карата укуктарын жана аларды ишке ашыруунун варианттарын дайыма эле түшүндүрө бербестиги байкалды, бул болсо айыпталуучунун маалыматка ээ болуу жана аң сезимдүү тандоо укугун төмөндөтөт.
	3.4. Ар бир адам өзүнүн катышуусунда соттолуу укугуна ээ	0,5	$З^{0,5}$+ $П^{0,5}$ КР КПК сот отурумдарын ВКБ колдонуу менен өткөрүү мүмкүнчүлүгүн караштырат, бирок аны колдонуунун тартибин, жол берүүчүлүк критерийлерин аныктаган жана айыпталуучунун позициясын милдеттүү түрдө эске алган кылдат иштелип чыккан ченемдер жок. Кайсы учурларда ВКБ укуктук аныктык принцибине шайкеш келбеген адамдын жеке өзүнүн түздөн түз катышуусун алмаштыруу эмес, а өзгөчө учур болуп эсептелери караштырылган эмес. Иш тажрыйбасында ВКБ айыпталуучунун процессуалдык укуктарына тийгизген таасирине тиешелүү түрдөгү баалоо жүргүзүлбөстөн эле колдонулууда. Коргоочу менен сүйлөшүүнүн купуялуулугу дайыма эле камсыз кылына бербейт, ал эми ВКБ колдонуу жөнүндө чечим иштин мүнөзүн, процесстин стадиясын жана альтернативаларды эске албастан кабыл алынат. Бул айыпталуучунун укуктарын чектөө тобокелчилигин пайда кылат жана соттук териштирүүгө ишенимди төмөндөтөт.
	3.5. Өлкөнүн кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамы жашы жетелек өспүрүмдөрдүн жаш курактарын жана башка өзгөчөлүктөрүн эске алууга жол берген, аларга	0,5	$З^{0,5}$+ $П^{0,5}$ КР КПК жана ага чектеш мыйзамдар жашы жетелек өспүрүмдөрдүн жаш курагын жана өзгөчөлүктөрүн эске алган жоболорду камтыйт, ошондой эле альтернативдүү чараларды колдонууга жол берет (элдешүү, кепилдикке өткөрүп берүү, пробация, медиация). Бирок эркинен ажыратуу менен байланышпаган чараларды артыкчылыктуу колдонууга милдеттендирген ченемдер, ошондой эле

	дивергенция чараларын колдонууга мүмкүндүк берген ченемдерди камтыйт		адистештирилген ювеналдык соттордун иштөөсү үчүн укуктук негиздери жок. Бул эл аралык стандарттарга, анын ичинде БУУнун Баланын укуктары жөнүндө конвенциясына жана Пекин эрежелерине толук шайкеш келбейт. Иш тажрыйбасында альтернативдүү чаралар өтө сейрек колдонулат, жана жашы жетелек өспүрүмдөр артыкчылыктуу түрдө эркиндигинен ажыратуу же чектөө менен байланышкан жазаларды алышууда. Жашы жетелек өспүрүмдөрдүн иштери боюнча адистештирилген соттордун жоктугу формалдуу түрдө мамиле жасоого жана баланын кызыкчылыктарын тийиштүү эмес деңгээлде эске алууга алып келүүдө. Иштердин бул чөйрөдөгү тажрыйбалуу соттордун ортосунда формалдуу эмес бөлүштүрүлүшү институтционалдашкан ювеналдык сот адилеттиги тутумунун жок экендигинин ордун толтура албайт.
	3.6. Өлкөнүн кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамы өзүнө каршы көрсөтмө берүүгө же өзүн күнөөлүү деп эсептөөгө мажбурланбоо укугун караштырат. Бул укук иш тажрыйбасында ишке ашырылган	0,5	$З^{0,5}$+ $П^{0,5}$ КР КПК шектүүлөрдүн жана айыпталуучулардын өзүнө же жакындарына каршы көрсөтмө бербөө укугун бекитет, ошондой эле далилдерди кыйноолорду, ырайымсыз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелерди колдонуу менен алууга жол берилбестигин караштырат. Бирок кысым көрсөтүүнүн же мажбурлоонун белгилери бар болгон учурда, соттордү далилдердин жол берилүүчүлүгүн жеке демилгеси боюнча текшерүүгө милдеттендирген так процессуалдык механизмдер жок. Иш жүзүндө соттор далилдердин жол берилүүчүлүгүн өз алдынча текшерүүнү өтө сейрек демилгелешет, ал эми коргоочунун арыздары көп учурда каттоого алынбай калат же маңызы боюнча каралбай калып калат. Көрсөтмөлөрдү берүүгө мажбурлоо, анын ичинде соттук териштирүүнүн жүрүшүндө манипуляциялоо учурлары дайыма эле адекваттуу түрдөгү укуктук реацияны ала бербейт. Бул кыйноолордон коргоонун натыйжалуугун төмөндөтөт жана адилеттүү сот жүргүзүү кепилдигин бузат.

	3.7. Улуттук кылмыш-жаза мыйзамы жана укук колдонуу тажрыйбасы ар бир адамдын ага каршы көрсөтмө берген күбөлөрдү суракка алууга, ошондой эле өзүнүн күбөлөрүн чакырууга укуктуу	0,5	$З^{0,5}$+ $П^{0,5}$ КР КПК тараптардын күбөлөрдү чакыруу жана суракка алуу укуктарын формалдуу түрдө бекиткен, бирок бул укукту айыптоочу тараптын дагы жана коргоочу тараптын дагы бирдей ишке ашыруусун камсыз кылган натыйжалуу процессуалдык механизмдерин камтыйбайт. Тактап айтканда, коргоочунун өтүнүчү боюнча мажбурлап келтирүү чараларын колдонуунун так тартиби жана жүйөлөштүрүлгөн чечимсиз баш тартууга жол берилбестигинин кепилдиги жок. Сот отурумдарына мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы, соттор күбөлөрдүн келүүсүн камсыз кылуу милдетин процесстин катышуучуларына оодара тургандыктарын көрсөттү, ал эми мажбурлап алып келүү чаралары артыкчылыктуу түрдө айыптоочунун демилгеси боюнча сейрек колдонулат. Коргоочунун күбөлөрдү чакыруу жөнүндө өтүнүчтөрү тиешелүү түрдө жүйөлөштүрүлбөстөн эле четке кагылган учурлар аз эмес, өзгөчө эгерде алардын көрсөтмөлөрү айыптоочунун версиясынан күмөн санаган абалды пайда кыла турган болсо ушинтип четке кагылат. Мындай тажрыйба тараптардын тең укуктуулугу жана процесстин атаандаштыгы принцибин бузат.
	3.8. Улуттук кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамы жана укук колдонуу тажрыйбасы котормочуну колдонуу укугу тажрыйбасын камсыз кылат	0,5	$З^{0,5}$+ $П^{0,5}$ КР КПК сот өндүрүшүнүн тилин билбеген же угуусу боюнча майыптыгы бар (чектелүү) айыпталуучулардын акысыз котормочунун жардамын алуу укугун, анын ичинде процессуалдык документтерди милдеттүү түрдө которуу укугун бекиткен. Бирок, мыйзамдар котормочуларды сертификациялоо, котормонун сапатына баа берүү жана негизги процессуалдык документтердин жазуу формасындагы котормосу менен камсыз кылуу механизмдерин караштырбайт. Котормочулук кызматтын сапатын көзөмөлдөө жана координациялоо үчүн институционалдык түзүмдүн жоктугу коргонуу укугунун кепилдиктеринин болуусундагы бошуктарды көрсөтүп турат. Мониторинг иш тажрыйбасында негизги документтерди жазуу

			жүзүндө которуу жок экендигин, оозеки котормонун сапаты өзгөчө юридикалык терминология бөлүгүндө төмөн экендигин, өзгөчө райондук жана алыскы аймактарда кыйынчылыктар квалификациялуу котормочулардын жеткиликтүү болуусу чектелүү жана сейрек же чет тилдеринде сүйлөгөн адистер өтө жетишсиз экендигин көрсөттү. Бул айыпталуучунун айыптоонун мазмунун, өзүнүн укуктарын жана милдеттерин толук кандуу түшүнүүсүн чектөөдө жана коргонуу жана адилеттүү соттук териштирүү укугун натыйжалуу ишке ашыруусуна тоскоолдуктарды жаратууда.
	3.9. Улуттук кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамы жана укук колдонуу тажрыйбасы жүйөлөштүрүлгөн чечимге ээ болуу укугун камсыз кылат	0,5	$З^{0,5}$+ $П^{0,5}$ КР КПК соттун сот отурумунун протоколуна киргизүү жолу менен жол-жоболонгон сот актыларына милдеттүү түрдө түшүндүрмө берүү талабын караштырбайт, ошондой эле протоколдун өзүндө кабыл алынган чечимдердин негиздемесин милдеттүү түрдө ошол протоколдун өзүндө чагылдырууну талап кылбайт. Мындай жоболордун процессуалдык мыйзамдарда жоктугу соттук териштирүүнүн ачык-айкындуулугун чектейт жана тараптардын натыйжалуу даттануу мүмкүнчүлүгүн төмөндөтөт. Мониторинг иш тажрыйбасында сот чечимдеринин сыпаттоочу-негиздөөчү бөлүгүн жол-жоболоо иш тажрыйбасында формалдуу мүнөзгө ээ экендигин, аргументтер жетишсиз болуп жатканын көрсөттү, бул сот актыларынын мыйзамдуулугуна жана негиздүүлүгүнө баа берүүнү кыйындатууда. Бир катар окуяларда чечимдер алардын мазмунун тараптарга түшүндүрбөстөн эле жаарылганы катталган, бул чечимдин мазмунун түшүнүүнү чектейт, сот адилеттүүлүгүнүн жеткиликтүүлүгү принцибин бузат.

	3.10. Улуттук мыйзамдар соттук экспертизанын жеткиликтүү болуусунда процессуалдык мүмкүнчүлүктөрдүн тең укуктуулугун караштырат	0,5	$З^{0,5}$+ $П^{0,5}$ КР КПК коргоочу тарапка жана жабыр тарткан адамга соттук экспертизаларды дайындоо, катышуу жана даттануу боюнча бир катар процессуалдык укуктарды берет, бирок аларды иш тажрыйбасында тең укуктуу колдонуунун жетиштүү кепилдиктерин камтыбайт. Кылмыш ишин козгоого негиз катары айыптоо тагылганга чейин эле жүргүзүлгөн көз карандысыз эксперттердин корутундуларын каттоого алууну жана аларга тиешелүү деңгээлде баа берүүнү камсыз кылуучу натыйжалуу механизмдер жок. Иш тажрыйбасында соттор тарабынан мамлекеттик эксперттердин корутундуларына туруктуу түрдө артыкчылык берүү, көз карандысыз корутундуларды жүйөлөштүрбөстөн же формалдуу түрдө эле четке кагуу байкалууда. Көп учурда экспертизалар айыптоочу багытта жана орунсуз суроолор коюулуу менен дайындалат, ал тургай далилдерде карама-каршылыктар бар болуп жатса дагы комплекстүү жана комиссиялык изилдөөлөр жүргүзүлбөйт. Эксперт катары аккредатациялоодон өтпөгөн адамдарды тартуу катталууда, ал эми көз карандысыз изилдөөлөрдүн баасы кымбат болгондуктан алардын жеткиликтүүлүгү чектелүү. Бул тараптардын далилдерди өткөрүүдө жана аларга баа берүүдөгү реалдуу тең укуксуздуктарга алып келет.
	3.11. Улуттук мыйзамдар жана укук колдонуу тажрыйбасы соттук ката кетирилген учурда компенсация алууга карата укукту камсыз кылат	0,5	$З^{0,5}$+ $П^{0,5}$ КР мыйзамдары мыйзамсыз кылмыш куугунтугунан келтирилген зыян үчүн реабилитациялоону жана компенсациялоону бекиткен, бирок келтирилген зыяндын реалдуу өлчөмүнө компенсациянын шайкеш келүүсүн камсыз кылган, төлөмдөрдү создуктурууну жойгон ченемдер жок. Иш тажрыйбасында актоочу өкүмдөрдүн саны кыйла көп болгон шартта, соттук териштирүү баскычына чейин жеткирилген реабилитациялоо жөнүндө иштердин санынын төмөндүгү катталууда.

			Негизги көйгөйлөр чегерилген компенсациялардын реалдуу келтирилген зыянга чен өлчөмдүү эмес экендигин, арыздарды берүү жана кароо жолундагы бюрократиялык тоскоолдуктарды, компенсация төлөө боюнча сот чечимдерин аткаруунун создуктурулушун, сот адилеттиги тутумуна ишенимдин деңгээлинин төмөндүгүн камтыйт, бул болсо өз укуктарын коргоо үчүн кайрылууга тоскоолдуктарды жаратат.
	3.12. Улуттук кылмыш-жаза жана кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамдары эки жолу жоопкерчиликке тартууга тыюу салат (принцип ne bis in idem)	0,5	$З^{1}$+ $П^{0,5}$ КР Конституциясы, КЖК жана КПК бир жолу жасалган жосун үчүн юридикалык жоопкерчиликке эки жолу тартууга жол берилбестик принцибин бекитет, бул эл аралык стандарттарга шайкеш келет (анын ичинде АУЕК №4 Протоколунун 4-беренесине). Өкүм күчүнө киргенден кийин, ишти кыскарткандан кийин же эскирүү мөөнөтү өткөндөн кийин ошол эле фактылар боюнча ишти кайрадан кароону жокко чыгарган процессуалдык кепилдиктер бекитилген. Кыйла оор категориядагы кылмыштар үчүн өзгөчөлүктөр жана жаза жазаны аткаруу мөөнөтү эскирүү каралган. Иш тажрыйбасында айрым учурларда ne bis in idem принцибин бузуу катталды, мисалы ошол эле бир жосун үчүн алгач адам административдик жоопкерчиликке тартылат, андан кийин – кылмыш жоопкерчилигине тартылат. КР КПК 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-6-пунктуларынын негизи боюнча ишти алдын ала угуу стадиясында кыскартуу мүмкүнчүлүгү жок, бул эки жолу жазага тартылуудан коргоонун процессуалдык механизмдерин чектейт. Сурамжылоого катышкан тажрыйбалуу юристтер жана адвокаттар кайтадан жазалоо мисалдарын келтиришпегенине карабастан, мындай мыйзам бузуулардын орун алып калуусу тобокелчилиги сакталууда.

	3.13. Улуттук кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамы жана укук колдонуу тажрыйбасы натыйжалуу кайра кароо укугун камсыз кылат	0,5	$З^{1}$+ $П^{0,5}$ Мыйзамдар апелляциялык, кассациялык кайра кароону жана жаңы/кайтадан ачылган жагдайлар боюнча кайра карап чыгууну караштырат, даттанууларды берүүнүн тартибин жана аларды калыбына келтирүүнүн механизмдерин бекитет. Айыпталуучунун пайдасына кайра карап чыгуу мөөнөттөрү боюнча чектелген эмес. Иш тажрыйбасында болсо, кайра кароого карата укук негиздердин тар жол-жоболонушу менен («сот актысынын» ордуна «өкүм»), ишти эрте этаптарында кыскартуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу, соттордун жүйөөлөргө жана далилдерге тандалма баа берүүсү, формалдуу түрдөгү баш тартуулар жана ийгиликтүү кайра кароолордун сейректиги менен чектелет.
	3.14 Улуттук кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдары жана укук колдонуу тажрыйбасы, эгерде өкүм кийинчерээк жокко чыгарылган болсо, анда соттолуучунун компенсация алуу укугун камсыздайт	0,5	$З^{0,5}$+ $П^{0,5}$ КР мыйзамдары реабилитациялоо окуяларында, анын ичинде акталууда, кылмыш куугунтугун реабилитациялоочу негиздер боюнча кыскартканда жана мыйзамсыз процессуалдык мажбурлоо чараларын жокко чыгарганда компенсация алуу укугун караштырат, бул ЖСУЭПтин 14(6)-беренесине шайкеш келет. Бирок негиздердин тизмеси чектелүү жана соттук ката кетирүүнүн бардык кырдаалдарын камтыбайт, мисалы, реабилитациялоочу мүнөздөгү таануусуз жаңы жагдайлар боюнча өкүмдү жокко чыгаруу. Иш тажрыйбасында бул укукту ишке ашыруу негиздерди тар мааниде чечмелөөгө, компенсациялардын чен өлчөмүнүн реалдуу зыянга ылайык келбешине, чечимдерди аткаруунун создуктурулушуна жана бюрократиялык тоскоолдуктарга байланыштуу кыйынчылыктарга дуушар болууда. Бул жагдай жабыр тарткандарга келтирилген зыяндын ордун толтуруу толук көлөмдө камсыз кылынбоосуна жана кайрылуулардын деңгээлинин төмөн болуусуна алып келүүдө.

	3.15. Өзгөчө абал учурундагы артка чегинүүлөр реалдуу кырдаалдын курчтугу талап кылгандан ашпайт	0,5	$З^{1}$+ $П^{0,5}$ КР мыйзамдары ӨК/ӨБ шарттарында адилеттүү соттук териштирүү укугуна, анын ичинде адвокаттын жеткиликтүүлүгүнө карата укукка чектөөлөрдү киргизбейт. Бирок COVID-19 (2020-ж.) пандемиясынын тажрыйбасы иш жүзүндө маанилүү чектөөлөр орун алгандыгын көрсөттү – адвокат менен купуялуу сүйлөшүү камсыз кылынбаган аралыктан өткөрүлгөн отурумдар, айыпталуучуну сотко жеткирүүнүн токтотулушу, ТИ жана соттун жеткиликтүү болуусунун чектелгендиги, ПЦР-тестти талап кылуу. ӨК режими алынып салынгандан кийин дагы көп учурда сакталып калган бул чаралар техникалык мүчүлүштүктөр жана коргоо сапатынын төмөндүгү менен коштолгон. Ден соолукка коркунуч келтириплет деген актоолор болгонуна карабастан, айрым окуяларда чектөөлөр зарылчылык алкагынан чыгып кеткен жана коопсуздук талаптары менен процессуалдык укуктардын кепилдигинин ортосундагы тең салмактуулукту камсыз кылган эмес, бул болсо жол берилген чектөөлөрдүн так стандарттарын бекитүү зарылчылыгын көрсөтүп турат.
	3.16. Улуттук мыйзамдар жана укук колдонуу тажрыйбасы айыпталуучунун күнөөсү мыйзам чегинде далилденгенге чейин аны күнөөсүз деп эсептөө укугун камсыз кылышат	0,5	$З^{1}$+ $П^{0,5}$ КР Конституциясында жана КПКда күнөөсүздүк презумпциясы принциби бекитилгенине карабастан, мониторинг бул принцип бузулуу менен ишке ашырылып жатканын айкындаган бир катар тажрыйбаларды аныктады. Айыпталуучуларды автоматтык түрдө темир торлордун артына салуу же айнек кабиналарга киргизүү, мурда соттолгондугу жөнүндө маалыматты ачыкка чыгарып салуу, ошондой эле соттордун, прокурорлордун жана жабыр тарткан адамдардын айрым бир тараптуу же эмоционалдык билдирүүлөрү өкүм чыкканга чейин эле күнөөлүү экендиги жөнүндө таасирди калыптандырат. Тараптарга бирдей эмес мамиле кылуу жана коргоочунун каршы пикирин кароого формалдуу эле мамиле кылуу окуяларды

			белгиленди. Бир катар иштерде күмөн саноолор айыпталуучунун пайдасына карата талкууланган жок, ал эми коюлуп жаткан күнөөнүн оордугун кабыл алуу иштин жыйынтыгына таасирин тийгизди. Соттордун жана айыптоочулардын формалдуу эмес өз ара аракеттенишүүсү сакталууда. Бул факторлор процессуалдык кепилдиктерди күчөтүү жана күнөөсүздүк презумпциясын бузууга жөндөмдүү сырткы формаларды жоюунун зарылдыгын күбөлөндүрүп турат.
4. Санариптештирүү адилеттүү кылмыш-жаза сот өндүрүшү стандарттарын толук кандуу ишке ашырууга жол ачат	4.1. отурумдарын аудио жана видео жаздыруу улуттук мыйзамдардын талаптарына ылайык ишке ашырылат жана айыптоочу тарапка дагы жана коргоочу тарапка дагы жеткиликтүү	0,5	$З^{1}$+ $П^{0,5}$ Соттордо автоматтык аудио-жана видео протоколдоштуруу (“Фемида”) тутуму бар экендигине карабастан, аны колдонуу маанилүү көйгөйлөр менен коштолууда. Техникалык мүчүлүштүктөр, эскирген жабдуулар, маалыматтарды борборлоштурулган сактоонун жоктугу жана жаздыруулардын сапаттарынын төмөндүгү, аларды процессуалдык далилдер катары колдонуу мүмкүнчүлүгүн чектейт. Соттор көп учурда жаздыруу жүргүзүлүп жаткандыгы же жаздырылбагандыгы фактысы жөнүндө катышуучуларга маалымат беришпейт, өзгөчө отурумдарды иш бөлмөлөрүндө өткөрүшкөндө ушинтишет, бул КР КПК талаптарын бузуу болуп эсептелет. Материалдардын адвокаттарга жеткиликтүүлүгү кыйынчылыктар менен коштолгон – берүү мөөнөттөрү татаалдаштырылган, бузулуп калган деген себеп менен баш тартылуусу мүмкүн. Системага көз карандысыз көзөмөл жүргүзүү жок болгондугу техникалык көйгөйлөр жөнүндө арыздарды обьективдүү текшерүү мүмкүндүгүн бербейт. Бул факторлор сот адилеттүүгүнүн ачык-айкындуулугун төмөндөтөт, сот тутумуна ишенимди жоготот жана коргоо мүмкүнчүлүгүн чектейт.

	4.2. Сот отурумдары, анын ичинде онлайн өткөрүлгөн сот отурумдары жөнүндө маалымат өз убагында жарыяланат. Онлайн сот отурумдарынын коомчулукка жеткиликтүүлүгү камсыз кылынат, мындай чектөөнү сот адилеттигинин кызыкчылыктары талап кылган учурларды кошпогондо	0,5	$З^{0,5}$+ $П^{0}$ КР Мыйзамдары соттук отурумдарды ВКБ аркылуу өткөрүүнү караштырат, айыпталуучулардын, күбөлөрдүн, эксперттердин аралыктан катышуусун жөнгө салат. Ошол эле учурда ченемдер өткөрүлгөн онлайн-отурумдар жөнүндө маалыматты ачык жеткиликтүү кылып жарыялоо милдетин караштырган эмес, ошондой эле бул онлайн-отурумдардын коомчулукка аралыктан жеткиликтүү болуусун камсыз кылуу жөнүндө жоболорду дагы камтыбайт. Иш тажрыйбасында болсо, онлайн-отурумдар жөнүндө маалыматтар (өткөрүлгөн күнү, убактысы, кошулуу форматы) өз убагында жана системалуу түрдө жарыяланбайт, коомчулук жана ЖМК үчүн онлайн-форматтагы процесстер жеткиликтүү эмес. ВКБ ачык-айкындуулук принцибин ишке ашыруу үчүн эмес, процессуалдык тараптардын катышуусу үчүн гана колдонулат. Учурдагы турукташып калган жүйөлөштүрүлгөн соттун чечими жок эле жана айыпталуучунун жеке өзү түздөн-түз катышуусун камсыз кылбастан эле, айыпталуучунун автоматтык түрдө аралыктан катышуусу эл аралык стандарттарга шайкеш келбейт, бул болсо процесстин ачыктыгын жана жеткиликтүүлүгүн кошумча түрдө чектейт.

КОРУТУНДУ

Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумундагы адилеттүү соттук териштирүү стандарттарынын ишке ашырылуусуна мониторинг жүргүзүүгө багытталып жүргүзүлгөн изилдөө, позитивдүү илгерилөөлөрдү дагы, ошондой эле комплекстүү таасир этүүнү талап кылган олуттуу системалуу көйгөйлөрдү аныктоого жол ачты. Негизги корутундулардын бири, кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамдарга реформа жүргүзүлгөнүнө карабастан, адилеттүү кылмыш-жаза процессинин жаңы стандарттарын иштетүү иш тажрыйбасында чектелүү бойдон калып жаткандыгында. Бул ченемдик базадагы айрым боштуктар менен гана шартталбайт, ошондой эле укук колдонуу тажрыйбасындагы системалуу кемчиликтер менен дагы коштолууда – ага процессуалдык кепилдиктерди камсыз кылууга формалдуу мамиле жасоо, сот бийлигинин көз карандысыздыгынын чектелүүлүгү жана сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүндөгү учурда орун алып жаткан тоскоолдуктар.

Өзгөчө тынчсызданууну адилеттүү ачык соттук териштирүү укугунун жеткиликтүү деңгээлде ишке ашырылбай жаткандыгы жаратууда. Изилдөө бир катар мыйзам бузууларды жана шайкеш келбестиктерди аныктады, анын ичинде:

- тараптардын тең укуктуулугу принцибин сактабоо – тактап айтканда, айыпталуучулардын жана алардын коргоочуларынын процессуалдык мүмкүнчүлүктөрү бөлүгүндө;

- мамлекеттик юридикалык жардам менен камсыз кылуунун натыйжалуу механизмдеринин жоктугу, өзгөчө жарандардын социалдык жактан аярлуу категориялары үчүн;

- жеткиликтүү түрдөгү укуктук негиздөөлөрсүз отурумдарды жабык өткөрүү тажрыйбасынын бар болуусу.

Ошол эле учурда сот тутумундагы ачык-айкындуулукту жана отчеттуулукту жогорулатуунун абдан кубаттуу куралы боло ала турган сот тутумун санариптештирүү, фрагментардык мүнөздө жана стратегиялык ыкмаларсыз ишке ашырылууда. Муну менен катар эле белгилей кетчү нерсе, кылмыш-жаза сот адилеттигинин башка звенолору, өзгөчө кылмыш-жаза сот адилеттигинин алкагында иштегендер жумушчу санариптик чөйрөнү түзө алышты. Бирок анын андан аркы өнүгүүсү сотту санариптештирүүдөн жана кылмыш-жаза процесстерине катышкан адвокаттардын порталын түзүүдөн көз каранды.

Бул изилдөөнүн маанилүүлүгү учурда орун алып жаткан көйгөйлөрдү белгилеп коюуда гана эмес, ошондой эле ал ченем иштеп чыгаруу активдүүлүгүнүн жана анын иш жүзүндө ишке ашырылуусунун ортосундагы ажырымды ачык көрсөтүп турат, ошондой эле реформалардын натыйжалуулугунун индикатору катары коомчулуктун сот тутумуна ишениминин деңгээлин чагылдырып турат. Мониторингдин жыйынтыктары кийинкилердин зарыл экендигин баса белгилейт:

- соттордун институционалдык жактан көз карандысыздыгын күчөтүү;

- процесстин бардык катышуучулары үчүн сот адилеттигинин кепилденген жана тең укуктуу, бирдей жеткиликтүү болуусу;

- процессуалдык укуктарды натыйжалуу ишке ашырууга тоскоолдуктарды пайда кылуучу техникалык, ченемдик жана уюштуруучулук тоскоолдуктарды четтетүү.

Андан аркы изилдөөлөр үчүн артыкчылыктар камтыйт:

- саясий жана институционалдык контексттин сот бийлигинин көз карандысыздыгына тийгизген таасирин изилдөө жана бийликти бөлүштүрүү принцибин сактоо:

- кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө санариптик куралдарды киргизүүнүн натыйжалуулугуна терең талдоо жүргүзүү;

- аярлуу топтор үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүнө баа берүү (анын ичинде аялдарга, жашы жетелек өспүрүмдөргө, майыптыгы бар адамдарга жана башка аярлуу категорияларга);

- отчеттуулуктун жана реформаларга түзөтүүлөрдү киргизүүнүн куралы катары адилеттүү соттук териштирүү стандарттарынын сакталышына көз карандысыз мониторинг жүргүзүүнүн үзгүлтүксүз түрдөгү механизмдерин өнүктүрүү.

Изилдөөдө орун алган чектөөлөр – сот иштеринин материалдарынын жеткиликтүүлүгүндөгү кыйынчылыктар, байкоо жүргүзүү учурундагы техникалык татаалдыктар, ошондой эле тандалманын көлөмүнүн анча чоң эместиги – алынган корутундулардын маанилүүлүгүн төмөндөтпөйт. Тескеринче, мамлекеттик органдар менен кызматташтыкты жайылтуу зарылдыгын жана маалыматтардын жеткиликтүү болуусу жаатындагы туруктуу, калыпка салынган механизмдерди жана сотторго мониторинг жүргүзүүнү өнүктүрүүнүн зарылдыгын баса белгилейт.

Жүргүзүлгөн изилдөө, адилеттүү соттук териштирүү укук үстөмдүгүнүн жана адам укуктарын сактоонун фундаменти экендигин дагы бир жолу ырастады. Эл аралык стандарттарга шайкештикти камсыз кылуу – аныкталган кемчиликтерди четтетүүгө, сот бийлигинин институционалдык жактан көз карандысыздыгын бекемдөөгө, сот адилеттүүлүгүнүн реалдуу түрдө жеткиликтүү болуусун жайылтууга жана соттордун коомчулуктун алдындагы отчеттуулугун жогорулатууга багытталган системалуу, ыраттуу жана терең ойлонуштурулган иш алып баруусуз мүмкүн эмес. Бул процесстин негизги элементи жарандык коомдун активдүү катышуусу болуусу керек, алар мониторинг жүргүзүүдө, жүргүзүлгөн реформаларды талдоодо жана баа берүүдө негизги ролду ойной алышат. Бир гана туруктуу, координацияланган жана инклюзивдүү аракеттер шартында укуктук стандарттарга формалдуу түрдө шайкеш келүүгө жетишип эле тим болбостон, ошондой эле Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө адилеттүүлүк принциптерин реалдуу бекемдөөгө жетишүүгө жол ачат.